## ПАБ-ККДКнын коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү боюнча колдонмосун иштеп чыгууда төмөндөгү адамдар катышышкан

**Редакторлор**
Hans Born (Нидерланды), Philipp Fluri (Швецария), Anders B. Johnsson (Швеция)

**Башкы редактор**
Hans Born (Нидерланды)

**Салым кошкондор**
Alexey Arbatov (Россия), Jean-Christophe Burkel (Франция), Eva Busza (АКШ), Marina Caparini (Канада), Umit Cizre (Туркия), David Darchiashvili (Грузия), Jonah Isawa Elaigwu (Нигерия), Hans-Peter Furrer (Швецария), Denise Garcia (Бразилия), Suzana Gavrilescu (Румыния), Wilhelm Germann (Германия), Owen Greene (Улуу Британия), Miroslav Hadzic (Сербия жана Черногория), Karl Haltiner (Швецария), Heiner Hanggi (Швецария), David Hobbs (Улуу Британия), Jan Hoekema (Нидерланды), Rogier Huizenga (Нидерланды), Andrzej Karkoszka (Польша), Peter G. Kelly (АКШ), Simon Lunn (Улуу Британия), Tom McDonald (Улуу Британия), Dorijan Marsic (Словения), Gian Giacomo Migone (Италия), Michael F. Noone (АКШ), Aleksandr Pikayev (Россия), Christine Pintat (Франция), Andreas Prufert (Германия), Christopher Sabatini (АКШ), Liliane Serban (Румыния), Ravinder Pal Singh (Индия), Anders C. Sjaastad (Норвегия), Bauke Snoep (Нидерланды), Svitlana Svetova (Украина), Jan Trapans (Латвия), Matias Tuler (Аргентина), Marlene Urscheler (Швецария), Pentti Vaananen (Финляндия), Biljana Vankovska (Македония), Marie Vlachova (Чехия), Casper W. Vroom (Нидерланды), Tamas Wachsler (Венгрия), Donna Winslow (Канада), Herbert Wulf (Германия).

**Редакциялык топ**
Willem van Eekelen (Нидерланды), Andreas Gross (Швецария), Miroslav Filipovic (Сербия жана Черногория), Stepan Sulakshin (Россия), Dimitro Tabachnik (Украина), Ahmad Husni Hanadzlah (Малайзия), Adeseye Ogunlewe and Elissavet Papadimitriou (Греция) - ПАБдын Саясий маселелер, Эл аралык коопсуздук жана куралсыздандыруу боюнча комитетинин мүчөлөрү, Beth Mugo (Кения), Ricardo Vasquez (Аргентина) - ПАБдын Парламенттик, Мыйзам чыгаруу жана Адам укуктары маселелери боюнча комитетинин мүчөлөрү

**Тил боюнча редактор**
Oliver Wates (Улуу Британия)

**Чыныгы версиясы:** англис тилинде, Женева, 2003

# Сөз башы

Коопсуздук адамдардын бейпилдиги үчүн чоң мааниге ээ болгондуктан, алардын мүдөөлөрү улуттук коопсуздук саясатында ачык чагылдырылышы өтө маанилүү. Бул саясат Мамлекет колдоону жана коргоону көздөгөн коопсуздукка тиешелүү негизги баалуулуктарды жана принциптерди камтууга тийиш.

Ал эми парламенттеги эл шайлаган өкүлдөр өкмөт менен коопсуздук сектору аркылуу биргелешип иштөө зарылдыгын эч ким тана албайт. Албетте, ар бири бир эле максатка умтулганы менен, ар биринин негизинен ролдору ар башка экени талашсыз. Парламент болсо укуктук параметрлерди аныктоого, бюджетти кабыл алууга жана коопсуздук иш-чараларга көз салууга жоопкерчиликтүү болот. Эгерде ошол эле парламент кесиптик, маалыматтык жана техникалык жактан мыкты жабдылып, өкмөткө карата таасири күчтүү болсо, анда жогоруда аталган милдеттер толугу менен аткарыларына ишеним бар.

Мисалы Чилиде коом менен куралдуу күчтөрдүн ортосундагы өз ара байланыш бир нече жылдардан бери жакшырып келатат. Азыркы тапта эл аралык коомчулук, Чилидеги өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу абалын канагаттануу менен кабыл алууда. Өлкөлөрдө жагымдуу жагдайлардын түзүлүшү үмүт, тилегибизди арттырары шексиз. Келечекте коопсуздук маселелеринде прогрессивдүү адамзат бардык күч-аракеттерин ар бир атуулдун тынчтыгы, эл жыргалы үчүн жумшай тургандыгына бул колдонмо ишеним туудуруп, көмөк берет деген ойдобуз.

Сенатор Сержио Паез Вердуго
Парламенттер Аралык Бирлик Кеңешинин Президенти

# Киришүү

Эзелтен бери улуттук көз каранды эместик жана коопсуздук маселелери өзүн сыйлаган мамлекет үчүн зор мааниге ээ болуп келген. Бүгүнкү күндө кызматы боюнча коопсуздукту камсыз кылган түзүмдөр өзгөрүүлөрдү башынан кечирип жатышат. Куралдуу жаңжалдардын жаңы түрлөрү жана мамлекеттер аралык өнүгүп келе жаткан өз ара байланыштар, коопсуздук деген түшүнүк боюнча жаңыча ойлонууну талап кылып, ага жаңыча жоопторду издетүүдө. 2001-жылдын 11-сентябрындагы террорчулар тарабынан уюштурулган Америкадагы кол салуулар жана анын кесепеттери буга мисал боло алат.

Андыктан, бул маселеде натыйжалуу парламенттик көзөмөлдън керектиги жана жогоруда аталган бардык иш айкындуулуктун жана өз ара отчеттуулуктун негизинде ишке ашырылышын камсыз кылуу мезгил талабы экени талашсыз. Болбосо, коопсуздук кызматтары өз вазийпаларын ашкере колдонуу коркунучу пайда болушу, мамлекет ичиндеги өзүнчө мамлекетке айлануу кырдаалы, өз иш-милдеттерин башка түзүмдөргө жүктөп коюу, андан калса саясий жана экономикалык жактан таасир этүү менен өлкөдөгү абалга кысым көрсөтүүлөр орун алышы мүмкүн. Мунун өзү демократиялаштырууга бөгөт болуп, атүгүл жаңжалдын чыгышына шарт түзүшү да ыктымал. Өткөөл мезгилде, согуштан жапа чеккен же кризистен арылбаган өлкөлөр белгилүү бир тобокелчиликтин кырында жашап жатканда, туруктуу демократиялык өлкөлөр жарандык-аскердик мамилелерди өнүктүрүүгө, өзгөрүлүп турган коопсуздук чөйрөсүнөн артта калбоо үчүн күчтөрдү кайрадан түзүп анын башында турууга тийиш.

Ал эми коопсуздук секторуна таандык болгон өсүү динамикасы натыйжалуу парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн кыйла кыйынчылык туудурушу ыктымал. Ошондой эле ар кандай техникалык маселелердин улам-улам болуп турушу, коопсуздук кызматын уюштуруунун татаалдыгы жана иштин көлөмү, жашыруун кабыл алынган мыйзамдар, эрежелер жана нускамалар – парламенттин мүчөлөрү өз алдынча иликтөө жана тажрыйба жүргүзбөсө, алардын натыйжалуу иштешин кыйындатат.

Ошондон улам Парламенттер Аралык Бирликтин жана Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борбору ар кандай тажрыйбаларды жана механизмдерди сунуш кыла турган кыска жана нуска колдонмонун зарылдыгын жөндүү деп тапты. Муну менен биз парламенттин коопсуздук маселелерине кошкон салымын арттырабыз деген ойдобуз. Окурман колдонмодон көп маселелерге жооп табат. Колуңуздагы колдонмону түзүүнүн жүрүшүндө, анын текстин парламенттин мүчөлөрүнөн түзүлгөн редакциялык топ тарабынын кылдат каралып, тиешелүү эксперттер тарабынан текшерилип чыккан.

Бул колдонмо парламенттик көзөмөл жүргүзүүнүн жападан жалгыз гана үлгүсү, жана ал бардык өлкөлөргө тийиштүү деген ойдон алыспыз. Бир өлкөдө эрежелер катары кабыл алынган тажрыйбалар башка өлкөдө колдонулбашы жана ал эч кандай мааниге ээ болбошу мүмкүн.

Анын үстүнө бардык парламенттердин абалы, кудурети бирдей эмес. Мындай акыйкаттыкты белгилөө менен бир катар, бул колдонмодо камтылган сунуштар окурманга өтө эле идеалдуу болуп көрүнүшү да ыктымал. Ошол эле учурда, коопсуздук маселелеринин маани-маңызын бир эле китептин көлөмүндө берүү мүмкүн эмес. Ошол себептен бул колдонмону коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөлдү жогорулатууну кеңири баяндаган кириш сөз катары баалоо керек. Мунун өзү окурмандардын өз алдынча иликтөө жүргүзүшүнө дем берет деген үмүттөбүз. Акырында бул басылма коопсуздук саясатындагы алгылыктуу аракеттерди, алдыңкы тажрыйбаларды камтып, аларды жайылтып гана тим болбостон адамдардын жашоого жана сабырдуулукка карата умтулуусуна өбөлгө түзөт деген ниеттебиз.

| | |
|---|---|
| Андерс Б. Жонссон | Элчи Доктор Теодор Г. Винклер |
| Парламенттер Аралык Бирликтин<br>Башкы Катчысы | Куралдуу Күчтөрдүн Женева<br>Демократиялык Көзөмөл<br>Борборунун Директору |

# Бул китептен Сиз эмнелерди окуй аласыз

Бул китеп сегиз бөлүмдөн турат, алардын ар бири бир нече главаларды камтыйт жана алар контекстке жараша окулат. Басылма окурманга коопсуздук маселелери жана парламенттик көзөмөл туурасында ар тараптуу түшүнүк берет. Мындан тышкары тиешелүүлүгү боюнча тигил же бул бөлүмдөрүн жана главаларын ылгап окууга да болот. Ар кайсы шилтемелер жана эскертүүлөр да ушул максатка ылайыкталган.

Колдонмодо жалпы тексттеги пайда болгон татаал суроолорду жөнөкөйлөтүп, түшүндүрүүчү, ар кайсы өлкөлөрдөгү коопсуздук секторлоруна карата парламенттик көзөмөлдүн мыйзам ченемдүүлүктөрү менен эрежелери жана белгилүү мисалдарды келтирүүчү топтомдор киргизилген. Айрым главалардын аягында, *Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз* деп аталган бөлүм бар. Ал бөлүмдөрдө ачык сунуштар берилген. Бирок жогоруда белгиленгендей, бул сунуштарды улуттук аң-сезим, көз караш менен байланыштырып түшүнүү керек.

Башталышындагы эки бөлүм коопсуздук секторуна карата парламенттик көзөмөлдү карап чыгуу үчүн теориялык да, аналитикалык да негиздерди баяндап берет. I Бөлүм коопсуздук деген түшүнүктү бекемдөөгө басым жасап, коопсуздук маселелеринде парламенттин жана башка мамлекеттик мекемелердин ролу боюнча кеңири баяндама берет. I Бөлүмдө козголгон негизги суроолор:

- Коопсуздук чөйрөсүндө жакынкы арада орун алган жетишкендиктер кайсылар?
- Пайда болгон жаңы коркунучтар жана аларга кандай жооптор бар?
- Коопсуздук секторуна карата парламенттик көзөмөл жүргүзүү эмне үчүн керек?
- Коопсуздук секторундагы демократиялык башкаруунун негизги принциптери кайсылар?
- Өлкө менен соттор бирикмесинен парламенттин аткарган ролунун айырмасы кандай?

Ошондой эле II Бөлүм, улуттук коопсуздук саясаты үчүн маанилүү болгон улуттук коопсуздук саясатынын өркүндөшүнүн бардык баскычтарын жана эл аралык эрежелерди баяндайт. II Бөлүмдүн акыркы эки главасы коопсуздук маселелериндеги жарандык коомдун, массалык маалымат каражаттарынын (ММК) жана гендердик теңчиликтин ролун камтыйт. Негизги суроолор:

- Улуттук коопсуздук саясатына тиешелүү чечимдерди кабыл алууда парламенттин ролу кандай?
- Эл аралык мыйзамдар улуттук коопсуздук саясатынын мүмкүнчүлүктөрүн кандайча чектейт жана аны арттыра алат?
- Жарандык коом жана ММКнын коопсуздук сектору менен кандай байланышы бар? Алардын кошкон салымын парламент кантип пайдалана алат?
- Коопсуздук маселелерин элге кантип жеткирсе болот?
- Коопсуздук секторунда аялзатынын ролу кандай?

III Бөлүмдө коопсуздук секторунда кимдер кандай иш жүргүзөөрү жөнүндө айтылат. Анда аскердик, ички иштер жана чалгындоо кызматтары жана башка мамлекеттик аскерлештирилген уюмдар менен жеке коопсуздук компаниялары камтылган.

- Ар бир коопсуздук кызматынын башкы иш-милдеттери жана алардын өзгөчөлүктөрү кайсылар?
- Ички жана саясий отчеттулуктун кандай механизмдери колдонулат?
- Парламент канткенде коопсуздук кызматтарына натыйжалуу көзөмөл жүргүзө алат?

IV Бөлүмдө парламент коопсуздук секторуна карата көзөмөл жүргүзүү үчүн колдоно турган жол-жоболорду иликтейт жана төмөндөгү суроолорго жооп берет:
- Коопсуздук секторуна кылдат көзөмөл жүргүзүү үчүн парламент кандай жолдорду колдоно алат?
- Парламент коопсуздук маселелери боюнча чеберчиликти кантип жогорулата алат?
- Коопсуздук маселелери боюнча парламенттик териштирүүлөрдүн жана угуулардын мааниси эмнеде?
- Коргоо боюнча комитеттердин ишин кантип жакшыртса болот?
- Акыйкатчынын ролу кандай?
- Акыйкатчынын институту коргоо маселелери боюнча кандай иш-аракеттерди жүргүзө алат?
- Эмне үчүн парламенттин мүчөлөрү коопсуздук кызматтарына барып турушу керек?

V Бөлүмдө коопсуздук үчүн кыйынчылыктарды туудурган өзгөчө кырдаалдар, ички коопсуздукка келтирилген коркунучтар, террорчулук жана кибер (компьютердик) кылмыштары сыяктуу абалдар баяндалат. Ошондой эле бул бөлүмдө кооптуу же коопсуздугу төмөн болгон аймактарга жөнөтүлүүчү эл аралык тынчтыкты коргоо вазийпаларына катышууга чакыруу баяндалат. Ошондой эле V Бөлүмдө төмөндөгүдөй жана башка суроолорго да жооп берилет:
- Өзгөчө кырдаалдарда ички коопсуздукту сактоонун жана адам укуктарын урматтоонун ортосундагы тең салмактуулукту кантип сактаса болот?
- Өзгөчө кырдаалдын максаттары жана чектери кайсылар?
- 11-сентябрдан берки өзгөрүүлөр кайсылар? Террорчулук мыйзамдуу демократиялык нааразычылыктардан эмнеси менен айырмаланат? Мамлекеттердин эл аралык коопсуздугуна бул кандай натыйжа алып келди? Бул боюнча парламенттин аткарган ролу кандай?
- Эл аралык бейпилдикти колдоо операцияларына аскерлерди чет өлкөлөргө жөнөтүү боюнча чечим кабыл алууда парламенттин кийлигишүүсүнүн маанилүүлүгү эмнеде?

VI, VII жана VIII Бөлүмдөр коопсуздук секторуна тиешелүү ресурстардын үч түрүн талдайт. VI Бөлүмдө коргоого бөлүнгөн бюджетти парламент жана мамлекеттик аудитордук уюмдар тарабынан контролго жана текшерүүгө алынышына көңүл бурулат.
- Канткенде бюджет коопсуздук үчүн негизги элемент боло алат?
- Айкындуулукту жана отчеттуулукту коопсуздук бюджетине кантип пайдаланса болот?
- Коопсуздук бюджетине тийиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүүнүн шарттары кайсылар?
- Коопсуздук секторун кантип текшерүүгө болот? Эмне үчүн көз каранды эмес текшерүү маанилүү? Ал кандайча иштейт?

VII Бөлүм коопсуздук секторунун персоналы жөнүндө. Бул бөлүм аскердик кызматчыларды топтоо, аларды тандоо жана окутуп-үйрөтүү, отставкага жана пенсияга кетүү схемалары, аскердик милдет жана альтернативалык кызматтарды жөнгө салуу маселелеринде парламентке көмөк көрсөтүүнү көздөйт.
- Демократиялык баалуулуктар коопсуздук секторунун персоналына кандай ой туудурат?
- Аскердик кызматчылар бирликтерди түзүшсө болобу?

- Коопсуздук секторунун кызматкерлеринин кесиптик манайы кандай болушу керек?
- Аскердик милдет жана альтернативалык кызматтар кайсы өлкөлөрдө кандай жүргүзүлөт?
- Аскердик кызматчылар үчүн жүрүм-турум кодекси болобу? Бул боюнча эл аралык стандарттар барбы?
- Парламенттин мүчөлөрү үчүн коопсуздук секторунун персоналын жетектөөнүн кайсы аспектилери маанилүү?

Аягында, VIII Бөлүм коопсуздук секторунун материалдык ресурстары, атайын курал-жарактарды сатып алуу (кимден эмнени сатып алуу), куралдарды сатуу жана ташуу жөнүндө баяндайт.

- Мыйзамдуу түрдө кысым көрсөтүү деген эмне?
- Курал-жарактарды сатып алуу боюнча ар тараптуу чечимдерди чыгаруу деген эмне?
- Кайсы шарттар жашыруун сырды актайт?
- Парламент бул маселелерди кантип баалай алат?

# Топтомдор тизмеси


| | |
|---|---|
| № 1- топтом | Бүгүнкү күндө коопсуздукка тиешелүү коркунучтар өз ичине камтыйт ……. |
| № 2- топтом | Коопсуздук боюнча ар түрдүү келишимдер ………………………………... |
| № 3- топтом | Бийликтин негизги бутактарынын коопсуздук чөйрөсүндөгү мүмкүн болгон функциялары …………………………………………………………….. |
| № 4- топтом | Эффективдүү башкаруу коопсуздук чөйрөсүндөгү демократиялык көзөмөл үчүн эң маанилүү дөөлөттөр катары …………………………………. |
| № 5- топтом | Улуттук коопсуздук саясатына суроолор ……………………………………… |
| № 6- топтом | Тике демократия, эл аралык келишимдер жана башка маанилүү макулдашууулардын ратификацияланышы: мисалга Швейцария …………….. |
| № 7- топтом | Латын Америкасындагы жарандык коом: жарандык коомдун уюмдарынын ролу жана мааниси …………………………………………….. |
| № 8- топтом | Согуштардын жаңы түрлөрү: сөз эркиндиги үчүн кыйын мезгил ……………. |
| № 9- топтом | 2001-жылдын 11-сентябрынан кийинки сөз эркиндиги ……………………….. |
| № 10- топтом | Парламенттик вебсайттар …………………………………………………... |
| № 11- топтом | Парламенттер жана массалык жалпыга маалымдоо каражаттары …………….. |
| № 12- топтом | Тычтык орнотуу процессиндеги гендер маселеси ……………………………… |
| № 13- топтом | Тынчтык орнотуу иштериндеги жана процесстериндеги гендер маселеси ….. |
| № 14- топтом | Куралдуу күчтөрдөгү аялдар: мисалы НАТОго кирген өлкөлөр ………………. |
| № 15- топтом | Аялдарды коопсуздук чөйрөсүнө тартуу иши гендердик саясаттын ажырагыс бөлүгү катары ……………………………………………………….. |
| № 16- топтом | Аялдарды коопсуздук чөйрөсүнө тартуунун натыйжасында келип чыккан жаңы ченемдер жана кыйынчылыктар ………………………………… |
| № 17- топтом | Куралдуу күчтөрү жок өлкөлөр ……………………………………………………. |
| № 18- топтом | Куралдуу күчтөрдүн реформасы: максаты эмнеде? ……………………………. |
| № 19- топтом | Түштүк Африкадагы жарандык мыйзамды жүзөгө ашырууда аскердик куралдуу күчтөрдү колдонуу …………………………………………………. |
| № 20- топтом | Мамлекеттик аскерлештирилген башка бөлүктөрдүн айрым тандалган өлкөлөрдөгү салыштырма саны ………………………………………………. |
| № 21- топтом | Демократиялык өлкөлөрдөгү полицияга мүнөздүү болгон негизги белгилер ……………………………………………………………………….. |
| № 22- топтом | Кооптонууну пайда кылган бурмалоолор жана абалдар ………………………. |
| № 23- топтом | Эритреядагы полиция: өнүгүү учуру …………………………………………….. |
| № 24- топтом | Чалгындоо кызматтары үчүн бөлүнгөн атайын финансы каражаттары жана парламент: Аргентинанын мисалында …………………………………….. |
| № 25- топтом | Парламенттик комитеттердин жашыруун документтер менен жүргүзгөн кээ бир иш-аракеттери ………………………………………………………………… |
| №26- топтом | Жеке коопсуздук жана аскердик күчтөр, демократияга кооптонуу алып келүүчү негизги коркунучтар ………………………………………………….. |
| № 27- топтом | Коопсуздук секторуна демократиялык көзөмөл жүргүзүүдө парламенттин колдонгон каражаттары же усулдары. …………………………... |
| № 28- топтом | Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн өзгөрүүлөргө алдынала көрүлүүчү (профилактикалык) стратегиялар………… |

| | |
|---|---|
| № 29- топтом | Коопсуздук секторуна байланышкан маселелерди чечүүдө парламенттин мүчөлөрүнүн ишке жөндөмдүүлүгүн жогорулатуучу механизмдер жана күндөлүк иш-аракеттер ………………………………………………………… |
| № 30- топтом | Аткаруу бийлигине көзөмөл жүргүзүү үчүн парламенттик механизмдин жана жол-жоболордун жалпы мүнөздөмөсү …………………………………….. |
| № 31- топтом | Сурап - билүүлөрдү натыйжалуу өткөрүү боюнча кеңештер ………………….. |
| № 32- топтом | Парламенттик териштирүү жүргүзүүчү комитеттердин негизги өзгөчөлүктөрү…………………… |
| № 33- топтом | Канадалык аскерлерди Сомалиге жайгаштырылуудагы жүргүзүлгөн териштирүү: коопсуздук маселелери жөнүндөгү парламенттик отчеттун коомдук таасир тийгизүүсүнө түшүндүрмө …………………… |
| № 34- топтом | Коргоо жана коопсуздук маселелер боюнча парламенттик комитеттин негизги аткаруучу кызматы …………………… |
| № 35- топтом | Тышкы иштер боюнча комитетинин жана Стортингдин (Норвегия парламентинин) коопсуздугу боюнча комитетинин биргелешкен сессиялары . |
| № 36- топтом | Акыйкатчы …………………… |
| № 37- топтом | Айрым өлкөлөрдөгү коргоо акыйкатчысы жөнүндө маалымат ……………… |
| № 38- топтом | Германиядагы Куралдуу Күчтөр үчүн түзүлгөн Парламенттик Комиссия …. |
| № 39- топтом | Аргентинанын тажрыйбасы …………………… |
| № 40- топтом | Кыйноолорго Тыюу салуу Конвенциясынын кошумча Протоколу коопсуздук ызматынын объекттерине барып таанышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтти …….. |
| № 41- топтом | Өзгөчө кырдаалдар: максаты жана принциптери ……………………………. |
| № 42- топтом | Коопсуздукту жана демократияны бирдей колдоо …………………………… |
| № 43- топтом | Бурмалооонун олуттуу залакалары …………………… |
| № 44- топтом | БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2001-жылдын 11-сентябрына карата берген жообу …………………… |
| № 45- топтом | Террорчулукка каршы күрөш …………………… |
| № 46- топтом | Жеке маалыматтардын базасын автоматтык түрдө даяр кылууда инсандарды Коргоо жөнүндөгү Конвенция (ETS № 108) …………………… |
| № 47- топтом | Тынчтыкты орнотуу, колдоо жана аны күч менен жүзөгө ашыруу аракеттери: БУУнун кээ бир пайдалуу аныктамалары …………………… |
| № 48- топтом | БУУнун тынчтыкты колдоо боюнча иш-аракеттерин өз орду менен жайгаштыруу процесси …………………… |
| № 49- топтом | Тынчтык вазийпасынын күч колдонуудагы эрежелери …………………… |
| № 50- топтом | БУУнун тынчтыкты орнотуучуларды даярдап окутуусу …………………… |
| № 51- топтом | Бюджет: демократиялык башкарууда орчундуу каражат …………………… |
| № 52- топтом | Эмне үчүн парламент бюджетти иштеп чыгууга активдүү катышууга тийиш? …………………… |
| № 53- топтом | Дүйнөнүн ар кайсы региондорундагы жана айрым өлкөлөрдөгү коргоого жумшалган чыгашалардын жана ички дүң продукциянын (ИДП) пайыздык катышы …………………… |
| № 54- топтом | Пландоо, программалоо жана бюджет түзүү тутуму (ППБТ) ……………… |
| № 55- топтом | Коргоо бюджетинин негизги курамдык бөлүктөрү: Испаниянын 2002-жылга карата түзгөн коргоо бюджети …………………… |
| № 56- топтом | Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджеттин айкын болушуна негизги тоскоолдуктар …………………… |
| № 57- топтом | Коргоо бюджетин бөлүштүрүүдө жашыруундуктун үч деңгээли ……. |

| | |
|---|---|
| № 58- топтом | Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти пайдаланууга натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүгө тоскоол болуучу негизги маселелер …………………… |
| № 59- топтом | Европанын түштүк-чыгышындагы айрым өлкөлөрдүн коргоо бюджеттеринин мисалдар (2001-жылдагы абал боюнча) …………………… |
| № 60- топтом | Башкы аудитор …………………… |
| № 61- топтом | Парламенттин коопсуздук секторуна көзөмөл жүргүзүүдөгү Улуу Британиянын Улуттук аудит офисинин ролу …………………… |
| № 62- топтом | Грузиянын парламенти жана бюджетти контролдоо …………………… |
| № 63- топтом | Европалык кеңештин аскер кызматчылар ассоциациясын түзүү укугуна жолдонмо берүүсү …………………… |
| № 64- топтом | Жетекчилик жана Германиядагы Куралдуу күчтөрдүн жарандык билим алуусу: «Ички жетекчилик» принциптери …………………… |
| № 65- топтом | Мыйзамдарды колдонууда укук коргоо органдарынын кызматкерлерине арналган Жүрүм-турум кодекси …………………… |
| № 66- топтом | Коопсуздуктун саясий-аскердик аспектилери боюнча ОБСЕнин Жүрүм-турум кодекси (1994): анын негизги өзгөчөлүктөрү …………………… |
| № 67- топтом | Кадрларды башкаруу: парламенттин мүчөлөрү үчүн негизги суроолор ….. |
| № 68- топтом | Дүйнө жүзүндөгү аскедик кызмат …………………… |
| № 69- топтом | Аскерге чакырылгандарды куугунтуктоо …………………… |
| № 70- топтом | БУУнун адам укугу боюнча комиссиясынын резолюциясы 1998/77: өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу …………………… |
| № 71- топтом | Альтернативдүү кызмат өтөө: Швейцариянын тажрыйбасы ……………… |
| № 72- топтом | Эмне үчүн парламенттин мүчөлөрү курал-жарак сатып алуунун камын көрүшү керек? …………………… |
| № 73- топтом | Курал-жарак сатып алуунун жүйөсүз же эки жактуу саясаты, ошондой эле куралдарды жашыруун түрдө сатып алуу төмөндөгүлөргө алып келиши мүмкүн …………………… |
| № 74- топтом | Нидерландынын коргоонуу үчүн курал-жарак сатып алуу саясаты: парламенттик көзөмөлдүн чаралары …………………… |
| № 75- топтом | Курал-жаракты ташуу: аларды аныктоо …………………… |
| № 76- топтом | Курал-жарактарды ташуу боюнча региондук келишимдер …………………… |
| № 77- топтом | Курал-жарак сатууга коюлуучу санкцияларды өркүндөтүү: парламент мүчөлөрү эмне кыла алат …………………… |
| № 78- топтом | Артыкбаш куралдарды сатуу: куралсыздандыруунун терс натыйжалары …… |
| № 79- топтом | Ок аткыч куралдарды соодалоо көлөмүнүн болжолдуу көрсөткүчтөрү ………. |
| № 80- топтом | БУУнун ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды мыйзамсыз соодалоого каршы иш-аракеттер программасы: парламент мүчөлөрү көьүл бурууга тийиш болгон жагдайлар …………………………….. |
| № 81- топтом | Курал-жаракты экспорттоону контролдоодо парламенттин ролу: Европа Биригинин өлкөлөрүндөгү ачык-айкындык жана отчеттуулук ……………… |

Баардык укуктар сакталган. Бул басылманын кайсы бөлүгү болбосун кайра иштеп чыгууга, маалыматтарды жыйноо тутумунда сактоого, качан, кандай формада болбосун: электрондук, өз колу менен, көчүрмөсүн жасоо, кассетага көчүрүү жолу менен болобу, Парламенттер Аралык Бирлик же Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борборунун алдынала уруксатысыз болбойт.

Басып чыгаруучунун алдынала макулдугусуз кандай жол менен болбосун карызга берилбесе, убактылуу пайдалануу үчүн акы алынбаса, китептин мукабасы ушул басылманын мукабасынан айырмаланбаган шартта гана, кийинки басып чыгаруучу бул китепти тарата алат.

---

IPU: 92-9142-221-5

DCAF: 92-9222-020-9

---

Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү: принциптер, механизмдер жана тажрыйбалар

Парламенттер Аралык Бирлик
Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борбору
тарабынан басып чыгарылган:

Башкы редакторлор
Ханс Борн, Нидерланды, Филипп Флури, Швецария
Андерс Б. Жонссон, Швеция

Башкы автор
Ханс Борн, Нидерланды

Басып чыгаруучу
Прессес Централес Луизиана SA

Басып чыгарылганы
3000 нуска

Луизиана, 2004, Төртүнчү чыгарылышы

Китеп англис тилинен которулду
Редакторлору:
Чылабаев Эссен
Карагулова Жумагуль

Которгондор:
Асамидинова Дилбар
Калиева Каныкей

Котормону уюштурган:
ЭЛ АРАЛЫК ТОЛЕРАНТТУУЛУК КООМДУК ФОНДУ

I Бөлүм

# Коопсуздук боюнча түшүнүктөрдү жогорулатуу жана ага катышуучулардын чөйрөсүн кеңейтүү:

## Парламенттер туш келген кыйынчылыктар

1- глава

# Өзгөрүлүп турган дүйнөдө өзгөрүлүп туруучу коопсуздук

Акыркы он жылдыктын аралыгында глобалдуу коопсуздуктун жагдайлары укмуштудай өзгөргөнү маалым. Мурдагы кооптуу коркунучтар жоголуп, алардын ордун жаңы көйгөйлүү коогалаңдар басты. Мунун өзү коопсуздук, жаңжал жана тынчтык маселелери боюнча жаңыча ойлонууну талап кылды.

## Демократиялык өлкөлөрдөгү тынчтык жана коопсуздук

Баардык эле жаңжалдар тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч туудура бербейт. Ар бир коомдо ар кандай маселелер боюнча ат салышкан, көпчүлүк учурда бири-бирине карама-каршы келген көз караштар болот. Сөз эркиндиги бар демократиялык өлкөлөрдө адамдар жеке көз караштарын өздөрү шайлаган өкүлдөргө ачык билдире алышары белгилүү. Эл өкүлдөрү аларга карата берилген суроолорду салмактап көрүп, жалпы элдик талкуудан пикирлерди атайын тапшырмага айландырышы мүмкүн. Мындай иш-аракеттер демократиялык күчтөрдүн жаңжалдан алыс болушуна жана коомдун мүчөлөрүнүн басымдуу бөлүгү колдой турган келишимди табууга өбөлгө түзөөрү шексиз. Адатта ойдогудай иш алып бара турган демократиялык уюмдардын жоктугунан кээ бир жагдайлар курчуп, атүгүл контролдон чыгып, чоң чыр-чатакка айланган учурлар да жок эмес. Чыр-чатактарды жөнгө салуудагы табигый механизмдер аркылуу демократиялык бейпилдик коопсуздук менен түздөн-түз байланышта турат. Демократиянын бейпилдик жана коопсуздук менен байланышы төмөнкүдөй түшүндүрүлөт: жалпы журтка маалым болгондой, коопсуздукту гана орнотуу максат эмес, аны элдин жыргал турмушуна кызмат кылдыруу кажет. Иштиктүү парламентте тамырын жайган демократия төмөндөгүдөй жетишкендиктерди иш жүзүнө ашырууну көздөйт:

> *"Коомчулуктун, аймактын, улуттун, өлкөнүн көз каранды эместиги, адамдардын чын жүрөгүнөн сызылып чыккан көз каранды эместиктен, б.а. адамзаттын көз каранды эместигинен келип чыкканда гана эбегейсиз мааниге ээ болот".* - Вацлав Гавел

Мамлекетти коргоону көздөгөн улуттук коопсуздук акырындык менен жеке адам менен коомчулукту биринчи орунга койгон адамзат коопсуздугуна айланат. Иш жүзүндө бул мамлекеттердин төмөндөгү жана башка коопсуздукка байланыштуу коркунучтарга карата өз жоопторун кеңейтүүгө алып келет:

- ✓ **Эскертүү иш-аракеттери:** жаңжалдар жөнүндө алдынала эскертүү демилгелери, тынчтыкты орнотуу жана адамдардын өздөрү эле чыр-чатакты басышы;
- ✓ **Кийлигишүү:** көрүлгөн башка аракеттер пайдасыз болгон учурларда ички жаңжалдарга кийлигишип тобокелчиликтин чегинде турган калкты коргоо;
- ✓ **Жооп иретиндеги иш-аракеттер:** жарандык согуш болгон учурда же согуштан кийин жапа чеккен жарандарды колдоо иретинде аларга жардам көрсөтүүлөр. Буга, жашаган жерин которгондорго лагерлерди, качкындарга башпаанектерди уюштуруу же дагы башка жардамдарды берүү кирет.

## Аскердик коопсуздуктан ар тараптуу коопсуздукка өтүү

Коопсуздук деген түшүнүк аскердик коопсуздукту гана эмес, адамзаттын коопсуздугун да камтыган кеңири түшүнүк болушу керек. Коопсуздук маселелери ар тараптан каралып, анын ичине аскердик эмес маалыматтар да камтылышы зарыл экендиги жөнүндө кеңири түшүнүк өсүп-өнүгүүдө. (№ 1- топтому караңыз).

№ 1- топтом

### Бүгүнкү күндө коопсуздукка тиешелүү коркунучтар өз ичине … камтыйт

- ▷ **Саясий коркунучтар:** ички саясий ойку-кайкылык, ойлору ордунан чыкпай калган мамлекеттер, террорчулук менен адам укуктарын бузуулар;

- ▷ Экономикалык коркунучтар: жакырчылык, өлкөлөрдүн бай же жарды болуп бөлүнүү процесстеринин күчөшү, эл аралык каржылоо маселелеринин начарлашы, экономикалык жактан кудуреттүү же экономикасы туруксуз коңшу өлкөлөрдүн тийгизген таасири жана алардын карактоого жол бериши;
- ▷ Экологиялык же адамзат жараткан коркунучтар: атомдук алааматтар, глобалдык экологиялык өзгөрүүлөр, жер менен суунун бузулушу жана таза суунун азайышы, тамак-аштын жана башка каражаттардын тартыштыгы;
- ▷ Социалдык коркунучтар: аз/көп сандуу улуттардын ортосундагы чыр-чатактар, жаңжалдар калктын өтө жыштыгы, атайын уюштурулган кылмыш иштери, баңгизаттарды ташуу, мыйзамсыз соода жүргүзүүлөр, контролго алынбаган массалык көчүп кетүүлөр жана оорулар.

Коопсуздук деген түшүнүккө кеңири көз караш менен кароонун пайдалуу жагы, ал коопсуздукка келтирилген коркунучтарга жана аларга жоопторду ар тараптуу түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Жаман жагы, ал мамлекетти жана жарандарды коргоо үчүн күч колдонгон, же күч
колдонобуз деп опузалаган, ушундай укугу жана бийлиги бар коопсуздук уюмдар коомдун аскердик эмес чөйрөсүнө кошулса, аларды күчтөндүрүп жибериши мүмкүн. Мындан тышкары коопсуздук сектору андай жаңы көрүнүштөргө тийиштүү жооп кайтарууга даяр болбой калышы да ыктымал.

## Бир эле мамлекеттин коопсуздугунан мамлекеттердин коопсуздук кызматташтыгына өтүү

Улуттук коопсуздукка өз күчү менен гана жетишүү мүмкүн эмес деген ой бар, бирок мамлекеттер аралык коопсуздук боюнча кызматташуу зарыл экендиги деле жаңылык эмес. XIX кылымда "күчтөрдүн теңдиги" деп аталган мамиле өз доорунда орчундуу болгон. XX кылымда Улуттар Лигасы, анын жолун БУУ жана НАТО сыяктуу коргоо уюмдары улашты жана башка жамааттык коопсуздук уюмдары пайда болду.

Кансыз  согуш аяктагандан бери, ички жаңжалдар өтө тездик менен өсө баштады. Акыркы мезгилде террорчулук иш-аракеттер гезиттик макаланын башкы темасы болуп калды. Глобалдаштыруу мамлекеттердин бири-бирине болгон өз ара көз карансыздыгын арттырды жана коопсуздук маселелери боюнча кызматташтыкты күчөттү. Азыркы тапта бир өлкөнүн коопсуздугуна болгон коркунучтар тез эле жалпы регионго өтүп, ал тургай дүйнө тынчтыгын бузууга алып келиши мүмкүн. Бул карандай чындык күн тартибинен түшпөй турган маселе катары эл аралык коопсуздук боюнча көп өлкөлөрдү кызматташууга чакырды.

№ 2- топтом
### Коопсуздук боюнча ар түрдүү келишимдер

▷ Жамааттык коргоо

Жамааттык коргоо бул эгерде эки же андан көп мамлекеттерге сырттан кол салса, алар бири-бирине жардамдашуу келишими. Коопсуздук келишимдеринин ушул сыяктуу урунтуу үлгүсүнө НАТО менен Америка Штаттарынын кызматташтыгын алсак болот.

▷ Жамааттык коопсуздук

Бул тутумга кирген коомчулук  башкаларга күч колдонуудан баш тартууга макулдашышат. Эгерде башка мамлекет тарабынан  күч колдонулса, анда бул жамааттын мүчөлөрү бири-бирине өз ара жардам беришет. Ошондой эле, бул тутум эл аралык коомдоштук тынчтыкка залакасын тийгизүүгө карата жасалган аракеттерге күч колдонуу менен жооп кайтаруусун колго алат. Жамааттык коргоодон жамааттык коопсуздуктун айырмачылыгы анын коомчулуктун ичиндеги кол салууларга каршы багытталышы. БУУ жамааттык коопсуздук тутумунун ачык мисалы боло алат. БУУнун Уставынын 41 жана 42-статьяларында жазылгандай, эл аралык коомдоштук куралдуу күчтөрдү пайдалануу менен зордук-зомбулук аркылуу тынчтыкты бузгандарга кысым көрсөтүүгө тийиш.

*Маалымат булагы: СИММА, Бруно: Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы, 1995*

▷ Биргелешкен коопсуздук

Биргелешкен коопсуздук жамааттык коопсуздукту коопсуздуктун деңгээлине жеткирүүнүн ар тараптуу жолдору менен байланыштырып турат. Муну чоң масштабдагы; тыюу салынбаган, тескерисинче колдоочу; катардан чыгарбастан катарга кошуп эсептеген; өз мүчөлөрүнүн

курамын чектебеген; эки тараптуулуктан көп тараптуулукту колдогон; аскердик эмес чечимдерден аскердик чечимдерге артыкча укук бербеген; мамлекеттер коопсуздук тутумундагы эң башкы аткаруучулар катары эсептелишет, бирок мамлекеттен башка да аткаруучулар маанилүү роль ойношу мүмкүн экенин да моюндарына алган; атайын коопсуздук институттарынын түзүлүшүн талап кылбаган, бирок алардан баш тартпаган; жана ушуларды толуктай турган нерсе көп тараптуу негиздеги диалогдорду жүргүзүүнү адатка айландыруунун баалуулугуна басым жасаган жол деп аныкталат.

*Маалымат булагы: Иванс Гарез: Тынчтык үчүн кызматташуу, 1993*

"Жамааттык коргоо келишими" кызматташтыктын келечектеги кең жолдордун бири. Буга кошумчалай кетүүчү нерсе, мыйзамга ылайык же башталгыч аскердик уюмдарды түзбөстөн, б.а. эки тараптуу же көп тараптуу келишимдердин негизинде түзүлгөн кызыкчылыгы тар кызматташуулар да болушу мүмкүн. Биргелешкен коопсуздук уюмдарынын жамааттык коргоо уюмдарынын катарына кошулууну чечүү өлкөнүн коопсуздук абалына зор таасирин тийгизет. Принцибинде, мындай кызматташтык коогаландуу коркунучтарга жамааттык каршы туруу аркылуу улуттук коопсуздукту бекемдээри бышык. Бирок мүчө болуунун да өзүнүн жөнү бар: мүчөлүккө кирген өлкө альянстын максаттары менен талаптарына ылайыкташууга мажбур болуп, улуттук коопсуздук саясатын аныктоодо өз мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Мындан тышкары, парламенттик көзөмөл боюнча чечим чыгаруу процесси улуттук деңгээлден эл аралык деңгээлге өтөт.

# Парламенттик көзөмөлдүн маанилүүлүгү

Аткаруу бийлигинин тийиштүү маалыматы, таасири жана дароо жооп кайтарууга мүмкүнчүлүктөрү болгондуктан, коопсуздук саясаты анын "табигый" тапшырмасы болбой койбойт деген пикирлер да бар. Парламент болсо коопсуздук маселелери менен иштегенге мүмкүндүгү аз бийлик катары каралып, айрыкча узакка созулган жол-жоболору жана тийиштүү тажрыйбасы менен өтө жашыруун маалыматтын жоктугу алардын аракетин аксатаары бышык. Бирок көпчүлүк мамлекеттерде парламентке аткаруу бийлигине көзөмөл жүргүзүү жана текшерүү милдеттери тагылган. Коопсуздук маселелерине мындай көзөмөлдүн эмне үчүн маанилүү экендигинин кеминде төрт себеби бар:

### Демократияны автократиялык бийлик эрежелеринен сактап калуу максатында

Франциянын мурдагы Премьер-министри Жорж Клеменсо бир жолу минтип айткан экен: "Согушту куралдуу күчтөргө тапшыруу өтө эле оор маселе". Премьер-министрдин тамашалуу болсо да бул пикири боюнча эл өкүлдөрү эбегейсиз күчкө ээ экенин жана мамлекеттин кайсы сектору болбосун алардын контролусуз эч качан калбашы керектигин да эске салат. Коопсуздук секторуна, айрыкча куралдуу күчтөрүнө парламент көзөмөл жүргүзбөгөн өлкө толук эмес демократиялык же демократиясы жаңыдан өнүгүп келе жаткан мамлекет катары эсептелет.

Америкалык улуу окумуштуу Роберт А. Далдын айтканына караганда "саясаттагы эң негизги жана туруктуу маселе бул автократиялык бийлик эрежелеринен качуу" болуп саналат. Коопсуздук сектору мамлекеттин эң өзөктүү тапшырмаларынын бирин алып баргандыктан, аткаруу бийлигин тең салмакта кармап туруу үчүн текшерүү жана теңдештик тутуму болушу зарыл. Ошентип, коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл мамлекеттик деңгээлде бийликтерди бөлүштүрүүнүн негизги элементи болуп, натыйжага жетсе, анда аткаруу бийлигинин же президенттин ыйгарым укуктарына да чектөөлөрдү кое алат.

### Салык салуу маселелерин чечүү

Бүгүнкү күндө парламенттин аткаруу бийлигине көзөмөл жүргүзүшүнүн маанилүү механизмдеринин бири бул - бюджет. Батыш Европада болуп өткөн биринчи жыйындан баштап эле парламент мүчөлөрү Салык салуу маселесин өкүлчүлүксүз чечүүгө тыюу салган талаптары менен чыгышкан. Коопсуздук уюмдары мамлекттик бюджеттин маанилүү бөлүгүн пайдалангандыктан, парламенттин каражаттардын натыйжалуу сарпталышына көзөмөл жүргүзүшүнө олуттуу көңүл бурулмакчы.

### Коопсуздук маселелери боюнча мыйзамдуу параметрлерди иштеп чыгуу

Иш жүзүндө коопсуздук маселелери боюнча мыйзам долбоорлорун аткаруу бийлиги иштеп чыгат. Ошондой болсо да, парламент мүчөлөрү мыйзам долбоорлорун карап чыгууда маанилүү роль ойнойт. Алар, зарылчылыгына жараша, сунуш кылынган коопсуздук жөнүндөгү долбоорго жаңыча ойлорду кошуу үчүн толуктоолорду жана түзөтүүлөрдү мыйзамдуу түрдө сунуштай алышат. Мындан тышкары парламент ошол мыйзамдар кагаз жүзүндө гана жазылып калбастан, иш жүзүндө аткарылышына да көз салат.

### Коомчулук менен карым-катнаш

Аткаруу бийлиги жарандарга эң маанилүү болгон коопсуздук маселелери жөнүндө толук маалыматка ээ болбошу ыктымал. Парламент мүчөлөрү болсо, калк менен үзгүлтүксүз байланышта болгондуктан, алардын ойлорун жакшы билишет. Ошондуктан парламент мүчөлөрү парламентте жарандарды тынчсыздандырган маселелерди козгой алышат жана ошол маселелер коопсуздук боюнча мыйзамдарда жана коопсуздук саясатында чагылдырылышына көз салат.

## Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл үчүн кыйынчылыктар

Коопсуздуктун үч аспектиси парламенттик көзөмөл үчүн айкын кыйынчылыктарды туудурат:

- ✓ Жашыруун кабыл алынган мыйзамдар коопсуздук секторундагы айкындуулукту бекемдөө аракеттерине тоскоол болушу мүмкүн. Айрыкча демократиялык же жаңжалдар чыккан

өлкөлөрдө мындай мыйзамдар парламенттин коопсуздук секторун көзөмөлдөшүн чектеши же ага коркуныч туудурушу мүмкүн; ошондой эле мунун өзү маалымат алуу эркиндиги жөнүндөгү мыйзамдардын жоктугуна да байланыштуу болот;

- ✓ Коопсуздук сектору өтө татаал тармак. Парламенттер курал-жарактарды сатып алуу жана контролдоо, аскердик бөлүктөрдүн даярдыгы өңдүү маселелерди көзөмөлдөөгө тийиш. Бардык эле парламенттердин мүчөлөрү мындай маселелерди натыйжалуу чечүү үчүн тийиштүү билим жана тажрыйбага ээ эмес. Билими менен тажрыйбасын өстүрүү үчүн алардын убактысы менен мүмкүнчүлүктөрү аз, себеби парламенттин мүчөсү катары аларга белгиленген мөөнөтү да чектелүү, ошондой эле өлкөнүн ичиндеги, чет өлкөдөгү мыкты ресурстар менен байланышы да өтө сейрек;
- ✓ Эгерде эл аралык коопсуздук кызматташтыгына өзгөчө көңүл буруу менен бул процесстен парламент четте калган болсо, анда өлкөнүн коопсуздук саясатынын мыйзамдуулугуна жана демократиялык айкындуулукка терс таасир этиши мүмкүн. Ошондуктан парламенттин эл аралык деңгээлде салым кошо алышы, кайым-айтышууларда, чечим кабыл алууда катышышы жана анын жыйынтыгын чыгарышы өтө маанилүү.

# Парламенттин жана мамлекеттик башка түзүмдөрдүн ролдору жана милдеттери

## Милдеттердин бөлүштүрүлүшү

Парламент менен өкмөттүн коопсуздук жаатындагы ролдору ар кандай болгондуктан алар коопсуздук секторунун тийиштүү деңгээлде иштеши үчүн өз милдеттерин бөлүштүрүп алышы керек. Милдеттерди бөлүштүрүү идеясы саясий жана аскердик жетекчиликтин мамилелерине да туура келет. Бул эки тарап карама-каршы максатты көздөгөн атаандаштардай болууга тийиш эмес. Тескерисинче, алар элдин таламдарына ылайык келген коопсуздук саясатын ар тараптуу жана натыйжалуу жүргүзүү үчүн бири-биринин жардамына муктаж болот. Ошентип, демократиялык көзөмөл жүргүзүү саясий лидерлер менен жогорку аскердик даражадагы расмий адамдардын ортосундагы ишенимге, ачык-айрымдыкка жана сый-урматка негизделген диалогду да камтыйт. Дайыма ушундай пикир алмашып туруунун дагы бир артыкчылык жагы - бул саясий жана аскердик лидерлердин бири-биринен алыстап кетпешине өбөлгө түзүп, турукташтыкты бекемдегендигинде.

## Ролдордун бөлүштүрүлүшү

Мамлекеттик бийликтин үч бутагы - аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтери улуттук коопсуздук саясатын калыптандырууда негизги ролдорду аткарышат. Бул ролдорду № 3- топтомдо сыпаттап, аткаруу бийлигинин ар бир бөлүгүнүн: мамлекет башчысынын, өкмөттүн жана башкы штабдын өзгөчө вазийпаларын чагылдырып көрсөткөн элек. Бул топтом алардын мүмкүн болгон иш-милдеттерине көз салуу үчүн түзүлгөн, анткени ар кандай саясий тутумдарда булар ар башкача болот.

Коопсуздук саясатын калыптандырып ишке киргизүүгө парламенттен, аткаруу жана сот бийликтеринен тышкары жарандык коом менен массалык маалымат каражаттары да чоң салым кошот, бул көрсөткүчтөр коомчулукка мамлекеттик кызмат адамдарынын ишмердиги жана көздөгөн максаттары жөнүндө кабар берип турат (6- главаны караңыз).

Акырында, улуттук коопсуздук саясатынын жана тийиштүү бюджеттин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүдө акыйкатчы (адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы)(16- главаны караңыз) жана башкы аудитор (24- главаны караңыз) сыяктуу мамлекеттик түзүмдөр чечүүчү роль ойнойт.

## Саясий отчеттуулук

Коопсуздук кызматтары мамлекеттик бийликтин ар бир бутактарына отчет берип турууга тийиш:

- ✓ Аткаруу бийлиги алардын үстүнөн өзүнүн борбордук, аймактык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу түздөн-түз контроль жүргүзүп бюджетти иштеп чыгат жана коопсуздук кызматтарынын жалпы багыттары менен артыкчылыктуу милдеттерин аныктайт.
- ✓ Мыйзам чыгаруу бийлиги коопсуздук кызматтарын багыттап, жөнгө салып туруучу мыйзамдарды кабыл алуу аркылуу, ошондой эле тийиштүү бюджеттик салымдарды бекитүү аркылуу коопсуздук чөйрөсүн көзөмөлдөйт. Мындай көзөмөл жүргүзүү үчүн парламентте акыйкатчы кызматын же коомчулуктун даттанууларын караштыруучу комиссияны түзүү керек.
- ✓ Сот бийлиги бир эле учурда коопсуздук секторун да контролдойт, зарыл болгон учурларда, мамлекеттик ишмерлер укук бузганда аларга каршы жарандык же жазык иштерин да козгойт.

№ 3- топтом

### Коопсуздук чөйрөсүндөгү негизги бийлик бутактарынын аткарууга мүмкүн болгон иш-милдеттери

| | Парламент | Сот бийлиги | Аткаруу бийлиги |
|---|---|---|---|

| | | | Мамлекет башчысы | Өкмөт | Башкы штабдын башчысы |
|---|---|---|---|---|---|
| Башкы Командачы-Лык | Айрым өлкөлөрдө парламент башкы командачы-нын талап-керлигин талкуулайт жана/же аны дайындайт | Конституция лык сот Президент-тин же Өкмөт башчысынын башкы командачы катары дайындалыш -нын мыйзам-дуулугун аныктайт | Айрым өлкөлөрдө мамлекет башчысы формалдуу роль аткарат, ал реалдуу бийликке ээ болот, б.а. согуш мезгилинде башкы команда-чынын милдетин аткарат | Согуш болгондо өкмөт башчысы башкы командачы-нын иш-милдеттерин аткарат | Айрым өлкөлөрдө башкы командачы-нын кызматы убактылуу (согуш мезгилинде гана), ал эми кээ бир өлкөлөрдө дайыма болот |
| Коопсуздук Саясаты | Коопсуздук концепция-сын талкуу-лап,бекитет, мыйзамдар-ды кабыл алат | | Коопсуздук саясаты жаатындагы мыйзамдарга кол коет | Коопсуздук саясатын сунуш кылат жана жүзөгө ашырат | Өкмөткө кеңеш берип, көмөк көрсөтөт, коопсуздук саясатын пландашты-рууну жүзөгө ашырат |
| Бюджет | Бюджетти Бекитет | - | - | Бюджеттин долбоорун сунуштайт | Өкмөткө кеңеш берет |
| Коргоо жөнүндө мыйзамдар | Мыйзамдар-ды кабыл алат | Конституция-лык сот мый-замдардын конституция-га туура келерлиги жөнүндө чечим чыгарат | Жалпы талкууга алып чыгуу үчүн мыйзамдарга кол коет | Мыйзамдар ды сунуш кылып, токтомдорду кабыл алат | Өкмөткө кеңеш берет, мыйзамдар-ды жүзөгө ашырат |
| Өздүк курам | Айрым өлкө-лөрдө парла-мент жетекчи кызматтарын ын көпчүлү-гүнө дайындоолор-ду жактыруу укугуна ээ | Кызматкер-лердин жүрүм турумунун мыйзамдуу лугуна баа берет | Башкы командирлер ди дайындайт; штаттык планды бекитет | Улук командирлер-ди дайындайт | Штаттык план боюнча кеңеш берет; штаттык планды жүзөгө ашы-рат; кичи командирлер-ди дайындайт |
| Курал-жарак сатып алуу | Курал- жарак менен камсыз кылуу боюнча негизги дол-боорлорду караштырат жана бекитет | Коррупцияга каршы жана экономика-лык кылмыштуу-лук жөнүндөгү мыйзам-дардын бузу- | - | Курал-жарактар менен камсыз кылууну сунуш кылат | Курал-жа рактар менен камсыз кылуу процессине демилгечи болуп, аны жүзөгө ашырат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | лүшүн териш-тирет | | | |
| Аскер контингентин чет өлкөгө жиберүү/чет өлкөлүк аскерлерди кабыл алуу | Жалпысынан жакты рат; иш жүзүндө жактырат же жактырбайт | Алардын жүрүм-турумунун мыйзамдуулугуна баа берет | - | Эл аралык акцияларга катышуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт; макулдашуулар тууралуу чечим чыгарат | Оперативдүү башкаруучу болот |
| Эл аралык келишимдерге, альянстарга кошулуу | Ратификациялайт | - | Эл аралык келишимдерди түзөт жана ратификациялайт | Эл аралык келишимдердин аткарылышына жооп берет | Өкмөткө кеңеш берет |

Жогоруда белгиленгендей, ар кайсы өлкөлөрдө мамлекеттик бийликтин үч бутагынын милдеттери ар башкача болушу мүмкүн. Бирок бөлүштүрүү тутумунун бар болушу сөзсүз керек. Антпесе текшерүүлөр жакшы натыйжа бербейт да, коопсуздук секторунда кыянатчылыктарды алдын алуу мүмкүн болбой калат. Көп өлкөлөрдө өкмөт коопсуздук маселелерин чечүүдө үстөмдүк кылаарын эске алсак, өкмөттүн бийликти жана ресурстарды натыйжалуу контролдоого ыйгарым укуктарынын болушу маанилүү. Мунун мааниси жаңыдан пайда болгон коркунучтар (1- главаны караңыз) коомдук институттардын өз ролун кайра караштырууга аргасыз кылышы мүмкүн экендигинде.

## Демократиялык жана парламенттик көзөмөлдүн принциптери

Эл аралык деңгээлдин алкагынан алып караганда демократиялык жана парламенттик көзөмөл жаатында бирдиктүү стандарттар жок, анткени коопсуздук менен коргоо улуттук көз каранды эместиктин ажырагыс бөлүгү деп дайыма эсептелип келген. Айрым аймактык стандарттар, мисалы ОБСЕнин Жүрүм-турум кодекси бар (кеңири маалымат алуу үчүн № 66- топтому караңыз). Мындан сырткары демократиялык жарандык-аскердик мамилелерди жөнгө салуучу белгилүү принциптер да бар :

- ✓ Мамлекет коомдо күч колдонууга мыйзамдуу укугу бар бирден-бир субъект болуп саналат; Коопсуздук кызматтары бийликтин мыйзам чыгаруучу демократиялык органдарына отчет берип турат;
- ✓ Парламент - көз карандысыз жана отчет берип туруучу орган. Ал коопсуздук жана коргоо саясатын иштеп чыгууда, жүзөгө ашырууда жана кайра караштырууда аткаруу бийлигин көзөмөлдөйт;
- ✓ Парламент коргоо жана коопсуздукка сарпталуучу чыгымдарды караштырып, бекитүүдө конституциялык жол менен ыйгарылган өзгөчө укукка ээ;
- ✓ Парламент өзгөчө кырдаалды жана согушту жарыялоодо жана токтотууда чечүүчү роль ойнойт (18- главаны караңыз);
- ✓ Натыйжалуу башкаруу принциптери (№ 4- топтомду караңыз) жана укук ченемдери бийликтин бардык бутактарына алардын ичинен коопсуздук секторунда да тиешелүү;
- ✓ Коопсуздук секторунун персоналы улуттук жана эл аралык мыйзамдарды бузгандыгы үчүн (кызматтагы жарандык укук бузуулар же кылмыш үчүн) сот органдарынын алдында жекече жооп берет;
- ✓ Коопсуздук секторуна кирген уюмдар саясатта бейтараптуу болот.

№ 4- топтом

### Натыйжалуу башкаруу коопсуздук чөйрөсүндөгү демократиялык көзөмөл үчүн эң маанилүү баалуулук катары

"Ишенчилик, ачык жана сабаттуу саясатка негизделген натыйжалуу башкаруу коомдун бейпилдиги үчүн жасалган процесстердин айкындыгы, мыйзам үстөмдүгү, ошондой эле саясий турмушка кеңири аралшкан күчтүү жарандык коомдун бар экендиги менен мүнөздөлөт. Начар башкарууга зулум саясат, бюрократия, мыйзам сактабаган адилетсиз юридикалык тутуму, бийликти кыянат пайдалануу, жарандык коомдун саясий чөйрөгө катышпагандыгы жана коррупциянын кеңири таралгандыгы мүнөздүү келет".

*Маалымат булагы: Дүйнөлүк Банк, 1994, Башкаруу: Дүйнөлүк Банктын тажрыйбасы*

II Бөлүм

# Улуттук коопсуздук саясатына көзөмөл жүргүзүү

4- глава

# Улуттук коопсуздук саясатын бекемдөө

## Курамы

Улуттук коопсуздук саясаты өкмөттүн коопсуздук жана аны камсыз кылуу маселелерине жасаган мамилесин аныктап турат. Улуттук коопсуздук саясаты жаатындагы негизги чечимдер мамлекет менен коомдун ички жана тышкы коопсуздугунун абалына таасир этет. Коопсуздук саясаты аскердик доктринасынын принциптерин калыптандырат жана ал мамлекет кошулган эл аралык, аймактык келишимдер тутумунун бөлүгү болуп саналат. Ошентип, коопсуздук саясаты улуттук муктаждыктарга жана коопсуздуктун артыкчылыктуу жактарына эле негизделип калбай, тышкы факторлордун, кысымдардын жана милдеттенмелердин да таасиринде болот. Канткенде да, бул саясат, мамлекеттин конституциясында же уставында камтылган баалуулуктар менен принциптерге шайкеш келүүгө тийиш.

№ 5- топтом

### Улуттук коопсуздук саясатына тиешелүү суроолор

Улуттук коопсуздук саясатына тиешелүү документтерди талкуулоо жана бекитүү учурунда же аларды ишке киргизүү тууралу талаш-тартыштар болгондо, эл өкүлдөрү төмөндөгү суроолордун айрымдарына же баарына жооп берүүгө тийиш:

✓ Коомду коркунучтун кандай түрлөрүнөн коргоо керек? Коомдук кайсы баалуулуктарды сактоо керек? б.а. коопсуздук кандай болууга тийиш?

✓ Улуттук коопсуздук саясаты уюшулган кылмыштуулук, террорчулук сыяктуу жаңы түрдөгү коркунучтарды изилдөөнү камтыйбы?

✓ Улуттук коопсуздук саясатынын эл аралык мыйзамдарга жана адам укуктары менен гуманитардык укуктарды коргоо принциптерине шайкеш келишин кантип камсыз кылуу керек?

✓ Улуттук коопсуздук саясатынын эл аралык мыйзамдарга жана адам укуктары менен гуманитардык укуктарды коргоо принциптерине шайкеш келишин кантип камсыз кылуу керек? Коопсуздуктун кайсы деңгээли жетишерлик деп саналат?

✓ Мамлекеттин коопсуздугун канткенде эң жакшы камсыздоого болот: альянска кошулгандабы же бейтараптыкты сактагандабы?

✓ Коопсуздукту камсыз кылуу үчүн улуттук күчтөр кандай түрдөгү операцияларды жүзөгө ашырат: коргоо боюнча операцияларды элеби же тынчтыкты орнотуу иш-чараларын дагыбы?

✓ Ойдогудай коопсуздук деңгээлин камсыз кылуу үчүн кандай каражаттар болушу зарыл жана кайсы секторлорду катыштыруу керек? Бул канчалык мөөнөткө жана шартта болушу зарыл?

✓ Коопсуздук саясатын канчалык тездикте кайра караштырып туруу абзел?

✓ Кандай финансы жана экономикалык чыгымдар жумшалат, салык төлөөчүлөр канчалык өлчөмдө салым кошо алат?

✓ Коопсуздук саясаты жана анын жүргүзүлүшү эл аралык мамилелерге жана региондогу турукташтыкка кандай таасир этет?

- ✓ Массалык кыргын салуучу куралдарга карата улуттук стратегиянын азыркы абалы жана келечеги кандай?

Эреже катары улуттук коопсуздук саясатын жүзөгө ашырууда көптөгөн мамлекеттик түзүмдөрдүн жана уюмдардын катышуусу, көптөгөн документтердин даярдалышы талап кылынат. Мында мамлекет улуттук коопсуздук стратегиясын анын бардык аспектилери жана катышуучуларын эске алуу менен иштеп чыгышы абдан маанилүү. Ошенткенде, мамлекет коркунучтарга ар тараптан жана толугу менен каршы тура алат. Террорчулук жана эл аралык кылмыштуулук сыяктуу жаңы коркунучтар менен күрөшүүдө айрыкча макулдашып иш жүргүзүү талап кылынат. Анткени бул күрөштү жүргүзүүдө: аскер кызматтарынын, финансы министрлигинин, полициянын, чегара аскерлеринин, чалгындоо кызматтарынын катышуусу керек болот.

## Парламенттин катышуусунун маанилүүлүгү

Парламент жарандардын кызыкчылыктары менен тынчсыздануууларын чагылдырат. Ошондуктан улуттук коопсуздук саясатына жана анын ырааттуу түрдө жүзөгө ашырылышына катышуусу үчүн төмөндөгүдөй негиздерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

- ✓ Улуттук коопсуздук саясаты адамдардын жашоосуна, алардын баалуулуктарына жана турмуш шартына таасир этет, андыктан ал аткаруу бийлигинин же аскер кызматтарынын компетенциясында болбоого тийиш;
- ✓ Улуттук коопсуздук саясаты аскер чөйрөсүнүн жана аскер кызматындагылардын келечегине олуттуу таасир этет;
- ✓ Бул саясаттын салык төлөөчүлөрдүн финансы абалына тийгизген таасири да олуттуу болот;
- ✓ Финансы чыгымдарынан тышкары, коопсуздукту камсыз кылуу иш-чаралары жарандардын эркиндигин чектеп, демократияга олуттуу зыян келтириши мүмкүн;
- ✓ Ошентип, парламент эл аралык гуманитардык укуктарга, айрыкча төрт Женева конвенциясына жана алардын эки кошумча Протоколуна, адам укуктарын коргоо боюнча келишимдерге, өзгөчө Адам укуктарынын жалпы декларациясы менен Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык келишимге туура келген чечимдердин кабыл алынышы маанилүү. Мамлекет эч кандай шартта адамдарды бул укуктарынан ажыратпоого тийиш (18 жана 20-главаларды караңыз).

# Улуттук коопсуздук саясатын иштеп чыгуу этаптарындагы парламенттин ролу

Улуттук коопсуздук саясатын талкуулоо бир жолку иш эмес, ал төрт этаптан: иштеп чыгуу, чечим кабыл алуу, жүзөгө ашыруу жана баа беүү иш-чараларынан турган процесс болууга тийиш. Аткаруу бийлигинин улуттук коопсуздук саясатынын иштелип чыгышына жана жүзөгө ашырылышына кийлигишүүсү мүмкүн эмес. Бул процесс ачык жүргүзүлүп, таасирдүү катышуучулар жана аскердик-өнөр жай комплексинин ортосундагы зарыл теңдештикти камсыз кылуу үчүн ага мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуучулар тартылышы зарыл.

Бардык этаптарда аткаруу бийлиги калктын тынчсыздануулары менен күтүүлөрүн жакшы билиши үчүн парламент мүчөлөрү колдо бар механизмдерди: жазуу жана оозеки суроолорду, сунуштарды, суроо-талаптарды, угууларды, министрликтер менен ведомтсволорго жөнөтүлгөн арыздарды колдонууга тийиш (коопсуздук секторундагы парламенттик механизмдер жөнүндө 14- главаны караңыз).

## Иштеп чыгуу

Парламенттик тутуму бар бардык мамлекеттерде коопсуздуктун жаңы улуттук саясатын иштеп чыгууга парламент чектелүү түрдө катышат. Бул милдеттер негизинен мамлекеттик мекемелер менен түзүмдөргө таандык. Бирок парламент жана анын мүчөлөрү жүргүзүлүп жаткан саясат элдин муктаждыктары менен умтулууларына туура келиши жана зарыл болгондо кайра каралышы үчүн чечүүчү ролду ойной алат.

Идеалдуу түрдө бул роль мыйзамдарды кабыл алууну четке кагуу менен эле чектелбөөгө тийиш. Процессе анын баштапкы баскычында эле зарыл түрткү берүү үчүн парламенттик комитеттер ар түрдүү саясий көз караштарды талкуулап, документтерди иштеп чыгып, мыйзамдык базаны түзүүгө тийиш. Бул болсо иштеп чыгуунун алгачкы баскычында коомдук тынчсызданууларды эске алууну гана камсыз кылбастан, документтерди парламентте талкуулоо жана кабыл алуу мезгилинде жагымдуу маанай да түзөт. Көпчүлүк менен оппозициянын өз ара саясий мамилелери улуттук коопсуздук боюнча мыйзамдарды демократиялуу жол менен караштырууга тоскоолдук кылбашы керек, анткени бул улуттун эң бийик таламдарын чагылдырат. Дал ушундай эле маанайда парламент ага берилген документке оңдоо, түзөтүүлөрдү сунуш кылышы керек.

## Чечим кабыл алуу

Парламент чечим кабыл алуу баскычында маанилүү роль ойноого тийиш жана ойной алат. Улуттук коопсуздук саясаты боюнча документ парламентке келип түшкөн учурдан тартып бул анын "менчигине" айланат, демек аны иликтеп, оңдоп чыгуу - парламенттин түздөн-түз милдети. Документ менен кылдат таанышып чыгууга белгилүү убакыт керек, ошондуктан аны шашылыш түрдө караштырууга болбойт.

Парламент өкмөт сунуштаган жаңы саясатты жана анын мыйзамдык базасын жактырууга же аны четке кагып, өзүнүн түзөтүүлөрүн сунуштоого укуктуу. Бул этапта парламент активдүүлүк кылып, сунуштарды кылдаттык менен иштеп, өз сунуштарын кылдаттык менен иштеп чыгууга, бул үчүн зарыл болгон учурда өзүнүн таасирдүү күчүн колдонууга тийиш. Парламенттик талкуулар жана чечим кабыл алуу процессинде каралышы мүмкүн болгон суроолор буга чейин эле сөзгө алынган.

Бул этапта парламент бюджеттик чыгымдарды бекитүү аркылуу таасир көрсөтөт (Финансы ресурстары жөнүндө кыйла кеңири IV Бөлүмдөн окуңуз). Парламент бүтүндөй коопсуздук саясатына жумшалуучу чыгымдар менен бюджеттин ар бир статьясын өзүнчө талкуулап добуш берүү аркылуу, ал өз таасирин дагы да күчөтө алат. Коргоого тиешелүү пландарды караштыруу убактысы так аныкталууга тийиш, мында ушул пландардын бюджети менен тыгыз байланыштуу экендиги эске алынышы керек.

Коомчулуктун колдоосун күчөтүүдөгү жана кабыл алынган саясаттын мыйзамдуулугун камсыз кылуудагы парламенттин ролу да олуттуу мааниге ээ. Мындай коомчулук жана массалык маалымат каражаттары үчүн коопсуздук маселелери боюнча талкуулар менен угуулар ачык болушу абдан зарыл.

## Жүзөгө ашыруу

Парламенттин улуттук коопсуздук үчүн жоопкерчилиги документтерди жана атүгүл бюджетти жактыруу менен эле чектелип калбайт. Анын көзөмөлдөө жана текшерүү иш-милдети мындан ары дагы да көбөйөт. Жүзөгө ашыруу процессинде өкмөттүн ишмердигин өз колундагы бардык мүмкүнчүлүктөр (14- главаны караңыз) жана мониторинг жүргүзүүчү институттар (мисалы аудитордук мекемелер; 24- главаны караңыз) аркылуу такай текшерип турушу керек. Көпчүлүк учурларда парламент тийиштүү бюджеттик чыгымдар боюнча чечим кабыл алуу менен да таасир этет. Парламент аудитордук уюмдардын кесиптик жана техникалык даярдыгын, ошондой эле аудитордук текшерүүлөрдү көзөмөлгө алат.

Чоң өзгөрүүлөр же кризистер, мисалы, аскер контингентин чет өлкөгө жиберүүдө (22- главаны караңыз) же өзгөчө кырдаал жарыяланганда (18- главаны караңыз) өзүнүн жактыруусу талап кылынган өкмөттүн иш-аракеттериине кийлигише алат. Өкмөт олуттуу каталарды кетирсе да парламенттин кийлигишүүсү зарыл болот. Мындайда ал тийиштүү маселелерди талкууга алып чыга алат. Ал эми экстремалдуу кырдаалдарда атайын иликтөөлөрдү жүргүзөт.

## Баа берүү жана алынган сабактар

Демократиялык коомдо өкмөт өзү жүргүзгөн саясаттын маанилүүлүгү жана анын натыйжаларына карата сапаты жана саны боюнча парламент берген баанын коомчулукка жеткирилип турушу үчүн жооп берет. Парламенттин көз карашы боюнча мындай баа берүү

сөзсүз түрдө сандык көрсөткүчтөрдүн жана тийиштүү бюджеттик чыгымдардын текшерилишин камтыйт. Атүгүл мындай баа кечиктирилип берилген болсо да жүргүзүлүп жаткан саясатты бекемдөө же жаңыча саясатты иштеп чыгуу үчүн аны дайыма эске алууга болот. Ыкчам өзгөрүп жаткан жарандык коомдо мындай бааны мамлекеттик эмес уюмдар да берет. Мисалы, негизги куралдар тутумуна, ошондой эле коргоо министрлигининин курамына (айрыкча, аскер кызматына чакыруу ишине) тынчтык орнотуучу вазийпалар баа берет. Парламент мүчөлөрү ошондой эле атайын аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн консультанттарды дайындоого да укуктуу.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Коопсуздук саясаты

- ▷ Улуттук коопсуздук саясатынын, колдонуудагы доктриналардын, коргоо пландарынын жана бюджеттик талаптардын ортосунда логикалык байланыш бар экендигине көзүңүз жетсин.
- ▷ Зарыл болгон учурларда, айрыкча, башка мамлекеттердин саясаты менен салыштырып көргөндө, парламентте коопсуздук саясатынын алгылыктуулугу жана/же бул тармактагы акыркы окуяларга ылайык аны өзгөртүү зарылдыгы жөнүндө маселени көтөрүп чыгыңыз (коопсуздук концепциясын өнүктүрүү жана анын катышуучулары тууралу I Бөлүмдү караңыз).
- ▷ Парламент улуттук коопсуздук саясатын иштеп чыгуу, чечим кабыл алуу, жүзөгө ашыруу жана баа берүү процессинде, б.а. ушул төрт этаптын баарынын жүрүшүндө мыйзамдарды чыгарууга тийиш.

### Негизги маселелер

- ▷ Улуттук коопсуздук саясатын иштеп чыгуу процессинде "Улутттук коопсуздук саясатынын негизги маселелери" деген №5- топтомдогу суроолордун көпчүлүгү каралып чыккандыгына көзүңүз жетсин.

5- глава

# Улуттук коопсуздук саясаты жана эл аралык жоболор

## Эл аралык принциптер

Эл аралык келишимдер улуттук коопсуздук саясатын иштеп чыгууну чектеп коюшу же мүмкүнчүлүктөрүн колдошу ыктымал. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрү болгондуктан, алар Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын чегинде иш жүргүзүшү керек. Бул документтин 2.3 жана 2.4 - статьяларында айтылгандай:

> *"Бириккен Улуттар Уюмунун бардык мүчөлөрү өздөрүнүн эл аралык талаш-тартыштарын эл аралык тынчтыкка, коопсуздукка жана адилеттүүлүккө коркунуч туудурбагандай тынч жол менен жөнгө салууга тийиш".*

> *"Бириккен Улуттар Уюмунун бардык мүчөлөрү өздөрүнүн эл аралык мамилелеринде каалагандай мамлекеттин аймактык кол тийгистигине жана саясий көз карандысыздыгына опуза жана күч колдонуудан да, Бириккен Улуттардын максаттарына ылайык келбеген каалагандай башка иш-аракеттерден да баш тартууга тийиш".*

Эл аралык принциптер мамлекеттер ортосундагы өз ара мамилелердин түзүлүшүн аныктайт. БУУнун Башкы Ассамблеянын Мамлекеттер ортосундагы достук жана кызматташтык жөнүндөгү 2625 (XXV) декларациясы БУУнун Уставынын даана чечмелениши катары таанылган, ал БУУнун бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп саналат. Бул декларацияда эл аралык укуктун бирдей күчкө ээ сегиз принциби туюнтулган:

| | |
|---|---|
| I- принцип: | Күч колдонбоо жана опузалабоо. |
| II- принцип: | Эл аралык талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен жөнгө салуу. |
| III- принцип: | Мамлекеттердин чегараларынын жана аймактык бүтүндүгүнүн кол тийбестиги. |
| IV- принцип: | Элдердин өз тагдырын өзү аныктоо жана эл аралык деңгээлде аныкталган чегарадагы өз аймагында тынчтыкта жашоо укугу. |
| V- принцип: | Мамлекеттердин тең эгемендүүлүгү, бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө. |
| VI- принцип: | Адам укуктарын урматтоо. |
| VII- принцип: | Мамлеккеттер ортосундагы кызматташтык. |
| VIII- принцип: | Эл аралык укук боюнча алынган милдеттенмелерди акыйкат аткаруу. |

## Коопсуздук жана коргонуу боюнча көп тараптуу келишиимдер

Коопсуздук секторундагы көп тараптуу келишимдер абдан көп болот. Алардын төмөндөгүдөй негизги түрлөрү бар (келишимдердин бул тизмеси толук эмес, мында ар бир категориядагы келишимдердин гана айрым мисалдары берилди):

Дүйнөлүк коопсуздукту жөнгө салуучу келишим: Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы.

Эл аралык жана эл аралык эмес жаңжалдарды жөнгө салуучу эл аралык гуманитардык укук боюнча эл аралык келишимдер: Төрт Женева Конвенциясы (1949), алардын эки кошумча Протоколу (1977).

Ар түрдүү куралдар жана алардын тутумдары жөнүндө эл аралык келишимдер: Баллистикалык Ракеталарга Тыюу салуу жөнүндө Келишим, Стратегиялык Куралдарды Кыскартуу жөнүндө Келишим, Жөө аскерлерге Каршы Миналарга Тыюу салуу жөнүндө Конвенция, Тлателолко Келишими ж.у.с.

**Коопсуздук секторуна анча-мынча тиешеси бар региондук уюмдарды түзүүдө эл аралык келишимдер:** Америка Штаттарынын Уюмунун Уставы, Европалык Бирлик Келишими, ОБСЕ - РБСЕ/ОБСЕнин Жыйынтыктоочу Документи, Африкалык Бирликтин Конституциялык Актысы.

**Аскердик кызматташтык жана жамааттык коргонуу жөнүндөгү аймактык макулдашуулар:** НАТО Келишими, Тынтык үчүн Кызматташуу жөнүндө Макулдашуу, Батыш Европа Шериктештиги жөнүндө Келишим, Америка Аралык Өз ара Жардам жөнүндө Келишим.

Мамлекеттердин коопсуздук боюнча эл аралык макулдашууларды ратификациялашы алардын эл аралык жана аймактык коопсуздукту бекемдөө, эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкты жакшыртуу максатында эл аралык жүрүм-турум принциптерин тааныгандыгын билдирет. Аткаруу бийлиги демейде сүйлөшүү процессин тышкы иштер министрлиги аркылуу жүргүзөт.

# Достук, кызматташтык жана өз ара аскердик жардамдашуу жөнүндөгү эки тараптуу макулдашуулар жана келишимдер

Мамлекеттин коопсуздук саясатын иштеп чыгууда эки тараптуу макулдашуулар башкы ролду ойнойт. Мындай келишимдердин шарттары тар алкак менен чектелип, кызыкдар мамлекеттердин мүнөздүү баалуулуктарына, шарттарына жана муктаждыктарына түздөн-түз тиешелүү болушу мүмкүн. Буга мисал катары мурдагы СССР менен АКШнын ортосундагы стратегиялык куралдарды кыскартуу жөнүндөгү макулдашууну (START) келтирүүгө болот.

Келишимдердин мындай түрлөрү менен достук мамилени жана агрессивдүү эмес экендикти билдирүү гана максат эмес (мисалы Россия менен Арменияныы ортосундагы 1997-жылдын августунда түзүлгөн достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү эки тараптуу келишим), булар аскердик кызматташуунун практикалык маселелерин, айрым учурларда аскерлерди жана курал-жаракты чет өлкөнүн аймагына жайгаштыруу маселесин да чечүүгө жардам берет. 1990-жылдары Россия мурдагы Советтер Союзунун республикалары менен аскердик кызматташтык жөнүндө бир катар эки тараптуу келишимдерге кол койгон.

Мындай макулдашууларда зарыл болгон учурларда аскердик жардамдашуу маселеси да камтылышы мүмкүн. Буга байланыштуу 1994-жылдагы Демократиялык Кызматташуу Уставын АКШ менен Казакстандын эки тараптуу аскердик мамилелерин өнүктүрүүгө жол ачкан 1992-жылдагы макулдашуунун уландысы катары кароого болот.

Жалпысынан алганда эки тараптуу келишимдер тышкы коопсуздук саясатынын куралы, башка мамлекеттер менен достук мамилени жакшыртуу жана айкын маселелерди чечүү жолу болуп саналат. Мындай келишимдерди жактыруу учурунда парламент коопсуздук боюнча көп тараптуу келишимдерди талкуулаганга караганда бир кыйла чечкиндүү позицияда туруп, анын текстине көбүрөөк өзгөртүүлөрдү киргизгенге умтулат.

## Парламент менен коомчулукту катыштыруунун мааниси

Коомчулук менен парламент эл аралык макулдашууларды ратификациялоого катышпаган өлкөлөрдө мындай практиканы киргизүү зарыл, анткени бул калктын колдоосуна ээ болууга мүмкүндүк берет. Принцип боюнча демократиялык өлкөлөрдө аткаруу бийлиги парламентке айтпай жана анын макулдугун албай туруп жашыруун келишимдерди же эки тараптуу макулдашууларды түзө албайт. Мамлекеттин эгемендүүлүгүнө, аймактык жана эл аралык статусуна таасир этүүчү эл аралык макулдашуулар албетте парламент тарабынын талкууланып жактырылышы керек. Кээ бир өлкөлөрдө, мисалы Щвейцарияда негизги келишимдердин бекитилиши жалпы элдик референдумга коюлат. Мындай учурларда мамлекеттин тышкы саясатына негизги өзгөртүүлөрдү киргизүүгө калк ишенимдүүлүк менен катышат. Щвейцарияда бүткүл элдик референдум (№ 6- топтомту караңыз) ратификацияга чейин болот.

№ 6- топтом

### Түз демократия, эл аралык келишимдер жана башка маанилүү

## макулдашуулардын ратификацияланышы: Швейцариядан алынган мисал

Швейцарияда эл аралык макулдашууларды ратификациялоо процессине Федералдык Парламент, Федералдык Кеңеш (өкмөт) жана калк катышат. Өлкө үчүн эң маанилуу макулдашуулар парламентте эле эмес коомчулукта да кеңири талкууланат. Эл талкууланып жаткан макулдашуу жөнүндө өз пикирин референдум учурунда билдире алат. Референдумдун жардамы менен коомчулук Федералдык Кеңешке келечектеги макулдашуулар боюнча сүйлөшүүлөрдү баштоо же токтотуу мандатын бере алат. Эгерде өкмөт "жамааттык коопсуздук уюмуна же улуттар аралык жамаатка кошулууну чечсе, анда референдумду өткөрүү зарыл болот" (Федералдык Конституциясынын 140-b статьясы).

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Келишимдерди түзүү

▷ Парламент жана тийиштүү комитет(тер) төмөндөгүлөрдүн аткарылышына жетишээрин камсыз кылыңыз:

- алардын ар кандай саясий багыттагы депутаттар менен бир команданын өкүлү катары сүйлөшүүлөргө чогуу катышуусуна жетишүүгө;
- коомчулуктун, айрыкча бул маселелер боюнча тиешелүү иликтөөчү жана адвокаттык уюмдардын сунуштарын алып турууга;
- эл менен өкмөттүн тынчсыздануулары менен умтулууларын чагылдырган өзүңүздүн пикирлериңизди жана сунуштарыңызды өз убагында айтып турууга.

### Таасир этүүнү талдоо

▷ Бул келишимдин саясий, экономикалык, социалдык, экологиялык ж.у.с. дараметтүү таасирлердин парламент талдашына көмөктөшө аласызбы;

### Ратификация

▷ Парламент келишимди өз убагында ратификациялашына жетише аласызбы;

▷ Ратификацияланган макулдашуу менен ички мыйзамдардын дал келишин камсыз кыла аласызбы. Зарыл учурларда аны өзгөртүүнү же ага тийиштүү түшүндүрмөлөрдү жана тактоолорду киргизүүнү сунуш кыла аласызбы.

### Түшүндүрмөлөр жана тактоолор

▷ Улуттук коопсуздук саясатынын ажырагыс бөлүгү катары мамлекет киргизген түшүндүрмөлөр менен тактоолордун натыйжалуулугу мезгил-мезгили менен кайра каралып турушун камсыз кыла аласызбы..

6- глава

# Жарандык коомдун жана массалык маалымат каражаттарынын ролу

Коопсуздук сектору болуп көрбөгөндөй кеңейүүгө, татаалдашууга жетти. Мына ушунун өзү парламенттер үчүн коркунуч туудурат. Алардын коопсуздук секторун көзөмөлдөө үчүн ресурстары жана адистери көбүнчө жетишпейт. Натыйжада бул иш-милдеттерди аткаруу үчүн көптөгөн кошумча сандагы түзүмдөр пайда болду. Ошондо деле парламент өкмөттөн отчет алып турууучу эң жогорку жооптуу орган бойдон кала берет. Жарандык коом дагы, ММК дагы парламент аныктаган чекте коопсуздук секторуна парламенттик кылдат көзөмөл жүргүзүлүшүнө өбөлгө түзө алат.

## Жарандык коом

Жарандык коом мамлекеттик мекемелер менен жекече турмуш жана жамааттар ортосундагы автономдуу уюмдарга кирет. Анда ар түркүн багыттардагы ыктыярдуу бирикмелер, б.а. ар түрдүү социалдык кыймылдарды жана ишмердиктин түрлөрүн чагылдырып турган ар кандай уюмдар бар. Төмөндө, эмне үчүн жарандык коом коопсуздук секторундагы отчеттуулукту күчөтүүгө тийиш, буга кандай таасир этүү керек жана жарандык коом коопсуздук секторуна парламенттин көзөмөл жүргүзүшүнө кандайча өбөлгө түзөт деген суроолор каралат.

### Жарандык коом жана демократия

Жарандык коом бир эле учурда демократиялык процесстин курамын да түзөт, анын өзүн да туюнтуп турат. Анын демократияны иштетүүдөгү ролу барган сайын өсүүдө. Ал коомдук чыгымдарга, мамлекеттик саясатка тиешелүү чечимдерди кабыл алууда көптөгөн таламдарды жана кызыкчылыктарды эске алуу керек экендигин саясий лидерлерге активдүү түрдө билдирип турат. Мына ошондуктан жарандык коомдун дилгир болушу демократиянын негизги талабы болуп саналат. Жарандык коом малекеттик бийликке дараметтүү каршы салмак болот, авторитаризмге баш ийбейт. Өзүнүн плюралисттик табиятына ылайык ал мамлекеттин чакан же тандалма топторго гана кызмат кылып калышына жол бербейт.

### Жарандык коом жана коопсуздук сектору

Жарандык коомдогу академиялык жана илим-изилдөө институттары, адам укуктары боюнча уюмдар, өкмөттүк эмес саясий уюмдар коопсуздук чөйрөсүндөгү чечимдерге жана саясатка активдүү түрдө таасир кыла алат.

Өкмөттөр өкмөттүк эмес түзүлүштөрдүн улуттук коопсуздук, куралдуу күчтөр, саясат жана чалгындоо маселелери боюнча коомдук талкууларга катышуусуна колдоо көрсөтө алат. Мындай талкуулар өз кезегинде өкмөттүн ишмердигинин айкын жүргүзүлүшүнө өбөлгө түзөт.

### Өкмөттүк эмес уюмдардын жана илим-изилдөө институттарынын өзгөчө ролу жана коопсуздук секторуна кошкон салымы

Өкмөттүк эмес уюмдар негизинен пайда көздөбөгөн жекече уюмдар болуп саналат. Эреже катары алар ар кайсы чөйрөлөрдүн социалдык таламдары менен кызыкчылыктарын коргоого умтулат. Ал эми илим изилдөө институттары өкмөттүк эмес болушу да, мамлекеттик бюджеттен каржыланган өкмөттүк мекеме болушу да мүмкүн.

Өкмөттүк эмес уюмдар жана илим изилдөө институттары коопсуздук секторуна карата демократиялык жана парламенттик көзөмөлдү төмөндөгүдөй жолдор менен күчөтө алат:

- ✓ Коопсуздук секторуна, аскердик жана коргоо маселелерине тиешелүү изилдөөлөрдүн натыйжалары менен маалыматтарды парламентте, массалык маалымат каражаттарына жана коомчулук арасында жайылтуу;

- ✓ Коопсуздук, адам укутарын коргоо жана урматтоонун коопсуздук секторунда үстөмдүк кылышына мониторинг жүргүзүү;
- ✓ Күн тартибине бүтүндөй коомчулук үчүн маанилүү коопсуздук маселелерин коюу;
- ✓ Машыктыруучу курстарды жана семинарларды өткөрүү аркылуу парламенттин компетенттүүлүгүн жана ишке жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- ✓ Коопсуздук саясаты аскердик бюджет, курал-жарактар жана башка ресурстарды сатып алуу боюнча өкмөттүк көз карашка альтернативалуу эксперттик пикир айтуу;
- ✓ Улуттук коопсуздук саясатынын маселелери жана алардын аткарылышына тиешелүү чечимдер боюнча конструктивдүү сындоо;
- ✓ Коомчулукту үйрөтүү жана коомдук чөйрөдөгү альтернативдүү талкуулардын жүрүшүнө өбөлгө түзүү.

Латын Америкасындагы жарандык коомдун кийлигишүүсү өкмөттүк эмес уюмдар менен изилдөө борборлорунун коопсуздук секторуна кандай көп түрдүү көзөмөл жүргүзө алаарына жакшы мисал болот (№7- топтомду караңыз).

№ 7- топтом

## Латын Америкасындагы жарандык коом:

### Жарандык коомдун уюмдарынын ролу жана мааниси

Латын Америкасындагы жарандык коомдун көптөгөн топтору 1980-1990-жылдардын аягында коомчулук менен аскер чөйрөсүнүн ортосундагы диалогдорду жакшыртуу максатында түзүлгөн эле. Анткени жаңыдан шайланган жарандык өкмөт куралдуу күчтөрдү кайрадан түзүүгө аракеттенип жаткан болчу. Мындай диалогдор куралдуу күчтөрдүн обочолонушун жоюуга, жарандык коомдун, шайланган расмий адамдардын жана жогорку аскер командачылыгынын ортосундагы кесипкөйлөрдүн алмашуусунун башталышына мүмкүнчүлүк берди. Ошол кезден тартып бул топтор коопсуздук жана коргоо маселелери боюнча жарандык тажрыйбасы маанилүү жана техникалык жардам берүүчү күч катары маанилүү роль ойноп баштады. Алар, ошондой эле аскердик саясаттын жана бюджеттин үстүнөн кылдат көзөмөл жүргүзүү жоопкерчилигин да өздөрүнө алышты.

### Мисалдар

Мисалдардын бири - Аргентиналык *SER en 2000* тобу. 1990-жылдагы аскердик төңкөрүш жасоо аракетинен кийин түзүлгөн бул топ өз ишин жарандык коомдун өкүлдөрүнүн, саясий партиялардын жана аскер адамдардын ортосундагы диалогду колдоо багытында жүргүзө баштады. Бул сүйлөшүүлөр мыйзамдардын олуттуу негиздерин калыптандырууга жана тийиштүү долбоорлорду түзүүгө жарандардын салымын кошуусуна мүмкүнчүлүк берди. Өз учурунда бул процесс андан кийинки коргоо саясатын калыптандырууга өбөлгө түздү.

Доминикан Республикасында да ушундай болгон эле. Мында коомчулук жана коргоо маселелери боюнча саясатын реформалоо боюнча эксперттер мыйзам долбоорун иштеп чыгуу максатында аскер органдары менен иштөө үчүн FLACSO уюмун түздү. Кийинчерээк бул долбоорду Аткаруу бийлиги менен Конгресске мыйзам катары кабыл алууну сунуштады.

Латын Америкасындагы көптөгөн топтор парламенттин мүчөлөрүнүн адамдык жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүн аскердик иш-милдеттерди кайра караштырууну күчөтүү максатында улуттук конгресстердин коргоо жана коопсуздук комитеттери менен тыгыз кызматташууда.

Перудагы бир топ (Саясий жана Стратегиялык Маселелерди Изилдөө Институту - IDEPE) парламент мүчөлөрүн жана конгресстин коргоо боюнча комитетинин кызматкерлерин аскердик бюджетти иштеп чыгуу жана администрациялоо маселелери боюнча даярдыктан өткөрөт.

Гватемаладагы FLACSO тобу конгресске аскер адамдарына, ошондой эле чалгындоо жана аскердик кызматын реформалоого тиешелүү айрым мыйзамдарды талдоодо жана кайра кароодо жардам берет.

### Компетенттүүлүк

Латын Америкасындагы коомчулук коргонуу жана коопсуздук маселелеринде жетиштүү маалыматка ээ эмес. Мындай компетентсиздик аскердик милдеттерди кайра кароочу аткаруу жана мыйзам чыгаруу институттарынын натыйжалуу иштешине тоскоол болот. Бирок жакынкы мезгилде коомдук уюмдар бул кемчиликти жоюп, жарандык кадрларды даярдоодо мамлекеттик органдарга жардам бере алат.

**Карым-катыш тармагы**
Айтылгандарды жыйынтыктап, *SER en 2000* тобу жакында коопсуздук жана коргоо маселелери боюнча талдоо борборлорунун жана өкмөттүк эмес уюмдардын аймактык тармагын түзгөндүгүн айта кетели. RESDAL (www.ser2000.org.ar) карым-катыш тармагы коопсуздук жана коргоо тармагындагы материалдар менен мыйзамдар боюнча маалымат базасын түздү. Ошондой эле ал жарандар үчүн иликтөө жүргүзүү жана уюмдарга баруу боюнча программаларды сунуш кылат.

*Маалымат булагы: Крис Сабатини, Демократия үчүн улуттук фонд, Вашингтон, 2002.*

## Массалык маалымат каражаттары

Көз карандысыз массалык маалымат каражаттары (ММК) коомчулукка жана анын саясий өкүлдөрүнө кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалымат таратуу жагынан жардам берет. Алар мамлекеттик бийликтин үч бутагынын ишин көзөмөлдөөгө көмөктөшүп, талкуулар учурунда козголгон маселелердин мазмуну менен сапатына таасир эте алышат. Алар өз учурунда өкмөттүн ишмердигине, бизнеске, билим берүүгө жана жарандык коомго таасир тийгизет. Ошентип, көз карандысыз ММК демократиянын ачкычы болуп саналат. №8- топтомто өз өкмөтүн сынга алууга аракеттенген журналисттер туш келиши мүмкүн болгон кыйынчылыктар эске алынат. Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу басма сөз эркиндиги үчүн зарыл шарт.

**№ 8- топтом**

### Согуштун жаңы түрлөрү: басма сөз эркиндиги үчүн кыйын мезгил

"Жер шарынын калкынын дээрлик үчтөн бир бөлүгү азыр деле басма сөз эркиндигине уруксат берилбеген өлкөлөрдө жашап жатат. (…) Биз аскердик иш-чаралар жүргүзүлгөн зоналарда өздөрүнүн кесиптик милдетин аткаруу максатын көздөп эле барып калып өлтүрүлгөн журналисттерди, курч маселелерге тиешелүү атайын иликтөөлөрдү жүргүзүп макала жазгандыгы жана ырайымсыз иш-чараларды, бирөөнүн мүлкүн ээлеп алууну, адилетсиздикти, кылмыштарды жана саясий чайкоочулукту айыптагандыгы үчүн өлтүрүлгөндөрдү айырмалашыбыз керек. Согуштун жаңы түрлөрү мурдагыдай катардагы аскерлер ортосундагы эмес, этникалык, идеологиялык жана диний топтордун ортосунда же жөн эле кылмыштуу максаттар менен жүргүзүлөт. Мындай репортерлордун иштөөсү абдан кооптуу, бирок журналисттердин мындай жаңжалдарда курман болушу, жараат алышы дайыма эле кокусунан боло бербейт. Кээде аскер адамдары, атүгүл катардагы аскерлер да өздөрүнүн кылмышына күбө болуп калгандарды атайылап атып өлтүрүшөт".

*Маалымат булагы: 2000-жыл үчүн жылдык баяндама. Чегарасыз репортерлор*

ММК өкмөткө көз каранды болгон өлкөлөрдө аларды пропаганда максатында оңой эле пайдаланышат. Мындай шартта ММК коопсуздук секторунун айкындыгын жана анын үстүнөн жүргүзүлүүчү демократиялык көзөмөлдү камсыз кыла албайт.

Интернет пайда болгондон кийин расмий маалыматтар коомчулук үчүн кыйла жеткиликтүү болуп калды. Акыркы он жылдын ичинде маалымдуулуктун, коомдук жоопкерчиликтин расмий маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнөн жогорулашы байкалууда. Бул тенденцияны колдоо керек, анткени ал коомдун маалымат алып турушуна, эң маанилүү саясий маселелер боюнча коомдук талкуулардын натыйжалуу болушуна, акыр аягында, башкаруунун жакшырышына өбөлгө түзөт. Интернеттин да зыяндуу жагы бар, аны экстремисттик топтор, мисалы, расизм жана антисемитизм идеяларын таратуу үчүн пайдаланышы мүмкүн. Мисалы, соңку мезгилдерде айрым жаңжалдарда маалымат каражаттары, мисалы, радиостанциялар

экстремисттик топтор үчүн маалымат таянычы болуп, алардын коомдогу ар түрдүү топтор ортосундагы жек көрүүчүлүктү пайда кылышына жардам берген эле.

## Коопсуздук маселелери боюнча маалыматтарды топтоо жана жайылтуу

Демократиялык башкаруу принцибинен алганда, ММК коомчулук үчүн маанилүү болгон коопсуздук маселелери боюнча маалыматтарды чогултууга жана жайылтууга укуктуу. Алар ошондой эле чынчылдык, тактык жана калыстык ченемдерине туура келиши зарыл болгон жаңылык таратуу формасы үчүн жооп беришет.

ММК, ошентип, маалымат алууга жана саясий процесске катышууга укуктуу жарандарга өз чечимдерин жана саясатын түшүндүрүүдө өкмөткө жана парламентке жардам беришет. Мисалы, ММК жарандардын коопсуздук секторундагы кайсы коомдук кызматта ким тургандыгы, коопсуздук саясаты кандай жүргүзүлүп жаткандыгы, алардын негизин түзгөн макулдашуулар жана башка келишимдерди, ошондой чет өлкөдө болуп жаткан согуштар, согуш доктринасы, курал-жарак сатып алуу, согушка катышуучулар, коопсуздукка коркунуч тийгизүүчү күчтөр жана тийиштүү талаш-тартыштар жөнүндө билүү укугун жүзөгө ашырууга жардам беришет. Ошону менен бирге маалыматтын  жашыруун сакталышы үчүн зарыл болгон учурларда сөзсүз түрдө цензураны колдонуу кажет.

## ММК жана коопсуздук маселелери боюнча мыйзамдар

Бардык өлкөлөрдүн мыйзамдарында басма сөз эркиндигине тиешелүү бөлүмдөр болот. Бул принцип Адам Укуктарынын Жалпы Декларациясынын 19-статьясында төмөндөгүдөй чагылдырылган:

> *"Ар бир адам эркин ойлонууга жана пикирин айтууга укуктуу: бул укукка башкалардын кийлигишүүсүсүз эркин пикир айтуу укугу, ошондой эле маалыматты жана ойду каалагандай ММК аркылуу издөө, алуу жана берүү укугу кирет".*

Эл аралык деңгээлде мындай эркиндикке аны коргоо үчүн макулдашылган жетектөөчү жетиштүү принциптер жок болгондуктан, жогорудагы принцип мезгил жагынан чектелбейт, коопсуздук маселелерине байланыштуу аларды чектөөгө эч кандай негиз жок.

№ 9- топтом

### 2001-жылдын 11-сентябрынан кийинки басма сөз эркиндиги

Басма сөз эркиндигинин эл аралык күнү жыл сайын 3-майда белгиленет. 2002-жылы бул майрамды тосуу учурунда 2001-жылдын 11-сентябрындагы террордук чабуулдан кийин айрым өлкөлөр улуттук жана эл аралык коопсуздукту бекемдөө максатында жүргүзгөн иш-чаралар басма сөз эркиндигине кандай таасир тийгизиши мүмкүн экендигине көңүл бурулган эле.

"Албетте, эркиндиктин негизги принциптери менен террорчулуктан коопсуз болуу зарылдыгынын ортосунда карама-каршылык бар, бирок каалагандай антитеррордук иш-чаралар биздин эркиндигибизге коркунуч туудурбоого тийиш", - деди ЮНЕСКОнун Башкы Директору Койчиро Мацуура мырза.

*Маалымат булагы: Парламент дүйнөсү, № 6 чыгарылыш, 2002-ж. май, ПАБ*

## Парламенттин коопсуздук маселелери боюнча коомчулук менен байланышы

Адилет башкаруу принциби катары демократиялык көзөмөл жүргүзүү кайсы негизги маселелер парламенттик деңгээлде талкуулоо үчүн ачык экендигин коомчулук билген шартта гана натыйжалуу болушу мүмкүн.

Коопсуздук маселелери боюнча коомдук байланыштын натыйжалуулугу өкмөт жана парламент коомчулукка сунуштаган маалыматтын санына жана тактыгына жараша болот. Иштин чыныгы

абалы жана парламентте кабыл алынган чечимдердин натыйжалары жөнүндө туура түшүнүккө ээ болушу үчүн парламент калк арасында тийиштүү деңгээлдеги жана сапаттагы маалыматтын таратылышына өзгөчө кызыгышы керек.

## Документтерди коомчулук үчүн жеткиликтүү кылуу

Коопсуздук жаатындагы маалымат менен калкты эң натыйжалуу камсыз кылуу парламент жана өкмөт үчүн ылайыктуусу - бул вебсайттарды түзүү.

№10- топтом

### Парламенттик вебсайттар

2002-жылдын майына карата 180 өлкөдө 244 парламенттик палата (64 парламенттин кош палатасы) бар экендиги эсептелип чыгарылган. ПАБда 128 беттүү 165 парламенттик сайт жөнүндө маалымат бар (айрым кош палаталуу парламенттердин ар бир палатасы жекече электрондук бет ачкан). ПАБдын Кеңеши 2000-жылдын майында кабыл алган "Парламенттик сайттардын мазмуну жана түзүлүшү боюнча жолдомолор" ПАБ Кеңештин төмөндөгү сайтынан табууга болот: ПАБ: http://www.ipu.org

Коомчулукка сунушталышы мүмкүн болгон коопсуздук маселелери боюнча маалыматтардын мисалдары:

- ✓ Стратегиялык маанидеги документтер, мисалы, улуттук коопсуздук саясаты жөнүндө;
- ✓ Коргоо бюджети (жашыруун статьялардан тышкары);
- ✓ Коопсуздук секторуна тиешелүү парламентте жүргүзүлгөн бардык негизги кайым-айтышуулар, чечимдер, сунуштар, мыйзамдар ж.у.с. боюнча пресс-релиздер;
- ✓ Коопсуздук маселелер боюнча өткөрүлгөн бардык парламенттик (комитеттик) жыйындар (жабык түрүндө өткөрүлгөндөрүнөн тышкары) менен кайым-айтышуулардын протоколдору; жабык угуулардын протоколдоруна ыйгарымдардын масштабы жана чеги жөнүндө баяндама камтылышы керек;
- ✓ Коопсуздук маселелери боюнча парламенттик териштирүүлөргө байланышкан макалалар;
- ✓ Коопсуздук кызматынын ишмердигине тиешелүү жыл сайынкы парламенттик баяндамалар менен териштирүүлөр;
- ✓ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн (акыйкатчынын) же коопсуздук боюнча, айрым атайын текшерүүлөр боюнча аудитордун жетиштүү баяндамалары; акыйкатчынын баяндамаларын коомчулуктун талкуусуна коюуга уруксат берилбейт, бирок ал бул баяндамаларды тийиштүү комитеттердин кароосуна бериши керек; өкмөт парламентте акыйкатчынын жана аудиторлордун баяндамалары боюнча кабыл алынган иш-аракеттерди чечмелөөгө тийиш;
- ✓ Көп тараптуу жана эки тараптуу макулдашуулар жөнүндө маалымат;
- ✓ Парламенттеги коопсуздук маселелер боюнча талкууда айрым депутаттар же саясий фракциялар кандай добуш бергени жөнүндө маалымат (мисалы, бюджет, эл аралык альянстарга кирүү, аскер кызматына чакыруу, курал-жарак сатып алуу сыяктуу маселелер боюнча);
- ✓ Маалымат эркиндиги жөнүндө мыйзам.

## Парламенттин ишине коомчулуктун тартылышын алып баруу

Бир багыттагы маалымат (парламенттен же өкмөттөн коомчулукка берилүүчү) жетиштүү эмес. Парламент коомчулукка коопсуздук маселелер боюнча байланышып туруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө тийиш. Эки тараптуу байланыш же сүйлөшүү төмөндөгүдөй себептерден улам маанилүү:

- ✓ Бул, жарандардын катышуусун жана дайыма көзөмөлдөп турушун камсыз кылат;
- ✓ Бул, коомчулуктун парламенттин ишмердигине болгон ишенимин арттырат;
- ✓ Бул, натыйжасыз башкарууну текшерүү мүмкүндүгүн берет (мисалы, парламенттеги акыйкатчы аркылуу);
- ✓ Бул, коомдук колдоого жана өкмөттүн мыйзамдар менен саясатынын мыйзамдуу болушуна, демек демократиялык турукташтыкка өбөлгө түзөт.

Эки тараптуу байланышты парламент тараткан маалымат, угуулар, маалымат кызматтарынын мониторинги, телекөрсөтүүдөгү талкуулар, ошондой эле комитет мүчөлөрүнүн тапшырмасы боюнча даярдалган парламенттик иликтөө кызматы берген жаңылыктар ж.у.с. аркылуу жүргүзүүгө болот.

№ 11- топтом

### Парламенттер жана массалык маалымат каражаттары

"11. Ассамблея улуттук парламенттерди төмөндөгүлөргө багытталган иш-чараларды шашылыш түрдө карап чыгууга чакырат:

I. Бул маселени карым-катыш алкагында эле эмес, демократия үчүн таасири күчтүү саясий артыкчылыктуу иш катарында кароо үчүн парламенттин, анын ичинен комитеттердин да ишин кыйла ачык-айкын кылуу;

II. Байланыштын салттуу усулдарын жана жаңы маалымат технологияларын колдонууну жакшыртуу, атап айтканда:

а. ММКнын жана айрыкча парламентке аккредиттелген кабарчылар иштеши үчүн шарттарды жакшыртуу;

б. талкуулар жөнүндө маалыматты протоколдор жана катышуучулардын баяндамалары менен кошо тез таратууну камсыз кылуу;

в. коомчулук менен түздөн-түз электрондук байланышка чыгуу үчүн журналистерге онлайн кызматын түзүү;

г. мыйзам боюнча добуш берүүнүн алдында ачык талкууларды өткөрүү максатында парламенттик документтердин элге жеткиликтүү болушун камсыз кылуу;

III. Карым-катыш мезгилинде эксперттердин кеңешин пайдалануу;

IV. Атайын даярдыгы жок окурмандарга жеткиликтүү кылуу үчүн юридикалык тексттерди жөнөкөйлөтүү;

V. Саясий талкуулар учурунда позицияларды коргоо үчүн зарыл болгон кадамдарды жасоо (мисалы, чечим кабыл алуу процессин тездетүү мүмкүн болгон тармактарды аныктоо);

VI. Маалымат каналдары жана коомчулук менен байланыш кызматтары аркылуу мыйзам жыйнактарын, алардын негизги мүнөздөмөлөрүн журналисттер жана кызыкдар кесипкөй чөйрөлөр үчүн таратууга колдоо көрсөтүү;

VII. Мыйзам чыгаруу жол-жоболору жана парламенттик угуулар, парламенттин иши, парламенттер менен эл аралык институттардын ортосундагы мамилелер менен тааныштыруу максатында журналисттер үчүн семинарларды уюштуруу. Жергиликтүү жана аймактык ММК журналисттерине өзгөчө көңүл буруу зарыл;

VIII. Жарандардын парламент жана парламенттеги маалымат кызматтары менен байланышып турушу үчүн Интернетте интерактивдүү тармактарды түзүү;

IX. Парламенттин ишин чагылдыруучу көз карандысыз телеканалдарды түзүүгө көмөктөшүү (мисалы, айрым Европа өлкөлөрүндө, АКШда жана Канадада ушундай);

X. Жогорку сапаттагы жаңылыктарды таратууга умтулган жана базар экономикасынын шартында жоюлуп кетиши мүмкүн болгон көз карандысыз ММКларга финансы жана башка түрдөгү жардамдарды көрсөтүү".

*Маалымат булагы: Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын 1142 (1997) - резолюциясы*

Коомчулуктун катышуусу демократиялык тутумдун турукташтыгын сактоо үчүн зарыл. Бул катышуу ар бир өлкөлөрдө ар кандай деңгээлде болот. Айрым парламенттер комитеттердин жыйындарында коомчулуктун катышуусуна уруксат берет. Бул мыйзамдардын кабыл алышына кызыккан ӨЭУлар жана айрым адамдарды кызыктырышы мүмкүн. Атүгүл комитеттердин жыйындарындагы мындай катышуу аларга кийлигишүү укугун бербесе дагы, алардын жөн эле катышып турушу дагы маанилүү.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

**Өкмөттүк эмес мекемелердин коопсуздук саясатына кошкон салымы**

- ▷ Жарандык коомдун мүчөлөрүнүн таасири коопсуздук жана коргоо маселелери боюнча парламенттин ишине пайдасы тийип жаткандыгын анык билиңиз.
- ▷ Бул максатта, эгерде зарыл болсо, ыйгарым укуктуу институттардын, өкмөттүк эмес уюмдардын жана ММКлардын коопсуздук жана ага байланышкан маселелер боюнча компетенттүү парламенттик комитеттердин ишине катышуусуна мүмкүнчүлүк бере турган тийиштүү мыйзамдардын жактырылышына көмөктөшүңүз.

Коомчулуктун маалымат алышы

- ▷ Парламенттин коопсуздукка жана бул тармактагы чечимдердин кабыл алышына таасир этүүчү кадамдар тууралу коомчулук менен активдүү байланышып, туура саясат жүргүзүлүп жаткандыгына көзүңүз жетсин.

Коопсуздук менен сөз эркиндигинин өз ара байланышы

- ▷ Коопсуздук маселелеринде сөз эркиндиги тийиштүү мыйзамдар жана практика менен колдоого алынып жаткандыгына, ар кандай чектөөлөр адам укуктарынын эл аралык принциптерин бузбай жаткандыгына көзүңүз жетсин.
- ▷ Маалымат эркиндиги жөнүндө мыйзам бар экендигине көзүңүз жетсин.

7- глава

# Коопсуздук саясатындагы гендердик маселе

Гендердик теңчилик салыштырмалуу түрдө жаңы социалдык түшүнүк болуп саналат. Азыр ал куралдуу кагылышуулардын таасиринде калган көп сандагы адамдар, алардын ичинен качкындар менен өлкө ичинде  көчүп жүрүүчүлөргө байланыштуу эле зор мааниге ээ эмес. Мунун өзгөчө маанилүүлүгү аялдардын дүйнө калкынын тең жарымын түзөөрүнө жана эркектер менен бирдей укуктары бар экендигине, ошондой эле коопсуздук маселелерин чечүүгө зор салым кошоруна да байланышкан. Аялдардын жөндөмдүүлүгү жана кыраакылыгы коопсуздуктун көптөгөн маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет. Коопсуздук саясатындагы жыныстардын теңдигин камсыз кылуу маселесин эки көз караштан алып кароо керек. Биринчиден, коопсуздук саясатында ушул маселе көңүлгө алынбай калбоого тийиш. Аялдардын укуктары менен кызыкчылыктарына кепил болуучу чечимдерди гана иштеп чыгып, тийиштүү түзүмдөрдү уюштуруу зарыл. Экинчиден, коопсуздук саясатынын бардык тармактарында  чечимдердин бардык деңгээлде кабыл алынышына аялдардын катышуусун колдоо зарыл.

## Жаңжалдарды жөнгө салууга аялдарды катыштыруу

Жаңжалдарды жөнгө салуу, тынчтыкты орнотуу жана коргоо иштери түздөн-түз согушка жана куралдуу кагылыштарга катышкандардын, б.а. негизинен эркектердин эле милдети эмес. Куралдуу кагылыштардын айынан салттуу ролдорунун чегинен чыгып, эркектердин жумушун аткарууга аргасыз болуп жатса дагы, аялдар тынчтык сүйлөшүүлөрүнө дайыма катыштырылбай келет. Иш жүзүндө чечим кабыл алуу процессине, жаңжалдарды жөнгө салуу жана тынчтыкты бекемдөө ишине аялдарды түздөн-түз катыштырууну кескин түрдө өзгөртүү керек. Мында аял менен эркектин бүтүндөй коомдогу жана жаңжал кырдаалдарындагы тийиштүү ролун  кайра карап чыгуу керек.

№ 12- топтом

### Тынчтыкты орнотууда гендердик маселелер

"Аялдардын катышуусун четке каккан ар кандай тынчтык процесси ойдогудай болбойт. Жаңжалдан кийинки туруктаШууда аялдардын ыйгарым укуктарга ээ болушунун социалдык жана экономикалык өнүгүүнү калыбына келтирүү үчүн мааниси зор. Аялдар менен эркектер согушка жана куралдуу кагылыштарга, албетте, чөйлөрүнө жараша, өздөрү да катыша алышат. Согуш мезгилинде аялдар ишмердиктин жаңы түрлөрүнө тартылышат. Чоң  жоопкерчиликтин көбүн өздөрүнө алышат. Ушундай өзгөрүүлөргө карабастан аялдар жаңжалдан кийинки калыбына келтирүүдө да, эл аралык тынчтыкты  орнотуу иштеринде да жетиштүү деңгээлде катыштырылбай келет".

*Маалымат булагы: Гендердик  маселелер жана адамзат коопсуздугу: Ролдордун чектелишинен аялдардын тынчтыкты  орнотуу процессине катыштырылышына чейин, 2001. Норвегиядагы эл аралык иштер институту*

№13- топтомдо БУУнун Коопсуздук Кеңешинин  1325 (2000) - резолюциясынан үзүндү берилет. Анда аялдарга карата көз караштын өзгөрүлүшү зарыл экендиги баса белгиленет. Аялдар – жаңжалдардын курмандыгы эле эмес (согуш жүргүзүүнүн усулу катары зомбулукка жана зордуктоого кабылгандыгын эске алганда), алар жаңжалды жөнгө салууга жана тынчтыкты орнотуу ишине эркектер менен бирдей укукта катышууга тийиш. Көз караштын мындай өзгөрүшү аялдар менен эркектердин согушка же куралдуу кагылышка чейинки, согуш мезгилиндеги жана согуштан кийинки ролу менен ишмердигин кайра караштыруу үчүн керек. Бул жыныстардын теңдиги жана гендердик маселедеги саясаттын баштапкы этабында улуттук жана эл аралык деңгээлдеги тийиштүү мыйзамдарда каралышы керек дегенди билдирет.

№ 13- топтом

### Тынчтыкты  орнотуунун жүрүшүндө гендердик маселелердин келечегинин чечилиши

Коопсуздук Кеңеши  (…)

"7. БУУга мүчө болгон өлкөлөрдү гендердик маселелерди чечүүгө багытталган иш-аракеттерди финансы, техникалык жана материалдык жактан ыктыярдуу түрдө колдоо көрсөтүүгө, атап айтканда тийиштүү фонддор менен программалардын, мисалы, БУУнун Аялдар Фондунун жана БУУнун Балдар Фондунун, ошондой эле БУУнун Качкындар боюнча Жогорку Комиссарынын Офисинин жана башка ушуга жакын түзүмдөрдүн демилгелерин колдоого чакырат.

8. Бардык катышуучуларды сүйлөшүүлөр жана тынчтыкты орнотуу боюнча макулдашууларды жүзөгө ашыруу учурунда төмөндөгүлөрдү камтыган гендердик маселелерди эске алууга чакырат: а) репатриация, көчүрүү жана реабилитация (укуктарын калыбына келтирүү) реинтеграция (ошол эле өлкөдө кайрадан жарандык алуу) жана жаңжалдан кийинки мезгилдеги калыбына келтирүү убагында аялдар менен балдардын өзгөчө муктаждыктары; б) аялдарды тынчтык макулдашуу механизмдерин иштетүүгө катыштыра турган жергиликтүү жаңжалдарды жөнгө салуу боюнча аялдардын демилгесин колдоо; в) аялдар менен балдардын укуктарын, айрыкча конститутцияга, шайлоо тутумуна, полицияга жана сот тутумуна ылайык, коргоону кепилдей турган иш-чаралар (…).

15. Коопсуздук Кеңешинин вазийпасы гендердик маселелерди жана аялдардын укуктарын эске алууга, ошондой эле жергиликтүү жана эл аралык аялдар топтору менен консультация жүргүзүүгө даяр экендигин билдирет; (…)".

*БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2002-жылдын 31-октябрында кабыл алынган 1325 (2000) - резолюциясынан үзүндүлөр*

1325 (2000) - резолюцияны эске алуу менен БУУнун Башкы Катчысы "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" деген темада баяндама жасады (2002-жылдын 16 - октябры). Баяндамада төмөнөгүдөй маселелер каралган: куралдуу кагылышуулардын аялдарга жана кыздарга тийгизген таасири, эл аралык мыйзам ченемдери, аялдардын тынчтык процесстерине, тынчтыкты бекемдөө иштерине, гуманитардык операцияларга, реконструкциялоого жана реабилитациялоого, ошондой эле куралсыздандырууга, демобилизацияга жана кайра интеграциялоого катышуусу. Бул жоболордун айрымдары ушул главанын аягындагы сунуштарга бириктирилген.

## Аялдар парламенттердин коргоо боюнча комитеттеринде

ПАБдын ар бир өлкөлөрдөгү аялдардын акыркы 25 жыл ичинде саясатка катышуусу жөнүндөгү отчетторунан көрүнүп тургандай, парламенттердин коргоо боюнча комитеттериндеги аялдардын саны абдан аз, ошого жараша алардын таасири да чектелүү. Алардын төрайым же анын орунбасары, атүгүл баяндамачы катары өтө сейрек учурларда гана кызмат аткара тургандыгы айтпаса деле белгилүү. ПАБдын 1997-жылдагы отчетунда ("Аялдар жана Эркектер Саясатта: Өнүгүү Процессиндеги Демократия") көрсөтүлгөндөй, дүйнө аялдарынын парламенттин комитеттерине катышуусу тууралу маалымат берген 97 өлкөсүндөгү парламенттерде 3% гана аял коргоо комитеттерин жетектейт экен. Жалпысынан алганда, бардык парламенттик комитеттердеги аялдардын төрайым катары иштегендери 18,6 пайызды гана түзөт. Бул жагдайды эки негизги фактор менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден дүйнөдө парламентке шайланган аялдардын саны өтө аз (2002-жылдын майына карата 14.3%). Экинчиден бүткүл дүйнөдө калыптанып калган менталитетке ылайык согуш жана тынчтык иштери эркектерге караганда аялдарга азыраак тийшелүү деген пикир али да үстөмдүк кылууда. Мындай пикирди туура дегенге болбойт, анткени, албетте, согуштар өлкөнүн бүт калкына бирдей таасир этет, ал эми эркектерге караганда аялдар көбүрөөк жабыр тартышат.

## Аскер кызматындагы аялдар

Көп өлкөлөрдө салт болуп калгандай аялдар куралдуу күчтөрдө административдик, оорук жана көмөкчү кызматтарда кызмат өтөшөт. Согуш мезгилинде гана эмес, согуштун же куралдүү кагылыштардын жүрүшүндө да аялдар резервдик абалда катышып турушу өтө маанилүү. Салыштырып көрөлүчү: аскердик жана оперативдик деңгээлде мындай катышуу кыйла кеңири кезигет. Ал эми эл аралык жана эң жогорку деңгээлде куралдуу күчтөрдүн катарындагы

аялдардын саны чектелүү. № 54- топтомдо НАТОго мүчө болгон өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүнө аялдардын катышуусу мисал катары келтирилди.

№ 14- топтом

**Куралдуу күчтөрдөгү аялдар: мисалы, НАТОго кирген өлкөлөрдө**

| Өлкө | Саны | Бардыгы болуп % менен |
|---|---|---|
| Бельгия | 3, 203 | 7, 6% |
| Канада | 6, 558 | 11, 4% |
| Чехия Республикасы | 1, 991 | 3.7% |
| Дания | 863 | 5.0% |
| Франция | 27, 516 | 8.5% |
| Германия | 5, 263 | 2.8% |
| Греция | 6, 155 | 3.8% |
| Венгрия | 3, 017 | 9.6% |
| Италия | 438 | 0.1% |
| Люксембург | 47 | 0.6% |
| Нидерланды | 4, 170 | 8.0% |
| Норвегия | 1, 152 | 3.2% |
| Польша | 277 | 0.1% |
| Португалия | 2, 875 | 6.6% |
| Испания | 6, 462 | 5.8% |
| Турция | 917 | 0.1% |
| Улуу Британия | 16, 623 | 8.1% |
| Кошмо Штаттар | 198, 452 | 14% |
| | | Маалымат булагы: НАТОнун сереби, 2001 - жылдын жайы |

Эреже катары аялдар саясий жетекчиликтин демилгеси боюнча же коопсуздук секторунун өзүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында аскерге чакырылышы же кесиптик негизде кызматка тартылышы мүмкүн. Бул бири-бирине байланышпаган төмөндөгүдөй эки көрүнүш менен шартталат:

- ✓ Улуттук коопсуздукту коргоо жана бекемдөө үчүн бүтүндөй калкты мобилизациялоо зарылдыгы аңдап билингенде;
- ✓ Ар кандай эле иш чара сыяктуу коомдук өнүгүү үчүн ачык болгон, андыктан жыныстар теңдиги концепциясынан алганда абдан татаал абалда болуучу куралдуу күчтөрдү модернизациялоодо.

№ 15- топтом

**Аялдарды коопсуздук чөйрөсүнө тартуу иши гендердик саясаттын ажырагыс бөлүгү катары**

Өкмөттүн коопсуздук саясаты аялдарга карата болгон мамилени башкы орунга коюу жагынан бааланышы керек. БУУнун Пекинде өткөн Аялдар Маселелери боюнча Төртүнчү Бүткүл Дүйнөлүк Конференциясында БУУнун өкүлдөрү гендердик саясатты жыныстар теңдигине жетишүү боюнча глобалдык стратегия катары жарыялаган. БУУнун экономикалык жана социалдык кеңеши гендерлик саясатты төмөндөгүчө аныктайт: бул - "…. бардык пландаштырылган кыймыл аракеттерге, алардын ичинен мыйзам чыгаруу ишине, саясатка же бардык чөйрөлөрдөгү жана бардык деңгээлдердеги программаларга аялдар менен эркектердин тартылуусуна баа берүү процесси. Бул бардык чөйрөлөрдөгү саясий, экономикалык жана социалдык тармактардагы саясатты жана программаларды иштеп чыгуу, жүзөгө ашыруу, көзөмөлдөө жана баалоо процессине аялдардын да, эркектердин да көз караштары менен тажрыйбасын аялдарга да, эркектерге да бирдей пайдасы тийиши үчүн интеграциялоо стратегиясы. Мындагы башкы максат - жыныстар теңдигине жетишүү".

Маалымат булагы: БУУ ЭКОСОР. Макулдашылган тыянактар, 1997/2

Аялдарды куралдуу күчтөрдүн катарына тартуу ишинин улам барган сайын күчөшү өз кезегинде салттуу түрдөгү коргонуулардан адамдын коопсуздугун сактоого өтүүнү камсыздайт: мында негизги көңүл колдонулуучу изилдөөлөргө, маалымат технологияларына (алардын

ичинен банк ишине дагы), усулдар менен иш-аракеттер кара күчтү жана машыгууну талап кылуучу чалгындоо ишине бурулат. Бул тенденцияга жараша айрыкча аялдар менен эркектер үчүн билим берүү бирдей жеткиликтүү болгон өлкөлөрдөгү аялдарга жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болот.

№ 16- топтом

### Аялдарды коопсуздук чөйрөсүнө тартуунун натыйжасында келип чыккан жаңы ченемдер жана кыйынчылыктар

Коопсуздук чөйрөсүндөгү, аскер тармагындагы жана полициядагы аялдардын ролунун өсүшүнө байланыштуу мындай суроо келип чыгат: машыктыруу(айрыкча дене тарбиясы боюнча) жана тартип аялдар менен эркектер үчүн бирдей болушу керекпи?

Бул жаатта аскер чөйрөсүндө , башка аскерлешкен мамлекеттик түзүмдөрдөжана полицияда көңүлгө алынбай келген жыныстардын айырмачылыгы маселесин чечүү да керек: бир же ар кайсы бөлүмдөрдө кызмат өтөгөн үйлөнгөн жана бойдок жуптардын өзгөчө муктаждыктары менен кызыкчылыктарын, энелик жана аталык маселелерин ж.у.с. эске алуу зарыл.

Кийим-кече, анын эстетикалык жана сексуалдык жагымдуулук маселеси мындан ары да каралууга тийиш: эркектер менен аялдар бирдей форма кийүүгө тийишпи? Аялдардын чачы эркектердикиндей кыска болушу керекпи?

Бул маселелерди чечүү үчүн жаңыча ойлонуу талап кылынат. Улуттук мыйзамдар, аскер чөйрөсүндөгү, башка аскерлешкен мамлекеттик уюмдар менен полициялык түзүмдөрдүн ишин жөнгө салуучу эрежелер сыяктуу эле, азыркы учурдагы шарттарга ылайыктап иштелип чыгууга тийиш.

## Аялдардын тынчтык орнотуу операцияларына катышуусу. Аялдар коргоо министрликтеринде

НАТОго берилген (2001-жылдын жайындагы) маалыматтардан көрүнүп тургандай, экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан бери тынчтык орнотуу операцияларына катыштырылган аялдардын саны эң аз бойдон калууда. Бир нече өлкө - Канада, Венгрия, Франция, Нидерланды жана Португалия гана тынчтык орнотуучу күчтөрдүн катарында бештен ашык пайыз аялдарды катыштырган. БУУнун тажрыйбасы көрсөткөндөй, алардын катышуусуна эл түшүнүү менен карайт. Бул операциялардын натыйжасына оң таасир тийгизет: мисалы, жыныстык маселелерге, ошондой эле зордук-зомбулукка каршы күрөш жүргүзүүдө ж.у.с. көбүрөөк көңүл бурула баштады.

Аялдарды коргоо министринин же анын орун басарынын кызматына өтө сейрек учурларда гана дайындашат. Парламенттер аралык кеңештин дүйнөлүк отчетунда айтылгандай, 2000-жылдын мартында коопсуздук жана коргонуу маселелери боюнча бардык министрликтердин 1,3%ын гана аялдар жетектеп, министрлердин орун басарларынын, башка кызматкерлеринин, бул тармактагы парламенттик катчылардын баарын кошо эсептегенде, алардын 3,9%ы гана аялдар болгон. (ПАБ жана БУУ биргелешип басып чыгарган *"Аялдар саясатта: 2000"* аттуу дүйнө картасын караңыз).

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

**Маалыматтар**

▷ Аскердик күчтөрдүн ар бир түрүндөгү, башка мамлекеттик аскерлешкен уюмдардагы, полициядагы жана чалгындоо кызматындагы, ошондой эле алардын машыгуу борборлорундагы аялдардын катышы жөнүндө статистикалык маалыматты сурап алыңыз. Кошумча түрдө чечим кабыл алуучу жогорку даражадагы аскер өкүлдөрүнүн жана кызматкерлеринин ичинен аялдардын пайызы жөнүндө, ошондой эле сиздин өлкөнүн БУУдагы, НАТОдогу жана коопсуздук маселелери талкууланучу башка эл аралык

уюмдардагы өкүлдөрүнүн канчасы аялдар экендиги жөнүндө маалыматты сурап алыңыз.

**Гендер маселеси, жаңжалды жөнгө салуу жана согуштан кийинки калыбына келтирүү иштери*)**

- ▷ Сүйлөшүүлөргө катышуучу топто аялдар менен эркектердин саны бирдей экенин анык билиңиз;
- ▷ Тынчтык макулдашууларда куралдуу жаьжалдардын аялдар турмушуна тийгизген таасирин, аялдардын тынчтык процессине кошкон салымын, алардын конфликтен кийинки мезгилдеги муктаждыктары менен артыкчылыктарынын системалуу жана ачык түрдө чагылдырылып турушуна жетишиңиз;
- ▷ Тынчтыкты калыбына келтирүү мезгилинде аялдардын билими, тажрыйбасы жана мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылып жаткандыгын анык билиңиз.

**Гендер маселеси жана тынчтык орнотуу вазийпалары*)**

- ▷ Аялдардын тынчтык орнотуу вазийпаларына жана согуштан кийинки курулушка катышуусун бекем жактаңыз;
- ▷ Тынчтык орнотуучу жана башка эл аралык күчтөрдүн өздүк курамы жыныстар теңдигинин маданияты боюнча окуулардан өтүшүн, мүмкүнчүлүккө жараша мыйзам чыгаруу жолу менен, камсыз кылыңыз;
- ▷ Тынчтык орнотуучу жана эл аралык күчтөрдүн өздүк курамынын өкүлдөрүн алар аялдардын укуктарын бузган учурларда жазалоону талап кылыңыз.

**Өкмөт**

- ▷ Акыркы он жыл ичинде коргоо министрлигинде аялдар менен эркектердин өкүл болуу деңгээли теңдештирилгендигине көзүңүз жетсин. Аялдардын кызматта жогорулоо мүмкүнчүлүктөрү мыйзам боюнча жана иш жүзүндө эркектер менен бирдей экендигин текшериңиз.

**Парламент**

- ▷ Өткөн тарыхка жана азыркы мезгилге көз чаптырып, парламенттеги коргонуу жана коопсуздук боюнча комитеттердин курамын, ошондой эле алардагы аялдар ээ болгон ыйгарымдардын деңгээлин текшериңиз.
- ▷ Комитеттер гендердик маселелерге көңүл буруп же бурбай жаткандыгын текшериңиз: аялдар менен эркектердин сандык катышын жөнгө салууга көңүл буруңуз, жыныстар теңдиги жөнүндө маселе коюңуз.

*) БУУнун Башкы Катчысынын "Аялдар, Тынчтык жана Коопсуздук" деген баяндамасынан алынган сунуштар, 2002-жылдын 16-октябры.

III Бөлүм

# Коопсуздук кызматынын негизги аткаруучу компоненттери

---

Аскердик өндүрүүчү түзүлүштөр коопсуздук секторун түшүнүү үчүн маанилүү тармак болгону менен коопсуздук кызматынын бир бөлүгү катары эсептелинбейт, ошондуктан ал жөнүндө бул китепте талкуу жүргүзүлбөйт.

8- глава

# Аскердик куралдуу күчтөр

Аскердик куралдуу күчтөр тарых пайда болгондон бери мамлекеттик коргонуунун жана басып алуунун кеңири жайылтылган куралы катары колдонулуп келген. № 17 – топтомдо 2002 – жылдын орто ченинде дүйнөдөгү аскери жок өлкөлөрдүн өтө аз санда экендиги көрсөтүлгөн.

№ 17- топтом

### Куралдуу күчтөрү жок өлкөлөр

Кээ бир өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрү жок. Андай өлкөлөргө Тынч Океандын түштүгүндөгү Науру, Малдив, Кирибати, Самоа, Соломон аралдары, Тувалу, Палау жана Вануату сыяктуу кичине мамлекеттер кирет. Буга Кариб аралдарынын ичинен Ыйык Винсент жана Гренадины аралдарын, Ыйык Киттс жана Невис, Ыйык Лусиа, Доминик, Гренада өлкөлөрүн да кошсо болот. Ошондой эле Коста Рика, Исландия, Маврикий, Панама, Чыгыш Тимор, Сомалия (аскер курамын түзүүнүн үстүндө иштеп жатышат), Андорра, Сан Марино жана Гаити сыяктуу өлкөлөрдүн да аскердик күчтөрү жок. Бул өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө аскерлештирилген кошуундар, б.а. алардын улуттук коопсуздук кызматы жана чегара сакчылыгы бар.

## Аскердик куралдуу күчтөрдүн аткарган кызматы

Коопсуздуктун өнүгүүсү Кансыз Согуш аяктагандан кийин жер шарындагы аскердик куралдуу күчтөргө абдан чоң таасир тийгизди. Аскердик күчтөргө жаңы тапшырмалар берилди, ошону менен бирге аларга мурунку тапшырмаларын башкача жол менен аткаруу жагы жүктөлдү. Азыркы тапта дүйнө жүзүндөгү аскердик күчтөрдүн төмөндөгүдөй кызматтарды аткаруусу баардыгына маалым болуп калды:

- ✓ Өлкөнүн көз каранды эместигин, эгемендүүлүгүн, чегарасынын тактыгын, жалпылап айтканда, анын атуулдарын коргоо;
- ✓ Эл аралык тынчтыкты сактоо, же тынчтык үчүн күрөшүү;
- ✓ Кырсыктан жабыр тарткандарга жардам берүү;
- ✓ Ички коопсуздук тапшырмаларын аткаруу (өзгөчө кырдаал түзүлгөн учурларда мыйзам бузулса, жергиликтүү бийликтин буйрукту аткаруусуна аскердик күчтөр колдоо көрсөтөт) ;
- ✓ Улуттун өсүп-өнүгүүсүнө катышуу (социалдык кызмат).

Куралдуу күчтөр аткаруучу кызматтын деңгээли ар бир мамлекетте ар башка. Бул ошол өлкөнүн улуттук мыйзамынын түзүлүшүнө жана алардын коопсуздук абалды кандай деңгээлде кабыл алуусуна жараша өзгөрөт.

### Көз карандысыздыкты жана коомду коргоо

Дүйнөдө жаңы коркунучтардын пайда болгондугуна карабастан көпчүлүк куралдуу күчтөрдүн негизги милдети болгон өз мамлекетин же союздук мамлекеттерди башка мамлекеттин кол салуусунан коргоо, дагы деле өз маанисин жогото элек. Бул милдетке мамлекеттин аймагы менен саясий көз карандысыздыгын гана коргоо эмес, бүткүл коомду коргоо да кирет. «Тирешүү» же «Кансыз» согуштун аякташы менен куралдуу күчтөр жана мамлекет жетекчилери өлкөгө башка мамлекеттер гана эмес, мындан тышкары түрү өзгөргөн терроризм, жарандык согуш, уюшулган кылмыштуулук, компьютер вирустары жана коррупция да коркунуч туудураарын түшүнө башташты ( №1 маалыматты караңыз). Азыркы мезгилде куралдуу күчтөрдүн көбү реформа алдында турушат. №18 маалыматта реформанын үч негизги багыты баяндалат.

№18- топтом

## Куралдуу күчтөрдүн реформасы: максаты эмнеде?

1990-жылдан бери куралдуу күчтөрдүн көбү реформаланган. Ар кайсы мамлекеттерде ар түрдүү себептер боюнча реформалар жүргүзүлгөн. Бул өзгөрүүлөрдүн үч максатын белгилей кетсек болот.

▷ **Демократиялаштыруу**

Көптөгөн коммунисттик, диктатордук мезгилдерден кийинки, жаңжал чыккан өлкөлөрдө коргонуу реформасынын максаты демократиялаштыруу болгон:

- демократия жолу менен шайланган, жетекчиликке баш ийген жана анын алдында жоопкерчиликтүү болгон куралдуу күчтөрдү түзүү, себеби башка учурларда куралдуу күчтөр демократияга коркунуч туудурат;
- куралдуу күчтөргө бөлүнгөн каражатты коомдун башка секторлоруна карап теңдөө.

▷ **Жаңы коопсуздук чөйрөсүнө кошулуу жана көнүү**

- куралдуу күчтөрдүн бюджетин жана өлчөмүн жаңы коркунучтарга карап бекитүү;
- жаңы тапшырмаларды аткаруучу куралдуу күчтөрдү түзүү, мисалы тынчтыкты сактоо .

▷ **Интернационалдаштыруу**

Азыркы мезгилде куралдуу күчтөр бир гана мамлекеттин алкагында гана эмес, башка мамлекетердин куралдуу күчтөрү менен да биргелешип иштеп жатышат. Бул эл аралык кызматташтык убактылуу негизде, мисалы Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтык үчүн жасаган иш-аракеттери, же узак убакытка созулган, болбосо НАТОнун бөлүктөрү кошулган, же эки тараптык, же көп тараптык негизде болушу мүмкүн:

- куралдуу күчтөрдү (толук эмес) эл аралык башкарууга же элдик уюмдарга башкарууга берүү;
- куралдуу күчтөрдүн башка мамлекеттердин куралдуу күчтөрү менен өз ара мамиле түзүп, аларды керектүү жабдыктар менен камсыз кылуу, окутуу, тил үйрөтүү, маалымат, башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгын кеңейтүү (кызматташуу жөндөмдүүлүгү).

Эл аралык туруктуу уюмдарга төмөндөгүлөр кирет:

- 1-чи Германия жана Нидерланды корпусу;
- Балтика батальону (Литва, Латвия, Эстония);
- Польшалык-Даниялык-Германиялык Корпус;
- Көп улуттуу инженердик батальон (Словакия, Венгрия, Румыния, Украина, “TISA” , батальону)

## Эл аралык тынчтыкты камсыз кылууга жардам көрсөтүү

Куралдуу күчтөр тынчтык вазийпасына төмөндөгүдөй эки себеп менен тартылган. Биринчиден, жаңжалдарды болтурбоо, ашкере зыян келтирүүчү төмөндөгүдөй иш-аракеттердин алдын алып, анын залалдарын болтурбоо, мисалы: регион аралык мамилелерди курчутуу, экономикалык түзүлүштөрдү кыйратуу, качкындардын токтоосуз агымын пайда кылуу сыяктуу иш аракеттер. Экинчиден, адамзаттын коопсуздугуна көмөк көрсөтүү каражаты катары жаңжалдар болгон аймактарда жарандарды коргоо максатында жүргүзүлөт. Жакынкы арада болуп өткөн кандуу кагылышуулар жана андан жарандардын жабыр тартуусунан кийин адамзаттын коопсуздугу, айрыкча адам укугун коргоо эл аралык коомдоштуктун саясатынын негизги максаты болуп калды. Тынчтык вазийпаларына катышуу, аскер бөлүктөрүн үйрөтүү жана реалдуу кырдаалда тажрыйбага ээ болуу оң таасирин тийгизери шексиз.

## Кырсык болгон учурда жардам көрсөтүү

Ар бир мамлекет табигый жана табигый эмес кырсыктарга дуушар болушу мүмкүн, мисалы жер титирөө, суу каптоо, өрттүн чыгышы транспорттук кыйроолор, шаардагы кокустуктар. Мындай кырсыктар болгон учурларда куралдуу күчтөр жарандык бийликтер тарабынан көмөк

көрсөтүүгө чакырылат. Куралдуу күчтөр коомдук тартипти сактоо, тамак-аш, медициналык жана башка каражаттар менен камсыз кылуу, коммуникациялык жана транспорттук каражаттарды жөнгө салуу боюнча тапшырмаларды аткарат. Куралдуу күчтөрдү кырсык болгон учурларда пайдалануунун оң таасири бар, коомчулук тарабынан да бул иш-аракет жакшы бааланат жана элдин колдоосуна ээ болот.

## Жарандык мыйзамдарды жүзөгө ашыруу боюнча көмөк көрсөтүү

Талаш-тартыштарды туудуруучу маселе болгонуна карабастан, куралдуу күчтөр жарандык мыйзамдарды жүзөгө ашыруу боюнча төмөндөгүдөй кызматтарды аткарышат. Жергиликтүү бийликтин жана ички иштер органдарынын күчү жетпей калса, коомчулук үчүн чоң коркунуч туулушу мүмкүн, мындай учурларда аскердик куралдуу күчтөрдүн жардамы керек болот. Ошондой коркунучтарга террористтик чабуулдар, уюшулган кылмыштуулук же мыйзамсыз түрдө баңги заттарын айлантуу кирет. Жарандык мыйзамдарды жүзөгө ашырууда аскердик куралдуу күчтөрдү колдонуу төмөндөгүдөй коркунучтарга алып келиши мүмкүн:

- ✓ Куралдуу күчтөр элдин көзөмөл жүргүзүү кыймылына коркунуч туудуруп, баш аламандык алып келиши мүмкүн.
- ✓ Мындан тышкары куралдуу күчтөрдүн түздөн-түз саясатка аралашып кетишине шарт түзүлөт.
- ✓ Куралдуу күчтөр коомдук тартипти убактылуу гана калыбына келтирет, бирок алар саясий, социалдык жана экономикалык кагылышуулардын же баш аламандыктын түп тамырын жое албайт.
- ✓ Куралдуу күчтөрдү согушууга гана даярдашат, ошондуктан алар башка саясий маселелерди чечүүгө же жарандар менен иштөөгө, ички иштерге аралашууга үйрөтүлбөйт.
- ✓ Аскердик куралдуу күчтөр менен ички иштер кызматынын ортосунда тирешүү коркунучу болушу мүмкүн.

№19- топтом

### Түштүк Африкадагы жарандык мыйзамды жүзөгө ашырууда аскердик куралдуу күчтөрдү колдонуу

Түштүк Африканын Улуттук Коргонуу Күчтөрү (ТАУКК) өзгөчө кырдаал пайда болгондо гана колдонулат. Эгерде Түштүк Африканын Ички полициялык түзүмдөрүнүн мүмкүнчүлүгү көпчүлүк элди тартипке чакырууга күчү жетпей калганда же улуттук коргонуунун абалы куралдуу күчтөрдү колдонууну талап кылса, аскердик куралдуу күчтөр жардамга чакырылат. Аскердик куралдуу күчтөрдүн ички иштер менен камсыз болуусу парламенттин көзөмөлүндө туруп, конституциянын адам укугу тууралу негизги жоболоруна баш ийет жана алар коргоо боюнча комитет аркылуу жөнгө салынат.

*Маалымат булагы: Демократияны Коргоо. Түштүк Африка Республикалары үчүн Улуттук Коргонуу жөнүндөгү Документ. Май, 1996-жыл.*

## Социалдык жактан аткарылчу кызматтар

Аскердик куралдуу күчтөрдө аскерге чакырылган жана улуттук кыймылга катышкан ар кандай жаштардын (көпчүлүгү эркектер) чогуу иштешээри баарыга белгилүү. Алардын дээрлик көпчүлүгү ар кандай тажрыйба менен ар кайсы этникалык топтордон чыккан жана ар кайсы аймактардан келишкендер. Иммигранттар жана ар түрдүү маданияты бар коомдоштуктардан келгендер баары бирге туруп, чогуу иштешет. Аскердик куралдуу күчтөрдүн мындан башка милдети социалдык кызмат көрсөтүү, элге билим берүү мүмкүнчүлүгүн пайдалануу болуп эсептелет. Адамдардын жакшы жумуш табуу келечеги жок болгондо же андай мүмкүнчүлүгү чектелген болсо, аскер бөлүктөрүнө кошулуу менен алар өздөрүнө пайда келтиришет. Мындан тышкары өнүккөн өлкөлөрдө артта калган же бөлүнүп калган аймактарга жардам берүү, алардын жарандык башкаруу администрациясына колдоо көрсөтүү кызматтары көбүрөөк кездешет. Бул иштер ардагерлерди билим берүүгө, саламаттыкты сактоого жардамдашуу үчүн чакыруу жана экологиялык деградациядан сактанууга жол көрсөтүү аркылуу жүргүзүлөт.

Бул социалдык кызматтар кээ бир өлкөлөрдө аскердик куралдуу күчтөр тарабынан позитивдүү көмөк көрсөтүүнүн негизги үлгүлөрү болуп саналат. Ошентсе да коомчулуктун экономикалык жана саясий абалына аскердик куралдуу күчтөрдүн айрым иш-аракеттеринин терс таасирин көрүп, ыгы жок кийлигишүүлөрүнө күбө болуп жүрөбүз. Мисалы, кээ бир өлкөлөрдүн аскердик куралдуу күчтөрү полициянын ички иштерине кийлигишип, өкмөттүн иш-милдеттерине коркунуч туудурушат. Ал эми айрым өлкөлөрдө тескерисинче аскердик куралдуу күчтөр коммерциялык ишмердүүлүккө тартылып, бизнеске аралашып, мамлекеттин казынасына кошумча киреше алып келүү максатында колдонулуп жатканы жана бул иштер демократиялык негизде текшерүүдөн өтпөстөн, көп учурда элдин көз жаздымында калууда.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Аскердик куралдуу күчтөрдүн милдеттери

▹ Аскердик куралдуу күчтөр төмөндөгү милдеттерин кантип аткарып жаткандыктарын тактап билиңиз:
- аскердик эрежелердин мыйзам ченемдүү жана так экендигин;
- элдин улуттук коопсуздук жөнүндөгү түшүнүгүнө дал келишин, ички иштер кызматы менен макулдашылгандыгын;
- коомчулуктун коопсуздук жөнүндөгү түшүнүгү чындыкка дал келээрин;
- куралдуу күчтөрдүн түздөн-түз жоопкерчилигинде турган улуттун көз карандысыздыгын коргоо, эл аралык мыйзамдардын эрежелерин сактоого көмөктөшүү сыяктуу милдеттерди аткаруусуна жана башка аскердик эмес тапшырмаларга жолтоо болуп жатпагандыгын;.

### Куралдуу күчтөр жөнүндөгү реформа

▹ Парламенттин компетенттүү комитеттери тарабынан каралган жана карала турган реформалардын абалы жөнүндө так талданган билдирүүлөрдү алып жаткандыгын жана ага байланышкан башка маселелер пайда болсо, аны аткара ала тургандыгын (мисалы парламенттик уктурууларды уюштуруу) аныктап билиңиз.

### Жарандык мыйзамды жүзөгө ашырууда аскердик куралдуу күчтөрдү колдонуу

▹ Негизинен аскердик куралдуу күчтөрдүн жарандык мыйзамды жүзөгө ашырууга тартылуусунун зарылчылыгы жок. Бирок башка чечим чыгаруу мүмкүн болбогон учурда, парламент төмөндөгүлөрдү жасоого тийиш.:

▹ аскердик куралдуу күчтөр жарандык мыйзамдарды жүзөгө ашырууга тартылса, анда анын милдеттери ачык-айкын белгилениши зарыл. Төмөндөгү көрсөтүлгөндөр мыйзамдар аркылуу чектелип, жөнгө салынышы керек:
- Алар кийлигише турган кырдаалдын жана абалдын шарты.
- Ошол кырдаалдын жана абалдын түрү жана чеги.
- Алар кийлигише турган кырдаалдын убактысы.
- Бул ишке кайсы учурда жана кандай аскердик бөлүк тартылышы керек.
- Аскердик куралдуу күчтөрдү жардамга чакырууга жана токтотууга кайрылган уюмдар жана мекемелер өздөрү чечим чыгаруусу зарыл.
- Эгерде адам укугу тебеленсе же мыйзам бузулса, компетенттүү сот адилеттүүлүгүн талап кылуу, ж.б.

  ▹ Үйлөрдү тинтүү, адамдарды камакка алуу жана ок чыгаруу сыяктуу буйруктарды аткараардын алдында тийиштүү уюмдар менен мекемелер тарабынан ал буйруктарды аткарууга макулдук алуусун, б.а. санкция жана ордер берилишин көзөмөлдөөсүн тактаңыз.

  ▹ Парламенттик механизм иштеп жаткандыгын, аскердик куралдуу күчтөрдүн жарандык мыйзамдарды коргоону жүзөгө ашырууда колдонулушун эл аралык гумандуулукка, адам укуктарынын мыйзамдарына, принциптерине туура келээрлигин аныктаңыз.

9- глава

# Мамлекеттик аскерлештирилген башка уюмдар

«Мамлекеттик аскерлештирилген башка уюмдар» (мындан ары МАБУ) деген түшүнүк ар бир мамлекетте максатына жараша ар башкача туюндурулушу мүмкүн. Кандай болгондо да, МАБУ аскердик уюмдардын арасынан айырмаланып турушу керек. Лондондо жайгашкан Эл аралык Стратегиялык Изилдөөлөр Институтунун (ЭСИИнин) ою боюнча МАБУга бажы кызматы, жандармерия, чегара аскерлери кирет, эгерде алар аскердик тактикага үйрөтүлүп курал-жарак менен жабдылган болсо, согуш учурунда булар аскердик күчтөргө баш ийип калышат.

Дээрлик дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө куралдуу күчтөрдөн тышкары МАБУ да бар. Бул уюмдар Куралдуу Күчтөр менен тыгыз байланышта болуп, кээ бир учурларда Куралдуу күчтөр аларды керектүү жабдыктар менен жабдып, аскер базаларында окутуп, машыктырып, тиешелүү жардам берип турушат.

Көп учурларда МАБУ карапайым калкка карата туура эмес ыкмаларды колдонуп, адам укуктарын бузгандыгы белгилүү. МАБУну колдонуу ички иштер менен аскер күчтөрүнүн ортосундагы мамилени курчутуп, тирешүү коркунучун туудургандыктан, ар бир уюмдун орду жана аткарган кызматы туура аныкталышы зарыл.
МАБУну өлкө ичинде болуп жаткан коопсуздук иш-аракеттерине катыштырбоо маанилүү.
Парламент бул боюнча зарыл мыйзамдарды кабыл алып, өкмөттүн ишмердүүлүгүн текшерип туруусу керек. Президент же премьер-министр парламенттин МАБУну көзөмөлдөөсүнө жолтоо болбошу керек, себеби МАБУну ашыкча колдонуу жаңы коркунучтарга алып келиши мүмкүн. Мыйзам боюнча мамлекет тарабынан каржыланып жаткан ар бир уюмдун үстүнөн парламент текшерүүнү жүргүзө алат. МАБУнун иш-аракеттери текшерилбестен колдонулса, жаңы опурталдуу көйгөйлөр жана коопсуздукту туудуруучу коркунучтар пайда болуп, алардын бара-бара кеңири жайылып кетүүсүн алдын алуу үчүн парламент тарабынан такай көзөмөл болушу керек.

№20- топтом

**Мамлекеттик аскерлештирилген башка бөлүктөрдүн айрым тандалган өлкөлөрдөгү салыштырма саны:**

| *Мамлекеттер* | *Бардык куралдуу күчтөрдөгү кызматкерлердин саны* | *МАБУнун кызматкерлеринин саны* | *МАБУнун түрлөрү* |
|---|---|---|---|
| **Финляндия** | 31,700 | 3,400 | Чегара кызматы |
| **АКШ** | 1,365,800 | 53,000 | Жарандык аба патрулу |
| **Россия** | 1,004,100 | 423,000 | Чегара аскери, Ички иштер министрлиги, Россия Федерациясын коргоо күчтөрү, Федералдык коопсуздук кызматы, Федералдык коммуникация жана маалымат агентствосу, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Темир жол аскери, ж.б. |
| **Марокко** | 198,500 | 42,000 | Жандармерия, Жардамчы аскердик күчтөр, ж.б. |
| **Франция** | 294,430 | 94,950 | Жандармерия |
| **Италия** | 250,600 | 252,500 | Карабинерлер, Ички иштер министрлигинин Коомдук Коопсуздук кызматы |
| **Түркия** | 609,700 | 220,200 | Жандармерия, Улуттук гвардия, Чегара кызматы |
| **Буркино Фасо** | 10,000 | 4,450 | Жандармерия, Коопсуздук кызматы |
| **Чили** | 87,000 | 29,500 | Карабинерос |
| **Түштүк Корея** | 683,000 | 3,500,000 | Жарандык коргоо кызматы, Деңиз полициясы |
| **Индонезия** | 297,000 | 195,000 | Полиция, Деңиз полициясы, Жергиликтүү аскер күчтөрү Жардамчы аскерлер |
| *Маалымат булагы: Аскердик Күчтөрдү Теңдештирүү 2000-2001- жылдар, Лондон* | | | |

## Мамлекеттик аскерлештирилген башка уюмдардын аткарган кызматы

МАБУ көп кызматтарды аткарат, алардын ичинен кеңири жайылтылгандары төмөндөгүлөр:

- ✓ Чегараны кайтаруу, мыйзамсыз түрдө товарларды жана адамдарды сатып, соода жүргүзүүнү көзөмөлдөп, куугунтукка алуу.
- ✓ Коомдук тартипти жана тынчтыкты башаламандыктан сактоо.
- ✓ Өзгөчө кырдаал учурунда мыйзамдарды жана буйруктарды аткаруу, өлкө башчысын жана курал-жарактарды кайтаруу, мисалы: ядролук куралды кайтаруу.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

Ылайыгына жараша мурдагы жана кийинки бөлүмдөрүнө өзгөртүү жана толуктоо киргизсеңиздер болот.

10- глава

# Полиция түзүмдөрү

## Демократиялык өлкөлөрдөгү полиция

Полиция бардык убакта өз милдетин мыйзамдардын чегинде, эрежелерди так, туура сактап иштөөсү зарыл. Алар мыйзамдардын негизинде күч колдонууга же колдоо көрсөтүүгө укук алышат жана түзүмдөр менен тыгыз байланышта иштөөгө тийиш. Мындан тышкары полициянын орду, коомдогу ролу кылмыштуулуктун изин суутпай издөө ишинде жана сот адилеттүүлүгүн орнотуу тутумунда прокуратура, сот, түзөтүү сыяктуу негизги мекемелерден айырмаланып турат жана айырмаланып турууга милдеттүү. Өкмөттүк башкаруунун ишенимге ээ боло алган келечегин түзүү үчүн бардык өлкөлөр ар бир адамдын эркиндигин жана укугун урматтоо менен бирге анын коопсуздугун да сактоону камсыз кылуусу зарыл. Демократиялык өлкөлөрдө жарандарга полиция тарабынан туура жана калыс мамиле жасалып, адилеттүүлүк, адам укуктары бекем сакталат. Полициянын коомчулук менен өз ара байланышта иштөөсү өлкөдөгү демократиянын түптөлүшүнүн бирден бир негизги көрсөткүчү катары бааланат.

№21- топтом

### Демократиялык өлкөлөрдөгү полицияга мүнөздүү болгон негизги белгилер

- Полиция кызматы мыйзам жоболорун так сактоого тийиш жана кесиптик этикалык кодекстин негизинде иштөөсү зарыл.
- Демократиялык полиция адам укугун урматтоо менен бирге коомчулуктун коопсуздугун коргоонун натыйжалуу жолдорун издейт.
- Полициянын жоопкерчилиги иштин ачык жана так болуусун, ички жана тышкы көзөмөлдүн дайыма иштеп туруусун талап кылат.
- Демократиялык полиция төмөндөн жогору карай өсүүчү процесс, ал ар бир жарандын жана коомдук жамааттын кызыгуусуна, керектөөсүнө жана талаптарына жооп берүү менен бирге, коомчулуктун көңүл буруусуна муктаж жана алардан ишеним, колдоо көрсөтүүсүн күтөт. Ошондуктан алардын өз ара байланышы ачык жана так болуусу сүйлөшүүлөрдүн негизинде жүргүзүлүүсү зарыл. Мындай натыйжага жетүү үчүн көп өлкөлөрдө жергиликтүү калктын талабына туура жана тез жооп берүү максатында борборлоштурулган полициялык тутум түзүлгөн.

## Коомдук атайын сакчылык чараларын көрүүнүн зарылдыгы

Полиция уюмдары аткаруучу иштин негизги куралы катары, коомдогу болгон фактыга мыйзамдуу түрдө мажбурлоо жана күч колдонуу монополиясына таянуу аркылуу өз кызматтарын аткарышат. Бирок аларга ушундай мүмкүнчүлүктөрдүн ашыкча берилиши, адам укуктарына тыюу салынган зордук-зомбулук, кыянаттык жана коррупция үчүн кеңири жол ачылып, коомго коркунуч келтириши мүмкүн. Демократиялык полиция кызматы саясатчылардын, бюрократтардын же полицияга караштуу мекемелердин кызыкчылыктарын көздөбөстөн, өздөрүнүн коомго кызмат кылып жаткандыгын тастыктоо максатында атайын сакчылык чараларын көрүүнү талап кылышат. Мындайда полиция кызматы материалдык жактан өтө кылдаттык менен камсыз болушу жана оперативдик иш аткарууда көз каранды болбошу зарыл. Ошондой эле алар мыйзамды сактоодо калыс болуп, жогорку кесиптик деңгээлде иш жүргүзүүлөрү зарыл. Полиция офицерлери кесиптик этикалык кодекстин ачык айтылган жана айтылбаган жактарын аңдап-билип, аны ак дилдери менен аткарышы керек. Полициянын кесиптик этикасынын бир бөлүгү катары, ар бир адамдын жашоого болгон укугун урматтоо менен бирге, мыйзамдуу тапшырманы так аткаруу үчүн гана күч колдонууга болот. Анткени менен аларга мыйзам толук уруксат берсе да алар ошончолук зарыл болгон гана учурларда күч колдоно алышат. Укук коргоо органдары күч колдонууда теңдештиктин эрежесин дайыма бийик тутуулары зарыл. Бул маселедеги тышкы саясий жана соттук иштерге

толуктоо катары (III Бөлүмдү караңыз) ички же бюрократтык милдеттер да аныкталуусу зарыл. Ар бир кесиптик тутумда полициянын кетирген каталарын, шектүү жүрүштөрүн тескеп, текшерүүдө коомчулуктан түшкөн арыздар жана даттануулар менен иштөө үчүн ички көзөмөлдөө кызматы өз милдеттерин так аткаруу жалпы кызыкчылыкты көздөйт.

№22- топтом

## Кооптонууну пайда кылган бурмалоолор жана абалдар

Коопсуздук Күчтөрдү демократиялык эмес жол менен башкаруунун натыйжасында коопсуздуктун башка артыкчылыктары бурмаланып, анын айынан жаңылыштык кетиши мүмкүн. Аскердик коопсуздукка болгон туура эмес түшүнүктөрдөн улам, көп өлкөлөрдө өкмөт полиция күчтөрүн аскерлештирүүгө (аскердик күчтөр менен болгон айырмасын бурмалоого) же аларга материалдык жактан жардам берүүгө аракет кылып жатат. Мунун өзү аскердик күчтөр үчүн адамдардын коопсуздугун жана сактыгын коргоого кепил болуу мүмкүнчүлүгүн аткарууда аброюнун ылдыйлап кетишине алып келет. Көбүнесе өнүкпөгөн, жашоосу төмөн өлкөлөрдө полициянын жана башка коопсуздук күчтөрдүн абалы өтө оор, аларда окуп-үйрөнүү чектелген же жокко эсе. Андай мамлекеттердин башкаруу тутумунда коррупция өсүп, адамдардын сабаттулугу начарлап кеткен. Жаңы өсүп келе жаткан демократиялык коомдо шайланып жаткан жетекчилердин көпчүлүгү өз кызматын улантуу үчүн коопсуздук күчтөрүнө баш ийишет, себеби ал күчтөрдүн мындай коомдогу таасири абдан жогору болот. Ушундай эле себептер менен жетекчилер активдүү түрдө аскердик күчтөрдүн милдеттеринин жогору жана ачык болушу үчүн күрөшүшөт, анткени алар өз максаттарына жетүү үчүн алар менен бирдикте иштешет.

*Адамзаттын Өсүү жолу боюнча Отчет, 2002-жыл*

# Жалпы элдик демилге

Полициянын үстүнөн демократиялык көзөмөлдү күчөтүү төмөндөн жогору карай өсүү механизми аркылуу жакшырат. Мындай механизмдерге жергиликтүү калктан чыккан, адам укугун коргоо боюнча коомдук уюмдары кирет. Булар полициялык күчтөрдүн коомдук ишенимге ээ болуусуна көмөк көрсөтөт. Жарандык ички көзөмөлдөө иш-аракеттери, коомчулуктун полицияга каршы жазылган арыздары менен иштеген акыйкатчылар, полициянын коомчулукка кызмат кылуу учурунда тийиштүү жоопкерчиликтерге милдеттендирет. Айрым убакта жарандык коомдук топтор жана жергиликтүү жетекчилер кирген элеттик коопсуздук уюмдардын түзүлүшү, жергиликтүү ички иштер кызматынын өркүндөшүнө пайдалуу натыйжаларды берет. Мындай маалымат берген адамдарды, жарандык байкоо топторун полициядан, чалгындоо кызматынан, аскердик күчтөрдөн мыйзамдын чегинде коргоо муктаждыгы келип чыгат.

№ 23- топтом

## Эритреядагы полиция: өнүгүү учуру

Полиция уюмдарынын өзүнүн чөйрөсү менен болгон байланышы көп тармактуу. Ал уюмдар полициянын иш-аркететтеринин негизги эки бөлүгү менен иштеп жаткандыгы аркылуу ачык түшүндүрүлөт: мыйзамдуулукту орнотуу үчүн күч колдонуу жана жалпы элге кызмат кылуу. Эритрея сыяктуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө бул аныктама толук өкүм сүрүүдө. Бул өлкөдө Эфиопияга каршы боштондукка чыгуу күрөшү 30 жылга созулган. 1998- жана 1999-жылдардагы салгылашууга караганда, дагы эле толук бүтө элек. Полициянын катарына 90-жылдардын башында 5000 улук аскер кызматкерлери жана боштондукка каршы күрөшүүгө катышкан катардагы аскерлер келип кошулушкан. Анын себебин төмөндөгүдөй түшүндүрөбүз: өкмөт өзүнүн ардагерлери жөнүндө ар дайым кам көрүш керек. Кээ бир башкы кызматтарда иштеген адамдар да мурда Эритрея жана Эфиопия бир өлкө болуп турган кезде полицияда офицер болуп иштешкен. Кийинки жылдары башка ар түрдүү техникалык жардам көрсөтүү, кылмыш ишин тергөөгө көмөктөшүү, полиция академиясын түзүү, окутуу программаларын иштеп чыгуу Дания өкмөтүнүн колдоосу менен жүргүзүлгөн. Айрым көмөк көрсөтүүчү донорлордун, өлкөнүн ичиндеги кээ бир алдыңкы инсандардын маданий жактан өзгөрүү зарылчылыгы келип чыккан. Катардагы калкка караганда аскердик милдетти аткарган адамдын

курал колдонуудагы айырмасы чоң, мисалы, англиялык полисмен. Эритреяда полициялык күчтөрдүн ичинде Дания өкмөтүнүн жардамы аркылуу маданий жактан чоң өзгөрүүлөр болуп жатат жана демократиялык полицияны өнүктүрүү, мыйзамдуулукту орнотуу үчүн күч колдонууну мүмкүн болушунча кыскартуу боюнча көп иш-чаралар жүрүүдө.

*Маалымат булагы: Каспер. У. Врум. Маастрит Университети, Нидерландия, Эритрея Полициялык Күчтөрүнүн маданий өзгөрүүлөр жаатындагы долбоору. 2002-жыл.*

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Демократиялык иштер.

- Полициянын мыйзамдын эрежелерин сактап, иш жүргүзүп жаткандыгын аныктаңыз;
- Полиция этикалык кодекстин негизинде иштеп жаткандыгын жана эл полициядан ачык, так, калыс иш-аракеттерин күтө тургандыгын жана күтүлбөгөн нерселерди жасабагандыгын аныктаңыз. Ошондой эле Мамлекет БУУнун расмий мыйзамдарын ишке ашырууда Жүрүм-турум кодексине таянып, иш жасап жаткандыгын аныктап билиңиз, (1979): №65 – топтомду караңыз.

### Окутуу

- Мыйзамды жана жалпы элдик тартипти сактоодо куралдуу күчтөрдүн мүмкүн болушунча аз колдонулушун ишке ашыруу максатында, полициянын кесиптик билим алып, окутулушун текшериңиз, ошону менен бирге демократиялык жана этикалык баалуулукка, адам укугун сактоого жана гендердик теңчиликти билүүгө окутуунун эрежелерин колдонулушун текшериңиз. 7- главаны караңыз.

Ошондой эле VI, VII, VIII Бөлүмдөрүндөгү финансы, адамдын материалдык булактары жөнүндөгү жолдомолорду караңыз.

11- глава

# Жашыруун жана чалгындоо кызматтары

Чалгындоо кызматтары мамлекеттин чечүүчү бир бөлүгү болуп саналат, өлкөнүн жана коомчулуктун коопсуздугун жана алардын эң маанилүү максатын көздөгөн маалыматтардын көз карандысыз талдоосун камсыз кылат. Алар аткаруу бийлигине баш ийсе дагы, парламент алардын иш-аракеттерине байкоо жүргүзүүдө чечүүчү роль ойнойт.

Эл аралык терроризм, мыйзамсыз баңги заттарын жүгүртүү, контрабанда, уюшулган кылмыштуулук, мыйзамсыз миграция өңдүү терс көрүнүштөр ички коопсуздукка жаңы коркунучтарды туудуруп, аларга каршы күрөшүүдө башка иш-аракеттерди күчөтүүгө түрткү берди. Жалпысынан алганда АКШда өткөн 2001 – жылдын 11-сентябрындагы окуядан кийин керектүү маалымат алууну күчөтүү өтө зарыл экендиги ачык көрүнүп калды. Бул чабуулдардан кийинки айларда көп өлкөлөрдүн өкмөттөрү чалгындоо кызматтарынын бийлик укуктарын кеңейте баштады, б.а. интернет, телефон, факс байланыштарын тыңшоого укук берилди. (терроризм жөнүндөгү 20- главаны караңыз)

Жаңы технологиялар байкоо, издеп табуу, шектүү адамдарды иликтөө сыяктуу жумуштарды аткарууда чоң күч берет жана чалгындоо кызматтарынын ортосунда, ички жана тышкы иштеринде да кызматташтык чыңдалганы байкалат. Мындайда Парламент Чалгындоо кызматтарынын бийлигинин кеңейишине эл аралык гумандуулукка жана адам укугунун корголушуна жана принциптерине бөгөт болбой тургандыгын ырастайт.

## Чалгындоо кызматтарынын  маани- маңызы

Чалгындоо кызматтарынын негизги маңызы маалымат чогултуу жана аны талдоо. Мындай иш-аракет өтө жашыруун жүргүзүлүүгө тийиш. Бирок ички саясий кызматтар үчүн мындай маалыматтарды кыянаттык менен пайдалануу коркунучу бар. Андайда чалгындоо кызматтары өздөрүнүн түз милдети болуп эсептелген коомчулукту жана саясий тутумду коргобостон, тескерисинче аларга чоң кооптонууну алып келиши мүмкүн. Ошондуктан чалгындоо кызматына карата демократиялык жана парламенттик көзөмөлдү ачык жана так жүргүзүү кошумча милдет катары киргизилиши керек. Бир гана көзөмөлдөө жана теңдөө тутуму аткаруу бийлигин же парламентти чалгындоо кызматын өз кызыкчылыктарына пайдалануу коркунучунан сактайт.

Демократиялык коомдо гана чалгындоо кызматы натыйжалуу иштеп, саясий жактан калыс жана нейтралдуу болуп кесиптик этиканын негизинде иштөөгө аракет кылат жана укуктук мандаттын чегинде, конституциянын укуктук ченемине жана мамлекеттин демократиялык түзүлүшүнө туура келүүсү зарыл.

Чалгындоо кызматына карата демократиялык көзөмөл жүргүзүү ачык жана так болуп, ал укуктун негизинде жүргүзүлүшү керек жана парламенттин макулдугу менен чалгындоо кызматынын мамлекеттик мыйзамдуулукту бекем орнотушун аныктайт. Бул мыйзам чалгындоо кызматынын бийлигинин чектелишин, иштөө ыкмаларын, жоопкерчилигинин жогорулашын белгилейт.

№ 24- топтом

### Чалгындоо кызматтары үчүн  бөлүнгөн атайын финансы каражаттары жана парламент: Аргентинанын мисалында

Улуттук чалгындоо жөнүндөгү мыйзамдын №25.520 .(2001-жыл, 27-ноябрь) 37-статьясы: «Улуттук Конгресстин эки палаталуу Комитети Улуттук чалгындоо кызматынын ар түрдүү компоненттерге арналган казынасын бөлүштүрүүсүн көзөмөлдөөгө жана байкоого

милдеттендирилет. Ушул максат менен Улуттук Конгресстин эки палаталуу Комитети өз милдетине байланышкан башка баардык иштерди, айрыкча төмөндөгүлөрдү аткара алат:

1. Аткаруу Комитети Конгресске жиберген улуттук казына жөнүндөгү мыйзамды талкуулоого катышат жана ага кийлигише алат. Ушул максат менен Аткаруу Комитети керектүү төмөндөгүдөй:документтерди жиберет: а) укук коргоо органдары тарабынан аткарылган жашыруун, өтө жашыруун, бюджет жөнүндөгү жашыруун же чектелген маалыматы бар тиркемелерди; б) каржылоонун максаты, программасы жана багыты жөнүндөгү тиркемелерди.
2. Мыйзамдарга киргизүү үчүн чалгындоо түзүмдөрүнөн аларга керектүү баардык маалыматтарды, мөөнөтүн, пайда болуш таржымалын жана бул ишке байланышкан башка билдирмелерди суратып алууга укуктуу. Керек болгон учурларда 39 – статьядагы маалыматтарды жана документтерди талап кылууга мүмкүнчүлүгү бар..
3. Бюджет жөнүндөгү мыйзамда максаты белгиленген бюджеттик бөлүштүрүүлөрүн текшерүү;
4. Улуттук Конгресске жана Президентке ар жылдык отчеттун көчүрмөсүн: а) чалгындоо кызматтарына берилген бюджеттик бөлүштүрүүнүн аткарылышын баалоо жана талдоо; б) эки палаталуу Комитеттин аткарган иш-аракеттерин көзөмөлдөө, ошондой эле башка бардык кеңештер менен иштерди текшерүү.

*Маалымат булагы: Аргентинанын Улуттук Чалгындоо кызматынын № 25.520 мыйзамы, 2001-жыл, 27-ноябрь.*

Көп өлкөлөр иш жүзүндө көзөмөл жүргүзүүнүн формалдуу эмес түрлөрүн колдонушат, айрыкча парламенттик байкоо жүргүзүү комитеттеринин формасында болот. Мурдатан бери колдонулуп келе жаткан парламенттик комитеттер, мисалы, коргоо боюнча комитети, кээде алар чалгындоо маселелерин чечүү максатында өз иш-аракеттерин кеңейтишет. Башка мамлекеттерде жашыруун маалыматтарды жана ал боюнча кызмат аткарып жаткандарды көзөмөлдөө үчүн парламенттик комитеттер же алардын алдында иштеген комиссиялар түзүлгөн.

Парламенттик көзөмөл жүргүзүү комитеттери маалымат алууга, чалгындоо кызматтардын башчыларын дайындоого, бюджетти көзөмөлдөөгө уруксат алууга тийиш. (атайын фонд жөнүндөгү №24 маалымат).
Эгерде парламентте компетенттүү комитет жок болсо, андай учурда кээ бир мамлекеттер аткаруу бийлигинен же министрлер кабинетинен сырткары чалгындоо кызматын көзөмөлдөөчү комитеттерди түзүшөт. Кабинет жана көзөмөлдөөчү уюмдар өзүнүн ишинде уюштуруучулук же административдик башкаруу кызматтарын аткарышат. Саясий чөйрөдөн түзүлгөн парламенттик комитеттердин мүчөлөрүнө караганда, бул комитеттер өздөрү көзөмөлдөп жаткан түзүмдөргө азыраак көз каранды.

№ 25- топтом

## Парламенттик комитеттердин жашыруун документтер менен жүргүзгөн кээ бир иш-аракеттери

- ▷ Зарыл болгон учурларда комитеттер жабык отурумда чогулушат;
- ▷ Комитеттер парламенттин жыйналышында коомдук талкуулоого чыга турган маалыматтарды берет (жашыруун эмес маселелер болсо);
- ▷ Комитеттер чалгындоо ишиндеги кызматкерлерди, алардын аты-жөнүн, аткарган ишин жана болуп жаткан окуялар жөнүндө кандай гана маалымат болбосун суратып алышат жана бул тууралу эч кимге жарыя кылбоого (сырды сактоого) убада беришет;
- ▷ Коомдук кызыкчылыкты көздөшүп, маалымат аныкталгандан кийин комитет бул маалыматтын сырын ачып, көпчүлүк элге жарыялай алат;
- ▷ Комитет өзү талап кылган маалымат менен гана чектелип калбайт. Алардын өз демилгеси менен чалгындоо кызматына жооптуу жетекчилер бул комитеттерге мындай маалымат, иштин жөн-жайын толук түшүнүүгө жардам берсе, алар баардык убакта кызматташууга даяр турушат;

# Демократиялык чалгындоо кызматы боюнча мүнөздөмө

Өлкөнүн укуктук, саясий тутуму жана тарыхый факторлору - чалгындоо кызматын көзөмөлдөөнүн өзгөчө формаларына же жашыруун сыр менен иштеген уюмдарга чоң таасир көрсөтөт. Мисалы, Британиядагы коомдук мыйзамдардын негизинде көзөмөлдөөнүн соттук укуктук аспектисине көп көңүл бурулуп, кээ бир мамлекеттер алардын үлгү алышкан. Ага карама-каршы көзөмөлдөөнү мыйзамдуу түрдө континенталдык кээ бир Европа мамлекеттери колдошкон, себеби алар тарыхый өзгөрүүлөргө жараша полиция бийлиги тарабынан куугунтукталып, репрессияга учураган. АКШнын аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот-укуктук федералдык бийликтерди көзөмөлдөө механизмдери бар. Ал эми айрым демократиялык мамлекеттер акыйкатчынын уюмун түзүшкөн, алардын негизги максаты чалгындоо кызматы тарабынан адам укугун бузган учурларды иликтеп, коомчулукка алардын кетирген каталарын, зыянын ачык көрсөтүшөт. (Акыйкатчы жөнүндөгү 16 - главаны караңыз).

## Мүмкүнчүлүктөр

Чалгындоо кызматын көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү чектелген. Бул, иш-аракеттин түрүнө карата (ички / контрчалгындоо же тышкы чалгындоо), же көз карандысыз чөйрөлөргө (оперативдүү усулдарга, жашыруун иштөө ыкмаларына) жараша болот.

## Парламенттеги ачык жана жабык талкуулар

Жалпысынан алганда демократиялык коомдогу чалгындоо кызматын көзөмөлдөө мамлекеттин башка чөйрөсүндөгү иш-аракеттерге караганда ачык жана өнүккөн абалда болот. Мисалы, парламенттеги чалгындоо кызматын көзөмөлдөөчү комитеттер чалгындоо иши боюнча талкуулоону ачык жыйналыштарга салышпайт, парламенттин мүчөлөрү аларга белгилүү болгон маалыматты жашыруун сактоо үчүн ант берүүгө тийиш. Кабыл алынган көзөмөлдөө чечиминин кандай формада болгонуна карабастан, демократиялык коомчулук эки жакты бирдей деңгээлде, теңдештик максатында талдап, баа беришет. Мындай уюмдардын укуктук ал-абалы ошол жагдайга ылайыктуу болушун жана алардын жоопкерчилигинин жогорулашын камсыз кылуу үчүн эки жактагы тең салмактуулукту кармап, бир жагынан такай иликтөө жүргүзүү менен жашыруун сырды сактоо жана улуттук коопсуздукту натыйжалуу коргоо аркылуу өз милдеттерин так аткарышат.

## Тапшырмаларды бөлүштүрүү

Чалгындоо кызматын көзөмөлгө алуунун маңызы - бир эле уюм же агентство аткарган чалгындоо иши монополияга айланып кетүү коркунучу бар. Ар кайсы чалгындоо уюмдарынын бири-биринен ажыратылып, ар түрдүү түзүмдөргө ылайыкташуусунун (мисалы, куралдуу күчтөрдү полициядан, ички чалгындоо кызматын тышкы чалгындоо кызматынан), натыйжасы аз болуп, өз ара бюрократтык атаандаштыкты арттырышы мүмкүн, жалпысынан алганда мунун өзү демократиялык көзөмөлдүн өсүшүнө түрткү берет. Ошондуктан көпчүлүк мамлекеттерде ички чалгындоо кызматы менен аскердик чалгындоо кызматы бөлүнгөн. Бул ажыратуу демократиялык көз караштан алып караганда туура болгону менен АКШдагы террористтик чабуулдан кийин чалгындоо кызматтарынан топтолгон маалыматтар жана талдоолор эч кандай жыйынтык бербегени белгилүү.

## Чалгындоо кызматындагы кызматкерлерди окутуп даярдоо

Көзөмөл жүргүзүүнүн чечүүчү бөлүктөрүнүн бири катары чалгындоо кызматынын эксперттерин окутуп үйрөтүү жана кесиптик жактан даярдоо болуп саналат. Айрыкча кесиптик даярдыкты жогорку деңгээлге жеткирүү демократиялык ченемдерди жана адам укугунун негизги принциптерин аткаруу менен бирге, жарандык жоопкерчиликти сезүү, адистик чеберчиликти, компетенттүүлүктү жогорулатуу, бул иштеги маанилүү бөлүктөрдүн бири болуп кала бермекчи. Демократиялык коомдо чалгындоо кызматын аскердик күчтөргө өткөрүп бербестен, жарандарды кеңири тартуу чоң мааниге ээ болору бышык.

## Жашыруун маалыматтарды ачып көрсөтүү

Көзөмөлдү жана жоопкерчиликти жеңилдете турган дагы бир жагдай – белгилүү бир мезгил өткөндөн кийин чалгындоо кызматынын иш-аракеттери жөнүндөгү маалыматтардын жалпы элге жайылтылышы. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, маалымат берүүнүн, алуунун эркин болуусуна кеңири шарт түзүлөт жана эреже боюнча жашыруун материалдарды убактысы келгенде басып чыгарууга, жарыялоого жардам көрсөтүлөт. Ушундан улам өткөн окуялар, маалыматтар мөөнөтү бүткөндөн кийин ачыкка чыгуу жана коомчулуктун изилдөө мүмкүнчүлүгүнө айланып, демократиялык көзөмөлдү жеңилдетет.

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

## Парламенттик көзөмөлдөө жагдайы

▹ Парламенттин алдында баардык чалгындоо кызматын байкай ала турган атайын мандаты бар комитеттин уюшулгандыгын аныктап билиңиз. (парламенттик комитеттер жөнүндөгү 15- главаны карап салыштырыңыз).

▹ Ал комитеттин мандаты так аныкталып, мүмкүн болушунча аз чектелгендигин жана алардын мүчөлөрү баардык керектүү маалыматка жана экспертизага уруксаты бар экендигин аныктап билиңиз.

▹ Парламенттик комитет бул ишке катышып, өзүнүн жолдомосу, ачылыштары жана корутундулары жөнүндө мезгил-мезгили менен билдирип туруусун аныктап билиңиз.

## Демократиялык жана мыйзам ченемдүү иштердин негиздери

▹ Чалгындоо кызматы жөнүндөгү мыйзам төмөндөгү иштердин үстүндө кантип иштеп жаткандыгын жана алар мыйзамды, аткаруу ишин, кызматташтыкты, алган тапшырмасын так аныктап, чалгындоо кызматынын көзөмөлүнүн натыйжасын жана милдеттерин билдирип туруусун текшерип билиңиз.
Буларга кошумча катары жекече маалыматтарды камтыган маалыматтарды топтоо жана сактоо үчүн жүргүзүлгөн атайын ыкмалар мыйзамдын чегинде өтүп, чалгындоо кызматкеринин статусуна жараша болот.

▹ Чалгындоо кызматы саясий жактан нейтралдуу экенин, кесиптик этикалык кодекстин негизинде б.а. демократиялык ченемдин алкагында милдет аткарып жана өз жоопкерчилигин сезүү менен иш-аракет жүргүзүп жаткандыгын текшерип билиңиз;

▹ Парламенттик чалгындоо кызматын көзөмөлдөө комитети, чалгындоо кызматында иштегендердин демократиялык принциптин жана адам укугу жөнүндөгү мыйзамдын негизинде билим алуусуна колдоо көрсөтүү иш-чараларын жүргүзүп жаткандыгын аныктап билиңиз.

▹ Парламент мамлекеттин төмөндөгү үч тармагына чоң маани берген мыйзамга кол коюусу зарыл:

- Аткаруу комитети чалгындоо кызматына чоң милдет жүктөп жатып, тапшырма берүүдө өзүнүн да жоопкерчилиги жогорулайт.
- Парламент керектүү мыйзамдарды кабыл алат, бюджетти карайт жана өкмөттүн, чалгындоо кызматтарынын үстүнөн көзөмөл жүргүзөт. Парламент чалгындоо кызматынын ишине негизсиз кийлигише бербейт.
- Эгерде чалгындоо кызматы адамдардын менчик мүлкүнө же байланыш жүргүзүүчү иштерине (сүйлөшүүлөрүнө ) кирише турган болсо, сот бийлигинен уруксат алышы керек. Чалгындоо кызматы мыйзамдын чегинде иш алып барат.

## Ачыктык жана жоопкерчилик

▹ Парламенттин чалгындоо кызматын көзөмөлдөө комитети чалгындоо кызматынын жалпы саясаты жөнүндө аткаруу бийлиги менен чогуу иштегенин же ага билдирүү бергенин текшериңиз.

▹ Парламенттин чалгындоо кызматын көзөмөлдөө комитети- чалгындоо кызматынын мыйзам чегинде, жоопкерчиликтүү жана туура иштөөсүн, ошол эле мезгилде алардын купуялуулугун жана натыйжалуу эмгектенип жаткандыгын камсыз кылат. Буга ошондой эле телефондук сүйлөшүүлөрдү тыңшоонун мыйзамдык негиздери да кирет.

- ▹ Комитетке атайын кызматтардын ишмердиги жөнүндө баардык маалыматтар келип жаткандыгын жана чалгындоо жана коопсуздук кызматтарынын башчыларын дайындоодо комитеттин да өз ролу бар экендигин аныктаңыз.

### Купуялуулук жөнүндөгү маселелер

- ▹ Маалыматтар эркиндиги жөнүндөгү мыйзамдар - чалгындоо кызматынын жоопкерчилигинин жана аны көзөмөлдөөнүн маанилүү куралы экенин аныктаңыз, түз жана кыйыр көзөмөлдөө иш-аракеттеринин баары тең маанилүү экендигин аныктаңыз.
- ▹ Алар атайын көзөмөлгө алынуучу жашыруун мүлк жөнүндөгү иштерде, ошондой эле жоопкерчилик жана купуялуулук талаптарынын ортосундагы балансты сактоодо колдонулушу зарыл.
- ▹ Жашыруун материалдардын ачыкка чыгуусу же алардын коопсуздукту сактоо максатында убактылуу токтотулуп турушу мыйзам чегинде болгондугун текшериңиз. Маалымат эркиндиги жөнүндөгү мыйзамдын негизинде каалаган убакта таанышып ала турган материалдардын тизмеси убактысы менен жарыяланып турушу керек.

Террорчулук жөнүндөгү 20- главаны жана Финансы булактары жөнүндөгү VI Бөлүктү караңыз!

12-глава

# Жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелери

Мыйзамдуу түрдө күч колдонууга, ички жана тышкы коопсуздукту сактоого мамлекеттин гана бийлиги бар. Бирок акыркы жылдардагы ички тирешүүлөр жалпы элдин алдына жаңы көйгөйлөрдү пайда кылып, коопсуздукту сактоо иш-аракетин менчиктештирүүгө алып келди. Кээ бир мамлекеттик эмес коопсуздук мекемелери жаңыдан пайда болду жана алар коопсуздук секторунун адаттагыдай демократиялык жол менен көзөмөлдөөсүнө коркунуч келтирип жатышат.

1990-жылдардан бери жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелеринин саны кескин көбөйдү. Алардын көпчүлүгүн үч топко бөлсө болот: жалданган аскерлер, жеке коопсуздук мекемелери жана жеке куралдуу аскер мекемелери. Булардын ишмердигин мамлекеттик органдар көзөмөлдөп турушу өтө маанилүү.

## Жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелеринин кызматы жана аларга багытталган коркунучтар

Мындай мекемелерди түзүүгө көбүнчө согуш болгон же артта калган мамлекеттер уруксат беришет. Ушул сыяктуу кадамга алар куралдуу күчтөрүнүн алсыздыгынан, аскердик даярдыктын жетишсиздигинен жана бардык жарандардын коопсуздугун камсыз кыла албастыгынан барышат. Демократиялык көзөмөлдү ишке ашыруу да, мамлекеттин күч колдонуу бийлигин колдобогондуктан же ички кагылышуулар пайда болгондо бул мекемелер түзүлө баштайт.

Мындай учурларда жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелерин кыска мөөнөттө колдонуу жакшы натыйжаларды берет деген ой да туулушу мүмкүн, айрыкча улуттук кесиптик тажрыйбанын көбөйүшү, окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши же өз күчүнө болгон ишенимдин жогорулашы сыяктуулар. Бирок 26- топтомдо көрсөтүлгөндөй, анын демократиялык иш-аракетине карата зыяндуу таасири көп жана ар түрдүү болушу мүмкүн.

Коомдук жана демократиялык жол менен шайланган органдар, биринчиден аларды кабыл алган мамлекет, парламент мамлекеттик коопсуздук түзүмдөрүнүн, жалданма куралдуу күчтөрдүн үстүнөн таасирдүү жана заманга жараша демократиялык көзөмөл жүргүзүү усулдарына муктаж, ошондой эле жалданган аскердик жана коопсуздук мекемелеринин үстүнөн да көзөмөл керек.

№26- топтом

### Жеке коопсуздук жана аскердик күчтөр, демократияга кооптонуу алып келүүчү негизги коркунучтар

- Коопсуздук үчүн иштеп жаткан жеке адамдар куралдуу күчтөрдүн тегерегинде кандайдыр бир деңгээлде туруктуу тынчтыкты алып келиши мүмкүн, бирок айрым өкмөттүк уюмдар аскер күчтөрүндөгү ички маселелерди чечүүдө башкы курал катары колдонуу керек деп ойлошу мүмкүн.
- Чет өлкөлүк эксперттерди жалдоодо көп суроолор пайда болот: мисалы, коопсуздук куралдуу күчтөрүнүн өз вазийпасын так аткаруусу жана бюджеттик маселелер. Демократиялык коомду туура башкаруунун келечеги үчүн коомдук жана парламенттик талкуулоолордо ушул сыяктуу маселелерге олуттуу көңүл бурулушу керек.
- Көпчүлүк учурларда коопсуздук үчүн иштеп жаткан жеке адамдар башка бир көрүнүктүү (көбүнесе мыйзамдуу иштерге) вазийпаларга жамынып алып, ортомчу катары иш-аракет жасашат.

# Жалдануучулар

Жалдануучулук – бул эски түзүлүштүн калдыктары.
Азыркы болуп жаткан куралдуу кагылышуулар дүйнө жүзүнүн баардык бөлүктөрүндө жалданып иштегендердин бар экендигин ырастады.

1989-жылдын 4-декабрында Генералдык Ассамблеянын № 44\34 чечими менен *Жалдануучуларды Окутуп-үйрөтүүгө жана Каржылоого каршы Эл аралык Макулдашуу* кабыл алынган. 1- статьяда жалдануучуларга аныктама берилген. Макулдашуу 2001-жылдын 20-октябрында күчүнө кирген, бирок ушул убакытка чейин аны өтө аз гана мамлекет кабыл алган. Макулдашуу 1949 -жылы кабыл алынган *Женева Макулдашуусунун 1-кошумча Протоколунун* 47- статьясы аныктаманы кеңейтип чагылдырат. (Бул статьяда жалдануучуларды жумушка тартуу максаты - өкмөттү кулатуу, мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн кыйратуу же аймактык бөлүнбөстүгүн кыйратуу үчүн зордук-зомбулук кыймылына катыштырууга карата аракеттерди көрүү деп аныкталган.):

*1-статья. Азыркы Макулдашуунун максаты үчүн:*

1. *а) Жалдануучу - бул мамлекеттин ички масштабында же чет өлкөдө куралдуу кагылышууларга катышуу үчүн атайын жумушка кабыл алынган адам; б) Анын аскердик кагылышууларга катышуусу, тагыраак айтканда жеке кызыкчылыгы менен чектелген жана ага куралдуу кагылышууну уюштурган жактан каршылаштардын бул кагылышууга катышкан ушундай эле даражадагы адамдарына караганда жогорку материалдык компенсация убада кылынган; в) анын куралдуу кагылышууга катышкан жакка да, ал жерде жашаган жергиликтүү калкка да эч кандай тиешеси жок. г) алар бул кагылышууга катышкан куралдуу күчтөрдүн катарына мүчө эмес; д)алар кагылышууга катышуу үчүн башка мамлекет тарабынан расмий түрдө жиберилген эмес.*

2. *Жалданып иштеген адам кандай адам болсо да, баардык убакта: (а) согуштук ишке катышуу үчүн ошол эле өлкөдөн же чет жактан атайын жалданган адам; (б) мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн бузуу же өкмөткө каршы төңкөрүш жасоо максатында, же; (в) өзүнүн жеке пайдасын көздөө менен акча табуу максатында же аларга көп акча убада кылынса; (г) бул иш ал жашаган өлкөгө же калкка каршы жүргүзүлбөсө; (д) мамлекет аны атайын жибербесе; (ж) ошол куралдуу кагылышуу болуп жаткан өлкөнүн аскердик күчтөрүнүн мүчөсү болбосо, жалданып иштей алат.*

Эл аралык Макулдашуунунун эрежелери боюнча, ким болбосун, эгерде ал жумушка башка адамды жалдаса, аны пайдалануу менен ага акча төлөсө жана аны окутса же ушундай иш-аракеттерди жасоого аракет кылса, ал бул макулдашуунун эрежелерин бузгандыкка жатат. Бирок, кээде мамлекет чет өлкөлүк аскердик эксперттерди атайын тапшырмалар үчүн жалдаган учурлар көп кездешет, мисалы, реактивдүү самолеттун учкучтарын, антитеррористтик иш-аракеттерди жүргүзүүгө адамдарды жалдашат.

БУУнун адам укугу боюнча түзүлгөн комиссиясынын жалданма жумушчулар жөнүндөгү атайын эксперти өзүнүн маалыматында төмөндөгүдөй кеңеш берет : «Генералдык Ассамблея өзүнүн атайын чакырыгы менен буга кошула элек бардык башка өлкөлөргө кайрылып, бул Макулдашууну кабыл алуусун суранат. Ошол эле учурда мамлекеттерди, мамлекеттик мыйзам чыгаруу иши ушул Макулдашуу менен дал келүүсүн карап чыгууга чакырат».

# Жеке аскердик мекемелер

Жеке аскердик мекемелер – жалданып иштеген адамдардын азыркы замандагы жаңы түрү. Алар өз пайдасы үчүн иштешет, аскердик кызматты окутууну, аскердик же аскердик эмес кызматты өз пайдасы үчүн гана колдонушат. Укуктук юридикалык көз караш менен алып караганда жалданма күчтөр жөнүндөгү аныктама өтө тар жана жетишсиз, себеби жалданып иштегендердин көпчүлүгү азыр аскердик ишке тартылбаган мурунку аскер кызматкерлери.

Жеке аскер мекемелери аскердик колдоо көрсөтүү максатында кызмат көрсөтүүнүн кеңири жолун сунуш кылышат, алар кеңеш берүү, окутуу, аскер жыйноо, маалымат топтоо же туткунду куткаруу сыяктуу жана башка жумуштарды сунуш кылышат. Алар камсыз кылып жаткан кызматтын кандай түрдө экенине карабастан, алардын баарынын жалпы мүнөздөмөсү – кагылышуу же конфликт болгон же кагылышуу аяктагандан кийинки кайра куруу учурларында өкмөттүн суроо-талаптарын аткарышат.

Ушундай жеке аскердик компанияларга мисал катары – АКШнын MPRI аскердик тобун айтсак болот. Алардын негизги максаты – контракта жазылганды сактоо менен кесиптик кызмат көрсөтүү, коргонуу жактарына көбүрөөк көңүл буруу, мыйзамды ишке ашырууда көмөк көрсөтүү жана башкаруучулуктун өсүп-өнүүгүүсүн колдоо болуп саналат. Бул топ 1988-жылы мурда иштеген улук аскер кызматкерлери тарабынан түзүлүп, азыркыга чейин мурдагы аскерлер тарабынан улантылып келатат.

## Жеке коопсуздук мекемелери

Жеке коопсуздук мекемелери ишмердикти, бизнести, жеке менчикти сактоо жана кылмыштуулуктун алдын алууга жардам берүү кызматтарын аткарышат. Жеке коопсуздук мекемелери баардык жерде кездешет, бирок айрыкча кагылышуу болгон жерлерде жана жеке ишмердикке карата мамлекет көрсөткөн жардам жетишсиз болуп, көбүрөөк муктаж болгон убактарда, аларды колдонуу көп учурай тургандыгы жакынкы изилдөөлөр көрсөттү. Алар кагылышуунун аскердик маселелерине эмес, жеке менчикти, жеке адамдарын коргоого көбүрөөк тартылат. Бирок иш жүзүндө жеке мекемелер аскердик жана коопсуздук түзүмдөрдү кошуп колдонушат, аларга бирдей маани берип колдонгон мекемелер көп. Бул кошулма жеке аскердик жана коопсуздук мекемелеринин ортосундагы айырманы жокко чыгарат.

Жеке коопсуздук кызматынын өсүшү жана жайылтылышы демократиялык мекемелер үчүн мезгил өткөн сайын өтө маанилүү болуп бара жатат, айрыкча парламент бул жаңы коопсуздук кызматты аткарып жаткандарга карата көзөмөлдү күчөтүшү керек, антпесе демократиянын негизги принциптерине коркунуч туулат.

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Мыйзамдар

- ▹ Мамлекет эл аралык жалданууучуларды алдап чакырууга, ишке алууга, үйрөтүүгө, колдонууга каршы Келишимге мүчө экендигин жана Келишимге ылайык мыйзам кабыл алгандыгын аныктап билиңиз.
- ▹ Жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелеринин ишмердигин мыйзамга ылайык чектөө жүргүзүлүп жаткандыгын текшериңиз.

### Куралдуу күчтөрдүн ченемдерин аткаруу

- ▹ Жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелери башка мамлекеттерде, согуш болгон жерлерде иш жүргүзгөндүктөн, парламентте алардын ишмердиги улуттук коопсуздук стратегиясына, тышкы саясатка, эл аралык мыйзамдарга, чечимдерге туура келерин текшерип жаткандыгын аныктаңыз.
- ▹ Жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелери эл аралык мыйзамдар боюнча (эмбарго) болгон жерлерде же мамлекетте иштөөгө уруксат эместигин камсыз кылыңыз.

### Айкындык

- ▹ Эгемендүү мамлекетте бир дагы башка өлкөнүн жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелери, өкмөттүн суроосу же макулдугу бар болсо дагы, парламенттин уруксатысыз иштей албастыгын аныктаңыз.

- ▹ Өкмөттүн жеке коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелерине жана алардын ишмердигине бөлгөн бюджеттик каражаттардын үстүнөн парламент көзөмөлдөп жатканын текшериңиз.

## Жоопкерчилик

- ▹ Парламенттин өкмөттүн менчик коопсуздук жана куралдуу аскер мекемелеринин баардык ишмердигин, иш жүзүндө болобу, мыйзам түрүндө болобу, өлкө ичиндеги же башка мамлекеттеги ишинде жоопкерчиликти өз мойнуна алаарын камсыз кылышын текшерип билиңиз.

IV Бөлүм

# Улуттук коопсуздукка парламенттик байкоо жүргүзүү:
## шарттары жана механизмдери

13- глава

# Парламенттик көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжалуу шарттары

Парламенттин коопсуздук секторуна жүргүзгөн көзөмөлү парламенттик, өкмөттүк, жана коопсуздук кызматына байланыштуу башка бийликтерден көз каранды. Бул контексте биз бийлик деп элдин жамааттык ой-пикирине карата өкмөттүн ой жүгүртүүсүнө жана иш алып баруусуна таасир берүү жөндөмүн түшүнөбүз. Бийликтин карамагына ошондой эле парламент кабыл алган мыйзамдар, саясий чечимдер жана бюджетти иш жүзүнө ашыруу мүмкүнчүлүгү да кирет. Мындай бийлик, укуктар конституция жана мыйзамдар менен гана белгиленбестен, парламенттик жол-жобо, жалпы тажрыйба аркылуу да бекитилген.

Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжалуу шарттары катары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ✓ Так аныкталган конституциялык жана укуктук бийлик;
- ✓ Күндөлүк иш-аракеттен алынган тажрыйба ;
- ✓ Ресурстар жана иш билги мамиле;
- ✓ Саясий эрк.

## Конституциялык жана укуктук бийликтер

Конституция (же анын эквиваленти) коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн эң маанилүү мыйзамдык негизди камсыз кылып турат. Конституция ар кайсы өлкөлөрдө ар түрдүү болот жана ал мамлекет жүргүзгөн саясатка, маданий, экономикалык жана социалдык мурастарга жараша айырмаланып турат, бирок алардын көпчүлүгүндө төмөндөгүлөр өзгөчө белгиленген:

- ✓ Аткаруу бийлиги (мисалы, президент, премьер-министр же коргоо министри) коопсуздук кызматы үчүн жооп берет;
- ✓ Аткаруу бийлиги парламентке отчет берет;

Конституциялык мыйзамдар эң жогорку укуктук статуска ээ болгондуктан, коопсуздук секторуна карата жүргүзүлгөн парламенттик бийликтин конституцияга жазылышы абдан маанилүү; Конституцияны өзгөртүү оңой эмес, анткени кандай гана реформа болбосун, ал кесиптик квалификациясы бар парламенттик көпчүлүктү талап кылат. Ошондуктан конституция парламенттин бул олуттуу чөйрөгө болгон бийлигин коргоонун натыйжалуу жолун көрсөтөт. Мындай бийлик атайын кабыл алынган мыйзамдар жана парламенттик чечимдердин жол-жоболору менен күчөтүлүшү мүмкүн. Мындан тышкары, кийинчерээк жасалган иш-аракеттер жөнүндө отчет берүүгө жана парламенттик көзөмөлгө тиешелүү атайын социалдык ченемдер жана жоболор иштелип чыгышы мүмкүн.
№ 27- топтомдо парламенттин коопсуздук секторуна карата көзөмөл жүргүзүүдө кеңири колдонуучу бийликтин ар тараптуу көрсөтмөсү берилген. Бул бийлик жөнүндө көп маалымат кийинки главаларда берилет.

№ 27- топтом

### Коопсуздук секторуна демократиялык көзөмөл жүргүзүүдө парламенттин колдонгон каражаттары же усулдары.

1. Жалпы бийликке төмөнкүлөр тиешелүү:

а) мыйзамды колдонууга киргизүү;
б) мыйзамга толуктоо же өзгөртүү киргизүү;
в) аткаруу бийлигинин мүчөлөрүнө суроо берүү;
г) парламенттик жыйналыштарга катышууга аткаруу бийлигин чакыруу
д) парламенттик жыйналыштарга катышууга аскер кызматчыларын жана жарандарды чакыруу;
е) парламенттик жыйналыштарга катышууга жарандык адистерди, эксперттерди чакыруу;
ж) аткаруу бийлигинен тиешелүү документтерди алып таанышуу;
з) парламенттик териштирүүлөрдү жүргүзүү;
и) парламенттик уктурууларды өткөрүү.

2. Бюджетти көзөмөлдөө:

а) бюджеттик документтердин баардыгы менен таанышууга мүмкүнчүлүк алуу;
б) коопсуздукка жана коргоого багытталган бюджеттик фондду текшерүү, түзөтүү жана өзгөртүү киргизүү;
в) программалардын, долбоорлордун жана башка иш-аракеттердин деңгээлине карата жумшалган бюджетти текшерүү;
г) коопсуздук жана коргоо боюнча бюджеттик кошумча сунуштарды кабыл алуу/албоо укугу.

3. Тынчтык вазийпасы менен куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жайгаштырууда парламенттин чечимди кабыл алуу/албоо укугу:

а) куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жайгаштырууга чейин чечим чыгаруу процессине катышуу;
б) вазийпанын мандатын; БУУнун мандатын камсыз кылуу;
в) вазийпанын бюджети;
г) вазийпага катышкан аскер кызматчылары дуушар болгон коркунучтар (тобокелдиктер);
д) жолугушууларды өткөрүүнүн эрежелери;
е) башкаруу жана контролдоо жолдору жана байланыштары;
ж) вазийпанын мезгили;
з) вазийпага катышкан куралдуу күчтөргө визит жасоо укугу.

4. Жабдуу:

а) аткаруу бийлигинин жабдуу жөнүндөгү чечимин парламентке толугу менен билдирүү милдети;
б) контрактты кабыл алуу/албоо укугу;
в) жабдуунун төмөнкү этаптарын карап чыгуу:
- Жаңы каражаттарга карата муктаждыктарды аныктоо;
- Өндүрүүчүлөрдү ылгоо жана тандоо;
- Компенсация жана ордун толуктоо боюнча сунуштарды баалоо

5. Жалпы коргоо жана коопсуздук саясаты: кабыл алуу/албоо укугу:

а) коопсуздук саясатынын концепциясы;
б) кризис пайда болгондо башкаруу концепциясы;
в) куралдуу күчтөрдүн түзүмү;
г) аскердик стратегия/доктрина.

6. Коргоо жана коопсуздук жаатындагы кадрлар:

а) кадрлардын штатын кабыл алуу/албоо укугу;
б) кадрлардын эң жогорку санын аныктоо укугу;
в) аскердик жогорку кызмат ордуна дайындоодо (башкы жетекчи сыяктуу) кеңеш алуу, чечимди кабыл алуу/албоо укугу.

# Күндөлүк иш-аракеттер

Жүрүм-турум же карым-катнаш маселелери дайыма эле мыйзам аркылуу жөнгө салына брбейт. Ошондуктан бирин-бири урматтоо, түшүнүү жана өз ара ишенимге жетүү сыяктуу социалдык ченемдерге таянып, парламенттик көзөмөл жүргүзүүдө күндөлүк иш-аракеттердин жана калыптанган үрп-адаттардын негизинде өнүктүрүү жана колдоо чоң мааниге ээ. Мисалы, коопсуздукка байланышкан жаңы жетишкендиктерди парламентке билдирүү жана аларды буга толук жана өз убагында катыштыруу ачык-айкын мүнөздө өтүшү, мыйзам алдындагы жоопкерчиликти гана талап кылбастан, адамдардын ортосундагы сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүүгө да чоң көңүл бурулат.

# Ресурстар жана тажрыйбалар

Жалпысынан алганда парламенттин коопсуздук секторуна көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө мезгил фактору, тажрыйбанын деңгээли жана так маалыматтарды өз убагында алуу чоң таасир тийгизет.

## Мезгил фактору

Өкмөттүн ой-максаты, иш-аракети жөнүндөгү маалыматтарды, коопсуздук сектору жана ага тиешелүү маселелер боюнча чечимдерин парламент өз убагында алып турuусу өтө маанилүү. Эгерде өкмөт парламентке акыркы чечим чыккандан кийин гана ал жөнүндө билдирүү жасаса, анда парламент күчтүү позицияда боло албайт. Мындай учурда парламент сөзсүз ишке аша турган фактынын алдында калып, өкмөттүн чечимдерин кабыл алуудан же албоодон башка альтернативдүү чечимге келе албайт.

Улуттук кризис же өзгөчө кырдаал түзүлгөндө өкмөт чукул арада парламентке болуп өткөн абал (постфактум) жөнүндө билдирүү жасашы керек. Андай шартта, алар парламент бекиткен ченемдин гана чегинде иштөөсү талап кылынат.
Ал эми күндөлүк болуп жаткан жана узакка созулуучу саясий маселелер менен иштөөдө парламентке жетишээрлик мөөнөт керек, анткени аларга коргонуу бюджети, курал-жарактар менен жабдуу, коргонуу жөнүндө чечим чыгаруу, куралдуу күчтөрдү текшерүү сыяктуу маанилүү милдеттерди талдоо жана талкуулоо үчүн мындай убакыт өтө зарыл.
Учур белгилеген басымга туруштук берип, жеңүү үчүн парламенттин жалгыз гана жолу бар, ал – натыйжалуу, алдынала көрүлүүчү, активдүү стратегияны иштеп чыгуу. Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн натыйжалуу, алдынала көрүлүүчү стратегиянын кээ бир бөлүктөрү № 28- топтомдо берилген.

№ 28- топтом

### Коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн өзгөрүүлөргө алдынала көрүлүүчү (профилактикалык) стратегиялар

Парламенттин мүчөлөрүнүн аткарган иш-аракетине көп убакта күндөлүк жаңылыктар үстөмдүк кылат. Андан сырткары алардын саясий күн тартибин көпчүлүк убактарда өкмөт түзөт. Убакыт менен чектөөлөрдү жеңүүнүн натыйжалуу жолу коопсуздук секторуна парламенттик көзөмөл жүргүзүүдө өзгөрүүлөрдүн алдын алуучу стратегияларды иштеп чыгуу болуп саналат. Коопсуздук секторуна байланышкан мындай стратегиялар төмөндөгүлөрдү камтыйт:

**Күн тартибин бекитүү:** Парламенттин мүчөлөрү элдин каалоосун жана муктаждыктарын күн тартибиндеги маселелерге киргизүүгө жасаган аракетин улантуусу керек.

**Акыркы тыянак:** Коопсуздук секторунун жана куралдуу күчтөрдүн акыркы улуттук, эл аралык иш-чаралары жана жыйынтыктары жөнүндөгү маалыматтарды парламентке билдирип туруу зарыл. Мындай иш-чаралар жана жыйынтыктар жөнүндөгү маалыматтарга өкмөттүк каналдар аркылуу гана эмес, өкмөттүк эмес уюмдар жана университеттер, талдоо борборлору аркылуу да жетишсе болот.

**Алынган сабактар:** Парламент коопсуздук секторунун ишине катышкандар аркылуу аткарылган мурунку иш-аракеттерден жана тез-тез болуп туруучу жана түзүмдүк текшерүүлөрдөн сабак алып турууcу зарыл.

**Дайыма болуп туруучу текшерүүлөр:** Парламент өкмөттөн бардык акыркы сунуштарды, чыгарылган тыянактарды жана коопсуздук саясатын текшерүүдөн алынган сабактарды эске алуусун талап кылат.

## Маалымат, жөндөмдүүлүк жана парламенттик штат

Коопсуздук секторундагы натыйжалуу парламенттик көзөмөл парламенттеги адам ресурстарын, ишке жөндөмдүүлүктү жана тажрыйбаны талап кылат. Бирок, парламенттин компетенциясы жана тажрыйбасы өкмөткө жана куралдуу күчтөргө дал келиши өтө сейрек. Көпчүлүк убакта парламентте өтө аз сандагы адистер же эксперттер болот, ал эми өкмөт коргоо министрлигинин кызматкерлерине жана башка коопсуздук сектору менен байланышкан министрликтердин кызматкерлерине таяна алат. Кээ бир парламенттердин, мисалы Аргентина Конгрессинде туруктуу иштеп жаткан аскердик байланыш офиси бар, булар парламент мүчөлөрү жана парламенттик штат аркылуу коргоо жана коопсуздук комитеттерине кеңеш жана сунуш берүүнү камсыз кылышат. Буга кошумчалай кетүүчү нерсе, парламенттин мүчөлөрү парламентте иштөө үчүн чектелген убакытка гана шайланышат, ал эми жарандык штат жана аскер кызматчылары коргоо министрлигинде өмүр бою иштесе болот. Бул жердеги негизги маселе, парламент өзү көз салып турган мекемелерден, б.а. куралдуу күчтөрдөн жана өкмөттөн маалымат алып жана ошол алынган маалыматка таянат. Мындай көрүнүш парламентти өкмөт менен куралдуу күчтөрдүн алдында жагымсыз абалда калтырып, жакшы тыянакка жетишишине тоскоолдук кылат. Ошондой эле бул абалды коопсуздук секторундагы аскердик кызматтын купуя мааниси, өзүнө тиешелүү маданияты, билими жана жашыруун нускамалар курчутуп, анын аткарылышын татаалдаштырат.

№29- топтомдо коопсуздук секторуна байланышкан парламенттин мүчөлөрүнүн ишке жөндөмдүүлүгүн кантип жогорулатуу керектиги жөнүндөгү айрым сунуштар берилген.

**№ 29- топтом**

### Коопсуздук секторуна байланышкан маселелерди чечүүдө парламенттин мүчөлөрүнүн ишке жөндөмдүүлүгүн жогорулатуучу механизмдер жана күндөлүк иш-аракеттер

- Парламенттик коопсуздук жана коргоо комиттетерин парламенттин мүчөлөрүнүн ишке жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана коопсуздук маселелери боюнча даярдыгына көңүл бөлүү менен өз алдынча мекеме катары түзүп чыгуу, парламент бул комитетти жабдуу, кадрларды башкаруу, бюджет жана тынчтык вазийпасы жөнүндөгү маселелер менен иштеген комитетчелерге бөлүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуусу керек.
- Улуттук жана эл аралык семинарларга катышуу, өз билимин өркүндөтүү, коопсуздук кызматынын мекемелерине баруу (жашыруун жана чалгындоо кызматы жөнүндөгү №11-главаны караңыз) жана парламенттин мүчөлөрү үчүн болгон сабактарга катышуу маанилүү экенин эске алуу зарыл. Ошондой эле бул парламент мүчөлөрү үчүн тынчтык вазийпасына катышкан куралдуу күчтөр жайгашкан өлкөлөргө баруу боюнча сабактарга катышууну да өзүнө камтыйт.
- Ар кайсы өлкөлөрдүн парламент мүчөлөрү менен тажрыйба алмашуу жана алар менен эл аралык парламенттик ассамблеянын сессиясынын убагында күндөлүк иш-аракеттер жөнүндө талкуу өткөрүү өтө маанилүү.
- Мыкты даярдыгы бар, жогорку адистик деңгээлдеги парламенттик штатты түзүү;
- Учурга ылайык адистештирилген китепканаларды, маалымат жана документтер боюнча иштөө жана изилдөө борборлорун, анын ичинде электрондук маалымат базасын колдонууну камсыз кылуу.
- Мамлекеттик эмес уюмдардан, тышкы эксперттерден (университеттерден, талдоо борборлорунан) жана кызматтан эс алууга кеткен, отставкадагы аскер адамдарынан кеңеш алуу (жарандык коом жөнүндөгү 6-главаны караңыз).

- ▹ Коопсуздук чөйрөсүндөгү эл аралык жана аймактык макулдашуулардын парламенттин мүчөлөрүнө ратификациялоо үчүн мамлекеттик тилде даярдалып берилишине көзөмөл, жүргүзүү, ошондой эле макулдашууну контролдоп турган мекемелерден түшкөн документтер бар болсо, анда алар менен да камсыз кылуу.
- ▹ Жыл сайын коопсуздук сектору менен байланышкан эки же үч теманы тандап алып, аларды кылдаттык менен изилдөө (мисалы, комитеттер аркылуу)
- ▹ Коопсуздук жана коргоо маселелерине жооп берген баардык саясий партиялардын өкүлдөрүнөн турган (эки палатадан тең турган) парламенттик топ түзүү; мисалы, мындай маселелерди кароо үчүн формалдуу эмес талдоо борбору болуп саясий партиялардын жабык чогулушу же фракциялык жыйналышы саналат.

## Саясий эрк

Парламенттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруу үчүн түзүлгөн укуктук база канчалык кынтыксыз болгону менен, парламент маселелерди чечүү үчүн жетишээрлик ресурстарга жана керектүү тажрыйбага ээ болсо да, буларды толук жетиштүү деп эсептегенге болбойт. Акыркы бөлүм, парламенттин мүчөлөрү өз укуктарына тиешелүү каражаттарды жана механизмдерди колдонуудагы саясий эрки коопсуздук секторунун үстүнөн караган натыйжалуу парламенттик көзөмөл үчүн эң маанилүү шарт болуп саналат.
Коопсуздук кызматын контролдоодо саясий эрктин жоктугу төмөндөгүдөй ар кандай факторлор менен түшүндүрүлөт:

- ✓ Партиялык тартип : башкаруучу партиянын аткаруу бийлигин колдоосу. парламенттин мүчөлөрүнүн кызыкчылыгына жооп бериши, коомчулук аткаруу бийлигин сындай баштагандан кийин кетирген каталарын оңдоосу;

- ✓ Шайлоочулардын кызыгуусу же алардын кызыгуусунун жоктугу: көпчүлүк өлкөлөрдө коомчулук коопсуздук жөнүндөгү маселелерге кызыкпайт. Ошондуктан парламент мүчөлөрүнүн дээрлик көпчүлүгү кийинки мөөнөткө кайра шайлоо кезеги келгенде, коопсуздук маселелерин келечексиз жана ал өзүн актабайт деп эсептешип, аларга убактыларын короткулары келишпейт.

- ✓ Коопсуздукту сактоо максатында парламенттин мүчөлөрү, эгерде алар чалгындоо кызматына караган комитеттин мүчөсү болсо, аларда болгон жашыруун маалыматты ачыкка чыгарбоого мажбур болушат.

Мындай абалдын натыйжасында парламенттин каражаттары жана иш-аракети аткаруу бийлигин жана саясий абалын көзөмөлдөөдө төмөндөйт да, пассивдүү ролду ойноп калат, бирок мындайга күтүүсүз пайда болгон жаңжалдар же өзгөчө кырдаалдар кирбейт. Бирок, ошондой болсо да, аткаруу бийлигинин иш-аракеттеринин жана ой-максаттарынын үстүнөн кылдат көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу бардык парламенттин мүчөлөрүнүн маанилүү тапшырмасы жана конституциялык милдети болуп саналат.

4- глава

# Парламенттик механизмдерди коопсуздук секторунда колдонуу

Укуктук тутумдардын баардыгы контролдоо саясатын жүргүзүү үчүн парламентке ар түрдүү каражаттардын жардамы менен маалымат алууга шарт түзөт, бул администрацияны контролдоодо, ар бир жарандын укугун коргоодо, адилетсиздикке жана зордук-зомбулукка каршы алардын бетин ачып күрөшүүдө колдонулат. Ошондой эле алар конституциялык жана укуктук каражаттарга жана механизмдерге толуктоо үчүн формалдуу эмес иш -аракеттердин усулун өнүктүрүүгө жардам берет.

Өкмөттөн маалымат алуунун төмөндөгүдөй мыйзамдуу үч мүмкүнчүлүгү колдонулат:

- ✓ Парламенттик талкуулоолор;
- ✓ Парламенттик суроо-жооптор жана суроо-талаптар;
- ✓ Парламенттик иликтөөлөр.

## Коопсуздук маселелери боюнча парламенттик талкуулоолор

Коопсуздук маселеси жөнүндөгү парламенттик талкуулоолор пикир алмашуу, өкмөттүн алдыга койгон максаты жана башка фактылар тууралу негизги маалыматтарды топтоону камсыз кылууга чоң мүмкүнчүлүк берет. Жалпылап айтканда, коопсуздук саясаты жана башка маселелер боюнча парламенттик талкуулоолор төмөндөгү беш абалды камтыйт:

- ✓ Аткаруу бийлиги даярдаган бир жылдык коргоо бюджети боюнча берилген сунуштар менен иштөө;
- ✓ Коргоо министри же тышкы иштер министри сыяктуу тиешелүү министрликтер берген расмий жана расмий эмес отчетторду жана билдирүүлөрдү талкуулоо;
- ✓ Улуттук коргоо боюнча расмий документти же буга байланышкан башка негизги документтер жөнүндө билдирүү жасоо;
- ✓ Шайлоо өткөндөн кийинки өкмөттүк программаларды жарыялоо;
- ✓ Парламенттик талкуулоону талап кылуучу атайын маселелерди чечүү, мисалы жаңжалдарды, кырсыктарды, коопсуздук секторунун башка көйгөйлүү маселелерин;

№ 30-топтом

### Аткаруу бийлигине көзөмөл жүргүзүү үчүн парламенттик механизмдин жана жол-жоболордун жалпы мүнөздөмөсү

Жалпы талкуулоолор

Айрым өлкөлөрдө конституциянын жоболору аткаруу бийлигинин өз убактысы менен парламентке аткарган иши жөнүндө отчет берип туруусун талап кылат.(...) Көпчүлүк өлкөлөрдө жалпы саясат жөнүндөгү маселелер өз убактысы менен изилденип турууга милдеттүү эмес. Мындай маселелерди парламент мүчөлөрү өздөрү көтөрүп чыкпаса, талкуулоого атайын коюлбайт. (...)

▹ Суроо-талап.

Суроо-талап – бул, маалымат алуу үчүн жана классикалык парламенттик тутумда көзөмөлдү ишке ашыруу үчүн колдонулуучу негизги жол-жоболордун бири. Суроо-талап жалпы саясат жөнүндө алардын департаменти кандай иштерди жасаганын тактоо максатында министрге же

өкмөт башчысына даректелет. Суроо-талаптын эки негизги мүнөздөмөсү бар: биринчиден, ал жалпы талкуулоого дем берет; экинчиден, ал саясий санкциянын аткарылышын карайт, себеби бул талкуулоолор өкмөт берген түшүндүрмөлөргө парламенттин жооп берүүсү, өз оюн билдирүүсү жана каршы же макул болгон добуш берүүсү менен аяктайт. Суроо-талап абдан натыйжалуу жол-жобо, себеби мында министрлердин жоопкерчилиги каралып турат. Бул жөн эле маалымат алуунун гана жолу эмес, түздөн-түз көзөмөлдөөнүн формасы болуп саналат.(...)

▹ Сунуштардын мөөнөтүн узартуу

Британия тутумунда суроо-талаптын жол-жоболору белгисиз, бирок ал сунуштардын мөөнөтүн узартуудан айырмаланып турат. Сунуштардын мөөнөтүн узартуу (парламенттик каникулдун) же тыныгуунун башталышында киргизилсе, өкмөткө көптөгөн маселелерди көтөрүп чыкканга мүмкүнчүлүк берет, бирок бул жерде добуш берүүгө болбойт. (...)

▹ Суроолор

Суроолорду берүү жолунун максаты (...) администрациядан айкын маалымат топтоо, алардын кийлигишүүсүн талап кылуу жана керек учурда зордук-зомбулуктун бетин ачуу жана аны чечүүнүн жолун издөө. Ошондой эле бул –мыйзамга байланышкан татаалдашкан маселелерди жана парламенттин алдына коюлган уставдын ыкмаларын парламенттин мүчөлөрүнүн түшүнүүсү үчүн кеңири маалымат топтоо жана фактыларды жыйноо үчүн колдонулат (...) . Бул жол-жобо өкмөттүн иш-аракетиндеги алсыз жактарды табуу жана аларды жарыялоо менен администрациянын иштөөсүнө пайдалуу натыйжа берүү максатында атайын усулдарды камсыз кылат. (...) Бул жол-жобонун белгилүү болушу- парламенттин мүчөсү суроолорду берүү укугун колдонуунун негизинде ал эркин ишмер экени менен да түшүндүрүлөт. (...)

▹ Териштирүү комитеттери: №32- топтомду караңыз.

*Маалымат булагы: Парламент. Мичел Амеллер, Парламенттер аралык Бирлик, 1966-жыл*

## Парламенттик суроолор жана коопсуздукка байланышкан суроо-талаптар

Жазуу же оозеки түрүндөгү суроолорду берүү парламенттин иштешинин бир бөлүгүн түзөт жана өкмөттүн ишин көзөмөлдөө үчүн парламенттин кеңири колдонуучу жол-жобосу болуп саналат.

Суроолор коопсуздук секторун көзөмөлдөөдө башкы ролду ойноо менен натыйжалуу таасир тийгизиши мүмкүн. Парламенттин мүчөлөрүнүн коопсуздукка тиешелүү бере турган суроолору төмөндөгүлөр:

- ✓ Парламенттин мүчөлөрүн коопсуздук секторуна тиешелүү өкмөттүн саясаты, коопсуздук чөйрөсү, ошондой эле жалпы коопсуздук маселелери жөнүндө өз убагында так маалымат алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу.

- ✓ Парламент кабыл алган коопсуздукка байланышкан мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүдө парламентке жардам берүү.

- ✓ Коомчулуктун коопсуздук жана коргоо маселелелерине көңүл буруусуна жардам берүүчү иш-аракеттерди, эгерде суроолор оозеки түрүндө болсо жана жооп берүү радио уктуруу же телекөрсөтүү аркылуу берилсе же башка жолдор менен чагылдырса, алар парламенттик угууларда жана улуттук расмий бюллетенде белгилениши керек (тактап айтканда парламенттик маалымат кызматы суроолор менен гана чектелбейт: бул суроолор кеңири аудиторияга арналган, анын ичинде массалык маалымат каражаттарын, мамлекеттик эмес бирикмелерди жана коомчулукту маалымат менен камсыз кылууга багытталган)

- ✓ Өкмөттүн коопсуздук маселелери боюнча күн тартибинин өзгөрүлүшүнө же башка багыт алышына чоң таасир тийгизет;

- ✓ Оппозициянын мүчөлөрүнө аларды кызыктырган же ушул мезгилге чейинки алар канааттандыраарлык жооп ала албаган коопсуздукка тиешелүү суроолорду берүүгө уруксат берүү.
- ✓ Коопсуздук сектору боюнча парламенттик суроолор негизинен татаал жана жашыруун болуп саналат. Парламенттик суроолорго жооп берүү милдети түздөн-түз жүктөлгөн министирлер көп учурда өз ишин аткарганга анчалык көңүлдөрү келишпейт. Мындай көңүлкоштук коопсуздук секторунун ишине мүнөздүү болгон купуялуулук жагдайы менен түшүндүрүлөт. Талапка ылайык улуттук коопсуздукка байланышкан иш-кагаздар жана документтер жашыруун болгондуктан, алар көп убакта парламент мүчөлөрүнө да, коомчулукка да жашыруун болуп саналат.

№ 31- топтом

## Сурап - билүүлөрду натыйжалуу өткөрүү боюнча кеңештер

- ▹ **Даярдануу:** Эгерде суроолор коопсуздук секторуна, айрыкча техникалык маселелерге тиешелүү болсо аларды даярдыксыз алып чыгуу кыйын. Ошондой эле аскер кызматчылары (же аскердик тажрыйбасы бар адамдар) менен формалдуу эмес байланышуунун пайдасы чоң болушу мүмкүн.
- ▹ **Ачык, так жана маанилүү тил байланышы:** суроолорду берүү ачык болбосо жана так жыйынтыктоо жок болсо, кандайдыр бир түшүнбөстүккө же канаттанбоочулукка алып келип, министрликтер тараптан толук эмес же туура эмес жооп алууга мүмкүн.
- ▹ **Мезгилди тандоо:** Суроо пайда болгон убакта, анын натыйжалуу, таасирдүү жана ачык болуусу үчүн убакытты туура тандоо абдан маанилүү.

Бирок аткаруу бийлиги мыйзам менен чектелген. Мындан тышкары, документтерди териштирүүдө, аларды ар түрдүү топко бөлүштүрүүнүн жол-жобосу ачык түрдө жүргүзүлүшү керек, башкача айтканда кандай документ жашыруун топко которулат, кандай мөөнөткө чейин алар жашыруундук абалда болот, жашыруун абалга которуунун жана ачыкка чыгаруунун шарттары, андай чечим кабыл алууга ким жооптуу, ушунун баары тактальшы зарыл.

Кайсы мекемеге берилери аныкталгандан кийин, парламенттик суроолордун натыйжалуулугуна төмөндөгү факторлор таасирин тийгизет:

- ✓ Парламенттин мүчөлөрүнө, эгерде аларды жооп канааттандырбаса же андан ары тактоо зарыл болсо ар дайым кошумча суроолорду берүү мүмкүнчүлүгүнө жетишүүгө;

- ✓ Парламенттин мүчөлөрүнө мурда берилген суроолор боюнча талкуулоолорду уюштуруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө;

- ✓ Парламенттин мүчөлөрүнүн каалоосу менен жол-жободо каралган суроо берүүнү колдонуу мүмкүнчүлүгүн пайдаланууга;

- ✓ Коомчулукка парламенттик суроо берүү мезгилинде катышуу же алардын жүрүшү менен радио уктуруу же телекөрсөтүүлөр аркылуу таанышууга;

- ✓ Коомчулукка болуп жаткан талкуулоолорду жеткирүү жана берилген суроолор менен документтеги жооптордун жарыяланышын камсыз кылууга.

# Коопсуздук маселелери боюнча парламенттик атайын териштирүүлөр

Мыйзам чыгаруу процессинен башка парламенттик комитеттер өкмөттүн саясатына натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүгө да катышышат. Өкмөттүн иш-аракетин көзөмөлдөө комитеттерге убактылуу маалыматтык тапшырма берүү аркылуу аткарылат жана бул ишке көп комитеттер катышышат, ошондой эле адатта алардын маалыматтык отчеттору жарыяланып

турат. Парламенттик атайын териштирүүлөр соттук кароо аркылуу бийлигин да колдонууга тийиш.

## Териштирүүнү жүргүзүүдө комитеттердин негизги артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү

- ✓ Коопсуздук жана коргоо маселелерине тийиштүү териштирүү тапшырмасы жүктөлгөн атайын комитеттердин өзгөчө мааниси бар жана алардын артыкчылыктары абдан көп. Аларга негизинен төмөндөгүлөр кирет:

- ✓ Позитивдүү саясий белги катары жалпы элдин, алардын түзүлүшүнө карата көз карашы түз болушу;

- ✓ Коопсуздук секторуна тийиштүү саясий жашыруун же татаалдашкан маселелерди майда-баратына чейин текшерүүгө туура келүүчү каражаттардын болушу;

- ✓ Коопсуздук секторунун өзгөчө көйгөйлүү маселелери боюнча өкмөттүн саясатын так баалоого уруксат берет жана өз кезегинде жалпы парламент жана өкмөт тарабынан кабыл алынуучу түзөтүүлөргө же иштин багытын өзгөртүүгө сунуш бериши.

№ 32- топтом

### Парламенттик териштирүү жүргүзүүчү комитеттердин негизги өзгөчөлүктөрү

«(...) Териштирүү жүргүзүүчү комитеттерди өзгөчө маселелерди изилдеп табуу үчүн колдонушат. Ушул максат менен парламент өзүнүн көптөгөн комитеттерине тиешелүү көзөмөлдү жүргүзүү үчүн керектүү маалыматтарды топтоону жүктөйт, аларга зарыл учурда аткарган иштери боюнча отчет жазууну тапшырат жана ал отчеттун негизинде парламенттик талкуулоо өткөрүлүп, чечим чыгарылат.
Аткаруу бийлиги катышкан иштер жөнүндө парламентке толугу менен билдирилиш керек деген принциптин негизинде териштирүүнү баштоо укугуна ээ болот (...).
Айрым өлкөлөрдө териштирүүнү жүргүзүүчү комитеттерге иликтөө ишин тапшыруу оңойго турбайт.
Көп убактарда бул комитеттерде соттук тергөө процесстерине катышуудан сырткары адамдарды жыйналышка мажбурлап чакырууга бийлиги болбойт. Бул өкмөттүк мекемелердин кийлигишүүсүн талап кылып, иштин жай өтүшүнө себеп болот жана териштирүүнүн жыйынтыгын кечеңдетет. (...) Парламенттик териштирүүнүн эң жакшы жолу – далилдерди берүүдө адамдардын ант берүүсү.(...)

Териштирүү комитеттерине жарандык кызматкерлер берген фактылар жана далилдер өзгөчө көйгөйлүү маселени пайда кылат, анткени алар өздөрүнө тиешелүү министрликке баш ийет. Өкмөт алардын парламент мүчөлөрүнүн суроолоруна жооп бербөөсүнө канчалык деңгээлде буйрук бере алат? (...) Кээ бир өлкөлөрдө фактыларды берүү үчүн департаменттин макулдугу талап кылынат; бирок бул маалымат «коомдук коопсуздукка зыяндуу болуп, коркунуч келтирүүчү же коомдук иш-аракетти аткарууда кыйынчылык түзүүчү» катары далилденмейинче, ал маалыматка уруксат берилбейт. Белгилей кетүүчү нерсе, териштирүү жүргүзүүчү комитет кандай гана тутумда болбосун, ал иликтөө жүргүзүүчү жана маалымат топтоочу орган катары гана болот, алардын негизги аткарган кызматы өкмөткө өз иши жөнүндө отчет берүү болуп саналат. Териштирүүнүн жыйынтыгында керектүү тыянак чыгаруу жана маалымат алуу өкмөт үчүн дайыма маанилүү иш болуп саналат(...).

*Маалымат булагы: Парламент. Мичел Амеллер, Парламенттер аралык Бирлик, 1966-жыл.*

Териштирүү жүргүзүүчү комитеттердин дагы башка маанилүү өзгөчөлүгү - алардын түзүмү. Парламенттик көпчүлүккө карата түзүлгөн оппозициянын бирдей санда болушу же алардын теңдештиги териштирүүнүн жыйынтыгы үчүн чоң мааниге ээ.

Териштирүү бийлигин жүргүзүү ар бир парламентте жана ар бир комитетте ар түрдүү болуп бири-биринен айырамаланып турат. Негизги аткарылуучу милдет төмөндөгүлөр:

- ✓ Парламенттик териштирүүнүн темасын жана масштабын тандоо;
- ✓ Аскердик базаларга жана башка коопсуздук кызматынынын аймактарына баруу (17-глава);
- ✓ Президенттик, өкмөттүк администрациядан, жалпы штаттык кызматкерлерден жашыруун жана өтө жашыруун документтер менен бирге бардык башка керектүү маалыматтарды топтоо;
- ✓ Президенттик, өкмөттүк администрациядан же аскердик, ошондой эле жарандык коомчулуктан ант берүү менен маалымат алуу.
- ✓ Коомдук же жабык өтүүчү талкууларды уюштуруу;

Канадалык аскерлерди Сомалиге жайгаштыруудагы жүргүзүлгөн териштирүү эң жакшы мисал боло алат (№33-топтомду караңыз).

№ 33- топтом

**Канадалык аскерлерди Сомалиге жайгаштыруудагы жүргүзүлгөн териштирүү: коопсуздук маселелери жөнүндөгү парламенттик отчеттун коомдук таасир тийгизүүсүнө түшүндүрмө.**

Канадалык аскерлерди Сомалиге жайгаштыруу мезгилинде канадалыктардын тынчын алып, кооптондурган окуялар болуп өттү. Белет Хуанда алтын табуу максатында мыйзамсыз иштеген жумушчуларды атышы, 2-Канадалык аба-десанттык полкундагы аскерлердин кароосундагы өспүрүм баланы сабап өлтүрүүсү, канадалык бир аскердин өзүн-өзү өлтүрүүгө жасаган ачык аракети, ошондой эле вазийпа аяктагандан кийин маалыматтарды жашыруу же бурмалоо сыяктуу далалаттар жасалган. 2-Канадалык аба-десанттык полкундагы аскерлер тарабынан жасалган өтө терс көрүнүштөр жөнүндө тартылган тасма жалпы коомчулукка көрсөтүлгөн. Болуп өткөн окуяларга карата жүргүзүлгөн аскердик тергөө канадалык жоопкерчиликтин стандартына жооп бербегендиктен, бул өкмөт тарабынан канаатандыраарлык эмес деп табылып, канадалык парламент тергөө жүргүзүү жөнүндөгү мыйзамдын негизинде коомдук ачык териштирүүнү баштаган.

**Масштаб жана бийлик** – Тергөө жөнүндөгү мыйзам күбөлөрдү сотко чакырууга, маалымат берүүгө катышууга, кеңеш берүүчү адистерди жана эксперттерди ишке алууга жана далилдердин деңгээлин баалоого ыйгарым укуктарды берет. Күбөлөрдөн мажбурлоо менен маалымат алуу Сомалиде жана улуттук коргоо штабында кандай окуя болгонун билүүдө жалгыз гана механизм болгон. Тергөөнүн ачык жыйналышында бүткүл Канадага берилүүчү телекөрсөтүү аркылуу 116га жакын күбө маалымат беришкен. Тергөө жүргүзүүнүн масштабы Сомалидеги окуялар менен гана чектелбестен, башкаруу тутумунун алмашышы, тартип, Канада Куралдуу Күчтөрүнүн иш-аракеттери жана Улуттук Коопсуздук Департаментинин чечимдери сыяктуу элементтерди да караган. Бул, ишти алып баруунун экинчи бөлүгүндө Комиссия мүчөлөрүнөн аскерлерди жайгаштырууга чейинки убакытка, иш-аракет жүрүп жатканда жана Сомалидеги согуштук иш-аракеттер аяктаган убактарга көңүл буруунун талап кылган.

**Сот процесси эмес** – Тергөө жүргүзүү сот процессине айланган жок, бирок талкуулоолор жана парламенттик угуулар окуянын баштапкы себептерин, берилген жоопторду талдоо, кээ бир адамдарды сотко чакыруу жана мурда соттолгон адамдардын тыянактарын камтыйт. Тергөө жүргүзүүнүн башында Улуттук коргоо Департаментин жана Канада Куралдуу Күчтөрүн уюштуруу жана башкаруу тутумуна байланышкан баштапкы жана түзүмдүк маселелерге көп көңүл бурулган, ал эми ушул мекемелерде иштеген жеке адамдар көп убакта көз жаздымда калышкан. Бирок, тергөө убагында аскердик башкаруу тутумундагы инсандардын иш-аракеттерин териштирүү жана алар өз кызмат ордун кандай пайдалангандыгын текшерүү дайыма талап кылынган.

**Жыйынтыктар** – Эки жылдык иштин жыйынтыгы көлөмдүү отчет болду, бул отчет төмөнкү суроолорду камтыйт: Сомали вазийпасын аткаруудагы Улуттук Коргоо Департаменти жана Канада Куралдуу Күчтөрүнүн уюштурулушу жана түзүмү; Канада Куралдуу күчтөрүндөгү

башкаруунун мааниси; аскердик маданиятты жана этиканы талкуулоо; Канададагы жарандар менен аскер адамдарынын ортосундагы мамиле, ж.б. Бул отчет Канада өкмөтүнүн жана Куралдуу Күчтөрүнүн иш-аракеттерине жана саясатына тиешелүү көптөгөн сунуштар менен аяктаган. Ушул сунуштардын, сунуштоолордун көпчүлүгү ушул тапта жүзөгө ашуунун үстүндө турат.

*Маалымат булагы: Профессор, Доктор Донна Уинслоу, Канада Парламенттик Териштирүү жүргүзүү комитетинин Техникалык кеңешчиси, 1996-жыл.*

15- глава

# Коргоо же коопсуздук боюнча парламенттик комитеттер

Татаалдашкан коопсуздук сектору үчүн парламенттин аткаруу бийлигине басым жасоосу чыныгы таасир көрсөтүү жакшы деңгээлде экенинен кабар берет. Коопсуздук секторуна болгон парламенттик көзөмөл бир эле комитет аркылуу эмес, ар кайсы парламенттерде ар түрдүү аталган көптөгөн комитеттер аркылуу жүргүзүлөт (кээде алардын мандаттары биригиши мүмкүн).
Алардын ичинен төмөндөгү комитеттер – убактысы менен биргелешкен сессияларды өткөрүп туруу үчүн чакырылат:

- ✓ **Коргоо боюнча комитети** ( кээде куралдуу күчтөр же улуттук коргоо комитети, коопсуздук комитети же коопсуздук карамагына кирген тышкы иштер комитеттери деп аталышы мүмкүн), негизинен вазийпалар, уюмдар, штаттык кызматкерлер, алардын иш-аракеттери ошондой эле куралдуу күчтөрдү каржылоо, аскерге чакыруу, жабдуу сыяктуу коопсуздук секторуна тиешелүү маселелер менен иш жүргүзүшөт.

- ✓ **Тышкы иштер боюнча комитети** төмөндөгүдөй чечимдерди кабыл алат: тынчтык вазийпаларына катышуу, өз аймагына тынчтыкты коргоочулардын жүрүшүнө макулдук берүү, ошондой эле эл аралык коопсуздук боюнча чечимдер, эл аралык / аймактык уюмдар, келишимдер жана макулдашуулар боюнча иштешет.

- ✓ **Бюджеттик комитет же финансы комитети,** коопсуздук секторундагы уюмдардын бюджетин акырына чейин аныктайт: улуттук бюджет боюнча аудиторлордун отчетун текшерет, анын ичинде коргоо бюджети боюнча да иштешет;

- ✓ **Чалгындоо кызматы жана чалгындоо иштери боюнча комитети** (же комитетче), -булар көбүнчө жабык эшиктин артындагы жолугушууларда иштешет;

- ✓ **Өнөр жай жана соода кызматташтыгы боюнча комитети** курал-жарак менен жабдуу, аларды сатуу ( ордун толуктоо жана компенсациялоо) жана жеткирүү боюнча маселелерде эң маанилүү болуп саналат;

- ✓ **Илим жана техника боюнча комитети** аскердик чөйрөдөгү изилдөөлөрдү жана илимий жетишкендиктерди өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзөт.

- ✓ **Ички иштер комитетинин** карамагына полиция, чегара аскерлери жана башка аскерлешкен уюмдар кирет.

## Бийлик жана каражаттар

Парламенттик комитеттердин атайын маалымат булактарынан далилдерди кабыл алуу жана топтоо жагы кыйла өзгөрдү. Айрым парламенттик комитеттер, мисалы Британиянын Жамааттар Палатасынын туруктуу атайын комитети далилдерди өздөрү топтошпойт, ал эми башка комитеттер, мисалы АКШнын Конгресси башка булактардан (ант берүү менен) далилдерди топтоп чектелбеген ыйгарым укуктары бар.

Айрым мыйзам чыгаруу демилгеси бар комитеттерге жаңы мыйзам долбоорлорун кабыл алууга, мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө ыйгарым укук берилсе, калган комитеттерге мыйзам долбоорлорун даярдоого катышпастан, аткаруу бийлигинин иш-аракеттерин жана бюджеттик каражаттардын жумшалышын текшерүүгө гана ыйгарым укуктар берилген.

Комитеттердин бийлик укуктарынын жана тажрыйбасынын деңгээли алардын мандатынын аткарылышынын натыйжалуу болуусуна чоң роль ойнойт: б.а. алардын штаттык саны,

кесиптик даярдыгы, кызматкерлердин туруктуу иштөөсү, комитеттин иштөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатат да (парламенттеги иликтөө иши) жана анын иш маңызын, жалпы адистик чеберчилигин, жеке маалыматтык базага уруксат алуунун жана башка маанилүү документтерди суратуунун, (аны топтоо жана кайра иштеп чыгуу); эксперттерди чакыруу, угууларды өткөрүү жана териштирүү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.
(Толук маалымат алуу үчүн парламенттик механизмдер жана каражаттар жөнүндөгү 14-главаны караңыз).

№ 34- топтом

## Коргоо жана коопсуздук маселелер боюнча парламенттик комитеттин негизги аткаруучу кызматы

### Коопсуздук саясаты

- Коргоо министрлиги тарабынан берилген баардык башкы демилгелерди талдоо жана текшерүү;
- Коргоо министрлиги саясий жоопкерчилик боюнча кандай милдет аткарып жаткандыгын убагы менен текшерүү;
- Парламентке кандай каражаттар менен маалымат алынып жаткандыгын жана коргоо министрлигинин маалымат мыйзамынын эркиндигин кандай сактап жаткандыгына кылдаттык менен байкоо жүргүзүү;
- Аскер кызматчыларынын жана коопсуздук секторунда иштеген жарандык чөйрөнүн арыздарын жана суроо-талаптарын карап чыгуу.

### Мыйзамдар

- Өкмөт сунуш кылган жана карап чыгууга берген ар бир мыйзам долбоору боюнча иш жүргүзүү жана отчет берүү;
- Коргоо министрлигинин жоопкерчилигиндеги эл аралык жана аймактык келишимдерди жана макулдашууларды карап чыгуу;
- Министр менен бирдикте керектүү жаңы мыйзамдарды түзүү же мурдагы мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүнү сунуш кылуу жана аларды иштеп чыгууга демилге көтөрүү.

### Чыгымдар

- Коргоо министрлигинин жылдык чыгымдарын, сарптоосун жана негизги сметасын текшерүү жана отчет берүү;
- Коргоо министри берген ар бир кошумча сарптоо жөнүндө маселени карап чыгуу жана ал дагы карала турган болсо кайрадан парламентке отчет берүү;
- Башка компетентүү бийлик тутумуна керек учурда аудит (ревизия) өткөрүүнү тапшыруу.

### Башкаруу жана администрация

- Аткаруу бийлиги тарабынан дайындалуучу ар бир башкы кызмат ордун карап чыгуу жана эгерде керек болсо, ал жөнүндө маалыматтарды топтоп, отчет берүү (аскер кызматчыларынын башкы башкаруучулары, жогорку кызматтагы жарандар );
- Коргонуу секторунун ички уюштурулушун карап чыгуу, парламентке караштуу тышкы мекемелердин (акыйкатчы) жардамы аркылуу жүзөгө ашыруу, эл өкүлдөрүнүн көңүлүн жасалып жаткан туура эмес иш-аракеттерге буруу.

*Маалымат булагы: Парламенттик көзөмөл боюнча Коомдук Комиссиянын расмий отчетунун негизинде алынды, Улуу Британия, 2001-жыл.*

Төмөндө Норвегия Парламентинин иштеп жаткан усулдары жөнүндөгү №35- топтом мисал катары алынды.

№35- топтом

## Тышкы иштер боюнча комитетинин жана Стортингдин (Норвегия парламентинин) коопсуздугу боюнча комитетинин биргелешкен сессиялары

Тышкы иштер боюнча Либералдуу Комитеттин негизги милдети Өкмөт менен тышкы, соода саясаты жана саясий маселелер боюнча улуттук коопсуздукка тиешелүү талкуу жүргүзүү болуп саналат. Бул талкуулоолор маанилүү чечимдер чыгарылганга чейин жүргүзүлүш керек. Өзгөчө учурларда Либералдуу Комитет парламентке өзүнүн сунуштоолорун жибере алат.

Либералдуу Комитетти Тышкы иштер боюнча туруктуу Комитеттин мүчөлөрү, Стортингдин Президенти жана Вице-президенти (эгерде алар ошол учурда мүчө эмес болсо), Коргоо боюнча туруктуу Комитеттин Төрагасы жана Шайлоо Комитети тарабынан көрсөтүлгөн он бирден ашпаган мүчөлөрү түзөт. Дайындоо аяктагандан кийин партиялык топтордун өкүлдөрүнүн саны теңдештик принцибинде эсепке алынуусу зарыл.

Ушул эле принциптин негизинде Шайлоо Комитети кандай гана шарт болбосун, алар кеткенден кийин да, чакырыла турган депутаттарды дайындайт.

Комитет төраганын чечими менен керек учурда чогулат же Премьер-министрдин, Тышкы иштер министринин же Комитеттин үчтөн бир бөлүгүнүн сунушу менен чакырылат.

Либералдуу Комитеттин аткарган иши айрым бир өзгөчө учурлардан башка убакта жашыруун болууга тийиш. Бул ушул Комитет менен башка комитеттердин биргелешкен чогулуштарына да тиешелүү. Төраганын чечими боюнча керек учурларда Комитеттин чогулушуна чакыруу да жашыруун болот.

Тышкы иштер боюнча Либералдуу Комитеттин жыйналышынын күн тартибиндеги маселелер парламенттик жыйналыш өткөнгө чейин, комитеттин алтыдан кем эмес мүчөсүнүн сунушу менен чечилип, күн тартибине коюлушу керек. Комитет Стортинг (парламент) көрсөткөн баардык шарт сакталгандыгын жана ал жөнүндө Президиумга билдирүү жасалгандыгын карап чыгуусу зарыл. Стортинг (Парламент) жыйналышты ачык же жабык формада өткөрүү керек экендигин өздөрү жашыруун добуш берүү менен чечишет. Стортингдин пикири өкмөттүн мүчөлөрүнө расмий отчетто билдирилет. Бул маселелер боюнча талкуулоолор отчеттон кийин дароо жүргүзүлөт же Стортингдин чечими жөнүндөгү кийинки жыйналышка коюлат. Башка сунуштар комитеттер аркылуу каралбашы мүмкүн.

*Маалымат булагы: Норвегия Парламентинин жол-жоболорунун эрежесинин 13- бөлүгү,*

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз кандай иш аткарасыз

**Сиз иштеген парламентте же палатада коргоо маселелери боюнча комитетке тиешелүү милдеттер:**

- Комитеттин жана алардын комитетчелери бар болсо, алардын да мандатын тактап билиш үчүн төмөндөгүлөрдү кайра карап чыгуу талап кылынат:
  - алардын так аныкталгандыгы;
  - алар комитетке баардык милдеттерди камтыганга мүмкүндүк бергендиги;
  - алар коопсуздукка байланышкан тышкы иштер, аба жана суу жолдорунун коопсуздугу, өндүрүш, энергетика ж.б. ушул сыяктуу коопсуздук саясаты менен жана башка министрлик аткарган кызматтардын саясаты менен макулдашылгандыгы;

**Парламенттик комитеттин натыйжалуу иши**

- Сиз иштеген парламентте же палатадагы компетенттүү комитеттер жана комитетчелер мыйзам жана башка №34-топтомдо баяндалган иш жүзүндөгү механизмдер менен камсыз болгонун аныктаңыз;
- Бюджет, жабдуу, кадрлар маселеси жана тынчтык боюнча вазийпалар сыяктуу коргоонун атайын тармактарына комитетчелердин түзүлгөндүгүн карап чыгыңыз;
- Коопсуздук секторунун маалымат саясатына мыйзам чыгаруу демилгесин бериңиз жана атайын коргоого жумшалган чыгымдарга байланышкан процессти текшериңиз;
- Комитеттин тийиштүү деңгээлдеги ресурстары жана эксперттерден кеңеш алуу мумкүнчүлүктөрү бар экендигин тактаңыз;
- Коопсуздук секторунун парламенттик көзөмөлү үчүн топтолгон эл аралык мыкты тажрыйбаны талдап жана текшерип чыгыңыз.

16- глава

# Акыйкатчы (Омбудсмен)

Коопсуздук секторун көзөмөлдөөчү көз карандысыз мекемелердин ичинен Акыйкатчы өзгөчө орунда турат. Көптөгөн өлкөлөрдө Акыйкатчынын жалпы милдети бар жана ал администрациянын туура эмес иш-аракетине байланышкан жалпы көйгөйлүү маселелер менен иштейт. Кээ бир өлкөлөрдө ушундай эле кызматты Комиссия же Коомдук Арыздар менен иштөө Комитети (Нигерияда) аткарат. Башка өлкөлөрдө Акыйкатчынын кызматы куралдуу күчтөр менен байланышкан.

№ 36- топтом

## Акыйкатчы

«(…) Акыйкатчы коомдук администрациянын аткарган кызматына, кетирген кемчиликтерине жана кабыл алган чечимдерине карата коомчулуктан келген арыздар менен иштейт. Бул кызматты парламент шайлайт же мамлекет башчысы же өкмөт башчысы парламент менен кеңешкенден кийин дайындайт. Акыйкатчынын ролу зордук-зомбулукка каршы элдин укуктарын коргоо, бийлигин ашкере колдонуусуна, кемчиликтерге, шалакылыкка, адилетсиз чечимдерге, коомдук администрацияны жакшыртуу максатында уюшулган туура эмес башкарууларга каршы күрөшүү болуп саналат жана ал өкмөттүн иш-аракетин ачык, жалпы элге белгилүү кылууга, өкмөттүн жана анын кызматкерлеринин эл алдындагы жоопкерчилигин сезип иштөөсүнө таасир берүү менен иш алып барат. Акыйкатчынын кызмат орду өлкөнүн Конституциясында бекитилет жана мыйзам аркылуу колдоого алынат же мыйзамдык актынын негизинде түзүлөт.

Адам укугун коргоого карата акыйкатчынын төмөндөгүдөй ыйгарым укуктары бар:

1) өкмөттүн аппараты мыйзамга каршы же адилетсиздик менен иштеп жаткандыгына байланыштуу териштирүү жүргүзүүгө;
2) эгерде обьективдүү териштирүүдөн кийин өкмөттүн туура эмес иш-аракеттери аныкталса, аппарат тарабынан жасалган терс көрүнүштөрдү жок кылуу жөнүндө сунуш (буйрук, тескеме) жасоого;
3) өзгөчө учурларда өз иш-аракети жөнүндө өкмөткө жана даттануучуга билдирүү жасоого, эгерде берилген сунуштоолор өкмөт аркылуу кабыл алынбаса укуктук органдарга кайрылууга. Акыйкатчылардын көпчүлүгү укук коргоо органдарына жана жалпы коомчулукка жыл сайын отчет берип турушат.

Адатта акыйкатчынын өкмөт менен байланышкан маселелери жөнүндө чечим чыгарууга ыйгарым укугу болбойт. Андан көрө Акыйкатчы өзгөртүү үчүн сунуштоолорду берет (…). Жалпысынан алганда, Акыйкатчынын коомдук секторундагы өкмөттүк уюмдардын көпчүлүгүнө жүргүзө турган жалпы юрисдикциясы бар. Кээде бул тармакка укук коргоо органдары, полиция, куралдуу күчтөр кирет, ал эми айрым өлкөлөрдө булардын бир же бир канчасы кыскартылган.

*Маалымат булагы: Акыйкатчынын Эл аралык Институтунун Маалымат Буклети, htth://www.law.ualberta.ca/centres/ioi/*
*Караңыз: Адам укугу боюнча БУУнун жогорку Комиссиясынын кызматы, №19-бет, Адам укугун Коргоо жана Колдоо үчүн Улуттук Институттар.*

## Акыйкатчы коргоо кызматында

Коргоо кызматындагы Акыйкатчы өз алдынча орган катары ар кайсы мыйзамдарда ар кандай аттар менен жазылат, мисалы Финляндияда, Норвегияда,Португалияда жана Германияда

Коргоо кызматындагы Акыйкатчы деп аталат, Израилде Куралдуу Күчтөрдөгү аскерлердин арыздары боюнча иштеген Комиссия, Канадада Улуттук Коргоо Департаментинин жана Канада Куралдуу Күчтөрүнүн Акыйкатчысы, Австралияда Австралия Коргоо күчтөрүнүн Акыйкатчысы деген аттар менен белгилүү.

№ 37- топтом

## Айрым өлкөлөрдөгү коргоо акыйкатчысы жөнүндө маалымат

| Өлкө | Компетенциясы | Аткарган кызматы | Саясий бийликтерге карата ээлеген орду жана отчет берүүсү |
|---|---|---|---|
| Австралия | Коргоо күчтөрүнүн акыйкатчысы, министрдик (өкмөттүк) чечим менен дайындалат | Австралия Коргоо күчтөрүнүн башкаруусундагы кетирилген кемчиликтерди карайт | Парламенттин көрсөтмөсү менен жылдык отчетту министрлерге берет |
| Канада | Коргоо акыйкатчысы, министрдик (өкмөттүк) чечим менен дайындалат | Улуттук Коргоо Департаментинин кызматчыларынын жана Канада Куралдуу Күчтөрүндөгү адам укуктарын коргойт | Улуттук Коргоо Департаментине жана Канада Куралдуу Күчтөрүнө өзгөчө учурларда отчет берет. Министрге жылдык отчет берүү Нейтралдуу жана обьективдүү болот. Коргоо министрине көз каранды болбойт. |
| Норвегия | Коргоо үчүн акыйкатчы -Норвегия парламентинин чечими менен дайындалат. | Ар бир аскер адамынын укугун коргойт; ар кайсы тармактардын коргонуу уюмдарындагы ишенимдүү жана ачык-айкын чөйрөсүн сактоодо жана жаңжалдарды болтурбоодо негизги роль ойнойт | Өз ыктыяры менен аткарган жарандык милдетине жараша тийиштүү мекемелерге сунуштоолорду берет, баалайт жана сындайт |

Акыйкатчы жарандардын жана/же/ парламенттин атынан куралдуу күчтөргө текшерүү жүргүзүүдө кошумча механизм катары эсептелет. Аскердик Акыйкатчынын негизги кызматы күмөндүктү туудурган арбитраждык чечимдерди иликтөө жана коопсуздук секторунун жооптуу министрлери башкаруудагы жасаган (мисдиминордук) укук бузууларды, өзгөчө аскер кызматчылары кетирген кемчиликтерди текшерүү.

Аскердик Акыйкатчыны саясий тутумга мекеме катары киргизүүнүн жолдору ар бир өлкөдө ар башка. Коргоо акыйкатчысын парламент дайындайт жана парламентке отчет берип турат (Германия, Швеция) же коргоо министри дайындайт (Израиль, Канада). Айрым Акыйкатчылардын офиси парламенттин (аймагында) карамагында жайгашкан (Куралдуу күчтөр боюнча Германиядагы Парламенттик Комиссия, №38-топтомду караңыз) же парламент жайгашкан жерден башка жакта мекеме катары жайгашышы мүмкүн (Швеция).

Куралдуу күчтөр тарабынан туура эмес мамилеге дуушар болгон жарандар же кызматчылар акыйкатчыга кайрылып, териштирүүнү жүргүзүүсүн сурай алышат. Буга дагы кошумча, парламенттин мүчөлөрү Акыйкатчыдан адилетсиздик жана башка даттануулар боюнча тергөө жүргүзүү боюнча да кайрыла алышат. Акыйкатчы көп убакта милдетүү түрдө кызмат өтөөдөн бошотуу же убактылуу бошотуу, кызмат абалы боюнча башка кызматка өтүү же кайрадан дайындоо, демобилизация, эс алуу убактысы жана башка иштерге убакыттарды белгилөө,

тартип жана жазалоо сыяктуу аскердик кызматка байланышкан иштерди жана кылмыштарды карайт жана иликтейт.. Эгерде берилген арыздар далилденсе, Акыйкатчы сунуш киргизип, бул суроону өзгөртүү же анын чечимин кайра карап чыгуу жөнүндө мекемеден талап кыла алат.

## Акыйкатчы жана анын жашыруундуулугу

Коопсуздук секторунун табигый мүнөзүн эске алуу менен улуттук коопсуздуктун кызыкчылыгы үчүн кээ бир маалыматтар жарыяланбайт. Көп өлкөлөр Акыйкатчы улуттук коопсуздуктун маселелерин чечүүдө кантип аракет кылуу керек экендиги жөнүндө мыйзамга деңгээлдеги жашыруун сырды өтө терең сактоо менен Акыйкатчыга кандай гана териштирүү болбосун керек учурда аны жүргүзө алат жана документтерди сурата алат, мындан тышкары аскердик базаларга, башка маанилүү объекттерге, өзгөчө учурда кире алат. Бирок Акыйкатчы тергөөдөн кийин алынган маалыматтарды элге жарыялай албайт.

№ 38- топтом

### Германиядагы Куралдуу Күчтөр үчүн түзүлгөн Парламенттик Комиссия

1950-жылы куралдуу күчтөрдү кайрадан түзгөндөн кийин Германия парламенттик көзөмөлгө өзгөчө көңүл бурган. Көңүлдүн борборуна алынуучу куралдуу күчтөрдөгү негизги баалуулук катары Конституцияда белгиленишин камсыз кылуу максатында өлкөнүн Негизги Мыйзамынын 45б-статьясына төмөндөгүдөй толуктоо киргизилген:
«… Парламенттик Комиссия аскер кызматчыларынын укуктарын коргоо жана Бундестагда парламенттик көзөмөлдү жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн дайындалат. Бул статьядагы зарыл чаралардын баардыгы «Германиядагы Куралдуу Күчтөр боюнча Парламенттик Комиссия жөнүндөгү» Мыйзамда толук жазылган».

Парламенттик Комиссия Парламенттин (Бундестагдын) жардамчы органы жана мыйзам чыгаруу бийлигинин курамына кирет. Ал Бундестагдын же анын коргоо комитетинин тапшырмасы боюнча атайын маселелерди иликтей алат же ар кандай шартта өзүнүн кароосу менен зарыл чараларды көрүүгө катыша алат.

Ыйгарым укуктарды ажыратуу принциптеринин негизинде Комиссия коргоо министринин иш-аракетин көзөмөлдөй алат. Ал коргоо министринен маалыматты жана анын карамагындагы баардык агенстволордун жана кызматчылардын отчетторун талап кыла алат. Ошондой эле кайсы мезгилде болбосун баардык бөлүктөргө, штаб-квартираларга, агенстволорго жана куралдуу күчтөрдүн башкармаларына жана алардын мекемелерине эскертпестен түз кире алат. Ал эми кызматчылардан арыз түшкөн учурда ал адамдын аскердик ченине жана кызмат ордуна карабастан, териштирүү жүргүзүүгө демилге көтөрө алат. Куралдуу күчтөрдөгү ар бир адам жеке маселесин чечүү үчүн расмий булактардан тышкары кодулоо жана жазалоодон коркпостон, өз суроосун канаатандыруу боюнча Комиссияга түз кайрыла алат.

*Негизги булак:* http://www.bundestag.de/

## Акыйкатчы: Куралдуу Күчтөргө берилүүчү жогорку ишеним булактары.

Аскердик акыйкатчынын расмий отчету көрсөткөндөй жана 1915-жылы түзүлгөн Швеция Аскер Акыйкатчысы берген отчетто, бул мекемелер коргоо секторундагы коомдук ишенимди жогорулатуучу, ыйгарым укуктары күчтүү каражат катары белгилүү болгон. Буга дагы кошумча, акыйкатчы ар бир аскер кызматчысынын жана аялзатынын укуктарын куралдуу күчтөрдүн ичиндеги зордук-зомбулуктан жана туура эмес мамиледен коргоону камсыз кылат. Акыйкатчынын коопсуздук секторундагы эң башкы жетишкендиги аскердик секторго ишенимди жогорулатуу, мындай ишенимге жалпы башкаруу процессиндеги ачыктыкты түзүү менен аскердик даярдыкты төмөндөтпөстөн жана аскердик өз ара баш ийүүсүн татаалдаштырбай жүзөгө ашыргандыгында.

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

## Акыйкатчынын кызматы.

- Эгерде Сиздин өлкөңүздө мындай мекеме жок болсо, аны түзүүгө колдоо көрсөтүүгө катышыңыз.
- Ушуга байланыштуу көрсөтмөлөрдү, документтерди жана керектүү башка маалыматтарды бул сайтка кайрылуу менен ала аласыздар: http://www.ombudsmaninternational.com

## Акыйкатчынын коргоо же коопсуздук сектору

- Эгерде Сиздин өлкөңүздө мындай мекеме жок болсо, аны түзүүгө колдоо көрсөтүүгө катышыңыз.
- Коргоо Акыйкатчысы бар өлкөлөрдүн тажрыйбасынан алынган малыматтарды топтоңуз. Бир аз убакыт иштеген болсо, анын аткарган кызматын, парламентке отчет берүүсүнүн жалпы жол-жоболорун, тийгизген таасирин, ресурстарын жана бюджетин башка өлкөлөрдөгү ушундай мекемелерге жана коопсуздук абалына салыштыруу менен кайрадан карап чыгууну талап кылыңыз

17 Глава

# Коопсуздук кызматынын карамагындагы мекемелер жана объекттер менен таанышуу

## Мааниси

Ар бир парламенттин мүчөсү үчүн коопсуздук сектору менен жакындан таанышуу өтө маанилүү. Мурдагы эрежелер түрүндөгү маалыматтардын иш жүзүндө бекемделиши, бул чөйрөнү дагы жакшы түшүнүүгө жардам берет. Ошондуктан парламенттин мүчөлөрүнүн аскер объекттерине баруусу, саясий жана аскер жетекчилер менен пикир алышуулар, бири-бирине ишеним көрсөтүүсү жана өз ара түшүнүшүү менен мамиле жасоосуна алып келет. Парламенттин мүчөлөрүнүн аскер бөлүктөрү менен болгон карым-катнашы, алардын аскер кызматчыларынын күнүмдүк турмушун, кыйынчылыктарын түшүнүүсүн жогорулатат. Ал эми аскер кызматындагы адамдар бул маселелерди чечүүдөгү саясий жетекчилердин активдүүлүгүнөн алардын өтөгөн кызматына жана ал-ахыбалына кайдыгер эместигине күбө болушат.

№ 39 топтом.

### Аргентинанын тажрыйбасы

Саясатчылар аскер кызматчылары менен пикир алмашуу үчүн аскердик бөлүктөрдү жана базаларды барып көрүшөт. Бул катнаштар куралдуу күчтөр жөнүндө көп билүүгө жардам берип, аскер кызматчылары менен саясатчылардын ортосундагы ишенбөөчүлүктү жоюп, туура эмес ой-пикирди оңдоого шарт түзөт. Куралдуу күчтөрдүн көйгөйлүү маселелерин туура түшүнүүгө парламенттин мүчөлөрү жана аскер кызматчыларынын ортосундагы тыгыз байланыштын негизинде жетишишет. Коопсуздук секторуна байланышкан маселелерде тартип жана убакыт айырмаланып турат, ошондуктан бул катнаштар саясатчыларга бул чөйрөнү тереңирээк баамдоого көмөк берет.

*Маалымат булагы: Пабло Карлос Мартинес, «Куралдуу күчтөрдү кайра түзүү жана парламенттин ролу: Аргентинанын тажрыйбасы», http://www.pdgs.org*

Убактылуу кармалуучу абак жайларда жана түрмөлөрдө камалгандар толук бойдон коопсуздук кызматындагы сакчылардын кол алдында жана көзөмөлүндө турушат. Мындай өзгөчө абалда болуу менен алардын адам укуктарынын бузулушуна шарт түзүлөт жана ар бирине таасир тийгизери бышык. Тилекке каршы, түрмөлөрдө жана убактылуу кармалуучу абак жайларда кыйноолор менен мыйзамсыз иш-аракеттер, кармалгандарга туура эмес мамиле жасоо өтө көндүм көрүнүштөрдүн бири. Ошондуктан бул мекемелерди өзгөчө көзөмөлгө алуу менен контролдоо механизмдерин орнотуу керек. Ушул өңдүүжайларда мыйзам бузууну болтурбоонун эң пайдалуу жолдорунун бири, бул мекемелерге парламенттин мүчөлөрү менен эксперттердин тез-тез барып, туура эмес мамилелердин бетин ачып, мыйзамсыз иш-аракеттердин алдын алып туруу зарыл.

№40 -топтомто БУУнун Кыйноолорго Тыюу салуу Конвенциясынын кошумча протоколунда каралган убактылуу кармалуучу абак жайлар менен барып таанышуунун механизми баяндалган.

№ 40- топтом

### Кыйноолорго Тыюу салуу Конвенциясынын кошумча Протоколу коопсуздук кызматынын объекттерине барып таанышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтти

2002-жылдын декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы БУУнун Кыйноолорго, Ырайымсыздыкка, Басмырлоого, Адамды кемсинтүүчү мамилелерге жана Жазаларга Тыюу салуу боюнча Конвенцияга кошумча Протоколду кабыл алган. Протокол мыйзам бузууларды азайтуу үчүн улуттук жана эл аралык эксперттердин убактылуу кармалуучу абак жайларды текшерүүсүнө тоскоол болбоосун ар бир мамлекетке милдеттендирди.

*Кошумча маалымат үчүн бул сайтка кайрылыңыз: www.unchr.ch*

## Коопсуздук объектилерине барып, таанышып чыгуунун шарттары

Парламенттин мүчөлөрү коопсуздук кызматынын объекттери менен барып таанышып чыгуусу, аскердик база, министрлик (коргоо министрлиги) менен алдынала такталуусу зарыл. Күтүлбөгөн же такталбаган визиттердин кесепетинен, куралдуу күчтөргө жана анын кызматчыларына ишенимдин жоктугу катары түшүндүрүлүп, туура эмес натыйжага алып келиши мүмкүн же аскер объекттеринин иш тартибин бузуу сыяктуу көрүнүштөргө түрткү бериши ыктымал. Аскер объекттерине баруу үчүн жакшы даярдык көрүлүп, ага мүмкүн болушунча бардык саясий партиялардын өкүлдөрү катышуусу зарыл.

Мындай визит жасоонун дагы бир кемчилиги- парламенттик комитет коопсуздук кызматынын башчылары эмнени көрсөтүүнү кааласа, ошону гана көрө алышат. Ошондуктан чечүүгө зарыл болгон чыныгы маселелер мындай сапарларда билинбей калат, ал эми бул абалды аскер кызматчылары өз пайдасына колдонушат да, айрыкча бюджеттик каражаттарды өз бетинче сарптоого аларга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мындай абалды визит жасоонун макулдашылган үч жолу менен чечсе болот: куралдуу күчтөрдүн сунуштоосу менен баруу; парламенттин сунуштоосу менен алдынала эскертип, белгилүү бир күндү болжолдоо аркылуу; парламенттин сунуштоосу менен кыска мөөнөттүн аралыгында баруу (мисалы бир күндүн ичинде).

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Коопсуздук объектилерине барып таанышуу боюнча мыйзамдар

- ▹ Коопсуздук кызматынын объектилерине парламенттик катнаш жасоо (башка өлкөлөргө жайгаштырылган аскер базаларына дагы) мыйзам аркылуу камсыз болуусуна аракет кылыңыз
.
- ▹ Парламенттик делегацияларга коопсуздук кызматынын объектилерине барууну камсыз кыла турган мыйзам жок болсо, парламенттин мүчөлөрүнө коопсуздук кызматынын объектилерине баруу каралганын, парламенттин мүчөлөрү кандай ченемдер, эмненин негизинде тандалганын жана кимдин таасири менен болгонун текшерип билиңиз.
- ▹ Иштин тартиби аныкталганын текшерип билиңиз.
  - коопсуздук секторунун кайсы объектилерине барууга болот;
  - мындай катнаш кандай абалда жана кандай шарттарда жүргүзүлүшү мүмкүн, мисалы алар бардык убакта жүргүзүлүшү мүмкүнбү;
  - аскердик бөлүктөргө же базаларга парламенттин мүчөлөрү канча жолу бара алат жана ошол учурдагы алынган тажрыйбасы кандай.
- ▹ Бул жөнүндө так жана кеңири жазылган отчёт парламентке же ага тиешелүү комитетке берилгенин жана талкуулоого коюлганын текшерип билиңиз,.
- ▹ Жасалган катнаштын тийгизген таасирин баалап билиңиз.
- ▹ Сиздин өлкөңүздө БУУнун кыйноолорго тыюу салуу боюнча Конвенциясы жана анын кошумча протоколу ратификацияланып, кабыл алынганын текшерип билиңиз.

### Парламенттик делегация мүчөлөрүнүн катнаш жасоодогу саны

- Парламенттик делегациянын обьективдүү, калыс караарын жана алар парламенттик көпчүлүк менен оппозициянын өкүлдөрүнүн тең катнашынан тураарын аныктап билиңиз.
- Делегацияларда мүмкүн болушунча эркектер менен аялдардын саны теңме-тең сакталышына кам көрүңүз (гендердик теңдештик)

### Катнашка даярдык көрүү.

- Өз ара түшүнбөстүктөрдү болтурбоо үчүн, парламенттик катнаш коргоо министирлиги менен макулдашылгандыгын аныктап билиңиз.

### Парламентке отчёт берүү.

- Парламентке же компетенттүү комитетке кеңири отчет берилгенин жана парламенттин талкуусуна коюлганын аныктап билиңиз.
- коопсуздук кызматынын компетенттүү бийлиги өзүнүн пикирин билдирүү үчүн отчетту алдынала окуп чыгууга мүмкүнчүлүк алаарын аныктап билиңиз.

### Таасир тийгизүү жана ачыкка чыгаруу.

- Делегациялардын берген кеңештерин, сунуштарын жана жыйынтыктарын жана бул боюнча парламенттин чечимдерин жүзөгө ашыруу, ошондой эле каралып жана кабыл алынган чечимдерди ачыкка чыгаруу мыйзам ченемдүү экендигин тактап билиңиз.

V Бөлүм

# Коопсуздук секторунун аткарган кызматына көзөмөл жүргүзүү: атайын шарттар жана иш аракеттер

18- глава

# Өзгөчө кырдаал

Мамлекет атайын кызматтарды жана анын ар түрдүү түзүмдөрүн согуш, ички кагылышуу же өзгөчө кырдаалдарда тынчтыкты, бейпилдикти орнотуу үчүн колдонот. Мындай чечимдерди колдонууда өкмөт башкаруунун демократиялык тутумуна басым жасабашы керек.

Согуш жана башка өзгөчө абалдар согуш мыйзамынын декларациясын жана анын согуштук жол менен чечилишин талап кылышат. Мындай өзгөчө учурларда аскердик күчтөр жана коопсуздук сектору Эл аралык Гумандуулук Мыйзамы жана Демократиялык көзөмөл сыяктуу эл аралык принциптердин жана кепилдиктердин негизинде иш алып баруулары тийиш. Ошондой эле адам укугу дагы мүмкүн болушунча кеңири корголушу керек. Ал БУУнун Адам Укугу боюнча Комитетинин 2001-жылдын август айындагы №29 жалпы Тиркеменин, Эл аралык граждандык жана Саясий Келишимдин 4-статьясына ылайык иш жүргүзүүлөрү керек.

## Согуш абалы

БУУнун Уставынын 2.4–статьясында төмөндөгүдөй баяндалат:

> *«Уюмдун мүчөлөрү өздөрүнүн эл аралык мамилелеринде башкаларга коркунуч келтирүүдөн же күч колдонуудан баш тартууга тийиш(...).*

Башка өлкөгө каршы күч колдонууга чек коюу катуу талап кылынат. Парламенттин негизги ролу кагылышуу болгон учурларында күч колдонуу, согуш ачуу коркунучуна жана өз бийлигин үстөмдүк менен жүргүзүүгө эл аралык деңгээлде тыюу салуу эрежелерин текшерүү болуп саналат. Швейцария өңдүү нейтралдуу мамлекеттер өздөрүнүн тышкы мамилелериндеги талаш-тартыштарды чечүүдө куралдуу күч колдонуудан баш тартышат. Ошондой эле Японияда, 1946–жылдан бери конституция боюнча куралдуу күч колдонууга толугу менен тыюу салынган. Венгрия өңдүү өлкөлөр да эл арасындагы талаш-тартышты чечүүдө согуш усулун колдонууга жол беришпейт.
Согуштук абал болгондо конституция тарабынан камсыз кылынган жоболорго ылайык парламент чечим чыгаруу жана бир пикирге келүү иш-аракеттеринин төмөндөгүдөй үч жолун карап чыгышат (кайсы жол маанилүү экенин эске алуу менен):

**1.Конституцияга таянуу менен парламент өзү согуш жарыялай алат жана тынчтыкты орното алат.** Азыркы учурда иш жүзүнө келгенде, согуш эскертилбестен тез башталып жана парламент чечим чыгаргыча окуя өнүгүп, өрчүп кетиши мүмкүн.

**2.Конституция аткаруу бийлигинен, тынчтыкты орнотуу жана кандайдыр бир согуштук иш аракеттерге киришүү жөнүндөгү так аныкталган тапшырманы парламенттен алуусун талап кылат.** Парламент мындай чараларды көрүүдө кандай гана тапшырма болбосун аны аткаруунун алдында жана куралдуу күчтөрдүн кийлигишүүсүнө киришүүнү талкуулаганга уруксат берет.

**3.Конституция аткаруу бийлигинен чыгарган чечимдерин парламентке билдирип туруусун талап кылат, согуш иштерине киришүүдө аткаруу бийлиги парламенттен мурдагы макулдашууну талап кылбай туруп баштай алат.** Көпчүлүк конституциялар иш жүзүндө баардык чаралар тууралу парламентке билдирип туруусун талап кылат.

# Өзгөчө кырдаалдар

Өзгөчө кырдаалдар же улуттук кризистик жагдайлар ар түрдүү убакта пайда болушу мүмкүн. Улуттук конституциялык жана укуктук буйруктар ар кандай абалдардын, мамлекет жарыялай ала турган өзгөчө кырдаалдардын, куралдуу күчтөрдүн конституциялык же коомдук түзүлүшкө коркунуч келтирген учурларын, ошондой эле табигый кырсыктардын, эпидемиялардын же улуттук экономикалык кризистердин алдын алып, керектүү чечим чыгаруу үчүн жүргүзүлөт.

Өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү декларация өзгөчө кырдаал пайда болгон учурларда гана түзүлөт жана демократиялык принциптерди тобокелге салбастан атайын эрежелерди сактоо менен иштеши зарыл. (41- топтомду караңыз)

Өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү аныктама Улуттук, конституциялык жана укук тутумунун түзүлүшүнө жараша болот. Конституция жана мыйзам чыгаруу бийлиги аткаруу бийлигине партиялардын саясаты үчүн өзгөчө абалды жарыялоого уруксат бербөөгө тийиш. Буга кошумчалай турган нерсе, Конституция жана башка маанилүү мыйзамдар куралдуу төңкөрүштөрдө конституциялык мыйзамдарга туура келбеген күч катары аныктамаларды берүүгө милдетүү.

№ 41- топтом

## Өзгөчө кырдаалдар: максаты жана принциптери

Баардык укуктук тутумдар өзгөчө кырдаал түзүлгөндө ага туруштук берүү үчүн атайын чараларды иштеп чыккан. Бирок кризис менен күрөшүүдө адам укугун бузуу, басмырлоо же кемсинтүү убактылуу мүнөзгө гана ээ болуп, анын максаты абал өз нугуна түшкөнгө чейин адам укугунун негизги талаптары сакталууга тийиш.

### Эл аралык принциптер

«Өзгөчө кырдаалдарга тиешелүү келип чыккан эл аралык принциптерге төмөндөгүдөй корутунду чыгарылат:

**Мыйзамдуулук принциби** - бир жагынан өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү декларация менен өзгөчө кырдаалдарга көрүлгөн чаралардын ортосундагы макулдашууга жана экинчи жагынан өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү декларация менен мамлекеттин ички мыйзамынын ортосундагы макулдашууга карата мыйзамдуулуктун ченеми эреже катары кабыл алынат. Бул эл аралык принцип өлкөнүн ички мыйзамдары менен эл аралык мыйзамдардын дал келишине көз салат.

**Жарыялоо принциби** - өзгөчө кырдаал түзүлгөндө коомчулукка жарыялоо зарылчылыгын карайт.

**Байланыш принциби** - атайын макулдашуунун негизинде коомчулукка коркунуч келгенде, аны өз тартиби менен башка мамлекеттерге милдеттүү түрдө билдирүү маселесин карайт, бул билдирүү БУУнун өзгөчө кырдаал түзүлгөндө адам укугун коргоо боюнча иштеген Атайын Кабарчы же жакынкы арада болуп өткөн депозитарий аркылуу жүзөгө ашырылат.

**Убактылуулук принциби** - өзгөчө кырдаал жөнүндөгу декларациянын өзгөчөлүгүнүн мүнөзүн жана анын убагы милдеттүү түрдө чектелүү болуусун карайт.

**Өзгөчө кырдаал түзүлгөндө келип чыккан коркунуч принциби** – коомчулукка келтирилген ошол мезгилдеги, чыныгы болуп жаткан же боло турган коркунуч учурунда пайда болгон кризисти карайт.

**Пропорционалдуулук же теңдештик принциби** - пайда болгон кризистин деңгээлин жана муктаждыгын карап чыгып, ал кризисти жоюу үчүн керектүү чараларды көрүү жана бул иш-аракеттерди бирдей калыпта кабыл алуу, б.а. аларды тендештирүү сыяктуу маселелерди карайт.

**Чек койбоо принциби** – адам укугунун негизги талаптарын бузууга, кыскартууга же чек коюуга мүмкүн эместигин карайт.

Парламент адам укугун коргоодогу башкы бийлик катары өзгөчө кырдаал жөнүндө жарыялоодон биринчиден өздөрү жабыр тартып калбагыдай иштөөлөрү зарыл, мисалы,өзгөчө кырдаал жөнүндөгү декларацияда парламенттин мыйзам чыгаруу иш-аракеттерин кыскартуу же таптакыр токтотуу жана аткаруу бийлигин көзөмөлдөөгө чек коюу. Өзгөчө кырдаалды жакшыртууга тиешелүү иш-аракеттерди жасоодо парламенттин ролу чоң болушу маанилүү.

**Өзгөчө кырдаалдын мыйзам ченемдүү юридикалык мүнөзү**

() Өзгөчө кырдаалдын мыйзам ченемдүү юридикалык мүнөзү катары жарыялоо, ратификациялоо, кабыл алуу жана башка зарыл учурда адам укугуна тиешелүү жоболорду кыскартуу, керек болсо аларды убактылуу алып таштоо сыяктуу иш-аракеттерди жасоодо башкаруу жана көзөмөл принциптеринин негизинде иш жүргүзүүлөр саналат.

**Парламенттин аткарган кызматы**

Көз карандысыздык принциби жана мамлекеттеги бийлик бутактарынын тең салмакта болуусу мыйзам ченемдүүлүктүн ажырагыс бир бөлүгү. Ошондуктан дүйнөдөгү укуктук тутумудардын көбү парламенттин өзгөчө абалды жарыялоого жана аткаруу бийлиги чечим чыгаргандан кийин аны кабыл алууга активдүү катышуусун камсыз кылышат.

Мындагы негизги максат- аткаруу бийлигинин ушул сыяктуу олуттуу чараларды жалгыз өзү кабыл алуусуна жол бербөө.

**Өзгөчө кырдаалга байланышкан мыйзамдын түзүлүшү**

Өзгөчө кырдаалды аныктоо үчүн колдонулган иш-чаралар Конституциялык мүнөзгө ээ болушу керек экендигин тажрыйбалар көрсөттү. Көпчүлүк мыйзам чыгаруучулар бул чараларды алдын ала колдонушат, ал эми калгандары болсо «эч кандай бийлик өзгөчө кырдаал пайда болгон учурда мыйзам чыгаруу иш-милдеттерин аткара албайт» деген ойдо болушат.

*БУУнун адам укугу жана коопсуздук абалы боюнча Атайын Кабарчысы Л. Деспоунин Парламенттик Симпозиумда жасаган баяндамасынан үзүндү.Адам Укугун Коргоо, Будапешт, 1993 – жыл*

## Узакка созулган жана болуп жаткан өзгөчө кырдаалдар

Узакка созулган өзгөчө кырдаалдар, парламент тарабынан убагы менен калыбына келтирилип, узакка созулса, ондогон жылдардан кийин коопсуздук уюмдарынын жарандык үстөмдүгү коркунучту жана туруксуздукту пайда кылат, бул уюмдар жазага тартылбастыгына таянып, демократияга коркунуч туудурушу мүмкүн. Мунун өзү парламентти алсыз жана чечкинсиз абалга алып келиши мүмкүн. Көпчүлүк өлкөлөрдө дайыма болуп, узакка созулуп жаткан өзгөчө кырдаал айрым күчтөрдүн бийликти чектөөсүз колдонуусунан улам парламенттин коопсуздук секторуна көзөмөл жүргүзүү укуктарына түздөн-түз коркунуч келтири шексиз.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

**Өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү мыйзам**

- Конституцияда жана мыйзамдарда өзгөчө кырдаалдардын ар кандай түрлөрү туура аныкталганын текшерип билиңиз.
- Өзгөчө абал, эгерде үч айда же алты айда парламенттик талкуулоонун жана добуш берүүнүн жүрүшүнүн негизинде кайрадан кабыл алынып турбаса, анда ал дароо токтотулат.

- Мыйзамдуулук, элге жарыя кылуу, байланыш, убактылуулук, өзгөчө кырдаалдагы коркунуч, теңдештик, кол тийбестик эл аралык принциптери, өзгөчө абалы жөнүндө улуттук мыйзамда белгиленгендердин жазылышын жана анын аткарылышын талап кылыңыз.

- Гумандуу мыйзам, констиуциялык кепилдиктер жана адам укуктары сакталып, өзгөчө кырдаал түзүлгөндө алар кандай аткарылып жаткандыгын текшерип билиңиз.

- Өзгөчө кырдаалды элге жарыялоо жана анын үстүндө иштөөдө парламенттин жана аткаруу бийлигинин тиешелүү милдеттери конституцияда же мыйзамдарда толук, так аныкталгандыгын текшериңиз.

Парламент өзгөчө кырдаал түзүлгөндө

- Кээ бир өзгөчө кырдаалдардын пайда болушу, аткаруу бийлиги тарабынан жасалган иш-аракеттерди текшерүүгө жана адам укугунун эң керектүү бөлүктөрү сакталып жаткандыгын жана анын коопсуздугуна парламенттин көзөмөл жүргүзүүсүнө тоскоол болбогондугун аныктап билиңиз.

19-глава

# Ички коопсуздукту сактоо

Ички (же коомдук) коопсуздук жана коомдук тартип коомдун негизги байлыгы болуп саналат. Ал жалпы эл үчүн, басмырлоонун же дискриминациянын эч кандай формасы жок иштейт, ошондой эле улуттук аймактагы иммиграннттарды жана чет өлкөлүктөрдү да өзүнө камтыйт. Алар саясий жетекчинин жеке максаттарынан, куралдуу күчтөрдөн же негизги милдети коргоо болуп эсептелген коопсуздук секторуна өз кызыкчылыктарын коргоодон сырткары болушу керек.

## Мындай мыйзамдардын жалпы негиздери жана артыкчылыктары

Баардык укуктук тутумдар өздөрүнүн мыйзамдык түзүлүшүндө өзгөчө кырдаал жөнүндөгү декларациядагы абалдарга кирбей турган жоболордун үстүндө иштешет, өзгөчө кырдаалда пайда болгон мындай учурлар тууралу жарыялашпайт, бирок бул кырдаал түзүлгөндөгү коркунучтардын болушу ички коопсуздукка жана коомдук тартипке башаламандыкты келтириши мүмкүн.

Мындай мыйзамдар аткаруу бийлигинин ар кандай деңгээлде атайын кызматтарды колдонуусун жана алардын укуктарына убактылуу чек коюну карайт. Же болбосо башка негизги укуктарды сактоо үчүн кээ бир укуктарды кыскартуу же алып таштоо, айрым шарттарда коркунучка дуушар болгон укуктарды сактоо иш-аракеттери бул мыйзамда ачык түшүндүрүлүүгө тийиш.

Көбүнчө чек коюлган же болбосо алынып ташталган укуктардын ичине сөз эркиндиги, маалымат таркатуу, жалпы демонстрациялар, эмгек укугу жана башпаанек алуу укугу кирет. Эл аралык мыйзамдар жашоого болгон укукту бузууга жана денеге жаракат келтирүүгө, басмырлоого же кемсинтүүгө жана адамгерчиликсиз мамиле кылууга ачык тыюу салат.Мындай топко өзгөчө көзөмөлдөгү мигранттар, журналистттер, саясий ишмерлер, адам укугун коргоочулар, качкындар жана башпаанек издегендер, ошондой эле аз сандагы этникалык топтор жана диний топтогу адамдар кирет.

## Табигый коркунучтар

Ички коопсуздукту жана коомдук тартипти сактоону мыйзамдаштыруу учурундагы табигый коркунучтарга төмөндөгүлөр кирет:

- ✓ аткаруу бийлигинин шартка жараша, өз кызыкчылыгын көздөө менен, калкка толук эмес түшүндүрмө берүү, табигый кырсыктарга, коркунучтун табиятына болжолдуу, так эмес аныктама берүү;

- ✓ аткаруу бийлигине – коопсуздук секторуна көптөгөн уюмдары аркылуу ашыкча жана узак мөөнөткө созулган бийлик берүү менен түздөн-түз текшербестен, теңдебестен жана башкаруучулук же укуктук санкциясы жок камсыз кылуу;

- ✓ бир же бир канча коомдук секторлордун өзгөчө кызыкчылыктарын коргоо, саясий жетекчиликти алуу же коопсуздук секторуна өзү үчүн айрым убактарда ички коопсуздук жана коомдук тартипти сактоо бузулат, жана жалпы коомчулуктун кыймыл-аракетин көзөмөлдөөдө алардын укуктарын кыскартууга жол берилет.

- ✓ Ички мыйзамдарды жана тартиптин сакчысы болгон полиция күчтөрүн аскерлештирүү-сырткы коопсуздуктун сакчысы болгон куралдуу күчтөр менен болгон айырмасын бүдөмүктөтүп, анын айкын болушуна залалын тийгизиши мүмкүн.Эгерде мындай күчтөр начар каржыланса, алар коомчулук үчүн коркунучтуу болушат жана алар кооптуу абалдардан пайдаланып, башкаларды жазасыз кордоого барышат, бул коррупцияга батууга алып келет.Полиция күчтөрүн аскерлештирүүсүнүн дагы башка бир коркунучу - полициянын күч колдонуусу (айрым учурларда чалгындоо кызматтары жана куралдуу күчтөрү ) ички коопсуздукту жана коомдук тартипти сактоо куралы катары гана эмес, оппозицияга көзөмөл үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Кошумчалай кетүүчү нерсе, куралдуу күчтөрдү коомдук тартипти көзөмөлдөөгө такай колдонуу аскер адамдарынын саясатташып кетишине алып келет.

- ✓ Парламенттин жана сот органдарынын иш-аракеттеринин кыскартылышы жана алардын аткаруу бийлигине толук көрсөтмө же тапшырма бере албастыгы коркунуч туудурушу ыктымал.

Коопсуздук жана коомдук тартиптин зарылчылыгына карата көрүлгөн чаралар коопсуздук күчтөрүнүн мүчөлөрү тарабынан адам укуктарын бузууга алып келүү менен кезеги келгенде, шартка жараша алар мындай иш-аракеттерден жазасыз түрдө пайда көрүшү мүмкүн.Андай учурларда төмөнкү укуктар бузулушу мүмкүн: эркин жашоого болгон укуктары, зордук-зомбулукка, же басмырлоого дуушар болбоо, күтүлбөгөн жерден камакка алынуудан алыс болуу укуктары, тиешелүү мыйзамдын негизинде көз карандысыз болуу менен адилет сот процессине жетишүү, өз көз карашын эркин билдирүү укуктары ж.б.

№ 42- топтом

### Коопсуздукту жана демократияны бирдей колдоо

Өткөн тарых белгилегендей жана бүгүнкү күндөрү өнүгүп жаткан мамлекеттерде авторитардык башкаруулар демократияга каршы болушат же андан биротоло баш тартышат, алар демократиялык өнүгүү коомдук тартипке жана жеке коопсуздукка жакындыгы жок деп эсептешет. Бирок мындан башка да көз караштар бар экенин изилдөөлөр көрсөткөндөй, мамлекеттик коопсуздук күчтөрүнө демократиялык жарандык көзөмөл, адамдардын жеке коопсуздугун бийик тутуу маселелери мамлекеттик улуттук кызыкчылыктардын негиздери экени талашсыз. Мындай көзөмөл жок болсо, жеке коопсуздукка кепил болуучу адамдар өздөрү коркунучта калып, улуттук кооптонууну пайда кылары бышык.

*Маалымат булагы: БУУнун Адамдарды Өнүктүрүү жөнүндөгү отчет, 2002-жыл (87-бет)*

Айрым өлкөлөрдө демократиялык принциптерди коргоо үчүн атайын мыйзамдар кабыл алынган. Мисалы, Аргентинада 1984-жылы «Демократияны коргоо жөнүндө» № 23.077-мыйзам аркылуу, кылмыш кодексине керектүү толуктоолор иштелип чыгып жана демократиялык тутумга каршы жасалуучу кылмыштуулукка карата атайын жазалар аныкталган. Мисалы, мыйзамга туура келбейт деген шылтоо менен коомдук бирикмелер демократияга коркунуч туудурат же конституциялык түзүлүштү коргоп жатабыз деген максатта туура эмес жаза колдонушат.

## Ички коопсуздукка жана коомдук тартипке коркунуч туудурган адамдарды камакка алуу

Коркунуч алып келүүчү шектүү адамдарды камакка алууда баардык мыйзамдуулуктар ички коопсуздукту жана коомдук тартипти сактоону камсыз кылары белгилүү. Бул учурда мыйзамдын эки категориясы колдонулат:

- ✓ улуттук коопсуздукка чыныгы коркунуч туудурган адамдарды кармооодо мыйзамды камсыз кылуу: мындай кармоолорду жүргүзүүгө сот бийлиги аркылуу, же өзгөчө учурларда жалгыз гана аткаруу бийлиги тарабынан буйрук берилет.

- ✓ улуттук коопсуздукка чыныгы коркунуч туудурган адамдардын күнөөсү аткаруу бийлиги тарабынан далилденгенде гана камакка алынган убакта, аткаруу бийлигине керектүү, аларды канааттандырган мыйзамды камсыз кылуу, башкача айтканда аткаруу бийлигине ошондой шарттарды текшерүү же андай абалды болтурбоо максатында, -алардын жеке ою боюнча - улуттук коопсуздукту коркунучка түрткөн учурларда тиешелүү укук берүүсүн суранышат.

Британиялык Шериктештктин бир бөлүгүн түзгөн көпчүлүк өлкөлөрдө экинчи категорияга тиешелүү мыйзам формалары иштелип чыккан. Мындай мыйзамдардын негизинде аткаруу бийлигинен бир нече конституциялык кепилдиктерди алып таштоо менен өз бийлигин кеңири колдонууга жол берет, алар башка түзүмдөр менен макулдашууну талап кылбайт жана мыйзам чыгаруу же сот бийлик бутактары менен эсептешпейт. Аткаруу бийлигинин мүмкүнчүлүгүнүн дагы бир орчундуу маселеси - улуттук коопсуздукка коркунуч туудурган адамдарды кармоого, камакка алууга административдик же министрдик деңгээлде буйрук берүүсү. Бул адамдарды канча убакка чейин кармоо керектигин аткаруу органдары чечет, алардын карамагында адамдар көп же аз, бир нече жолу же болбосо белгисиз мезгилге чейин болушун белгилешет. Айрым өлкөлөрдүн мыйзамдарында мындай абалды текшерүүчү башка тармакты уюштуруу зарыл. Мындай түзүм кеңеш берүү мүнөзүндө болушу мүмкүн же тескерисинче аткаруу бийлиги камакка алган адамдарды бошотуу укуктарына ээ болушу ыктымал. Алардын биргелешип иштөөсүнүн негизинде аткаруу бийлиги менен ар түрлүү деңгээлде байланышуусуна шарт түзүлөт.Көптөгөн өлкөлөрдө мыйзамдардын мындай түрү - жалпысынан колониялык мезгилден калган- татаалдашып олтуруп, кошумча, өзгөчө күчтөргө ээ болуу менен аткаруу бийлигине жана кооопсуздук секторуна, өзгөчө полицияга чоң таасир берип, жарандык жана саясий укуктарды колдонууга тескери түрткү берген.

№43- топтом

## Бурмалооонун олуттуу залакалары

Өздөрүнүн бийлигинин бекемдигине ишенген өлкөлөрдө коопсуздук күчтөрү өз жарандарынын жана коңшу мамлекеттердин коркунучта калуусунун, ишенбестикке алып келүүсүнүн башкы себепкери болушат. Ички иштер министрлигинин куралдуу күчтөрүнүн, аскерлештирилген полициянын жана чалгындоо кызматтарынын ички саясий кагылышууларга катышуусу, демократиялык жарандык көзөмөлдү күчөтүү аракетине көп убакта тоскоолдук кылат.

*Маалымат булагы: БУУнун адамдарды өнүктүрүү жөнүндөгү отчету,2002-жыл. (87-жана 97-беттер)*

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

## Ички коооопсуздукту жана коомдук тартипти сактоо мыйзамы

- Эсиңизге тутуңуз: коооопсуздук жана коомдук тартип адамдар үчүн кызмат кылат жана ал адамдарды басынтуу куралы же аларга каршы каражат катары же алардын саясий максатына куугунтук жүргүзүү куралы катары колдонбойт дегенди билдирет.

- Басынтуучу күчтөрдү колдонууга жана полициянын, укук коргоо органдарынын чексиз аскерлештирилүүсүнө жол берилбегендигин аныктаңыз;

- Парламентке аткаруу бийлиги өзүнүн иш-аракеттерин билдирип туруусун жана алардын жүргүзгөн бийлигинин ачык түрдө чектелүүсүн камсыз кылыңыз.

- Коооопсуздук сектору административдик жана укуктук санкцияларды өз учурунда колдонууга милдеттүү экендигин, мисалы өз күчүн же бийлигин чексиз колдонууну, камсыз кылыңыз;

- Демократиянын принциптерин коргоо мыйзамченемдүү көрүнүш жана аны колдонуу ыңгайлуу экендигин талдаңыз;

## Парламенттик көзөмөл

- Парламенттин ички коооопсуздукка жана коооомдук тартипке байланыштуу маселелерди дайыма карап жаткандыгын жана алардын иш-аракети колдонулуп жаткан мыйзамдын негизги маанисине туура келээрин аныктап билиңиз;

- Компетенттүү парламенттик комитет ички коопсуздукту жана коомдук тартипти эске алуу менен бирге, ылайыктуу маалыматтарды алууга жана натыйжалуу көзөмөлдү аткарууга өз каражаттарын жана башка чараларды колдонуп жаткандыгын аныктап билиңиз. Керек учурда өз күчүн, каражатын кеңейтүү үчүн (экспертиза сыяктуу) бул комитеттерге ылайык чараларды көрүүнү камсыз кылыңыз;

- Мүмкүн болушунча жана талабына жараша берилген суроолор боюнча коомдук уктурууларды өткөрүүнү колдоңуз.

- Баштапкы уюмдардын же жеке менчик – мамлекеттик эмес уюмдардын ортосундагы, ички коопсуздук жана коомдук тартип менен байланышкан мекемелердин ортосундагы сүйлөшүүлөрдү уюштуруңуз, конституциялык укукту жана адам эркиндигин коргоого байланышкан иш-аракеттердин таасир берүүсүн аныктап билиңиз.

20-глава

# Террорчулук

*«Террорчулук- бул ар бир өлкө өзүнүн жарандарын коргоого тийиш болгон коркунучтардын бири. Бул мамлекеттин укугу гана эмес, милдети да болуп эсептелет. Бирок мамлекеттин террорчулукка каршы жүргүзүп жаткан иш-аракеттери жарандардын укугуна каршы келбеши зарыл, ошондой эле террорчулукка каршы жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттер зордук-зомбулукту актоо үчүн колдонулбашы керек»*

*«Өлкөнүн ички коркунучунун негизин бул аныктама түзөт: Биз коопсуздукту камсыз кылуу үчүн кээде жарандардын эң негизги укуктарын кыскартып, башка коркунучту алып келебиз, акырында, биз өлкөнү өнүктүрбөй, өстүрбөй, жалпы коопсуздукту күчөтпөй, кайрадан артка тартылып, демократиялык башкаруу кемесин ичинен чиритип, жок кылып жатабыз»*

Кофи Аннан, БУУнун Башкы катчысы 2001-жыл, 21-ноябрь,

Террорчулук - бул мамлекеттик эле эмес, региондук, эл аралык деңгээлдеги эң чоң коркунучтардын бири. Террорчулук көбүнчө уюшулган кылмыштуулук менен байланышкандыктан, террорчулукка каршы жооптор татаал болуп, ар түрдүү иш-аракеттерди камтыйт.
Бул багытка укук коргоо органдарынын иш аракеттеринен, чегараны кайтаруудан тартып чалгындоого чейин, финансы тармагындагы көрүлгөн чаралардан тартып жазык мыйзамына чейин, ошондой эле маалыматтар технологиясы да кирет.

2001-жылдын 11-сентябрынан тартып көп өлкөлөр жогоруда айтылган түзүмдөрдү өз мыйзамдарынын чегинде күчөтүүгө киришишти. Ошону менен бирге мамлекеттер аралык кызматташуу да бекемделди, айрыкча чалгындоо жана маалыматтар технологиясы боюнча кызматтар өнүктү. Бирок бул аракеттерден улам жарандардын укугу жана алардын эркиндиги бузулбайт дегенге болбойт.

Террорчулукту көзөмөлдөө боюнча эр аралык кызматташуу, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин №1373 чечиминде (2001-жылдын 28-сентябрында кабыл алынган №44 топтомду караңыз) финансы каражаттарын текшерүүгө басым жасалган. Бул чечим ошондой эле террорчулукту же террордук топторду чегарадан өткөрбөө үчүн чегараны күчөтүп кайтарууну жана инсандын өздүк документтерин текшерүүнү да белгилеген. Чечим террордук топтордун өздөрүнүн тобуна жаңы мүчөлөрдү чакыруусуна, курал жана жардыруучу заттарды алууларына тоскоолдук жасоого, алардын алдын алууга жана мамлекеттер аралык кызматташууну өнүктүрүүгө кеңештерди берген. Террордук актыны каржылаган, планын түзгөн, даярдаган жана аткарган же аткарууга жардам берген адамдар сот алдында жооп берет жана алардын жасаган кылмышы өтө оор кылмыш катары эсептелип, ошого жараша жазасын алышы керек, ага кошумча террордук чабуул сыяктуу баардык башка кылмыш иштери мыйзамдуу түрдө катуу жазага алынат. Мамлекеттик жана эл аралык мыйзамдардын негизинде маалымат алмашуу жана административдик, юридикалык маселелер боюнча мамлекеттер аралык кызматташууну өнүктүрүү террордук актыларды иш жүзүнө ашырууга тоскоолдук болооруна ишеним арттырат. Ушул резолюциянын негизинде Коопсуздук Комитетинин Кеңеши түзүлдү, бул Кеңештин мүчөлөрүнүн негизги милдети резолюциянын тапшырмаларынын аткарылышын көзөмөлдөө болуп саналат.

№ 44- топтом

## БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2001-жылдын 11-сентябрына карата берген жообу

Коопсуздук Кеңеши (.. .)

3. Баардык өлкөлөрдү төмөндөгүлөрдү жасоого чакырат:

(а) аткарылуучу иштер жөнүндөгү маалыматтарды алууну тездетүү жана күчөтүү, бул көбүнчө террористтердин жана алардын топторунун кыймыл-аракеттерин жана алардын жүргөн жерлерин аныктоо; жасалган же жалган документтерди текшерүү; курал-жарактарды, жардыргыч заттарды сатуусун, террордук топтордун байланыш технологияларын колдонуусун текшерүү; террористтердин массалык кыргынга учуратуучу куралдарды таап, колдонуу аракеттери тууралу маалыматтарды топтоп берүү;

(б) Террордук чабуулдардын аткарылышын токтотуу жана алардын алдын алуу иштерин жүргүзүү үчүн эл аралык жана ички мыйзамдардын, ошондой эле аткаруу, сот бийлиги менен кызматташуусунун негизинде маалымат алмашуу;

(в) Террордук чабуулдарды болтурбай коюуга жана бул иштерге катышкан кылмышкерлерге каршы алардын иш-аракеттерин токтотуу жана тыюу салуу максатында эки тармактуу жана көп тармактуу макулдашууларды жүргүзүп, кызматташуу.

(г) Эл аралык Макулдашуунун жана террорчулук жөнүндөгү протоколдордун, ошондой эле 1999–жылдын 9–декабрында чыккан Террорчулукту Каржылоого Тыюу салуу тууралу Макулдашуунун негизинде бир тараптык чечим чыгаруу;

(д) Коопсуздук Кещешинин 1269 (1999) жана 1368 (2001) резолюцияларын жана террорчулукка байланышкан протоколдорду жана эл аралык макулдашууларды толугу менен аткаруу жана кызматташтыкты күчөтүү;

(ж) Эл аралык жана улуттук абалдарга байланышкан тийиштүү чараларды көрүү менен эл аралык адам укугунун негизинде качкындарга статус берээрдин алдында, алардын террордук чабуулдарды уюштурууга, жеңилдетүүгө, пландаштырууга катышпагандыгын текшерүү;

(з) Эл аралык укуктардын негизинде качкын статусун террордук чабуулду уюштуруучулар же алардын жардамчылары сыяктуу кылмышкерлер колдонбогонун аныктап билүү, ошондой эле саясий максаттын талабы менен камактагы шектүү террористти кайтарып берүүдөн баш тартуу;

*Маалымат булагы: БУУнун Коопсуздук Кеңеши, Резолюция 1373, S\RES\ 13732001 – жыл, 28 – сентябрь*

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1999-жылдын 9-декабрында өткөн *Эл аралык Конвенциясында кабыл алынган Эл аралык Террорчулукту Каржылоону Токтотуу үчүн Макулдашууга* ылайык баардык өлкөлөрдөн террористтерди акча каражаты менен каржылаган адамдарды кармап берүүнү, шектүү акча каражаттарын иликтөөнү талап кылат. 2002-жылдын 2-апрелинде Макулдашууга 132 өлкө кол койгон жана 26 өлкө бул документти кабыл алып, колдогон мамлекеттердин катарына кирген. Бул Макулдашуу 2002- жылы күчүнө кирген.

## 2001-жылдагы 11–сентябрдын таасири

Парламенттин мүчөлөрүнө адам коопсуздугун жана укугун коргоо үчүн алардын өкмөтү тарабынан террордук кол салууларга каршы терең иликтенген усулдарды колдонушуна байкоо жүргүзүү өтө маанилүү. Парламенттин мүчөлөрүнүн көзөмөлү менен террорчулукка каршы мыйзамдарды чыгаруу, коопсуздукка карата иштелип чыккан жаңы ыкмаларды кабыл алуу, эл аралык гуманизмди жана адам укугун урматтоону камсыз кылган коопсуздук чаралары менен ал иштерди аткаруу чараларынын ортосундагы тендештикти камсыз кылууда турат.

## Террорчулуктун мыйзамдуу аныктамасы

Ушул мезгилге чейин террорчулуктун эч кандай улуттар аралык макулдашылган аныктамасы жок. Эл аралык коомчулук жалпы аныктама боюнча бир чечимге келмейинче террорчулуктун аныктамасы туура эмес бойдон кала берет. Эл аралык мыйзамдардын аныктамасы боюнча улуттардын боштондук үчүн күрөшүүсү жана чет элдик баскынчылардан көз карандысыздык үчүн кыймылы, алардын мыйзамдуу укугу болуп саналат, ошондуктан мындай максаттагы аракеттер террордук акт катары каралбашы керек. Мындан тышкары эл аралык коомчулук менен бирдикте жогоруда белгиленгендей, террорчулук эч кандай динге, улутка, цивилизацияга таңууланбайт жана ал эч качан акталбайт. Террорчулукту аныктоонун дагы бир жолу - террористтердин кыймыл-аракетине тиешелүү болгон алардын кол салуусун алдынала аныктоо, айрыкча күнөөсүз жарандарга жасаган ырайымсыз кылмыш иштеринин же уюшулган улутчул топтордун жана мыйзамсыз түрдө ар кандай мамлекеттик түзүмдөргө жашыруун кирип алган тыңчылардын бетин ачуу.

Террордук кол салууларга төмөндөгүлөр мүнөздүү: жарандарга каршы ырайымсыздык менен зордук-зомбулук көрсөтүү, гуманитардык баалуулуктарды жок кылуу, кандай жол менен болсо да атак-даңкка жетүү. Алардын негизги колдонгон ыкмалары - негизинен автомобилдик жардырууларды, самолетторду мыйзамсыз кармоолорду, айдап кетүүлөрдү, жанкечтилердин террордук аракеттерин, массалык түрдө киши өлтүрүүлөрдү уюштуруу болуп саналат. Мунун өзү коркунучтардын узакка созулушу, акча каражаттары, курал-жарак жана ок-дары менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну жана дароо жардамга келүүчү эл аралык уюмдардын уюшулушун талап кылат. Көп учурларда үчүнчү тараптагы өлкөлөр террористтерге жардам көрсөтүшүп, аларга башпаанек беришип, жашырынууга жай даярдап, көмөктөшөт. №45– топтомдо террорчулукка каршы терең иликтенген эң зарыл чараларды колдонуунун жолдору көрсөтүлгөн, мында террорчулукка карама-каршы келген, алардын мүмкүнчүлүктөрүн ажырата турган мыйзамдуу укуктарын коргоонун зарылчылыгы баса белгиленген. Ал эми №37-топтомдо болсо террорчулукка каршы колдонула турган чаралар көрсөтүлгөн, ошондой эле мында учурдагы террорчулукка гана эмес жана террористердин жаңы мууну үчүн бешик боло турган өлкөлөрдүн социалдык, саясий жана экономикалык өнүгүүсүнө көңүл бурулган.

№ 45- топтом

### Террорчулукка каршы күрөш

34. (…) Эл аралык резолюциялардын негизинде улуттук боштондук үчүн жана чет өлкөлүк баскынчылардан көз карандысыздыкка чыгуусу үчүн күрөшүү адамдардын мыйзам ченемдүү укугу болуп саналат жана алардын иш-аракети террордук болуп эсептелбей тургандыгын Конференция белгилейт. Ошондой эле Конференция салгылашуу, тынч жашаган элди согушка тартуу же терроррдук топторду түзүү террордук аракеттер экенин билдирет.

37. Конференция террорчулукка каршы коопсуздук чараларын көрүүнүн маанилүү зарылчылыктарына көңүл бурууну каалайт. Анын негизги максаты башка көрүлгөн чараларды колдоого жана иштеп чыгууга, демократияны чыңдоого жана социалдык, экономикалык өнүгүүгө басым жасоо болуп саналат.

*Маалымат булагы: Жер ортолук деңиз аймагындагы Коопсуздук жана Кызматташтык жөнүндөгү үчүнчү Конференциянын Акыркы Документи, Валетта, Мальта, 1995, Ноябрь.*

Террорчулукка каршы ар түрдүү мыйзамдар, мисалы Австрияда (Жазык кодексинин 278б параграфы), Германияда (Жазык кодексинин 129а параграфы), Канадада (36-с мыйзамы) төмөндөгүлөрдү камтыйт:

— Террордук иш-аракеттердин чектелген тизмесине төмөндөгүдөй, адамдарга зыян келтирүүчү кылмыштар кирет: адам өлтүрүү, аларды барымтага алуу, самолетту мыйзамсыз кармоо, террордук жардыруулар жана террордук иш-аракеттерди каржылоо; жана башка мурдатан мыйзамдарда жазылган мыйзамсыз иш-аракеттер, кылмыштар (Германиянын, Австриянын, Канаданын террорчулукка каршы мыйзамдары);

— Террордук топторго жетекчилик кылуу жана колдоо көрсөтүү же каржылоо мыйзамга каршы келет (Германия, Австрия, Канада);

— Террордук иш-аракеттер саясий, идеологиялык жана диний себептерден келип чыгышы мүмкүн (Канада);

— Террордук кыймыл-аракеттердин көздөгөн максаты, коомчулукту, өкмөттү коркутуу жана мажбурлоо жолу менен өз иш-аракеттеринен баш тарттыруу же өздөрүнүн талаптарын аткарууга мажбурлоо (Канада);

— Террордук кыймыл-аракеттердин көздөгөн максаты адамдарга өлүм алып келүү же зордук-зомбулук жасоо менен зыян келтирүү, адам өмүрүнө коркунуч туудуруу, чыгашаларды пайда кылуу, коомдук жана менчик тейлөө кызматын бузуу жана жок кылуу (Канада).

— Демократияны орнотууга багытталган атайын аракеттер мыйзамдуу эрежелерди жана гумандуу мыйзамды коргоо максатын да көздөйт. Мындай шарт коюулар элдин мыйзамдуу түрдө каршы чыгуусунун жана күрөшүүсүнүн кылмыш ишине кошулуп кетүүсүнөн сактайт.

Террорчулукка каршы мыйзамдын ушул бөлүктөрүн жалпылоо менен, төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот: террорчулардын максаты зордук-зомбулук жолу менен адамдарды жок кылууга жана мекемелерди кыйратууга багытталган. Буга дагы кошумча, мыйзамдарда террорчулук жасаган иш-аракеттердин кыскартылган тизмеси бар. Террордук иш-аракеттерди жасоодон тышкары террордук топторго кошулуу (башчысы, мүчөсү, колдоочусу катары) да мыйзамсыз болуп эсептелинет.

Парламенттик көзөмөлдүн көз карашы боюнча террорчулук жөнүндөгү аныктаманы жаңы террорчулукка каршы мыйзамдарда колдонулушун камсыз кылуу маанилүү. Аларга карата көрүлгөн чаралар жана усулдар өтө тар болбой, террордук уюмдар жүргүзүп жаткан жана жүргүзө турган иш-аракеттери тизмеден чыгып кетпешине шарт түзүү керек. Экинчи жагынан, террорчулук жөнүндөгү аныктама өтө кеңири түзүлбөшү керек, себеби ал коомдогу мыйзам ченемдүү өтүүчү демократиялык нааразычылык көрсөтүү жүрүштөрүн пайда кылышы мүмкүн. Бул жерден белгилеп кетүүчү биринчи суроо мындай: зордук-зомбулук иштери демократиялык коомдо кандай деңгээлде акталат? Ар кайсы өлкөлөрдүн мыйзам чыгаруучулары ошол коомго жедеп сиңип бүткөн, зордук-зомбулук аракеттердин мыйзам алдында жоопкерчилиги кандай болорлугу жөнүндөгү түшүнүккө карата жооп кайтарылары белгилүү. Бул суроону карап жатып, мыйзамдын максатына кантип жетишерибизди эске алышыбыз керек. Эгерде зордук-зомбулук актала турган болсо, анда алар келтирген олуттуу коркунучтар менен алардын көздөгөн максатынын теңдештигин карап чыгуу зарыл.

Экинчи суроо, террорчулукка каршы көрүлүүчү чаралар, айрыкча полицияга террордук коркунучтун деңгээлине жараша башкалардай эле камкордук керектиги жөнүндө. Террорчулукка каршы мыйзамдардын максаты полицияга жана башка коопсуздук кызматынын терористтик иш-аракеттерине каршы натыйжалуу күрөшүүсү үчүн ар тараптуу жардам берүү керек экенин эске алуусу зарыл. Бирок бул чыныгы сөз эркиндигин жана уюмдарга мүчө болуу укугун кыскартуу жана саясий каршылаштарды мыйзамдуу түрдө азайтуу максатында эмес жана аларды оздуктоо үчүн колдонулбайт.

## Террористтерге каршы күрөшүүнүн негизги үч жолу

Коопсуздук кызматы коомчулукту коргоо үчүн жана мамлекеттик мекемелерди террордук чабуулдардан сактоо үчүн негизги үч жолду көрсөтүшкөн:

✓ Террорчулукка каршы чараларды көрүү: Элди, коомдук жайларды, имараттарды жана жабдууларды коргоону мүмкүн болушунча бекемдөө.

✓ Террорчулукка каршы көрүлгөн чаралар: Террордук иш-аракеттерди иликтеп табуу жана алардын алдын алып, токтотуу жолу менен болтурбай коюу.

- ✓ **Кризистик абалды башкаруу үчүн көрүлгөн чаралар:** террордук чабуулдан (табигый кырсыктан, өзгөчө кырдаалдан) кийинки жагдайды оңдоо жана калыбына келтирүү.

Террордук иш-аракеттердин көпчүлүгү төмөндөгүдөй учурларга байланышканын төмөндөгү изилдөөлөр көрсөттү: (1) улуттук мыйзам, координациялоо, бөлүнгөн акча каражаты, (2) ички коопсуздук, (3) чет өлкөлүктөр, (4) адамдардын көчүп жүрүүсүн жана чегараны көзөмөлдөө, (5) финансы, (6) эл аралык кызматташтык жана (7) атомдук, биологиялык, химиялык (ABC) коркунучтары. Бул толук эмес тизмени террорчулукка каршы иш-чараларды көрүүнүн негизги каталогу катары колдонсо болот.

Улуттук мыйзам, координациялоо жана бюджет:

— Террорчулукка каршы атайын мыйзамдарды кабыл алуу же мурдагы мыйзамдарды ыңгайлаштыруу;

— Уюштуруу иштерине жана иш-чараларды көрүүгө кошумча акча каражатын бөлүштүрүү (полиция, чегара кызматы, улуттук аба жолдору, саламаттык сактоо мекемелери, почта түйүндөрү, куралдуу күчтөр );

— Ички коопсуздук кызматтары менен маалымат алмашууну көбөйтүү;

— Жергиликтүү, федералдык же улуттук деңгээлдеги коопсуздук кызматтарынын (полиция, аскер, чегара, чалгындоо кызматтары,) ар кандай саясаттардагы бирикме, уюмдарды бир ыкка келтирүү жана бир келишимге, макулдашууга алып келүүгө аракеттенген жеке жана атайын борборлордун узак мөөнөттө иштөөсүн камсыз кылуу;

— Салык, бажы кызматында иштегендер берген маалыматтарды жана кабарларды расмий кызматтагыларга эрежени сактоо менен берүүнү мыйзамдаштыруу.

Ички коопсуздук:

— Интернет, телефон жана факс байланыштарын тыңшоо (атайын контролдоочу мекемелерге, мисалы сот менен макулдашпай туруп жасоо);

— Телекоммуникация кызматында иштегендер аларга кайрылган жарандар жөнүндөгү маалыматты(бир жылга чейин) сактоосун талап кылуу, ошону менен бирге укук коргоо кызматында иштегендердин бул маалыматты алуусуна жол берүү;

— Банктан, интернеттен, кредит берүү мекемелеринен шектүү адамдарга айтпай туруп электрондук маалымат алуу;

— Компьютерлештирилген натыйжалуу издөөлөрдү, жарандык коомдоштуктар менен маалыматтарды ылгоону жүргүзүү;

— Полиция тутумундагы өздүк маалыматтарды изилдөөдө расмий адамдардан кеңеш алуу;

— Көбүрөөк маалымат алуу үчүн узак мөөнөткө чейин адамдарды кармоо;

— Улуттук байкоо жүргүзүү тутумун иштеп чыгуу, мисалы жеке адамдарды күбөлөндүрүү китепчелерин киргизүү;

Чет өлкөлүктөр (баш калкалоочу жай издеген иммигранттар жана чет өлкөлүк жарандар):

— Коопсуздук кызматтарынын чет өлкөлүк жарандар жөнүндөгү маалыматтарды алуусуна шарт түзүү;

— Этникалык топторго кирген адамдарга өзгөчө көңүл буруу (расалар тобу);

— Эгерде качкындын террордук иш-аракеттерге катыштыгы бар экендиги тууралу шек туулса, анын кайрадан сот тарабынан териштирүүнүн каралышына тыюу салуу;

— Эгерде тийиштүү мекемелер ал адам улуттук коопсуздукка коркунуч туударарын аныкташса, анда ага башпаанек берүүдөн баш тартуу;

— Мындайда баш калкалоочу жай берүүдөн мурда алардын манжаларынын изин, белгисин иммиграция учурунда алып, 10 жылга чейин сактоо;

— Террордук коркунуч алып келе турган адамдарды кармоо жана аларды өлкөдөн чыгарбоо;

— Виза берүү жолдорун текшерүүнү күчөтүү; качкындардын жана башка виза алуучулардын саясий чөйрөсүн текшерүүнү күчөтүү;

<u>Жер которуу жана чегара кызматы:</u>

— Чегараны кайтарууну күчөтүү;

— Жарандык аба жолдорун куралдандыруу;

— Экипаж үчүн ок өтпөй турган эшиктерди орнотуу;

— Аэропорттордо бардык жүктөрдүн 100 пайызын сканер аркылуу карап, текшерүүнү киргизүү;

— Паспорт жана башка документтерге биометрдик өзгөчөлүктөрдү кошуп жазуу;

— Коркунуч туудура турган жерлерде (туннелдерде, аэропорттордо, порттордо) текшерүүнү күчөтүү;

— Кире бериш жерлерди сүрөткө тартуу;

<u>Финансы:</u>

— Финансы маалыматтарын текшерүү;

— Банктардын жана кредит берүүчү мекемелердин туура эмес жол менен табылган акчаларды жүгүртүүсүн жана алдап акча табуу жолдорун көзөмөлдөөнү күчөтүү; эгерде бул каражаттар террордук аракеттер үчүн колдонула турган болсо, ал акча каражаттары топтолгон эсепти жаап салуу;

— Банктык эсеп жана борборлоштурулган өздүк маалыматтарды (банктык эсеп жөнүндөгү маалыматтар менен алмашуу) берип туруусун банктардан талап кылуу, эгерде банктык эсеп террордук максат менен ачылганын же ал шектүү экени билинсе, билдирүү;

— Финансы маалыматтарын натыйжалуу топтоп берүүчү бирикмелерди түзүү (финансы министрлигинде).

<u>Эл аралык кызматташуу:</u>

— Эл аралык кызматташтыкты өөрчүтүү, мисалы Европалык Камакка алуу үчүн Ордер же тез өтүүчү экстрадацияны (камактагы адамдарды алмашуу) жүргүзүү;

— Террорчулукка каршы эл аралык макулдашууларды улуттук мыйзамга киргизүү;

— Афганстандагы Эл аралык Коопсуздукка Жардам көрсөтүү Күчтөрүнүн (Коалиция) жарымын жайгаштыруу сыяктуу башка куралдуу күчтөрдү жайгаштыруу;

— Террорчулук жөнүндөгү БУУнун макулдашууларын кабыл алуу жана ага кол коюу;

— Башка кошумча эл аралык коопсуздук кызматтарынын ортосундагы маалыматтарды алмашуу;

— Террорчулуктун келип чыгуу себептерин изилдөө, террористтер үчүн баш калкалоочу жай боло турган мамлекеттер менен иш алып баруу, алардын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү;

Атомдук, Биологиялык жана Химиялык куралдарды колдонуу коркунучтары

— Атомдук, биологиялык, радиациялык жана химиялык куралдарды колдонуу менен согушуу үчүн ачылган борборлордун жайгашкан жерин табуу көп натыйжа берет; болгон күчтү ушул багытка, вакциналарды топтоого жана чыгарууга жумшоо, (мисалы: чечекке каршы вакцина).

— Саламаттык сактоо мекемелеринин даярдыгын күчөтүү, керектүү медициналык каражаттар менен камсыз кылуу;

— Ядролук каражаттардан сактануу жолдорун күчөтүү (мисалы: жапыз учкан кичинекей самолетторду табуу үчүн радар аппараттарын орнотуу).

## Коопсуздук менен адам укугунун ортосундагы туура теңдештик

Көптөгөн өлкөлөрдө колдонулуп жаткан бул иш-чаралар убактылуу эмес, алар узак мөөнөткө чейин натыйжа бериши мүмкүн. Ошондуктан, бул террорчулукка каршы көрүлгөн ыкмалар, коомдогу демейки жашоонун бир бөлүгү катары кабыл алынат. Бул чаралар жарандык укуктарга, сөз эркиндигине, бир уюмга мүчө болуу жана жеке укуктарга таасир этүүдө өзгөчө маанилүү болот. Террорчулукка каршы иш-аракеттер туруктуу мүнөзгө ээ, ал эми өзгөчө кырдаалдар же адаттан тышкары пайда болгон абалдар буларга дал келбейт, анткени алар узак мөөнөткө дайындалган.

Буга дагы кошумча катары, террорчулукка каршы жүргүзүлүүчү иш-чаралар дайыма аткарылуучу иш-аракеттерди, мыйзамдуулукту жүзөгө ашыруу жана маалымат берүү жумуштарынын өз алдынчалуулугун өксүтүшү мүмкүн. Мыйзамдуулукту ишке ашырууда полициянын жана чалгындоо кызматынын максаттары ар башка экени талашсыз. Чалгындоо кызматы боло турган коркунуч жөнүндө маалымат топтойт, ал эми полиция мыйзамдуулукту орнотот жана коомдук тартипти сактайт. Чалгындоо кызматы шектүү адамдарды токтотуп, камай албайт, ал эми полиция кылмыш жасалгандан кийин, аны далилдемейинче иликтөө же чалгындоо кызматтарын жүргүзө алышпайт. Демократиялык башкаруунун көз карашы боюнча чалгындоо кызматы өз жарандарына тыңчылык кылууга чакырылбашы керек.

Кызматтардын мындай бөлүштүрүлүшүн татаалдаштыруунун себеби, ар кайсы өлкөлөрдө террорчулук менен күрөшүү үчүн келип чыккан зарылчылык катары ички кылмыш иштерин иликтөөдө чалгындоо усулдарын колдонууну чектөө аркылуу коштолот.

Үчүнчүдөн, чалгындоо кызматтары өз өлкөсүнүн жарандарынын үстүнөн байкоо жүргүзүү үчүн, сот бийлиги болуп саналган органдарга алдынала билдирүү жасабастан, уруксат алуу маселени кыйлага татаалдаштырат. Бул адам укугун одоно бузууга алып келиши мүмкүн. Жарандардын, акыйкатчылардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкмөттөн жана анын түзүмдөрүнөн өз иш-аракеттерине жооп берүүсүн талап кылуусу ишти татаалдаштырып, изин суутпай издөө ишин бир топ кыйындатат.

Төртүнчүдөн, иммигранттар, качкындар, башка жактан башпаанек издеп келгендер, чет өлкөлүк жарандар террорчулуктун негизги бутасы болуп кала бермекчи. Мындан тышкары ушундай иш-аракеттер ар түрдүү этникалык топтордун жана тайпалардын ортосуна от жагуу коркунучун түзүп, ошондой эле мыйзам алдында баары бирдей болуу укуктук ченемдерин бузууга алып келет.

Бул иш-чаралардын баары террорчулукка каршы натыйжалуу күрөшүүнү талап кылса да, парламент алардын адам укугуна жана эл аралык гумандуу ченемдерге жана принциптерге туура келээр-келбесин камсыз кылуусу зарыл. Башкача айтканда коопсуздук толугу менен орнойт деген ой чындыкка жанашпайт жана эл аралык жана улуттук милдеттерди аткарууну татаалдаштырып жиберет. Бул болсо бийликти жалпылаштырууга алып келет да, демократиянын концепцияларына карама-каршы келет. Ошондуктан укуктук тутумдар аткаруу бийлигинин милдетинин чектелүү болуусун каалашат. Азыркы террорчулук менен күрөшүү

абалын эске алууда парламенттин алдында эркиндикти же коопсуздукту тандоо жөнүндөгү олуттуу маселе турат. Эркиндик менен коопсуздукту теңдештирүү аткаруу бийлигинин атайын милдети болбоого тийиш, ошондуктан парламент адам укугун коргоонун кепили катары бул жоопкерчиликти аткарууда аларга түздөн-түз көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Террорчулук менен күрөшүү

- Террорчулукка каршы күрөшүүдө коопсуздукту камсыз кылуу жана коргонуу жолдоруна гана эмес, анын келип чыккан ички жаңжалдар сыяктуу себептерине көңүл буруңуз, ж.б. Аймактык жаңжалдарды тынчтык жол менен чечүү, калк аралык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана түшүнүү, террорчулуктун алдын алууда чоң мааниге ээ экендигин билиңиз;

- Аймактык жаңжалдардын тамыры этникалык жана диний азчылыкты түзгөн элдердин талаш-тартышында жатат. Мындай учурда ага куралдуу күчтөр тартылып, кээде алар туура эмес колдонулушу мүмкүн. Азчылыктын өкүлдөрүнөн шайланган Парламенттин мүчөлөрү коргоо, маалымат алуу жана сот маселелери боюнча комитеттердин курамына кириши керек. Парламент атайын түзүлгөн комиссияларды жана трибуналдарды азчылыкты коргоого багыттап турушу зарыл. Сиздин өлкө эл аралык террорчулукка каршы түзүлгөн макулдашууларга, протоколдорго, мунун ичинде 1999–жылдын 9-декабрындагы Террорчулукту Каржылоого Тыюу салуу үчүн түзүлгөн Макулдашууга кире тургандыгын аныктап билиңиз. Керек учурда бул макулдашууларды ратификациялоого, кабыл алууга, болбосо аларга кошулууга жана аларга ылайык мыйзам кабыл алууну камсыз кыла турган чараларды көрүүгө катышыңыз.

- БУУнун Башкы Ассамблеясынын ядролук куралдарды колдонуучу террорчулукка каршы макулдашуусуна, ошондой эле террорчулукту түп-тамырынан бери жок кылуу боюнча көп жактуу макулдашууга жакындан көз салууга аракет жасаңыз;

- Террордук чабуулдун курмандыктарын эсепке алып, аны калыбына келтирүүдө, улуттук тилектештикти чагылдырууда бул боюнча укуктук иш-аракеттерди кабыл алууга катышыңыз;

- Террорчулукка каршы иштелип чыккан мыйзамдар коопсуздуктун талабы менен, адамдардын жарандык жана саясий укуктарын сактоо менен алардын ортосундагы теңдештикти камсыз кылышыңыз керек. Көрсөтүлгөн мыйзамдын туура келүүчү таасир берүү чөйрөсүн аныктаңыз жана ишти аткаруу чыгымдарын аныктаңыз.

Кийинки берилген жолдомолорду, 18- Өзгөчө кырдаал жана 19- Ички коопсуздукту жана коомдук тартипти сактоо жөнүндөгү Бөлүктөрдү караңыз

21 -глава

# Коопсуздук жана маалымат технологиясы: жаңы каражаттар жана көйгөйлүү маселелер

Жаңы маалымат технологиясын киргизүү коопсуздукту камсыз кылууга жардам берет, бирок ошол эле убакта жаңы коркунучтарды пайда кылат. БУУнун (2001) (№44-топтом) 1373 - токтому мындан мурунку главада жазылгандай, - эл аралык террорчулукту жана дүйнөдөгү коопсуздукка жана эл аралык тынчтыкка коркунуч келтирүү менен байланышкан, маалымат технологиясынын мүмкүнчүлүктөрүн эл аралык коомчулук эки жактуу колдонууну ачык түшүнүшүн камсыз кылат.

Кийинки жыйырма жылдын ичинде ар кандай эл аралык уюмдар маалымат технологияларын кылмыш максаттарында колдонуу же эл аралык коопсуздукка коркунуч алып келүү иш-аракеттерине, эркиндикке жана адам укугуна залал келтирип, алардын бейпилдигин бузууга болгон далалатына бөгөт коюу менен алардын колдонуусунун алдын алып, аны болтурбоо үчүн ыкмаларды иштеп чыгышкан.

Парламенттин мүчөлөрүнө бул багытта мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн төмөнкү көйгөйлүү маселелерди билүү пайдалуу болушу мүмкүн.

## Кибер (компьютердик) кылмыштар

Интернет аркылуу жасалган кылмыштардын аныктамасы азырынча так эмес, анын үстүндө иштеп жатышат. Анткен менен, бул аныктама негизинен маалыматтык технология чөйрөсүндө кылмыш жасоого жана аларды кыянаттык менен пайдаланууга байланышкан убакта колдонулат, булардын максатынын көпчүлүгү комьютердик программаларды талкалоо үчүн хакерлерди чакыруу жана вирустук программаларды иштеп чыгуу болуп саналат. Бул чөйрөгө акыркы убакта гана абдан чоң кызыгуу пайда болгондугуна карабастан, компьютердик кылмыш маселелери жаңы эле пайда болгон эмес, ал компьютер жаралганда эле келип чыккан. Ошондон улам дүйнөлүк масштабда жайылтылган, себеби Интернеттин колдонулушу абдан өстү. Интернет аркылуу сунуш кылынган көптөгөн артыкчылыктарды коомчулук күндөн-күнгө көбүрөөк пайдаланып жатат. Ал эми Дүйнөлүк Интернет Вебсайт Тутуму коомчулукка кеңири тарады. Ошол эле учурда Интернетти кеңири пайдалануу муну жандаган башка маселелердин ээрчий келишине түрткү болуп, биз кибер (компьютердик) кылмышы өнүгүп, бир да күнүбүз кибер кылмышысыз өтпөй жаткандыгы жалпыбызга маалым.

2001-жылдын 23 - ноябрында Европа Кеңеши тарабынан кибер (компьютердик) кылмыштарына каршы күрөштүн Конвенциясы бекитилип, азыр ал ратификациялоо деңгээлинде турат жана беш мамлекет ратификациялагандан кийин бул Конвенция күчүнө кирет, үчөө Европа Кеңешинин курамында турат (2002 - жылдын май айында Конвенсияны Европа Кеңешинин 29 өлкө- мүчөлөрү жана бул уюмга мүчө болуп кирбеген төрт мамлекет кол коюп, кабыл алышты).

Конвенция коомчулукту сактоо максатында кылмыштарга каршы жалпы саясатты иштеп чыгуу зарылчылыгын моюнга алууну негиздейт, бул коомду коргоого, анын ичинде буга туура келген мыйзамдарды кабыл алуу менен жана эл аралык кызматташтыкты күчөтүүнүн үстүндө иштешет.

## Маалымат тутумдарынын коопсуздугу

Маалыматтык тутумдарды ар түрдүү максаттарга жетүү үчүн колдонуу иш-аракеттеринин тез өсүүсүнөн пайда болуучу коркунучтар эл аралык уюмдарды тынчсыздандырбай койбойт. Бул өз учурунда 1992 – жылдын ноябрь айында Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү Уюмунун Кеңеши маалымат тутумдарынын коопсуздук маселелери боюнча кеңири нускама иштеп чыккан, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ✓ Маалымат тутумдарына карата болгон коркунучту терең түшүнүү жана бул коркунучтарга каршы күрөштүн каражаттарын иштеп чыгуу;
- ✓ Коомдук жана жеке тармактардагы жоопкерчиликтүү адамдарга макулдашылган чараларды иштеп чыгуу жана киргизүү, маалымат тутумдарынын коопсуздугунун тажырыйбасын жана механизмин иштеп чыгууга жардам берүү үчүн жалпы тутумду түзүү;
- ✓ Коомдук жана жеке тармактардын ортосундагы мындай чараларды жана механизмдерди өнүктүрүү жана киргизүү боюнча кызматташтыкка кол кабыш кылуу;
- ✓ Маалымат тутумдарын камсыз кылууга жана алардын колдонулушуна карата ишенимди арттыруу (…).
- ✓ Эл аралык кызматташтыктын маалымат тутумдарынын коопсуздугуна жетишүүсүнө колкабыш кылуу.

Бул нускамаларды бекитип жатканда Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү маселелери боюнча Уюмунун Кеңеши: « Бул Нускама улуттук коопсуздук жана коомдук тартипти сактоодо улуттук өкмөттүн эгемендүү укуктарына таасир тийгизбейт, ал дайыма улуттук мыйзамдын талаптарына жооп берет», - деп белгилеген.

## Компьютерлештирилген жеке маалымат базасы

**1990 – жылдын декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы компьютерлештирилген жеке маалыматтардын базасы жөнүндө көрсөтмө кабыл алды.** Андан мурдараак, 1980 – жылдын сентябрында Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү Уюмунун Кеңеши (ЭКӨУК) тарабынан адамдын жеке жашоосун, ишин, анын обочолонуп жашоосун жана анын эл аралык мамилеси жөнүндөгү маалыматтарды коргоо боюнча көрсөтмөлөргө карата жолдомо бекитилген. Ошондой эле 1981 – жылы Европа Кеңеши тарабынан жеке маалыматтардын базасын автоматтык түрдө иштеп, даяр кылууда инсандарды коргоо жөнүндөгү Конвенция кабыл алынган.

№ 46- топтом

### Жеке маалыматтардын базасын автоматтык түрдө даяр кылууда инсандарды Коргоо жөнүндөгү Конвенция (ETS № 108)

Бул Конвенция биринчи эл аралык байланыштарды түзүүчү аракет, алар адамдар жөнүндө маалымат топтоодо жана аларды иштеп, даяр кылууда келип чыккан кыянаттыкты көрсөтүүгө же кордоого каршы коргоочу каражат катары саналат, ошондой эле инсандардын жеке маалыматтарынын эл аралык маанисин сактап, жөнгө салат. Инсандар жөнүндө маалымат топтоого жана аларды даярдап чыгууга кепилдикти камсыз кылуу менен бирге, адамдардын расасы, саясий кызыгуусу, ден соолугу, дини, жеке турмушу, кылмыштарынын катталуусу ж.б. мыйзамдар жөнүндө маалыматтарды топтоого тыюу салат. Ошондой эле бул Конвенция инсандардын өздөрү жөнүндөгү топтолгон маалыматты билүүгө, эгерде туура эмес болсо аны оңдотууга укуктары бар экендигин кабарлайт. Конвенция боюнча укуктарды кыскартуу бир гана учурда, эгерде адамдардын өмүрүнө коркунуч келип, (мисалы: Мамлекеттин коопсуздугу, коргонуу ж.б.) тобокелдикке салынса гана мүмкүн. Эгерде Конвенция боюнча адамдардын маалыматтарын топтоп, даярдоодо, ошол чет өлкөлдө мыйзам тарабынан тиешелүү коргоо камсыз болбосо, бир аз кыскартуулар киргизилет.

*Маалымат булагы: Европа Кеңеши, вебсайт http: //conventions.coe.int*

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

## Маалымат технологиясы жөнүндөгү мыйзамдар

- Маалымат технологиясы жана кибер (компьютердик) кылмыштуулук чөйрөсүндө аларга туура келген мыйзамдардын бар экендигин текшерип билиңиз, себеби бул технологиялар тез өнүккөндүктөн мыйзамдардын кайра каралышын жана жаңырып турушун талап кылат.

- Сиздин мамлекетиңиз ылайык келген эл аралык жана аймактык конвенциялардын курамына кирерин, ал эми өлкөнүн ички мыйзамдары жана саясаттын багыттары эл аралык макулдашуулардын талабына байырлашкандыгын текшерип билиниз.

- Ички мыйзамдар жана маалымат технологияларын колдонуу чөйрөсү адам укугун жана баштапкы эркиндикти сактоонун маанисин эске алуу менен иштелип чыккандыгына көңүл буруңуз жана алардын кабыл алынгандыгын текшерип билиңиз.

- Зарыл болгон учурда татаалдашкан маселелерди талкуулоо же жеке адамдар жөнүндөгү мыйзамды талкуулоо максатында парламенттик суроо менен өкмөткө кайрылыңыз.

## Парламенттик каражаттар жана ресурстар.

- Парламенттик комитетке (же комиссияга) жана анын алдында иштеген комитеттерге турукташтыктын негизинде өнүгүүгө, маалымат технологиялары жана аны колдонуу маселелерине байланышкан тапшырмалар коюлганын текшерип билиңиз.

- Зарыл болгон учурларда бул сыяктуу комитеттерди жана анын алдында иштей турган комитеттерди түзүүгө же мындай маселелерди башка иштеп жаткан комиттетердин иш тапшырмаларына, мандаттарына кийирүүгө чара колдонуңуз.

- Компетентүү парламенттик тарап алдына коюлган вазийпаны аткаруу үчүн эң жогорку деңгээлдеги ресурстар жана тажрыйбалуу адистер менен камсыз болгондугун текшерип билиңиз.

- Эгерде булар максатка туура келсе, бул чөйрөдөгү иш-аракеттин өнүгүүсүнө көзөмөл жүргүзүп, катышуу жана талкуулоого дем берүү үчүн формалдуу эмес жабык жыйналыштарды өткөрүүнү карап чыгыңыз. Формалдуу эмес жабык жыйналыштар мүмкүн болушунча объективдүү болуп, парламенттин өкүлдөрүнүн катышуусунда, баарынын көз карашын эске алуу менен өтүшү керек.

22- глава

# Эл аралык тынчтык вазийпасы.

Эл аралык чөйрөдөгү азыркы болуп жаткан жаңжалдарды чечүүдө болгон күч-аракеттердин баары БУУнун Уставы менен аныкталган каражаттардын жардамы менен иштөөгө багытталган. 6 - бөлүм (Талаш-тартышты тынчтык жолу менен чечүү) же 7 - бөлүм (Тынчтыкка коркунуч келтирүүгө жана баскынчылыкка каршы аракеттерге көңүл буруу). Бул жоболорго таянып БУУ бир нече концепцияларды жана аларды аткаруу жолдорун иштеп чыккан (алардын аныктамасы № 47- топтомдо), андан сырткары мындай вазийпаларды уюштуруу жана аткаруу боюнча иштөө жолдорун (БУУнун тынчтыкты сактоо боюнча иш аракеттери жөнүндөгү № 48- топтом жана БУУнун тынчтыкты сактоочуларды даярдоо тууралу № 50 –топтом ) иштеп чыккан. Эл аралык коопсуздук абалынын өнүгүшүнө байланышкан мамлекеттер зарылчылыкка жараша мындай вазийпаларга катышууга тартылат.

## Эл аралык тынчтыкты сактоо боюнча аткарылган иш аракеттерге катышуу

Тынчтыкты сактоо, тынчтыкты орнотуу жана жүзөгө ашыруу аракеттери БУУга мүчө мамлекеттердин катышуусуна жана Коопсуздук Кеңешинин көрсөткөн таасирине жараша болот. Барган сайын өлкөлөр тынч эмес аймактарга тынчтыкты жана турукташтыкты калыбына келтирүү максатында өздөрүнүн куралдуу күчтөрүн чегарасынан сырткары жиберип жатышат. Белгилей кетүүчү нерсе, куралдуу күчтөрдү жайгаштыруу эл аралык тартипке жана принциптерге ылайыкташтырылып жүргүзүлүшү керек. Бул принциптердин ичинен эң маанилүүсү 5 – главада аныкталган, ал Улуттук коопсуздук жана эл аралык макулдашуу маселелерине арналган.

Парламент менен өкмөттүн ортосундагы мамилелерди теңдештирүү үчүн парламенттин куралдуу күчтөрдүн бөлүктөрүн чет өлкөгө жиберүү чечимин кабыл алууга катышуусу максатка ылайык келет.

№ 47- топтом

## Тынчтыкты орнотуу, колдоо жана аны күч менен жүзөгө ашыруу аракеттери: БУУнун кээ бир пайдалуу аныктамалары

### Тынчтыкты орнотуу.

Тынчтыкты орнотуу, бул дипломаттык каражаттарды колдонуу менен жаңжалга катышкан тараптарды ынандыруу аркылуу куралдуу кагылышууларды токтотуп, тынчтык жол менен сүйлөшүүлөрдү баштоосуна алып келиши керек. БУУ мындай аракеттерди жаңжалга катышкан тараптардын макулдугунун негизинде гана алдын ала иш-чаралары катары жайылтууга катыша алат. Мындайча айтканда, тынчтыкты орнотуу, каршылашкан тараптардын согуш аракеттерин токтотуу үчүн аларга каршы күч колдонуу мүмкүнчүлүгүнө тыюу салат.

### Тынчтыкты колдоо

1948-жылдан тартып БУУ тынчтыкты колдоо боюнча 54 иш-аракетин өткөрдү, анын ичинен 41 иш-аракетин Коопсуздук Кеңеши акыркы 12 жылдын аралыгында уюштурган. Азыр дүйнө жүзүндө тынчтыкты  колдоо боюнча 15 иш-аракет өткөрүлүп жатат.

Тынчтыкты колдоо – бул мамлекеттер арасындагы жаңжалдарды чечүү каражаты катары өнүккөн жана тынчтыкты колдоо аракеттери мамлекеттердин ортосундагы куралдуу кагылышууларды жайгарууну көзөмөлдөө жана БУУнун башкаруусуна кирген өлкөлөр аскер

бөлүктөрүн жайгаштыруу иштерине катышкан. Азыркы учурда тынчтыкты колдоо көбүнчө эл аралык жаңжалдарды жана жарандык согуштарды токтотууда колдонулат. БУУнун тынчтыкты сактоочуларынын милдети, аскер кызматчылары, жарандык полиция жана башка жарандар – жаңжалга катышкан тараптарды андан ары өөрчүтпөө жана аларга тынчтык жолу менен иштөөгө жана сүйлөшүүлөргө көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Бул тынчтык макулдашууларын таратуу, ок атууну токтотуу боюнча келишимдердин сакталышына көзөмөл, тосмо зоналарды түзүү жана өкмөт менен, өкмөттүк эмес уюмдар менен жана жергиликтүү элдердин топтору менен өзгөчө кырдаалдарда жардам көрсөтүү, аскер кызматчыларын (демобилизация) милдеттүү аскер кызматынан бошотуп, аларды жарандык коом менен бириктирүү, жардыргычтардан тазалоону өткөрүү, шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү, мындан тышкары өз алдынча өнүгүүнү камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт. БУУга мүчө мамлекеттер куралдуу күчтөрдү жана аскердик техниканы - БУУнун өзүнүн куралдуу күчтөрү болбогондуктан, жарандык полицияны өзүнө тартат. Шайлоо өткөрүү жана адам укугун сактоо боюнча байкоочулар жана башка жарандар көп учурларда аскер кийимчен аскер кызматчылары менен чогуу иштешет. Тынчтыкты сактоочулардын эң күчтүү «куралы» эч бир тарапка тартпоо, алардын өздөрүнүн мандатынын талабы да ушундай. Бирок тынчтыкты колдоо өтө опурталдуу иш: 1948 - жылдан бери 1650дөн ашык тынчтык колдоочу жарандар жана аскер кызматчылары БУУнун тапшырмаларын аткарууда курман болушкан.

### Тынчтыкты күч менен жүзөгө ашыруу. Тынчтыкты жүзөгө ашыруу менен аны колдоо бирдей кызматпы?

Тынчтыкты күч менен жүзөгө ашыруу аракеттерин өткөрүү учурларында Коопсуздук Кеңеши БУУнун мүчөлөрүн бул максатка жетүү үчүн бардык керектүү чараларды көрүүнү милдеттендирет. Мындай учурда бул мамлекеттердин макулдугу талап кылынбайт. Тычтыкты күч менен жүзөгө ашыруу өтө сейрек учурларда гана колдонулган. Мисалы: Согуш булуңу (Персид булуңу), Сомали, Руанда, Гаити, Босния жана Герцеговина, Албания жана Чыгыш Тимор өлкөлөрүндө. Мындай тынчтыкты орнотууну жүзөгө ашыруу аракеттерин БУУ көзөмөлдөбөйт. Алар бир мамлекеттин же бир канча мамлекеттин топтору менен башкарылат, мындай иш-аракеттер төмөндөгү өлкөлөрдө жүргүзүлгөн: 1999 – жылы Австралия Чыгыш Тимордо, 1995 – жылы НАТО Босния жана Герцеговинада, 1999 – жылы Косоводо бул вазийпаны башкарган, ал эми БУУ Убактылуу Башкаруу Вазийпасын жетектеген.

БУУнун Уставынын тынчтыкты жана дүйнөдөгү коопсуздукту сактоо боюнча жоболору тычтыкты орнотууда жана аны жүзөгө ашырууда негиз катары пайдаланылат.

### Тынчтыкты калыбына келтирүү

Тынчтыкты калыбына келтирүү иш-аракеттери жаңжал жана куралдуу кагылышуулардан кийин улуттар арасында тынчтыкты жакшыртууга жардам көрсөтүү максатында жүргүзүлөт. Мындай кызмат аткаруулар өтө чоң жоопкерчиликти камтыйт жана өлкөнү кайра калыбына келтирүүгө байланышкан башка тапшырмаларга кеңири катышат.

### Гуманитардык вазийпалар

Бул вазийпанын максаты согуш чыккан учурларда, ачкачылыкта, сел каптоодо, кургакчылыкта, үрөй учурган шамал, куюн болгондо жана жер титирөөдө жана башка ушул сыяктуу табигый кырсыктарда гуманитардык жардам берүү болуп саналат. Көпчүлүк уюмдар – өкмөттүк, өкмөттүк эмес уюмдар, БУУнун агентстволору- өзгөчө кырдаалдарга тез аранын ичинде көңүл бурууга аракет кылышат, анткени куралдуу күчтөргө материалдык – техникалык жактан камсыз кылуунун, кээде бул программаны аткарууга көмөк көрсөтүүнүн жападан жалгыз жолу болуп калат.

*Маалымат булагы: БУУнун бириккен тармактарынын сайты: http://www.un.org*

Өкмөттүн жана жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн аскердик бөлүктөрдү чет жакка жиберүүгө парламенттин милдеттүү түрдө катышуусу зарыл, анткени парламенттик талкуулоолор жана добуш берүүлөр бул аткарылып жаткан вазийпанын демократиялык укукка туура келерин ырастайт жана коомчулуктун колдоо көрсөтүүсүн жогорулатат.

## Парламенттин куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жөнөтүү жөнүндө чечим чыгаруу процессине катышуусу

Жаңы коркунучтардын алдын алып, эл аралык кризисти чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн колдонууда куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү чоң мааниге ээ болсо дагы, парламенттин ролу кээ бир өлкөлөрдө чектелгендиги жана айрым учурда тынчтык үчүн жүргүзүлүп жаткан вазийпаларга катышпай жаткандыгы белгилүү болгон. Коомдук коопсуздукту демократиялык көзөмөлүн бекемдөө үчүн мындай мамиле жасоо жок дегенде жарымы болсо дагы өзгөртүлүшү керек.

Төмөндөгү ар түрдүү үч абал так аныкталууга тийиш керек, ар бири үчүн башкарууну жакшы жолго коюу максатында парламенттин ролун жана анын түздөн-түз катышуусун жогорулатуу зарыл.

### Парламенттин мурда жана кийин кабыл алган ой-пикирлери ( күчтүү ролу)

Мурдагы ой-пикирдин талабы боюнча куралдуу күчтөр чет өлкөгө парламенттин чечими менен гана жиберилет. Бул жердеги айырма, куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жөнөтүү жөнүндөгү парламенттин ыйгарым укуктары жана ага добуш берүү жолу менен жиберилген учурдан айырмаланып, башка убакта аны аткаруу үчүн атайын милдеттүү түрдө чечим кабыл алынат (АКШ) жана атайын мыйзамда бул вазийпанын мандаты, себептери жана негиздемеси кабыл алынат (Швеция). Бул эки учурда тең тынчтыкты орнотуу вазийпасына жана демократиялык мыйзамдын негизинде гуманитардык интервенция жүргүзүүгө жана кийлигишүүгө милдеттендирилет.

Парламенттик иштин аткарылыш жолдору жалпысынан алганда тез бүтүүчү жумуш эмес, коргоо учурунда убакыт негизги аныктоочу мааниге ээ болгондуктан, мурдагы кабыл алынган чечимдин критерийлерин аткаруу дайыма эле оңойлукка турбайт, ошондуктан көпчүлүк мезгилде парламент куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жайгаштыруу жөнүндөгү маселелерди чечүүдө кийинки кабыл алына турган ой-пикирге таянат. Мисалы, АКШнын «Согуш Бийлигинин Резолюциясы» боюнча Конгресс куралдуу күчтөрдүн чет өлкөдө өз милдетин аткаруусу 92 күндөн көп боло турган болсо, алар кийинки кабыл алына турган чечимге макул болуулага тийиш. Мындай учурларга парламенттин ой пикирине, чыгарган чечимине чейин куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү ишке ашкан учурлар кирет. Ага карама-каршы, Нидерландыда, Конституциянын 100-статьясына ылайык, парламент менен өкмөттүн куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү жөнүндө алдынала кызматташуусуна чакырат, куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберердин алдында парламент ал күчтөрдүн жайгаштырылуусу же дислокациясы, алардын эл аралык мыйзамды жана тартипти жүзөгө ашырууга милдеттендирилиши тууралу маалыматтар менен камсыз болууга тийиш. Бул куралдуу иш-чаралар кагылышуулар болгон учурда көрсөтүлгөн гуманитардык жардамга да тиешелүү.

### Парламенттин куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү боюнча чектелген ролу (кыскартылган ролу)

Парламенттин ролун конституция же мыйзам чектейт. Парламент куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү боюнча атайын маселелерди кароо учурундагы талкуулоого катыша алат, бирок аткаруу бийлигинин чыгарган чечимдерине өзгөртүү киргизе албайт. Андан сырткары,

парламент ушул маселе боюнча добуш бере албайт. Бул учурда өкмөт парламентке кабыл алынган чечимди гана билдирет. Парламент ушул маселе боюнча добуш бере албаса дагы куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү иш-аракетинин демократиялык мыйзамга ылайык экендигин талкуулоого катыша алат.

Парламенттин бийлиги кыскартылган мындай учурларда, куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү иш-аракеттерине расмий түрдө катыша албайт, бирок иш жүзүндө парламенттин жана өкмөттүн куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү жөнүндөгү талкууга катышып, ал эми кээ бир мамлекеттерде алардын добуш берүүсү да зарыл экендиги белгилүү.

### Парламенттин чечим чыгарууга катышуудан четтетилиши (эч кандай ролу жок)

Мындай учурларга парламенттин куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү боюнча маселелерди талкуулоону башкарбаган жана анын ой-пикири, чыгарган чечими керекке жарабаган убактар кирет. Куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү тышкы саясаттын чечимине тиешелүү болгондуктан, чечим чыгаруу толугу менен аткаруу бийлиги аркылуу жүргүзүлөт. Бирок парламенттин чечим чыгаруу жана аны иштеп чыгуу процестерине иш жүзүндө катышпай тургандыгы, анын тынчтыкты орнотуу вазийпасын көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн чектейт.

## Парламент ээ боло ала турган башка каражаттар

Парламент чечим чыгаруу жана аны иштеп чыгуу иш-аракеттеринен четтетилсе да же өтө чектелген роль ойносо да, өкмөткө төмөндөгүдөй төрт жол менен басым жасай алат:

- ✓ Куралдуу күчтөрдү чет өлкөгө жиберүү жөнүндөгү чечимди кабыл алуудагы жоопкерчилигин түшүндүрүүсүн парламент аткаруу бийлигинен талап кыла алат. Ал эми эгерде парламентке өкмөттүн эл аралык макулдашуулары жөнүндө толук билдиришпесе, ал өкмөттүн чыгарган чечимине таасир көрсөтүп аны татаалдаштыра алышпайт.

- ✓ Парламент аткаруу бийлигине бюджетке өзгөртүү киргизээрде таасир бере алат. Эгерде тынчтыкты сактоо вазийпасын аткаруудагы пландаштырылбаган, башка учурлар пайда болсо, парламент учурдагы бюджетте каралбаган кошумча каражаттардын бөлүштүрүлүүсүн бекитиши керек. Ушундай жол менен парламент өзүнүн көз-карашын акча бийлиги аркылуу билдире алат (мисалы Францияда).

- ✓ Парламенттин катышуусу бир гана талкуулоодо жана добуш берүүдө маанилүү эмес. Тынчтыкты сактоо вазийпасын аткарууда, парламентин мүчөлөрү бул жөнүндө маалымат алуу үчүн өкмөткө ар түрдүү маселелерди коюуга жана аларга ар кандай милдеттерди тагууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Ошону менен бирге парламенттин мүчөлөрү чет өлкөдөгү аскердик бөлүктөрдү көрүү үчүн ар кандай визиттерди жасай алышат. (17-глава).

- ✓ Жоопкерчилиги жөнүндөгү маалыматты берүү ой-пикирин эске алуу менен, тынчтыкты сактоо вазийпасы аяктагандан кийин, парламент парламенттик териштирүү жүргүзүп, өкмөттөн бул боюнча өзүнүн баа берүүсүн талап кыла алат.

№ 48- топтом

### БУУнун тынчтыкты колдоо боюнча иш-аракеттерин өз орду менен жайгаштыруу процесси

БУУнун өзүнүн куралдуу күчтөрү жок. Ар бир тынчтык үчүн болгон иш-аракет ошол абалдын талаптарына жооп бергидей түзүлүш керек жана ар жолу Коопсуздук Кеңеши жаңы иш-аракетти уюштурууда анын ар бир бөлүгүн кылдаттык менен түзүп чыгуусу зарыл.

Коопсуздук Кеңешинин 15 мүчөсү тынчтыкты колдоо кызматын аткаруу үчүн алардын жайгаштырылуусуна жана алардын мандаттарынын аныкталышына таасир беришет. Мындай чечимге жетишүү жок дегенде тогуз добушту талап кылат, коопсуздук Кеңештин туруктуу

беш мүчөсүнүн кимдир-бирөөсү тарабынан вето коюлса (Кытай, Франция, Россия Федерациясы, Улуу Британия, АКШ), Башкы Катчы бул иш-аракеттин башталышына жана өткөрүлүшүнө жолдомо берет жана анын жүрүшү жөнүндө билдирип турат. Тынчтыкты Колдоо Кызматынын Департаменти БУУнун дүйнөлүк тынчтыкты колдоо иш-аракеттерине көмөк көрсөтүүсүнө, анын иштеринин күндөлүк жүрүшүнө, көрсөтмөлөрдү алып турушуна, материалдык - техникалык каражаттар менен камсыз болуп турушуна жоопту болуп саналат

Башкы Катчы бул иш-аракетти аткаруу үчүн анын башчысын өзү шайлайт жана БУУнун мүчөлөрү болгон мамлекеттерге куралдуу күч, полиция жана башка аскердик өздүк курамды берүүсүн сурайт. Мамлекет же атайын менчик келишим менен иштегендер тарабынан керектүү каражаттар аркылуу, транспорт менен жана материалдык - техникалык жактан камсыз болушат. Бул топто мүчө-мамлекет тарабынан жөнөтүлүп, БУУнун катарында иштеген жарандар жана атайын жумушту аткаруу үчүн ар түрдүү мамлекеттерден келген же жергиликтүү калктан чыккан адамдар иштешет.

Куралдуу күчтөрдү бир жерден экинчи жерге которууга талап кылынган убакыт ар бир иш аракет үчүн ар кандай жана негизинен буга катышкан мамлекеттердин айкын аракеттери үчүн куралдуу күчтөрүн бөлүп берүүсүнө көз каранды. Акча каражаттарын жана аба транспорт каражаттарын өз убагында алуу, жайгаштыруу ылдамдыгына таасир берет. Мисалы үчүн, 1973- жылы БУУнун Өзгөчө кырдаалдар үчүн Күчтөрүнүн экинчи бөлүгү (ӨКК) Жакынкы Чыгышка 24 сааттын ичинде которулган. Анткен менен, кээ бир өтө татаал мандаты бар вазийпалар же материалдык-техникалык камсыз кылуудагы кыйынчылыктар, ошондой эле тынчтыкты колдоочулар өзгөчө тобокелдикке учураганда, зарыл болгон толуктоочу каражаттарды чогултуп жана жеткирүү үчүн көптөгөн ай талап кылынышы мүмкүн.

*Маалымат булагы: БУУнун вебсайты:http:www.un org*

№ 49- топтом

## Тынчтык вазийпасынын күч колдонуудагы эрежелери

Парламент аскер бөлүктөрүн чет өлкөгө жиберүүгө уруксат берип жатканда, ал ошондой эле бул бөлүктөр үчүн күч колдонуунун деңгээлин жана аларды колдонуу шарттарын, башкача айтканда ал милдеттердин эрежелерин аныктай алат.

Тынчтык вазийпасынын күч колдонуудагы эрежелери деп, биз ар бир аныкталган белгилүү иш-аракет үчүн өтө такталган күч колдонууга көңүл буруп, баш-аламан курал колдонууга чек коюуну түшүнөбүз. Ал ар бир учурга жараша өзүнчө аныкталышы керек жана мүмкүн болушунча күч колдонуунун деңгээлин чектеп турушу керек, ошол эле учурда аскерлерге өздөрүн коргоого жетишээрлик эркиндиктерге уруксат берилиши зарыл. Өзүн-өзү коргоонун баштапкы өбөлгөсү анын сабырдуу болуусунда. Күч колдонуу эрежелери аскерди колдоочу факторлор гана эмес, аткаруучулук же тактикалык параметрлер да болуп саналат. Алар оперативдүү жана саясий талаптарды өтө кылдаттык менен сактап, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин резолюциялары сыяктуу эл аралык эрежелердин негизинде иштөөсү зарыл.

Тынчтык вазийпаларынын күч колдонуудагы эрежелери жаңжал күчөп кеткен учурда, аларды теңдөө же карама-каршылыкты чечүү максатында колдонулуучу күчтүн ченемин так аныктай турган критерийлерди камтууга тийиш. Бул ар түрдүү деңгээлдеги зордук-зомбулукка каршы күчтү колдонуудагы чек коюлар боюнча эрежелердин аныкталышы, күч колдонууда күнөөсүз адамдарды курмандыкка чалууну азайтат. Ушуга байланыштуу күч колдонуудагы эрежелер күч колдонуунун төмөндөгү деңгээлин көрсөткөн (минимумдан максимумга чейин):

— аскердин өзүн-өзү коргоосунда;

— аскердин өзүнүн жана жарандардын жашоосун коргоодо;

— аскердин өзүн-өзү коргоосунда жана жарандардын жашоосун коргоодо жана тандалган объекттерди коргоодо ( оорукана, көпүрө);

— коюлган тапшырманы аткаруу үчүн баардык керектүү күчтү жана каражаттарды колдонуу;

Тынчтык вазийпаларынын күч колдонуудагы эрежелери атайын тапшырманы аткаруу үчүн кандайдыр бир белгилүү курал-жаракты колдонуу жөнүндөгү, куралсыз тапшырма аткаруудан согуш кемелери, самолет, ракеталык технологиялар сыяктуу оор курал жарактарды колдонууга чейинки маалыматты камтууга тийиш.

## Тынчтык үчүн жоокерлерди окутуп, даярдоо

Ар бир куралдуу күч үчүн тынчтыкты колдоо иш-аракеттерине катышуу абдан жоопкерчиликтүү тапшырма жана ал кошумча окутулуп, куралдуу күчтөрдүн жогорку деңгээлдеги көрсөтмөсүндөгү стандарт менен даяр болуусун талап кылат.

Куралдуу күчтөр аткаруучулук деңгээлде атайын даярдыктан өтүүсү зарыл, алар миналарды табууну, жарандар менен тил табыша билүүнү, ортомчулук милдетти аткарууну (кээде жергиликтүү элдин тилин билүү), жергиликтүү калктын үрп-адаттарын, салтын, ошондой эле адамдар жана гуманитардык мыйзам жөнүндө ачык жана так түшүнүү жана атайын вазийпанын күч колдонуудагы эрежелерин ар тараптан толук билүүгө тийиш. Акыркы ой боюнча белгилей кетүүчү нерсе, тынчтык үчүн аткарылуучу вазийпаларда куралдуу күчтөрдүн колдонулушу көп убактарда өтө чектелген болот, ал эми кээ бир учурларда куралдуу күчтөр таптакыр курал колдонушпайт.

Пландаштыруу мезгилиндеги атайын даярдыкты өткөрүүнүн учурунда маанилүү нерсе, тынчтык вазийпаларында кызмат өтөгөн куралдуу күчтөр көбүнчө өздөрүнүн үйлөрүнөн алыс, мурда жумуш орду катары эч качан эсептелбеген жерлерде жайгаштырылышат. Мындай шарттарда транспорт менен жеткирүү жана аскерлерди ар тараптан камсыз кылуу татаал маселе болуп, айрым учурларда кээ бир мамлекеттердин материалдык мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтүүгө алып келет.

Ошондой эле, өлкөнүн өзүнүн ичиндеги адистердин жана аскердик башкаруу курамынын атайын даяр болушу жана окутулушу талап кылынат. Ар түрдүү мамлекеттердин улуттук куралдуу күчтөрү биргелешкен көзөмөлдүн алдында бир эле аймакта кызмат кылышы мүмкүн, мында коргоо министринин салттуу түз башкаруучулук багыты өзгөртүүгө учурайт. Эл аралык Кызыл Крест ассоциациясы сыяктуу эле ар түрдүү уюмдардын жана куралдуу күчтөрдүн координациялары күндөн күнгө чоң мааниге ээ боло баштады.

БУУнун тынчтык үчүн вазийпаларынын убагында куралдуу күчтөрдү башкаруу Коопсуздук Кеңешинин резолюциялары менен гана чектелбестен, тынчтык вазийпаларынын күч колдонуудагы эрежелерине, БУУнун кызмат аткаруу эрежелерине жана БУУнун башкаруу кодексине жана БУУнун көп улуттуу күчтөрүнө тиешелүү баардык административдик маселелерге негизделет.

№ 50- топтом

### БУУнун тынчтыкты орнотуучуларды даярдап окутуусу

Тынчтыкты колдоо иш-аракеттеринин Департаментинин Катчылыгынын астында түзүлгөн Окутуу уюму БУУнун мүчө-мамлекеттерине тынчтыкты орнотуучуларды окутуу үчүн адистерге жардам берүүчү жана маалымат берүүчү атайын көрсөтмөлөрдү камсыз кылат. Бул уюм тынчтыкты колдоо учурунда топтолгон көп жылдык тажрыйбаларды жана стандарттуу аткарылуучу жол-жоболорду жана жалпы билимди жайылтуу максатында окутуу модулдарын жана башка материалдарды өнүктүрөт. Бул уюм аскердик колледждердеги кызматчылары жана окутуучулары менен, көп өлкөлөрдөгү улуттук, аймактык окутуу институттары менен жана тынчтык вазийпасы менен чогуу иштешет. БУУнун Окутууга Жардам берүү Топтору жана «окутуучуларды окутуу» курстары мүчө – мамлекеттерге тынчтыкты колдоону өнүктүрүү жана аткаруу боюнча окутуу программаларын жиберишкен. Башкаруу Кодекси жана башка окуу куралдары, китептери баштапкы стандарттык билимде биримдикке жетишүү үчүн иштелип чыккан.

# Куралдуу күчтөрдү гуманитардык вазийпа аткаруу үчүн чет өлкөгө жиберүүнүн критерийлери

Парламент жана өкмөт Куралдуу Күчтөрдү чет өлкөгө жиберүүнүн критерийлерин иштеп чыгышкан. Такталган критерийлердин тобун колдонуу чечим чыгаруу процестериндеги ачык-айкындуулукту камсыз кылат, бул өз кезегинде тынчтык үчүн болгон иш-аракеттерге коомчулуктун колдоо көрсөтүүсүн жогорулатат. Мындай критерийлердин эки түрү чоң мааниге ээ. Критерийлердин биринчи тобу саясий жана аткарыла турган иш-аракеттин түрүнө байланыштуу. Критерийлердин экинчи тобу вазийпанын өзүнө көңүл буруп, мандатына, башкаруусуна, убактысына, куралдуу күчтөрдүн түрлөрүнө басым жасайт.

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Тынчтык вазийпаларынын маанисине жана түрлөрүнө байланышкан критерийлер

▹ Парламент жана анын компетенттүү комитеттери төмөндөгүлөрдү карап чыккандыгын аныктап билиңиз:

— мамлекеттин эл аралык милдеттери

— тынчтык вазийпалары үчүн куралдуу күчтөрдү жиберүүнүн жана кабыл алуунун туура келиши;

— ар бир атайын интервенцияга берилген так түшүндүрмө же мүнөздөмө (мисалы, кайсы бир өлкөдөгү адам укугунун жалпы масштабда бузулуусу);

— аймактык же дүйнөлүк тынчтык вазийпаларын аткаруу үчүн аскерлердин күч колдонуу иш-аракеттеринин баштапкы эрежелери;

— куралдуу күчтөрдү пропорционалдуу колдонуу;

— натыйжалуу саясий чечим чыгаруу үчүн жоболор;

— мамлекеттин таасир берүүсүнө (бийлигине) чек коюу;

— тынчтык вазийпасынын принциптерине, иш-аракеттерине, элдин катышуусуна коомчулуктун колдоосу же колдоо көрсөтпөөсү;

— боло турган маселелердин принциптерине жана жол-жоболоруна жардам берүү; тынчтык вазийпасынын жыйынтыгын талдоо максатында иш-чара аяктагандан кийин парламентке толук маалымат берүү зарылчылыгын орундатуу;

### Аткарылып жаткан вазийпа үчүн атайын критерийлер

▹ Парламент жана анын компетенттүү комитеттери төмөндөгүлөрдү карап чыккандыгын аныктап билиңиз:

— тынчтык вазийпасынын масштабынын жана мандатынын аныктамасы; катышкан аскердик бөлүктөрдүн түрлөрү; тынчтык вазийпасында куралдуу күчтүн жүзөгө ашыра турган иш-аракети;

— аскердик бөлүктөрдүн жана анын каражаттарынын ылайык келүүсү жана жарамдуулугу;

— аскер кызматчыларына келтирилген олуттуу коркунучтар;

— аткарылуучу иш-аракеттин белгилүү убактысы жана керек учурда аны токтотуу критерийлери;

— бюджеттик киришүүлөр;

— бул иш-аракетке коомчулуктун жасаган мамилеси;

**Тынчтык вазийпасына байланышкан парламенттик жол-жоболордун колдонулушу**

▹ керек учурунда парламент төмөндөгүлөрдү жасай ала тургандыгын аныктап билиңиз:

— тынчтык вазийпасы жөнүндө коомдук уктурууларды өткөрүү;

— тынчтык вазийпасын мындан ары улантуу максатында коомдук пикирлерди сурап билүү;

—тынчтык вазийпасында иштеген кызматкерлердин зордук-зомбулукка катышуу менен адам укугун бузган учурларында жоопко тартылуусун талап кылуу;

▹ тынчтык вазийпасы аткарылып жатканда тиешелүү маселелер жөнүндөгү парламенттик уктуруулардын жана милдеттердин жол-жоболорун жүзөгө ашырууну күмөн санабастан өз убагында аткаруу.

VI Бөлүм

# Финансы ресурстары:
## Коопсуздук жаатындагы бюджетти натыйжалуу контролдоого жетишүү

23- глава

# Коопсуздук жана акча бийлиги

## Парламент жана коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти калыптандыруу процесси

Бүткүл дүйнөдөгү мыйзамдарга ылайык парламенттерге коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти бекитүү жана контролдоо ишинде негизги роль таандык. Саясий түрткү берүү жана бул ролду ойноо мүмкүнчүлүгү ар кайсы өлкөлөрдө ар башкача болушу мүмкүн. Бирок иш жүзүндө көп учурларда парламенттердин таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү кыйла чектелүү болот, ал эми алардын андан аркы иши коопсуздук чөйрөсүндө жашыруун болгондуктан жана белгилүү чыгашалардын ачыкка чыгарылбагандыгынан улам татаалдашып кетиши мүмкүн. Илгертен салтка айланып калган аткаруу бийлигинин коопсуздук чөйрөсүндөгү көп учурларда үстөмдүк кылышы парламенттин ишин чектеп коет. Парламент иш жүзүндө коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджеттик калыптандыруу демилгелеринин баарын аткаруу бийлигинин жана куралдуу күчтөрдүн өкүлдөрүнүн колунда калтырат.

Ошентип, парламенттин мүчөлөрү коомдун муктаждыктарына ылайык коопсуздук чөйрөсүн контролго алуу жана реформалоо куралы катары улуттук бюджеттин күчүн жана ролун жеткире баалай билүүгө тийиш. "Акча бийлигин" кеңири коомчулук алдындагы отчет берүүнү көңүлдө тутуучу жол менен чыгашаларды эң туура пайдалануу мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында колдонууга болот жана колдонуу керек.

№ 51- топтом

### Бюджет: демократиялык башкарууда орчундуу каражат

"Улуттук бюджет - бул кирешелер менен болжолдуу чыгашалардын катышын чагылдырган техникалык аспап эле эмес, ал аткаруу бийлигинин кийинки жылга карата жасаган эң маанилүү билдирүүсү. Анда башкы баалуулуктар чагылдырылат, улуттук саясаттын багыттары аныкталат жана өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына карата көз караштары даана туюнтулат. Ал өкмөттүн финансы жана экономика чөйрөлөрүндөгү максаттарынын жарыяланышы, ошондой эле социалдык жана экономикалык артыкчылыктардын чагылдырылышы болуп саналат. (…) Андан ары бюджет өкмөттүн келечектеги ниеттерин жана анын буга чейинки жетишкендиктерине, ошондой эле анын ишинин натыйжалуулугуна баа берүү мүмкүнчүлүгүн түзөт".

"Бюджет башкаруунун ачык-айрымдыгын, отчеттуулугун, толуктугун жана натыйжалуулугун камсыз кылууда эң маанилүү документ болуп саналат. Келечектеги чыгашалардын кылдат сыпатталышы парламентке жана жалпы коомчулукка "акча каякка кетип жаткандыгын" түшүнүү мүмкүндүгүн берет да, бул ачык-айрымдык деңгээлин жогорулатат. Мындан тышкары өкмөт акча сарптап же киреше ала баштаганга чейин бюджетти парламент бекитүүгө тийиш. Бул өз кезегинде министрлерди парламентке жана анын комитеттерине отчет берип турууга милдеттендирет".

"Айкындык жана отчеттуулук конституциялык талаптардан болууга тийиш, бул айрыкча улуттук бюджетти калыптандыруу процессине тиешелүү. Бюджетти калыптандыруунун бүткүл процессинин айкындыгы болуу менен бирге отчеттуулук демократиянын өзөгүн түзөт".

*Маалымат булагы: ПАБдын бюджетти калыптандыруу процессиндеги парламенттин ролуна байланышкан маселелер боюнча өткөргөн семинарындагы жыйынтыктардын негизинде жасаган жалпы отчету, Найроби, 2000-жылдын май айы*

Иш жүзүндө парламент коопсуздук маселелерине жана коопсуздук секторуна бюджетти калыптандыруунун типтүү циклиндеги негизги төрт фазанын мезгилинде көңүл бура алат:

Бюджетти даярдоо: анын жүрүшүндө аткаруу бийлиги ар кайсы муктаждыктар үчүн чыгашалардын көлөмүн сунуштайт. Ошол эле мезгилде парламент жана анын мүчөлөрү бул процесске ар түрдүү расмий жана расмий эмес механизмдердин жардамы менен кийлигише алат.

Бюджетти бекитүү: бул этапта парламент коомдук кызыкчылыктарды, ошондой эле алардын суралып жаткан чыгашалар менен дал келишин иликтеп, аныктоо мүмкүндүгүнө ээ болушу, айрым учурларда коопсуздук секторуна бөлүнгөн чыгашалардын көлөмдөрүн чоңойто алышы керек.

Бюджеттин аткарылышы же ажыратылган каражаттардын колдонулушу: бул этапта парламент өкмөттүн чыгашаларын көзөмөлдөйт, ошондой эле бул жааттагы ачык-айкындыкты жана отчеттуулукту камсыз кылууга умтулат (бул маселеге байланышкан бөлүмдү төмөндө караңыз). Кошумча бюджеттик чыгашалар пайда болгондо парламент аларга көз салып, ашыкча сарптоолорго жол бербөө үчүн кылдат талдоо жүргүзөт.

Аудит же текшерүү: бул этапта парламент өкмөттүн бюджеттик каражаттарды кандайча пайдаланып жаткандыгына контрол жүргүзөт да, кийинки главада көрсөтүлгөндөй, сандык көрсөткүчтөргө жана бюджеттин аткарылышына байланышкан маалыматтарга таянып, келечек үчүн жыйынтыктарды чыгара алат. Мындан тышкары парламент маал-маалы менен отчеттуулукту, каражаттардын натыйжалуулугун жана туура пайдаланылышын камсыз кылуу максатында бүтүн бюджетти жана аудит процессин талдап турат.

Коргоо чыгашалары

№ 52- топтом

## Эмне үчүн парламент бюджетти иштеп чыгууга активдүү катышууга тийиш?

Альтернативдүү сунуштарды киргизүү үчүн оппозиция өкүлдөрү бюджетти талкуулоо процедурасынан пайдалана алышат. Бюджетти кабыл алуу үчүн, б.а. ага мыйзамдуу статус ыйгаруу үчүн добуш бергендердин көпчүлүгү бул аркылуу аткаруу бийлигине ишеним көрсөткөндүгүн билдирип, дал ушул ишеним жана жарыяланган саясат менен анын жүзөгө ашырылышынын ортосундагы байланыш көпчүлүктү шайлоодогу чечүүчү фактор болорун баса белгилешет. Бюджеттин аткарылышына контролдук жүргүзүү өкмөттүн саясатына таасир этүүнүн эң маанилүү жолдорунун бири болуп саналат.
Бюджетти текшерүү актысына кол койгондон кийин парламент аткаруу бийлигинин органдарын жоопкерчиликтен бошотот, муну менен бирге бюджет циклин аяктайт.

*Маалымат булагы: ПАБдын "Парламент жана бюджетти иштеп чыгуу процесси" темасында өткөрүлгөн семинарынын жалпы отчетунан үзүндү, Бамако, Мали, 2001-жылдын ноябры*

Кийинки топтомдо дүйнөнүн ар кайсы региондорунда жана өлкөлөрүндө коргоо максаттарына сарпталуучу чыгашалар чагылдырылган. Коргоо чыгашалары кансыз согуштун аякташынын натыйжасында азайды, бул көптөгөн өлкөлөр тынч жол менен алынуучу деп аталган дивиденддерден пайда таба тургандыгын көрсөтүп турат. Бирок Азия менен Африканын айрым өлкөлөрү бул мезгил аралыгында коргоо чыгашаларынын деңгээлин жогорулатышты.

№ 53- топтом

## Дүйнөнүн ар кайсы региондорундагы жана айрым өлкөлөрдөгү коргоого жумшалган чыгашалардын жана ички дүң продукциянын (ИДП) пайыздык катышы

| | 1985 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|
| НАТО | 4,0 | 2,2 | 2,2 |
| АКШ | 6,5 | 3,0 | 3,2 |
| Улуу Британия | 5,2 | 2,4 | 2,5 |
| Франция | 4,0 | 2,6 | 2,6 |
| Германия | 3,2 | 1,6 | 1,5 |
| Европа өлкөлөрү (НАТОго мүчө эместери) | 4,3 | 2,8 | 2,3 |
| СССР/Россия | 16,1 | 5,0 | 4,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка | 11,9 | 6,7 | 7,2 |
| Борбордук жана Түштүк Азия | 4,3 | 5,2 | 3,8 |
| Чыгыш Азия жана Австралия | 6,4 | 3,5 | 3,3 |
| Япония | 1,0 | 1,0 | 1,0 |
| Кариб бассейни жана Латын Америкасы | 3,2 | 1,7 | 1,7 |
| Сахаранын түштүгүндөгү Африка | 3,1 | 3,8 | 3,4 |
| Эритрея | - | 30,0 | 20,9 |
| Орточо көрсөткүч | 6,7 | 3,6 | 3,5 |

Маалымат булагы: 2002-2003-жылдардагы аскердик баланс, МИСИ, Лондон.

## Коопсуздук секторундагы бюджетти калыптандыруунун натыйжалуулугу

Отчеттуулук жана айкындык натыйжалуу бюджетти түзүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Отчеттуулукту жүзөгө ашыруунун эң жакшы жолу - бюджетти түзүүнүн ачык-айкын болушун камсыз кылуу. Отчеттуулуктун жана айкындыктын жетиштүүлүгү бюджетти түзүүнүн натыйжалуулук принциптери менен байланышкан:

Алдын ала берилүүчү ыйгарым укуктар - Парламент аткаруу бийлигине каражаттарды сарптоо ыйгарым укуктарын берүүгө тийиш.

Бирдиктүүлүк - Баардык чыгашалар жана кирешелер парламентке бирдиктүү жалпы бюджеттик документ түрүндө берилүүгө тийиш.

Мезгилдүүлүк - Аткаруу бийлигинин өкүлдөрү жыл сайын бюджеттин парламенттин кароосуна берилишинин графигин сактоого тийиш. Мезгилдүүлүк акча каражаттары сарптала турган мезгил аралыгын көрсөтүү зарылдыгына да тиешелүү.

Айкындуулук- Чыгашалардын ар бир статьясынын индекси жана сыпатталышы өкмөт каражаттарды каякка сарптамакчы экендигин даана көрсөтүүгө тийиш. Б.а. бюджеттин статъялары так сыпатталууга, ал эми бюджеттин статьяларына байланышкан фонддор өтө чоң эмес болууга тийиш.

Мыйзамдуулук - Баардык чыгашалар жана иш-аракеттер мыйзам чегинде болууга тийиш.

Түзүмдүн жеткиликтүүлүгү - Аткаруу бийлигинин өкүлдөрү болжолдонгон чыгашалардын планын парламентке көпчүлүк үчүн башкаруу мүмкүн болгон жана түшүнүктүү формада тааныштырууга тийиш.

Ар тараптуулук - Коопсуздук секторунун ар түрдүү аспекттерине тиешелүү мамлекеттик бюджет өзүнө зарыл маалыматтын бардыгын камтып, толук түзүлгөн болууга тийиш. Баардык чыгашалар, коопсуздук кызматтарынын баарынын бюджетин, б.а. куралдуу күчтөрдүн, башка аскердик түзүмдөрдүн, полициянын жана чалгындоо кызматынын, ошондой эле аткаруу бийлиги жалдаган жекече аскердик уюмдардын бюджетин кошо эсептегенде, толук эсептеп чыгарылган болушу керек.

Маалымдуулук - Ар бир жарандын (жеке өзү же уюмдун курамында турганда) бюджет жөнүндө өзүнчө жыйынтык чыгарууга, атүгүл өз пикирин айтууга мүмкүндүгү болушу керек. Бул максатта бюджетке тиешелүү баардык документтер орточо сабаттуу жаран үчүн түшүнүктүү жана таанышып көрүү үчүн өлкөнүн каалагандай жеринде жеткиликтүү болушу (мисалы, жергиликтүү китепканаларда көчүрмөлөрү коюлушу) зарыл.

Такайлык - Бюджет саясатынын, пландоонун, бюджетти толуктоонун жана каражаттарды сарптоонун ортосунда так, даана байланыш жүргүзүлүүгө тийиш.

Каражаттар жана натыйжалар - Бюджетке карата берилген түшүндүрмөлөр төмөндөгү параметрлерди: а) каражат бөлүүчү булактарды; б) көздөлгөн зарыл максаттарды; в) пландардын көрүнөө натыйжаларын эске алуу менен түшүнүүнү камсыз кылууга тийиш.

Ийкемдүү түзүлгөн бюджетте жогорудагы параметрлерге өзгөртүү киргизүү дайыма мүмкүндүк берилет.
Бул принциптерди азыркы мезгилдеги тийиштүү бюджетти иштеп чыгуу үчүн сапаттык критерийлер деп эсептөөгө болот. Парламент мүчөлөрүнүн коопсуздук сектору жөнүндө жетиштүү маалыматы болбогон жерде алар бүтүндөй бюджеттик цикл мезгилинде социалдык-экономикалык маселелерди жана өнүгүү маселелерин өз убагында козгой алышпайт.

# Коопсуздук сектору үчүн зарыл болгон бюджетти иштеп чыгуу шарттары

Коопсуздук секторунун бюджетине парламенттик көзөмөлдү камсыз кыла турган зарыл бюджетти иштеп чыгуунун ар түрдүү элементтери болот. Алардын ичинен эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр: так аныкталган конституциялык-мыйзамдык негиз, акчанын баалуулугу, бюджеттеги тартип, өз мөөнөтүн сактагандык жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен кызматташтык.

## Так аныкталган конституциялык-мыйзамдык негиз

Парламенттин мүчөлөрүнүн коопсуздук чөйрөсүнө көзөмөл жүргүзүү укугу конституцияда жана кошумча мыйзамдарда так аныкталып, көрсөтүлгөн болууга тийиш. Мындан тышкары парламент өкмөттөн маалымат алуу ыйгарым укуктарын аныктоочу мыйзамдарды ишке киргизе алат. Бул ыйгарым укуктар ошол мыйзамдарга ылайык аткарылышы керек. Парламенттин коопсуздук чөйрөсүнө бюджет аркылуу көзөмөл жүргүзүшү, андан ары парламенттин саясий салтына айлантылышы зарыл. Бул үчүн бир топ күч-аракет жумшоо талап кылынат.

## Акчанын баалуулугу

Бюджеттик процессте акча баалуулугуна тиешелүү эки негизги эреже колдонулушу кажет:

- ✓ Натыйжалуулук: саясий максаттарга жетишүү ("баарын туура жасоо").
- ✓ Таасирдүүлүк: саясий максаттарга эң аз чыгашалар менен жетишүү ("чыгашаларды эске алып, б.а. үнөмдүү жол менен баарын туура жасоо").

№ 54- топтом

## Пландоо, программалоо жана бюджет түзүү тутуму (ППБТ)

"(…) Пландоо, программалоо жана бюджетти түзүү тутуму Кошмо Штаттар тарабынан алгач ирет [1960-жылдардын башында] коргоо бюджетин иштеп чыгуу максатында колдонулган эле [бүгүнкү күндө көптөгөн башка өлкөлөрдө да колдонулууда] (…). ППБТнын типтүү циклинин баштапкы фазасында пландоо ишке ашырылат, анын жүрүшүндө коопсуздук шарттары да, куралдуу күчтөрдүн милдеттерин, курамын жана түзүмүн аныктоо максатында улуттук кызыкчылыктар да талдоого алынат. Бул талаптарды эске алуу менен программа иштеп чыгарылат. Бизнес-план формасындагы программада көздөлгөн зарыл айкын максаттар аныкталат. Ал бүтүндөй циклдин (түрмөктүн) жүрүшүндөгү орчундуу бириктирүүчү элемент болуп саналат. Анткени ал белгилүү максаттар менен финансылык мүмкүнчүлүктөрдү теңдештирүүгө багытталат. Бул мааниде алганда ППБТ, суралган муктаждыктарга каражат ажыратуу практикасынан айырмаланып, учурдагы жана болжолдонгон бюджеттик чектөөлөргө ылайык келген пландар менен программаларды иштеп чыгууга багытталат. Ошентип, программалар артыкчылыктуу негизде, б.а. зарыл муктаждыктар пайда болушу күтүлгөн тармактарды эске алуу менен иштелип чыгууга тийиш. Артыкчылыктарды аныктоо үчүн тобокелчиликке баа берүү тутуму колдонулат. Бул тутумдун жардамы менен максатка жетишилбей калган учурда эмне болушу мүмкүн экендиги болжолдонот. Цикл министрликке жана бүтүндөй коомго көздөлгөн максаттар жыл аягында канчалык орундалгандыгын аныктоо мүмкүндүгүн бере турган талдоо менен аяктайт. Ушундай кылганда ресурстардын натыйжалуу бөлүштүрүлүшүнө жетишүүгө болот…".

*Маалымат булагы: Кейт Старки жана Эндри ван Мэни. Аскердик бюджеттин Интернеттеги ачыктыгы*
*Маалымат жана коопсуздук, 2000, 5-том, 4-бет.*

Азыркы бюджет теориясына ылайык коргоо бюджетинин каражаттарынын натыйжалуу пайдаланылышына баа берүү үчүн чыгашалар программа жана максаттар менен салыштырылууга тийиш (№54- топтомду караңыз), б.а. чыгашалар саясаттын багыттарына жана анын максаттарына (мисалы, тынчтык мезгилиндеги билим берүү сыяктуу милдеттерге ж.у.с.) шайкеш келиши керек. Дал ошондой эле баардык чыгашаларды иш-милдеттүүлүк топторго бириктирүү зарыл. Анын үстүнө парламент акчанын пайдаланылышынын натыйжалуулук деңгээлин аудиторлордун жардамы менен баалоо мүмкүндүгүнө ээ болушу керек (кийинки главаны караңыз). Бул, өкмөт парламентке алдынала эмес, биротоло иштелген бюджетти сунуштайт дегенди билдирет. Бюджетти иштеп чыгуу үчүн ППБТ сыяктуу тутумдуу программаларды колдонуу күч түзүмдөрү купуялуулук (жашыруундуулук) абалына жооп берген деңгээлде өз пландарын ачык көрсөткөн шартта гана мүмкүн түзүлөт.

## Бюджеттик тартип

Бюджеттик тартип парламенттин бекитүүсү үчүн бюджетти көрсөткөн өкмөт аны иштеп чыгууда мыйзамдардын талабын сактагандыгын анык билүү үчүн зарыл. Парламенттер бюджеттик тартиптин төмөндөгүдөй элементтерин эске алууга тийиш:

- ✓ Аскердик бюджет менен (чыгашалардын эсебин алганда) баалардын өсүү динамикасынын катышы;
- ✓ Контролдоо үчүн ченемдерди колдонуу жана чала же ашыкча сарптоолорго байланыштуу чектөөлөрдү аныктоо;
- ✓ Бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө чала же ашыкча сарптоолорду болтурбоо үчүн чара көрүү;
- ✓ Аскердик бюджет чала же ашыкча сарпталганда бул тууралу финансы министрине жана өкмөткө маалымдоо;
- ✓ Коргоо бюджетинин ашкере сарпталышын компенсациялоо (ордун толтуруу) эрежелери: коргоо муктаждыктарына жумшалган ашыкча сарптоолордун ордун коргоо бюджетинин өзүнүн эсебинен же мамлекеттик бюджеттин башка статьяларынын эсебинен толуктоо эрежелери.

### Мөөнөттөрдү жана мезгилдүүлүктү сактоо

Коопсуздук секторунун бюджетин иштеп чыгуунун жана пайдалануунун эң натыйжалуу болушуна жетишүүдө добуш берүүгө койгонго чейин сунуштарды текшерүү жана баа берүү үчүн жетиштүү убакыт талап кылынат. Бүтүндөй коргоо бюджетин кылдат талдоодон өткөрүү үчүн парламент мүчөлөрүнө 45 суткадан үч айга чейинки убакыт зарыл болот.

Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджеттик саясат жөнүндө так, толук жана өз убагында маалымат берип туруу төмөндөгүдөй себептерден улам зарыл:

- ✓ Бул маалымат кийин коомчулукка билдирүү жана талкуу жүргүзүү үчүн зарыл;
- ✓ Бул, реформалардын начар жактарын, муктаждыктарды аныктоого, коопсуздук чөйрөсүндөгү чыгымдар менен өкмөттүн башка чыгашаларын макулдаштыруу жолдорун издөөгө мүмкүндүк берет;
- ✓ Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти башкаруунун ачык-айкын болушу анын парламент жана коомчулук алдындагы отчеттуулугун жакшыртат, ошондой эле коомчулуктун өкмөткө болгон ишенимин бекемдейт.

### Жарандык коомдун өкүлдөрү менен болгон карым-катнаш

Парламент жарандык эксперттерди бюджетти пландоого, ошондой эле бул процессти финансылык жактан баалоого жана контролдоого катыштыра алат. Бул айрыкча дайыма эле жөнөкөй жана оңой боло бербеген коопсуздук тармагындагы бюджетти иштеп чыгуу иши башталган мезгилде пайдалуу. Бюджетти иштеп чыгуу процессинин ачык-айкындыгы башка параметрлер менен бир катарда мыйзам чыгаруу маалыматынын эркиндигине негизделиши керек.

**Даярдык жана компетенттүүлүк**

Акырында көптөгөн парламенттерде парламент мүчөлөрүнүн өздөрүнүн да, алардын жардамчыларынын да кыйла кеңири компетенттүү болушу талкууланат. Бул үчүн дал ушул бюджет маселелери менен алектенген адамдарды атайын даярдоо керек. Ушул максатта демократиялык башкарууга жана парламенттердин натыйжалуу иштешине көмөктөшүү үчүн ПАБ парламент мүчөлөрү жана алардын жардамчылары үчүн атайын региондук жана жергиликтүү семинарларды өткөрүп келет (караңыз: www.ipu.org), ошондой эле ушуга окшош колдонмо сериясын даярдоону пландап жатат.

**№ 55- топтом**

### Коргоо бюджетинин негизги курамдык бөлүктөрү: Испаниянын 2002-жылга карата түзгөн коргоо бюджети

- Товарлар жана тейлөө кызматтары
  - Тамак-аш азыктары
  - Инфратүзүмдү камсыз кылуу
  - Күйүүчү май
  - Коммуналдык кызматтар: электр энергиясы, суу, телефон ж.у.с.
  - Мундирлөө (атайын кийим менен камсыз кылуу )
  - Акчалай жардам
  - Транспорт
  - Даярдоо
  - Медициналык кызмат көрсөтүү
  - Коргоо чөйрөсүнө байланышкан башка чыгымдар

- Финансылык башка чыгымдар
- Каражаттардын учурдагы кайра эсептелиши
  - Эл аралык уюмдар
  - Автономдуу (өзалдынча) түзүлүштөр
  - Башка кайра эсептөөлөр
- Капиталдык инвестициялар
  - Куралдуу күчтөрдү модернизациялоо
  - Курал-жарактарды жана техниканы тейлөө
  - Изилдөөлөр жана өнүгүүлөр
  - Башка инвестициялар
- Капиталдык которуулар
- Финансы

Маалымат булагы: Испаниянын 2002-жылга карата коргоо бюджети, Испаниянын Коргоо Министрлиги.

# Коопсуздук секторундагы бюджеттин айкындыгы жана отчеттуулугу

## Айкындык жана жашыруундуулук

Чечим кабыл алуудагы ачык-айкындык ошол чечимдердин натыйжалары коомдун таламдарына жана саясий максаттарга туура келишинин зарыл шарты болуп саналат. Аскердик бюджеттин иштелип чыгуу жана пайдаланылуу процессинин ачык-айкындыгы парламент мүчөлөрүнө кыйла натыйжалуу контролдук жүргүзүү мүмкүндүгүн берет. Бул болсо коомдун коопсуздук чөйрөсүнө болгон ишенимин бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Коргоо чөйрөсүндөгү ачык-айкындыктын жоктугу көбүнчө анын иштеп чыгуу каражаттарынын эскиргендиги жана коопсуздук максаттарынын жетиштүү өлчөмдө так аныкталбагандыгы менен байланышат. Бул, ошондой эле улуттук аудитордук уюмдардын адистеринин даярдыгы начар экендиги, чечимдердин тууралыгын коомчулук тарабынан текшерилип турушу үчүн маалымат берүү жөнүндөгү конституциялык жоболордун начардыгы, ошондой эле жашыруундуулукту ачык-айкындыктан артык көргөн бюрократия менен да байланышкан. Аудитордук уюмдар жана

мыйзам чыгаруу бийлигинин өкүлдөрү ушундай начар жактарды аныктап, аларга көбүрөөк көңүл буруусу тийиш (кийинки главаны караңыз).

№ 56- топтом

## Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджеттин айкын болушуна негизги тоскоолдуктар

"Айкындыктын жана жоопкерчиликтин жоктугу аткаруу бийлигинин шайланган кызмат адамдары коопсуздук тармагындагы саясат жана ресурстар жөнүндө чечим кабыл алган жерлерде өзгөчө кыйынчылыктарды туудурушу мүмкүн. Финансы министрлигинин, ошондой эле аткаруу бийлигинин башка түзүмдөрүнүн негизги кызмат адамдары көп учурларда чечим кабыл алуу процессине катыштырылбай калат же алардын пикири эске алынбайт. Парламенттик түзүлүштөр, атүгүл конституцияга ылайык көзөмөл жүргүзүү ыйгарым укуктарына ээ болгондору да, ошондой эле ММК жана жарандык коом иш жүзүндө көп нерселерден кабарсыз калат".

"Ар түрдүү коопсуздук кызматтарына - өздүк курамга, оперативдүү ишмердикке жана жабдууга жумшалуучу бардык чыгымдар алардын бюджеттерине киргизилиши керек. Бул бюджеттерде ошондой эле эмненин эсебинен тигил же бул статья каржылана тургандыгы аныкталууга тийиш. Бирок көпчүлүк өлкөлөрдүн аскердик бюджети бул талаптардын бирине да жооп бербейт. Бюджеттин ички түзүмү айкын эмес, ал эми башка министрликтердин да каражаттарын камтышы мүмкүн болгон жалпы чыгашалар суммасы так эмес бойдон калууда. Бюджеттен тышкаркы ишмердик жакшы өнүккөн өлкөлөрдө өкмөттөрдүн өздөрү так маалыматка көбүнчө ээ болбойт. Ошондуктан жоопкерчилик менен отчеттуулуктун негизги механизми - пландарды жана бюджеттин иш жүзүндө аткарылышын, колдонулушун салыштыруу мүмкүн эмес. Коргоо министрлигиндеги жана аткаруу бийлигинин башка мекемелериндеги расмий адамдар коргоо саясаты, бюджет жана коргоо тапшырыктары тармагындагы атайын техникалык билимдери болушу зарыл. Бюджет чөйрөсүндөгү маселелерди чечүү - бул дайыма узак мөөнөттүү пландардын алкагындагы жарандык-аскердик мамилелерди өзгөртүүнү талап кылуучу саясий чоң милдет".

*Маалымат булагы: Гуманитардык Өнүгүү боюнча Баяндама, 2000-жыл, 89,91-беттер*

## Коопсуздукка жана коргоого байланышкан контролдонуучу жана контролдонбой турган чыгымдар

Коопсуздук секторун көзөмөлдөө жана коопсуздук кызматы менен өкмөттүк башка тармактарга сарпталуучу акчалардын санын билүү үчүн парламент чыгымдардын финансы жактан калыс жүргүзүлүшүн камсыз кылуу максатында тийиштүү бюджеттик документтер менен таанышуу мүмкүндүгүнө ээ болушу керек. Парламентке жалпы суммаларды гана берип коюу туура бюджет процессинин принциптеринин бири болгон айкындуулук принцибине каршы келет (жогоруда караңыз). Маалымат жетишсиз болгондо парламент өзүнүн конституциялык парзын аткаруу - коргоо бюджетинин иштелип чыгышына жана колдонулушуна көзөмөл жүргүзүү мүмкүндүгүнө ээ болбойт.

Парламент аскердик бюджетке байланышкан баардык документтерди алып көрүшү керек. Айрым өлкөлөрдө (мисалы, Дания менен Люксембургда) парламентке бюджеттин ар бир чыгым статьясы жөнүндө так маалымат берилет, бул кыйла так аныкталган деңгээл болуп саналат. Башка өлкөлөрдө (мисалы, Францияда, Грецияда жана Польшада) коргоо маселелери боюнча комитет коргоо чыгымдары жөнүндө маалыматты алып туруучу парламенттеги бирден бир түзүлүш болуп саналат. Туура башкаруу үчүн же комитет (зарыл учурларда, жабык эшик артында), же парламент бюджеттик документтер менен таанышуу мүмкүндүгүнө ээ болот деген кепилдик болушу зарыл. Ушул эле жол-жобо мамлекеттин коопсуздугу үчүн жооп берген башка түзүлүштөргө, айрыкча, чалгындоо кызматтарына карата да колдонулушу керек.

Жашыруун кызматтардын бюджетин классификациялоо мыйзамдарга, алардын ичинен маалымат эркиндиги жөнүндөгү мыйзамга шайкеш келүүгө тийиш (№57- топтомду караңыз).

Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти бекитүү максатында жүргүзүлүүчү талкуунун жана добуш берүүнүн жүрүшүндө парламенттин эркиндиги милдеттүү чыгашалар (мисалы, мурдагы

жылдардагы кол коюлган курал-жарак сатып алуу жөнүндөгү контракттар) жана социалдык программалар (мисалы, аскер адамдарынын пенсиялары жана дарыланышы) менен чектелет. Бул чыгашалардын бөлүнүшү узак мөөнөттүү пландардын алкагында гана өзгөртөлүшү мүмкүн.

№ 57- топтом

### Коргоо бюджетин бөлүштүрүүдө жашыруундуктун үч деңгээли

Парламент мүчөлөрү коргоо бюджетине бөлүнгөн каражаттар жөнүндөгү маалыматтын өзгөчө кырдаалдардагы жашыруундуулугун сактоо зарылдыгы менен отчеттуулуктун ортосундагы теңдештиктин бар экендигин анык билүүгө тийиш. Буга жетишүүнүн жолдорунун бири бюджеттик чыгымдарды жашыруундуулуктун төмөндөгүдөй деңгээлдерине ылайык бөлүштүрүлүшү мүмкүн: Парламенттин кароосуна берилген жалпы аскердик бюджет; Коргоо бюджетине жана аскердик чыгымдар маселелери боюнча комитетчелер текшере ала турган капиталдык жана оперативдик чыгымдар жөнүндө пайдаланышы чектелүү маалымат; Жашыруундуулуктун эң жогорку грифи бар жана аудиторлор комитетинин мүчөлөрүнүн абройлуу тобу текшере ала турган чыгашалар. Бул топ мамлекеттик сыр жөнүндөгү мыйзамында бекитилген атайын механизмдерге ылайык жашыруун маалыматтар менен таанышууга укуктуу болушу керек.

*Маалымат булагы: Равиндер Пал Сингх. Курал-жарак Сатып алуу боюнча чечим кабыл алуу процесси. Оксфорд, 1998, 1-том*

## Айкындык коомдук каражаттарды максаттуу эмес пайдаланууга жана коррупцияга каршы

Парламенттер өкмөттөрдүн коомдук фонддорду өз багытына туура пайдаланышын туура камсыз кылууда орчундуу роль ойнойт. Практикада белгилүү болгондой, мындай тартип бузуулар көбүнчө коопсуздук секторунун муктаждыктарына бөлүнгөн бюджеттик каражаттарга байланыштуу болот, анткени бул сектордун табияты ушундай - техникалык маселелер татаал, ал эми стратегиялык деңгээлдеги коопсуздукка коюлуучу талап абдан жогору.

Коргоо бюджетин калыптандыруудагы айкындуулук менен отчеттуулук коопсуздук секторуна натыйжалуу парламенттик көзөмөл жүргүзүү үчүн милдетүү шарт болуп саналат. Ошондой эле айкындуулук менен отчеттуулук өкмөттү сапаттуу башкаруунун негизин түзөт. Демек бул эки түшүнүк бюджет циклинде чечүүчү элементтер болот.

> *"Отчеттуулуктун жана айкындыктын аскердик бюджеттеги жалпы жетишсиздиги (…) куралдуу күчтөрдүн көлөмүнө, күч-кубатына жана сарптаган каражатына, ошондой эле көздөгөн максаттарына байланыштуу кооптонууну туудурушу мүмкүн. Ал эми ачык-айкындык көбүрөөк болгондо аскердик чыгашаларга көңүл бурулуп, жаңжалдын чыгышына алып келиши мүмкүн болгон ишенбөөчүлүктүн жана түшүнбөөчүлүктүн пайда болуу мүмкүнчүлүгүн азайтат".*

Маалымат булагы: Пол Жорж. 1990-жылдардагы
Коргоо Чыгашалары: Өнүгүп жаткан Өлкөлөрдөгү бюджет
жана Фискалдык Саясаттын Маселелери, 2002.

Жалпыга белгилүү болгондой, аскер муктаждыктарына чыгымдардын ашыкча сарпталышы жакырчылыкты жоюуга жана социалдык өнүгүүгө багытталышы мүмкүн болгон каражаттардын ысырапталышына алып келет. Эл өкүлдөрү аткаруу бийлиги коомдун коопсуздугун кантип камсыз кылууну пландап жаткандыгы жөнүндө маалымат алып турушу керек, анткени бул салык төлөөчүлөрдүн эсебинен каржыланат. Өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү каражаттын максатсыз колдонулушу айрыкча кооптуу. Тийиштүү деңгээлдеги жетекчиликти жүзөгө ашырууну көздөгөн өкмөт коопсуздук секторунун маселелерин иштеп чыгуу учурунда коомдук пикирди да эске алса болот. Парламент коргоо бюджетинде экономикалык өнүгүү кызыкчылыгы жана коопсуздук муктаждыктары теңдештирилгендигин анык билүүгө тийиш. Коопсуздук чөйрөсүн парламент тарабынан натыйжалуу түрдө бюджеттик контролдоого тоскоол болуучу көп факторлор бар. Бул факторлор төмөндөгү топтомдо көрсөтүлгөн.

№ 58- топтом

## Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджетти пайдаланууга натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүгө тоскоол болуучу негизги маселелер

- ▷ Конституциялык базанын жоктугу - Парламент мүчөлөрүнө коопсуздук секторунун ишине көзөмөл жүргүзүү ыйгарым укуктарын берүүчү даана аныкталган конституциялык базанын жоктугуна байланыштуу көп кыйынчылыктар келип чыгат.
- ▷ Маалыматтын жетишсиздиги - Конституциялык базанын толук эместигине байланыштуу маалымат эркиндигин бекемдеген мыйзамдардын жоктугу жашыруун маалыматтын ачыкка чыгып кетишине өбөлгө түзөт. Ошентип, мыйзам базасынын өксүгү жана так эместиги парламенттин көзөмөл жүргүзүү аракеттерине терс таасир этиши мүмкүн. Мунун натыйжасында демократиялык тутум ажырагыс укук болуп саналса дагы аткаруу бийлигинен жоопкерчиликти талап кылуу укугу парламентте жана коомчулукта болбойт.
- ▷ Коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджеттен тышкаркы ишмердик жана киреше булактары- Коопсуздук секторунун атайын ишмердик жүргүзүү (айрыкча аскер компанияларынын же жабдуучу кызматтардын коммерциялык ишмердигин жүргүзүү) максатында колдонулуучу бюджеттен тышкаркы кирешелери жана алардын көлөмү жөнүндө так маалыматтар дайыма эле парламентке, атүгүл коргоо министрлигинин расмий адамдарына да белгилүү боло бербейт. Бул ишмердик коопсуздук секторун финансылоонун башка жолдору сыяктуу эле парламенттин көзөмөлүндө болууга тийиш.
- ▷ Аскер чыгашаларын жаап-жашыруу - Коопсуздук секторунун пенсияга, инфратүзүмгө ж.у.с. жумшалуучу чыгымдар көбүнчө башка министрликтердин/секторлордун, мисалы социалдык камсыз кылуу, темир жол транспорту ж.у.с. министрликтердин бюджетинен каржыланат. Мындай практика коргоо бюджетин бурмалап, коргоо чыгымдарына парламент менен коомчулуктун реалдуу баа беришине мүмкүндүк түзбөйт.
- ▷ ЖМКнын начардыгы - Көптөгөн өлкөлөрдө жалпыга маалымдоо каражаттары начар өнүккөн (алардын компетенттүүлүгү жана ресурстары жетишсиз). Ошондуктан алар коопсуздук секторундагы жана парламенттеги окуяларга тийиштүү деңгээлде көз сала албайт. Мунун натыйжасында коомчулук өз өкүлдөрүнүн жана коопсуздук секторундагы кызматкерлердин иши жөнүндө оперативдүү маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.
- ▷ Жакшылап текшерүү үчүн убакыттын жетишсиздиги - Жогоруда белгиленгендей, коргоо бюджетин текшерүүгө убакыттын жетишсиздиги парламенттик көзөмөлдүн натыйжалуулугуна терс таасир этиши мүмкүн.
- ▷ Инфратүзүмдүн, компетенттүүлүктүн жана кызматкерлердин жетишсиздиги - Көп парламенттерде өздөрү кызмат кылууга тийиш болгон эл алдындагы аткаруу бийлигинин жоопкерчилигин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон бардык талаптарга жооп берүү үчүн ушул факторлор жетишпейт.

# Демократиялаштыруу процессин баштан өткөрүп жаткан өлкөлөрдөгү бюджеттик контроль

Өткөн кылымдын 1990-жылдарында бүтүндөй Европада жүргөн демократиялык толкундоо парламенттик көзөмөл жүргүзүү идеясын теориялык жана практикалык жактан өнүктүрүү демократиялаштыруу жолуна түшкөн өлкөлөр үчүн өзгөчө мааниси бар экендигин көрсөттү.

№ 59- топтом

## Европанын түштүк-чыгышындагы айрым өлкөлөрдүн коргоо бюджеттеринен мисалдар (2001-жылга карата)

Албания: Бюджетти башкаруу офиси 2000-жылдын октябрында түзүлгөн. Коргоо секторунун 2008-жылга чейинки муктаждыктары аныкталган коргоо саясаты жөнүндөгү документ жарыяланган. Бюджеттик процесс үчүн коргоо министрлиги жооп берет.

Болгария: Акыркы он жылдан бери коргоо бюджети Улуттук Ассамблеяда (Болгариянын Парламентинде) талкууланып келет. Мунун натыйжасында Ассамблея коопсуздук секторуна толук кандуу көзөмөл жүргүзүү багытындагы өз мүмкүнчүлүктөрүн барган сайын жакшыртып жатат.

Хорватия: Бюджетти өкмөт иштеп чыгат жана парламенттин бекитүүсүнө берет. Андан соң бюджет "Расмий Бюллетенде" жарыяланат. Бюджетти иштеп чыгуу процесси июлдан ноябрга чейин созулат да, финансы жана коргоо министрликтери аркылуу өтөт. Парламент коргоого

жумшалуучу чыгымдардын жалпы суммасы жөнүндө гана чечим чыгарат, бирок бюджеттин түзүмүнө кийлигишүү ыйгарым укуктарына ээ эмес.

Македония Республикасы: Коргоо министрлиги сунуштарды даярдап финансы министрлигине көрсөтөт. Бул этапта бюджетти өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрү менен теңдештирүү максатында башка министрликтер менен сүйлөшүү жүргүзүлөт. Андан соң бюджет өкмөткө жиберилет. Ал тийиштүү ондоо-түзөтүүлөрдү киргизгенден кийин парламентке берет. Коргоо министри бюджетти Ички Саясат жана Коргоо маселелери боюнча Комитетке тааныштырат. Добуш берүүдөн кийин президенттин указынын долбоору даярдалат. Бюджет ИДПнын (ВВПнын) 2,12%ын түзөт.

Румыния: 2000-жылдан бери коргоо министрлиги бюджетти Пландоо, Программалоо, Калыптандыруу жана Баалоо Тутумун колдонуп келет. Бул программанын максаттарынын бири - коопсуздук секторунун ишмердигинин бардык түрлөрүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу . Парламенттин курамына бюджеттик калыптандыруу процессине тартылуучу бир нече комитеттер: коргоо, коомдук тартип, бюджет, финансы жана банк иши боюнча комитеттер кирет. Коргоо министрлигинде ошондой эле Парламент менен байланыш жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу, коомдук мамилелерди жакшыртуу боюнча департамент деп аталуучу атайын бөлүм бар. Коргоону пландоо жаатындагы негизги документ Интернетке жайгаштырылган.

## Парламенттин мүчөлөрү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Бюджеттик түрмөктүн алкагындагы коопсуздук сектору

- Типтүү бюджеттик түрмөктүн негизги төрт этабынын: бюджетти иштеп чыгуу, бекитүү, аткаруу жана чыгашаларды текшерүү, б.а. аудит мезгилинде парламент коопсуздук секторуна көңүл буруп жаткандыгын анык билүү.
- Тийиштүү аудитордук мекемелер тарабынан көзөмөл жүргүзүлүшүн камсыз кылуу .
- Парламент жана башка контролдоочу мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөр саясий максаттарды бюджеттин муктаждыктары жана акыркы натыйжалар менен байланыштырууга тийиш (бюджеттин аткарылышын текшерүү).

### Коргоо бюджети жаатындагы ачык-айкындыкты камсыз кылуудагы парламенттин аракеттеринин натыйжалуулугу

- Бюджеттин ушул бөлүктө түзүлгөн бюджетти калыптандыруу прициптерине ылайык иштелип чыгышын талап кылуу.
- Парламентке же сиздин өзүңүзгө коопсуздук чөйрөсүндөгү чыгашалардын кимге таандык экендигин жана туура сарпталгандыгын аныктоого, ошондой эле тийиштүү сунуштар ачык формада жасалгандыгын тактоодо жардам бериши мүмкүн болгон көз карандысыз эксперттердин колдоосуна таянуу.
- Коопсуздук кызматтары коргоо чыгымдарын туура текшерүүдө жана бул максаттар менен бөлүнгөн каражаттарын жана алардын пайдаланылышынын ортосундагы байланышты түшүнүүдө парламентке жардам берүүчү каржылык пландоонун жана бюджетти иштеп чыгуунун учурдагы главаларын, усулдарын колдонуп жаткандыгын анык билүү.
- №58- топтомдо берилген принциптердин негизинде сиздердин парламенттеги абалды текшерүү жана жагдайды жакшыртуу максатында өзүңүздүн саясий көз карашыңызга туура келген демилгелерди көтөрүп чыгуу.

24- глава

# Улуттук бюджеттин коопсуздукка жумшалуучу чыгымдарын контролдоо

## Парламент жана улуттук инспекция

Парламенттин коопсуздук чөйрөсүндөгү бюджет үчүн жоопкерчилиги аны бекитүү менен эле чектелип калбайт. Парламент өзүнүн көзөмөл жүргүзүү жана текшерүү ыйгарым укуктарын орноткондо толугу менен текшерилген эсептерди берүү демократиялык процесстин ажырагыс бөлүгү экендигин жана аудит процесси көрсөткүчтөрдүн санын текшерүүнү да, аткарылуу абалын текшерүүнү да камтышы керек экендигин эске алууга тийиш. Коопсуздук кызматынын эсептери жана ар жылдык отчеттору өткөн финансылык жылдагы чыгашаларды баалоодо парламент мүчөлөрү үчүн маанилүү булак болуп саналат.

Өзүнүн көзөмөлдөө иш-милдеттерин аткарганда парламент көз карандысыз институттардын, конституциялык мыйзамга ылайык аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтеринен көз карандысыз институт катары түзүлүүгө тийиш болгон улуттук аудитордук мекеменин жардамына таянышы керек (кээде бул башкы аудитор, улуттук ревизиялоо мекемеси, бюджет маселелери боюнча офис же эсептөө палатасы болушу мүмкүн).

Парламент Башкы Аудитор жөнүндө төмөндөгүлөрдү анык билүүгө тийиш:

- ✓ ал парламент тарабынан дайындалат жана анын кызматта туруу мөөнөтү так аныкталган;
- ✓ ал өз милдетин көз карандысыз түрдө аткаруу үчүн мыйзамдык жана практикалык каражаттар менен ресурстарга ээ;
- ✓ парламентке жана бюджет боюнча комитетке чыгашаларга тиешелүү каалагандай маселелер жөнүндө каалагандай убакытта айтып туруу укугуна ээ.

Парламент мыйзамдуу юридикалык санкциялардын (жазалоо чараларынын) бар экендигин коррупцияга жана ресурстардын кызмат адамдары менен саясий түзүлүштөр тарабынан максаттуу эмес пайдаланылышына жол берилген учурларда алардын кандайча колдонулуп жаткандыгын анык билүүгө тийиш. Ката кетирилген учурларда кандай чаралар колдонулуп жаткандыгын парламент көрүп турууга тийиш.

№ 60- топтом

### Башкы аудитор

"Аткаруу, мыйзам чыгаруу же сот бийликтери тарабынан ката кетирилген учурларда аудитор айкын түрдө көз карандысыз жана толугу менен өз алдынча болууга тийиш экендиги даана түшүндүрүлгөн. Ал өзүнүн үч бөлүктөн турган милдеттерин аткаруу үчүн зарыл ресурстарга ээ болушу керек:

**Финансылык текшерүү**

Аудитор аткаруу бийлигинин баардык органдары жана коомдук мекемелер жүргүзгөн финансылык иштердин тактыгын, тууралыгын жана тазалыгын текшерүүгө тийиш. Ал финансы операцияларынын баары коомдук фонддорду пайдалануу жөнүндөгү жетектөөчү документтерге ылайык жүргүзүлүп жаткандыгын так билүүгө тийиш. Аудитордун мындай текшерүүчү иш-милдетин эске алганда, алар өздөрү жумшаган акча каражаттары үчүн кызматтан кеткенде же өз милдеттеринен бошонгондо жооп берүүгө тийиш болгон коомдук фонддордун башкаруучуларына текшерүү жүргүзүлүшү зарыл.

**Мыйзамга ылайык келишин контролдоо**

Аудитор баардык коомдук чыгашалар менен кирешелердин бюджет ишмердиги чөйрөсүндөгү мыйзамдарга туура келишин текшерип турууга тийиш.

**Коомдук фонддордун туура пайдаланылышын камсыз кылуу**

Азыркы кезде аудитордун милдеттерине коомдук фонддордун туура пайдаланылышын төмөндөгү үч критерийдин негизинде камсыз кылуу кирет:

(i) *Акчанын баалуулугу*: бөлүнгөн каражаттардын сапаттык да, сандык да көрсөткүчтөргө ылайык оптималдуу пайдаланылышын камсыз кылуу;
(ii) *Натыйжалуулук*: коюлган максаттар менен аткарылган милдеттердин дал келиши;
(iii) *Таасирдүүлүк*: натыйжаларга жетишүү үчүн ресурстар оптималдуу пайдаланылгандыгын аныктоо.

Мындай текшерүү аудитордун демилгеси же парламенттин суроо-талабы боюнча жүргүзүлөт".

*Маалымат булагы: ПАБдын Парламент жана Бюджетти Иштеп чыгуу Процессиндеги анын ролуна байланышкан маселелер боюнча өткөрүлгөн семинарындагы Жалпы отчетунан үзүндү, (Бамако, Мали, 2001-жылдын ноябры)*

## Коопсуздук бюджетине карата иш жүзүндөгү аудитордук текшерүү

Иш жүзүндө парламент үчүн коопсуздук бюджетин контролдоо кыйла татаал процесс болуп саналат. Ага түздөн-түз же кыйыр түрдө коопсуздукка тиешеси бар чөйрөлөрдүн: соода, өнөр-жай, байланыш, финансылык макулдашуулар чөйрөлөрүндөгү текшерүүлөрдүн натыйжалары камтылат. Сыртынан караганда бир-бирине байланышпагандай көрүнгөн чөйрөлөр ортосундагы карым-катышты аныктоо баарынан кыйын.

Салт боюнча коопсуздук секторунда башкы ролду ойноочу министрликтер – коргоо, ички иштер, соода, өнөр-жай, ошондой эле таасири улам өсүп жаткан байланыш жана финансы министрликтери бөлүнгөн каражаттардын кандайча сарпталганы жөнүндө өз убагында толугу менен документтештирилген отчетторду парламентке берип турууга тийиш. Парламент колдонгон жол-жоболорго департаменттердин ар жылдык отчеттору, ар бир финансылык макулдашуунун парламенттик комитетте жасалган анализи, ар бир министрликтин эсептеринин жыл сайын текшерилиши, ар бир министрлик жана ведомство боюнча парламенттеги талкуулар кирет.

Идеалдуу түрүндө аудитордук процесс парламентке бюджет түрмөгүн төмөндөгүдөй критерийлер боюнча баалоо мүмкүндүгүн берүүгө тийиш: мыйзамдуулук, акчанын максатка ылайыктуу сарпталышы, максатка жетүүдөгү натыйжалуулук.

№ 61- топтом

## Парламенттин коопсуздук секторуна көзөмөл жүргүзүүсүндөгү Улуу Британиянын Улуттук Аудит Офисинин ролу

1983-жылы көз карандысыз түзүм катары түзүлгөн, Башкы Аудитор тарабынан жетектелүүчү Улуу Британиянын Улуттук Аудит Офиси (УАО) парламент алдында өкмөттүн чыгымдары жөнүндө отчет берип турат. Офис финансылык текшерүү жүргүзүп, акча каражаттарынын максатка ылайык пайдаланылышы жөнүндө баяндама жасап турат:

▷ **Финансылык аудит**

Мыйзам боюнча инспектор жана башкы аудитор УАО менен бирдикте бардык өкмөттүк түзүмдөрдүн жана ведомстволордун эсептерин текшерүү үчүн жооп берет да, текшерүүнүн жыйынтыгы жөнүндө парламентке билдирет. Башка аудиторлор сыяктуу эле. УАО жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжаларынын тууралыгына баа берүү менен жооп берет. УАО ошондой эле отчеттордо көрсөтүлгөн баардык бүтүмдөр парламент бекиткен чыгымдарга дал келгендиги жөнүндө тыянак чыгарат. Эгерде УАО дал келбеген жагдайларды тапса, инспектор жана башка аудитор өз пикирлерин айтууга тийиш. Каражаттар туура эмес пайдаланылганы жөнүндө фактылар болбосо деле, УАО башка маанилүү маселелер боюнча

парламент үчүн отчет даярдоого тийиш. Мындай отчеттор общиналар палатасынын коомдук эсептер маселелери боюнча комитетинде каралышы мүмкүн.

▷ **Акча каражаттарынын туура пайдаланылышын текшерүү**

Жыл сайын парламентке инспектордон жана башкы аудитордон өкмөт жана башка коомдук мекемелер иштетип белгилүү бир натыйжаларга жетишкен акча каражаттарынын пайдаланылышы жөнүндө 50гө жакын отчет көрсөтүлөт. УАО коомдук чыгымдардын үнөмдүү, натыйжалуу жана максатка ылайык сарпталышын текшерип, бул жөнүндө отчет берип турат. Отчеттордо акчанын туура эмес пайдаланылышы жөнүндө да, иштин ийгиликтүү жүргүзүлгөндүгү жөнүндө да фактылар келтирилиши мүмкүн. Ошол эле учурда бул документтерде мыкты натыйжаларга жетишүү максатында кеңеш, сунуштар да берилет. УАО эгерде анын соңку үч жыл ичинде берген бардык сунуштарын өкмөт аткарса, анда 1,4 млрд. фунт стерлинг үнөмдөлөт деп эсептейт. Акыркы мезгилде коргоого сарпталган акча каражаттарын баалоого вертолеттор менен камсыз кылуу, аскердик идентификация, жер үстүндөгү жабдууларды калыбына келтирүү жана оңдоо, запастарды кыскартуу жана коргоо министрлигинин башкы имаратын оңдоо сыяктуу долбоорлор кирет.

▷ **Отчеттуулук түрмөгүнүн алкагындагы Парламент менен болгон өз ара мамилелер**

Парламент менен, айрыкча общиналар палатасынын коомдук эсептер боюнча комитети менен болгон мамилелер өзгөчө зор мааниге ээ. Статусу боюнча инспектор жана башкы аудитор общиналар палатасынын расмий өкүлдөрү болуп саналат, андыктан алардын ишинин баардык жыйынтыктары парламентке көрсөтүлөт. Отчеттуулук түрмөгү ушундайча иштейт. Кайсы бир коомдук мекеме акча каражаттарын сарптап бүткөндөн кийин башкы инспектор парламентке бул чыгашалардын мыйзамдуу, туура жана өз багытында сарпталгандыгы жөнүндө билдире алат. Коомдук эсептер боюнча комитет ошол мекеменин расмий жетекчилерине өздөрүнүн тыянактарын жана сунуштарын айтууга тийиш. Бул жыйынтыктар менен сунуштарга өкмөт көңүл бурууга милдеттүү. Мындан тышкары УАО парламент мүчөлөрүнүн коомдук чыгашалар маселелери боюнча жасаган 400дөн ашуун жекече суроосуна жооп берет.

*Маалымат булагы: Том Мак Дональд, Коргоо Маселелери боюнча Башкы Аудитор, УАО, Улуу Британия, 2002*

## Аудитордук офистердин негизги элементтери

Аудитордук офис парламенттик көзөмөл жүргүзүүнүн эң маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. Натыйжалуу жүргүзүлүшү үчүн ал төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болушу зарыл:

- ✓ Бюджет боюнча комитеттен өзүнчө бөлүнүүгө тийиш болгон коомдук эсептер боюнча парламенттик комитетке отчет берип турушу кажет;
- ✓ Тийиштүү чөйрөлөрдөгү кабыл алынган чечимдерди туура түшүнүү үчүн жашыруун документтер менен таанышууга укуктуу болушу керек. Бирок бул маалыматты ачыкка чыгарууга тийиш эмес;
- ✓ Ар кайсы чөйрөлөрдө, алардын ичинен коопсуздук секторунда, коргоо ресурстарын башкаруу, техникалык, финансы жана юридикалык маселелер боюнча экспертиза жүргүзүү үчүн өз карамагында атайын адистери болууга тийиш.

№ 62- топтом

### Грузиянын парламенти жана бюджеттик контроль

2001-жылдын аягында Грузиядагы парламенттин мүчөлөрү 2002-жылга карата бюджеттин долбоорундагы негизги цифралар менен макул болбогондугуна жана убакыттын тардыгына байланыштуу аны талкуулоону бир айга созууну чечти. Анткени өкмөт бюджеттин долбоорун өтө кечиктирип берген эле. Ошол эле мезгилде Грузиянын коргоо министрлиги АКШнын эксперттеринин жардамы менен коргоо бюджетинин биринчи программасын иштеп чыккан.

Парламент мүчөлөрү негизги түзүмдүк жактарына баа берүү жана аскердик чыгашалар боюнча өз пикирлерин айтуу мүмкүндүгүнө ээ болушту. Мындан тышкары бюджеттин долбоору НАТОнун стандарттарына шайкеш келтирилген эле – ал төмөндөгүдөй үч негизги бөлүккө: өздүк курамы, аскердик даярдыкты сактоо, инвестицияларды тартуу болуп бөлүнгөн болчу.

Парламенттик контролдоо жагынан алганда мындагы негизги маселе төмөндөгү себептерге байланышкан: а) парламент бюджетти 2002-жылдын январынын аягында бекиткен; б) президент, финансы министри жана коргоо министри коргоого жумшалган чыгымдар боюнча ар түрдүү пикирлерди айтышты; в) эң соңку учурда, мыйзам чыгаруучуларга түшүндүрбөстөн туруп, бюджеттик чыгымдардын өлчөмүнө өзгөртүүлөр киргизилди; г) парламент мүчөлөрүнө коргоо министрлигинин өздүк курамы кыскаргандыгы жана буга байланыштуу финансы абалдын өзгөргөндүгү жөнүндө маалымат берилген эмес. Ошол эле мезгилде мыйзам долбооруна киргизилбеген министрликтер менен ведомстволордун бюджеттик сунуштары парламент тарабынан контролго алынбай калган.

Жыйынтыгында коргоо бюджетинин программасы олуттуу түрдө бузулду, анткени программада каралган 71 миллиондун ордуна парламент аскер чыгашаларына 38 миллион гана грузин ларын бөлүүнү бекитти. Буга байланыштуу Грузиянын президенти жана Улуттук коопсуздук кеңеши бюджеттик фондду ар кайсы өкмөттүк түзүмдөргө кандайча бөлүштүрүү жөнүндө чечим кабыл алат. Парламенттин бюджетти талкуулоо жана бекитүү механизмдер аркылуу демократиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн пайдаланса болмок.

*Маалымат булагы: Давид Дарчиашвили, Грузиянын Парламентинин Парламенттик Иликтөөлөр Бөлүмүнүн Башчысы, 2002.*

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

**Натыйжалуу көз карандысыз аудит жана инспекция**

▷ Эң жогорку инспекциялоо мекемесинин түзүлүшү конституцияда же мыйзамдарда каралгандыгын, аларда төмөндөгүлөргө көңүл бурулгандыгын анык биле аласыз:
  - Улуттук инспекция менен парламенттин ортосундагы карым-катыштын өзгөчөлүктөрү жана максаты;
  - Улуттук инспекциялоо мекемесинин зарыл деңгээлдеги көз карандысыздыгы (буга финансылык жактан көз карандысыздык жана анын кызматкерлери менен жетекчилеринин көз карандысыздыгы кирет);
  - Инспекциялык мекеме жана коомдук эсептер боюнча парламенттик комитет тийиштүү отчетторду көрсөткөндөн кийинки өкмөттүн берген жоопторун жана аткарган иш чараларын парламент кайрадан карап чыгып, контролго алууга тийиш.
  - Сиздердин улуттук мыйзамдарыңыздарда жана практикалык ишиңиздерде аудитордук ишмердикти уюштуруу боюнча Лима Декларациясынын принциптери чагылдырылгандыгын текшерип көрө аласыз. (Аны Жогорку Аудитордук Мекемелердин Эл аралык Уюмунун электрондук бетинен табууга болот: www.intosai.org.)

**Чыгымдардын тууралыгын, мыйзамга дал келишин жана аткарылышын текшерүү**

▷ Улуттук инспекциялык коопсуздук маселелери жөнүндө сөз болгондо үч аспектинин баары тең камтылгандыгын анык билүү.

▷ Коопсуздук чөйрөсүндөгү чыгашаларды текшерүү кечиктирилип жүргүзүлгөн болсо дагы, парламент бул тармактагы жаңы чыгашаларды талкуулоодо эске алуу үчүн туура жыйынтыктарга келе алат.

▷ Аудиторлук отчеттордун көпчүлүгү финансылык маселелер менен гана чектелип калат. Аудитке жооп берүүчү адамдар спецификалуу долбоорлор боюнча дагы өз милдеттерин аткарууга жөндөмдүү болушу, ал эми өздөрүнүн компетенттүү адистери жетишпеген учурларда баа берүү үчүн көз карандысыз эксперттердин

жардамына таянышы керек.

- ▷ Аудитке жооп берүүчү адамдар жашыруун кызматтардын финансылык мекемелерин да текшерип турууга тийиш.

VII Бөлүм

# Коопсуздук секторундагы адам ресурстары:

## Кесиптик жогорку деңгээлди жана демократиялык көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылуу

25- глава

# Коопсуздук секторундагы демократиялык баалуулуктарды колдоо

Демократиялык билим берүү жана куралдуу күчтөрдүн демократияга умтулуусу колдоого муктаж, ошондуктан куралдуу күчтөр коом менен түздөн -түз байланышта болуп, демократияга коркунуч туудурууну алып келбеши керек. Дүйнөнүн ар кайсы бөлүгүнөн алынган тажрыйба төмөндөгүлөрдү көрсөтөт: куралдуу күчтөр милдетине жараша өз жолу менен туура башкарылбайт жана демократиялык негизде көз салынбайт, же болбосо коомдук түзүмдөргө кошулбастан демократияга төмөндөгүдөй ар түрдүү коркунучтуу абалдарды алып келиши мүмкүн:

- ✓ конституциялык эмес таасир берүү же болбосо куралдуу төңкөрүштөрдү уюштуруу;
- ✓ куралдуу күчтөрдүн уруксат берилбеген иштерди же коммерциялык иш-аракеттерди жүргүзүү;
- ✓ коомдун башка секторлору муктаж болгон ресурстардын көп бөлүгүн ченемсиз коротуу;
- ✓ кооомдук каражатттарды кыянаттык менен пайдалануу;
- ✓ адам укуктарын (б.а. тоноо, уурдоо, мыйзамсыз зордук-зомбулук жана кордук жасоо) бузуу.

## Коопсуздук сектору боюнча кадрларды (өздүк курамын) демократиялык баалуулуктарга багыттоо механизмдери

Куралдуу күчтөрдүн демократиялык позицияга колдоо көрсөтүүсү - демократиялык аң-сезимди өстүрүү менен бирге демократиянын баалуулуктарын жана ошондой эле адам укуктарынын принциптери сыяктуу башка мекемелерди урматтоо менен аскердик уюмдарда ички механизмдерди түзүү дегенди билдирет. Бул ички механизмдер парламенттин, башкаруу бийлигинин жана жарандардын куралдуу күчтөргө болгон көзөмөлүн толуктоого зарыл. Төмөнкү элементтер куралдуу кызматчыларынын демократиялык умтулуусун жакшыртууга көмөк көрсөтөт.

### Конституцияга жана мамлекеттик мекемелерге берилгендик

Туура башкаруу коомдук кызматтын баалуулугун коопсуздук секторуна кошуу менен, жана мыйзам эрежелерине баш ийүү этикасын сактоону, конституцияны жана улуттук мекемелерди урматтоону камтыйт. Демократиялык коомдун аскерлери жана башка сакчылары атайын саясий жетекчилерге эмес, конституцияга жана мамлекеттик мекемелерге берилгендигине ант беришет. Мындай берилгендиктин «өздүк эмес» анты, мамлекеттин коопсуздугуна, жоопту болгон түзүмдөргө кандайдыр бир мамлекетке берилгендик эмес, элдин мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан кабыл алынган конституцияга жана мыйзамга берилгендик экендигин билдирет. Коопсуздук секторуна жарандык көзөмөл жүргүзүү куралдуу күчтөрдүн антынын аң-сезимдик табиятын жана аны аткарууну камсыз кылуу үчүн эмне жасалгандыгын түшүнүүсү зарыл.

### Коопсуздук секторунун так аныкталган ички тартиби

Демократиялык көзөмөлдүн ой пикири менен караганда коопсуздук секторунун ички тартиби үчүн мыйзам ченемдүү иш-аракеттерди чындоо чоң мааниге ээ. Ага төмөндөгүлөр кирет:

- ✓ Офицерлердин конституциялык укуктарын кыскартуу;
- ✓ Аскерге милдеттүүлүк, аскердик кызмат өтөө, аскердик кылмыш жөнүндөгү кодексти Женева Конвенциясынын негизинде иштеп чыгуу жана кабыл алуу;
- ✓ Мыйзамга туура келбеген буйруктарды аткарбай коюуну өздүк курамга милдеттендирүү;

Конституция жана башка тиешелүү мыйзамдар жарандардын эркиндигине жана алардын укуктарына кепилдик берген мамлекеттердин көпчүлүгүндө, эгерде аскер кызматчылары атайын аскердик тапшырма алышса, алардын укуктары чектеле тургандыгын белгилейт. Ошондуктан принцип боюнча аскер кызматчылары башка жарандар сыяктуу бирдей укуктарга ээ болуусу зарыл, себеби алар аскер кийимчен жарандар болуп эсептелишет. Бирок аскер кызматчыларынын укуктарынын чектелиши сөз эркиндигине да тиешелүү, анткени аларда жашыруун маалыматтар болгондуктан, ошондой эле алардын жер которуу укуктары чектелгендигинен өлкөнүн коопсуздугу үчүн дайым даяр болуулары зарыл. Мындан тышкары алардын саясий жогорку кызмат орундарына шайлануу укугу да чектелүү. Ошентсе да демократиялык коомдун баардыгында тең эле аскер кызматчыларынын укуктарын бирдей кыскарта беришпейт. Мисалы, Скандинавия мамлекеттеринде, Германияда, Нидерландыда аскер кызматчылары профсоюз уюмун түзүүгө жана ага кошулууга укуктары бар. Башка өлкөлөрдө аскер кызматчылары өкүлчүлүк ассоциациясын түзүү жана ага кошулуу укуктарына ээ. Баардык мезгилде берилген чектөөлөр мыйзамда так аныкталып жазылат жана аскер кызматчыларынын атайын белгиленген орду улуттук коопсуздукка түздөн-түз байланыштуу болот.

## Аскердик өкүлдөрдүн ассоциациялары жана уюмдары

Көп өлкөлөрдө аскер кызматчыларынын өз ыктыяры менен жашоо шартын же милдеттерин коргоо үчүн кесиптик уюмдарын түзүүгө жана ага кошулууга тыюу салынат. Аскер кызматчыларынын мындай уюмдарына карата каршылыктардын дайыма берилүүчү негизги аргументтери алар куралдуу күчтөрдүн ичиндеги тартипти жана буйрук аткарууну бузат деген пикир бар. Айрым мамлекеттер Адам укугу жана Башкы Эркиндик жөнүндөгү Конвенциянын 11- статьясы боюнча аскер кызматчыларына өкүлчүлүк ассоциацияларын же аларга уюмдарды түзүүгө уруксат беришкен. Бул өлкөлөргө Австрия, Бельгия, Чехия Республикасы, Дания, Финляндия, Германия, Венгрия, Ирландия, Люксембург, Нидерланды, Норвегия, Португалия, Россия, Словения, Словакия Республикасы, Швеция жана Швейцария кирет. Буларда аскер кызматчылар уюмдарынын укуктары ар түрдүү, алар ассоциациялардын түрүнө жараша болот. Алардын баары тең Коргоо министри менен кеңешүүгө, же өз кызматынын өтүүсү жөнүндө талкуу жүргүүзгө укуктары бар. Башка учурларда аскер кызматчыларынын ден соолугун, коопсуздугун камсыз кылуу, ар бир мүчөгө колдоо көрсөтүү сыяктуу укуктары белгиленген. Мисалы, аскер кызматчысы менен иш берген адамдын ортосунда мыйзамдуу талаш-тартыш болгон учурда көмөк көрсөтүшөт. Европада аскер кызматчылары үчүн эки камсыздандыруучу уюм түзүлгөн. Алардын биринчиси, ал Брюссельде ЕВРОМИЛ деп аталган европалык уюм, алар аскер кызматчыларынын статусуна карабай иштешет. Европадагы экинчи уюм – Стокгольмдо, ал Аскердик милдет боюнча Уюмдун Европалык Кеңеши деп аталат.

№ 63- топтом

### Европалык кеңештин аскер кызматчылар ассоциациясын түзүү укугуна жолдомо берүүсү

1. Парламенттик ассамблея адаттагыдай эле шарттарда аскер кызматчыларын даярдоо уюмун түзүү укугун белгилеп, иш таштоолорго чыгууга тыюу салат.

4. Өткөн жылдары кээ бир өлкөлөрддүн куралдуу күчтөрү аскер милдетин өтөө тутумун өзгөртүп, чыныгы кесиптик тутумга айланышты. Натыйжада, көп мамлекеттерде аскер кызматчыларына Коргоо министрлиги тарабынан иш берилип, алар кадимки адис кызматчылардын деңгээлине жеткирилди. Ошентип Адам укугу боюнча Европа

Конвенциясынын жана Европа Социалдык Уставынын негизинде аскер кызматчылары баардык кызматчылар пайдаланышкан башка да укуктарга толук мүмкүнчүлүк алышты.

5. Аскер кызматчылары «аскер кийимчен жарандар» катары бардык укуктарга ээ, куралдуу күчтөр согуштук иш-аракеттерге катышпаган мезгилде өз милдетин аткарууда демократиялык мекемелердин чегинде кесиптик кызыкчылыктарын коргоо максатында атайын ассоциацияларды түзүү, аларга катышуу укутарын колдоно алышат.

6. Аскер кызматчыларына бардык башка жарандар колдонгон укуктарды колдонуу, ошондой эле мыйзамдуу түрдө саясий партияларга кошулуу укуктарын колдонууга тийиш.

7. Ошондуктан, Ассамблея министрлер комитетине мүчө-мамлекеттердин өкүлдөрү менен жолугушууну өткөрүүнү сунуш кылат:

I. Аскер кызматчыларына жана куралдуу күчтөрдүн мүчөлөрүнө өздөрүнүн өкүлдүк уюмдарын түзүүгө уруксат берүү жана эмгек акылары жана иш берүүнүн шарттары жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө укук берүү;

II. Куралдуу күчтөрдүн өкүлдөрүнө уюмдарды (ассоциация) түзүү укуктарына учурдагы ашыкча чек коюуларды алып таштоо;

III. Аскер кызматчыларына жана куралдуу күчтөрдүн өздүк курамына мыйзамдуу саясий партияларга мүчө болууга уруксат берүү;

IV. Бул укуктарды аскердик эрежелерге жана мүчө-мамлекеттердин Кодексине киргизүү;

V. Аскер кызматчылары өздөрүнүн ишине тийиштүү жана башка кызматка байланыштуу талаш-тартыштарда акыйкатчыга кайрылуу үчүн акыйкатчынын мекемесин түзүү мүмкүнчүлүктөрүн текшерип, карап чыгуу;

8. Европалык Социалдык Уставдын иштелип чыккан текстин текшерип чыгып, 5-пунктуна түзөтүү киргизүү максатында Ассамблея Министрлер Комитети менен жолугушуу өткөрөт:

«Экономикалык жана коомдук кызыкчылыктарды көздөп, уюмдарга кошулуу укуктарын коргоо үчүн жана жумушчулардын жана кызматчылардын эркиндигин колдоо же камсыз кылуу максатында жергиликтүү, улуттук жана эл аралык уюмдарды түзүүгө жана алардын бул эркиндигин улуттук мыйзам чектебей тургандыгына тараптар кепил болушат. Аскер кызматчыларына жана куралдуу күчтөрдүн өкүлдөрүнө берилген бул кепилдиктер улуттук мыйзам жана эрежелер менен аныкталат»

1572-жолдомо (2002-жыл) Европа Парламенттик Ассамблеясынын Кеңеши, 3-сентябрь, 2002-жыл

## Баалуулуктарды жайылтууда билим берүүнү колдоо

Аскер кызматчыларынын билими тапшырманы аткарууга даяр жана өз ишине, кесибине берилген адис болуусуна түздөн-түз багытталат. Билим берүү саясий жактан калыс, эч кандай пропаганданын элементтерин, идеологиянын жолдорун камтыбоого тийиш. Ал демократиялык, конституциялык, эл аралык жана гумандуу мыйзамдар жана адам укуктары жөнүндөгү сабактарды, атайын курстарды жүргүзгөн коопсуздук сектору болуп саналат. Коопсуздук секторунун адистерине билим берүүдө жана даярдоодо эл аралык гумандуу мыйзамдар жана эл аралык адам укуктарынын мыйзамдары жөнүндөгү суроолорду берүү бул сектордо демократиянын баалуулугун жайылтуу жана колдоо үчүн өзгөчө мааниге ээ .

Парламенттин мүчөлөрүнүн эл аралык гумандуу мыйзамдар менен тааныш болуусуна «Эл аралык гумандуу мыйзамдарды урматтоо» аттуу парламенттер үчүн колдонмо жардам берет. Бул колдонмо (№1- колдонмо) 1999-жылы Парламенттер аралык Бирлик жана Эл аралык Кызыл Крест Комитети тарабынан жарыяланган. Эл аралык Кызыл Крест Комитети да, БУУнун Адам Укуктарынын Жогорку Комиссиясы да эл аралык адам укуктары боюнча мыйзамдарын эл аралык гумандуу мыйзамдарды урматтоо менен өз мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууну каалаган мамлекеттерге техникалык жактан көмөк көрсөтүшөт.

## Саясий бейтараптыкты жана активдүү эмес катышууну камсыз кылуу

Коопсуздук кызматтары саясий жактан калыс болушу керек, анткени саясий партиялардын казармалардын ичинде саясий кампанияларды жүргүзүүсүнө уруксат берилбейт. Кээ бир өлкөлөрдө активдүү аскер кызматчыларга саясий партиялардын мүчөсү болууга уруксат берилсе, айрым өлкөлөрдө, өзгөчө посткоммунисттик өлкөлөрдө аскер кызматчылары партияга кошулуусуна жол берилбейт. Мисалы, Польшада чалгындоо кызматы же полиция сыяктуу ички иштер министрлигинин кызматчысы саясий партияга мүчө болууга укугу жок. Көпчүлүк

өлкөлөрдө аскер кызматчылары улутттук парламенттин мүчөсү боло алышпайт. Ошондой болсо да, мисалы Нидерландыда жана Германияда активдүү аскер кызматчылары жергиликтүү же аймактык ассамблеянын мүчөсү боло алышат.

## Коопсуздук кызматы коомдун күзгүсү катары

Принцип боюнча коопсуздук кызматтарындагы баардык иш орундары баардык жарандар үчүн ачык болушу керек: алардын гендердик айырмачылыктарына, саясий бирикмелерге мүчөлүгүнө, тегине, расасына же диний көз караштарына көз каранды болбоосу зарыл, талапкерди тандап алуунун негизги чен-өлчөмү баардык талаптарга жооп берген адам эң мыкты кызматчы катары тандалып алынышы зарыл. Көп өлкөлөр коопсуздук кызматынын өздүк курамы, өзгөчө полиция жана аскер кызматы, жалпысынан алганда коомдун күзгүсү катары, ошол коомду чагылдырып турушу керек. Бул өлкөлөрдө мындай кызматтарга аз тартылган калктын чектелүү катмарына, коомчулук дем берип, алардын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү максатында өзгөчө саясатын жүргүзүшөт.

## Мыйзамдарга туура келбеген буйруктарды аткарбай коюуну мыйзамдаштыруу

Статус, масштаб, иш-аракет, кызматташтык, тапшырма берүү, билдирүү жана башка коопсуздук кызматынын баардык милдеттери жана ишмердиги мыйзам аркылуу жөнгө салынып турат. Мыйзамдарда белгиленмейинче коопсуздук кызматы бийлик кыла албайт. Ал эми аскер кызматчылары үчүн мыйзамдарга туура келген атайын документтер, мисалы Аскер кызматчылары боюнча токтом жана Аскердик Кылмыш кодекси аскер адамдары аткара турган буйруктардын чегин аныктайт. Көп өлкөлөрдө бул мыйзамдар ар бир аскер башчысын (командирди) мыйзамдарды сактоого милдеттендирет, ал буйрук берүүдө ушуну менен командирдин мандатын чектейт. Мунун негизинде, аскер кызматчысы мыйзамсыз буйрукту аткарбай коюуга укугу бар, бир дагы аскер кызматчысы кылмыш жасоого карата аракетин жогортон алган буйрукка шылтоо кылып, өзүн актай албайт: аскер кызматчысы кызматына туура келбеген жана адамдардын кадыр–баркын түшүрүүгө байланышкан буйруктарды аткарууга милдеттүү эмес. Бул аскер кызматчысы буйрукту жетекчилеринен алган учурда да, өзүнүн кыймыл-аракеттери үчүн дайыма өзү жоопкерчиликтүү дегенди билдирет.

Жогорку аскер жетекчилери өздөрүнүн жеке үлгүсү менен демократиялык эмес, конституцияга каршы, ошондой эле моралдык эрежеге жатпаган аскер кызматчыларынын иш-аракеттерине жана буйруктарына тыюу салуу жөнүндөгү маалыматтарды таратуу ниеттерине дем берүүсү зарыл. Мындай көрүнүш мурдагы диктатордук мамлекеттердин куралдуу күчтөрү үчүн айрыкча мааниге ээ. Мисал үчүн Аргентина демократиялык негиздерин калыбына келтирип жатканда, жогорку чендеги генералдар «каражатты максаттар актабайт» ошондой эле «ким моралдык эрежеге туура келбеген буйрукту берсе же ким моралдык эрежеге туура келбеген буйрукка баш ийсе, ал мыйзамды бузат» деп жарыялашкан. Мындай билдирүү менен жогорку жетекчилер ар бир аскер кызматчысы кылмыш ишине жана укук бузууга жеке жооп берерлигин жана өзүнүн жетекчилеринин буйругуна шылтоо кылып, актанууга мүмкүндүк ала албасын белгилешкен.

Мындан тышкары жазасыз калууну токтотуу жана аны менен күрөшүү үчүн, ар бир кесиптик иш-аракетти бузуу жана эл аралык гумандуулукту жана адам укугун бузуу аракеттери компетенттүү башкаруучу же соттук орган тарабынан жазаланаарын билүү зарыл.

## Мамлекеттик коопсуздук секторунда жогорку жетекчилерди дайындоо критерийлерин (чен-өлчөмүн) аныктоо

Куралдуу күчтөрдун башкы командачысы же чалгындоо кызматынын директору сыяктуу коопсуздук кызматындагы жогорку кызмат ордун министирлердин кабинети же коргоо министри дайындайт. Кээ бир өлкөлөрдө мындай жогорку кызматтар парламентте талкууга алынат жана бекитилет. Бирок жогорку жетекчилик жарандык саясий бийлик өкүлдөрү тарабынан дайындалса да, ошол эле учурда анын эң маанилүү критерийи (чен –өлчөмү) анын жетекчилик, кесиптик даярдыгы болушу керек.

### Коопсуздук кызматындагы жогорку кызматта турган штаттык кызматкерлер

Акыркы мезгилде туура башкарууну жүзөгө ашыруудагы маанилүү факторлордун бири катары куралдуу күчтөр сыяктуу мамлекеттик коопсуздукка жооп бере турган түзүмдөр өздөрүнүн жогорку жетекчилеринин арасында штаттык кызматкерлердин болушун талап кылат. Мындай талаптын негизги себеби, кандай министр болбосун ал теңдештирүүчү чечимди кабыл алуу процессин камсыз кылуу үчүн аскер генералдарынын гана кеңештерин гана укпастан, жарандык кызматкерлердин да кеңештерин колдонушу керек.

## Кесиптик мүнөз

Кесиптик мүнөз тажрыйбанын, эрежелердин жана саясаттын негизинде түзүлөт. Аскер кызматчысы мамлекеттик мекемелер менен ийкемдүү кызматташышы керек жана өздөрүнүн ишмердигин конституцияга туура жүргүзүшү керек; алар андан сырткары өз кызматына берилген жаран болушу зарыл, өз милдетин натыйжалуу аткарышына, өз бийлигин ашыкча колдонбоого жана мамлекеттик коомдук акча каражаттарын өз орду менен колдонууга тийиш. Кесиптик мүнөз мажбурлоо жолу менен гана эмес, өз эрки менен макул болуусунун негизинде аныкталышы маанилүү. Өз эрки менен макул болуу деп, коомдогу демократиялык баалуулуктарды кабыл алуу менен, аскер кызматчысынын конституцияга жана улуттук мекемелерге оң мамиле жасашын түшүнөбүз.

Көп өлкөлөр аскер кызматчыларынын жүрүм-турумдарын жөнгө салып турган Кодексти кабыл алышкан. Мисалы, №64- топтомдо Германиядагы куралдуу күчтөрдүн кесиптик мүнөзү баяндалат.

**№ 64- топтом**

### Жетекчилик жана Германиядагы Куралдуу күчтөрдүн жарандык билим алуусу: «Ички башкаруу» принциптери

«(...) Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Бундесверди түзүү жөнүндөгү маселени талкуулоодо «Ички башкаруу» концепциясы (жетекчинин моралдык сапаты жана жарандык билиминин деңгээли) куралдуу күчтөрдү реформалоонун мурдагы салты болуп калган эски адаттан арылып, башка жолго өтүүсү катары каралган болчу. Жалпысынан алганда бир жагынан «ички башкаруу» принциптери Бундесвердин ичиндеги уюмдун негизги жол-жоболорун камсыз кылат, экинчи жагынан коомчулук менен мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилени (интеграцияны) жакындаштырат.
(...)«Ички башкаруу» аскер кызматчыларынын бир жагынан жарандык жеке укуктарынын жана эркиндигинин, экинчи жагынан кызматтык милдеттерин аткаруудагы талаптардын ортосунан келип чыккан татаал кырдаалды жана пикир келишпөөчүлүк деңгээлин төмөндөтүү максатын көздөйт. Жогорку офицерлердин жетекчилик жүрүм–туруму, конституциялык тартиптин негизи болгон адамдардын кадыр-баркын урматтоо принцибинин негизинде болушу керек. Бул жоболордун негизги мааниси, Бундесвердин мамлекетке жана коомго анын бүтүндөй бир бөлүгү катары кирүүсүнө, ошондой эле ар бир аскер кызматчысын өзүнчө бир жаран катары кароого колдоо көрсөтүү.
Бул процесстин негизги максаты Бундесвердин «мамлекеттин ичиндеги мамлекетке» айланып кетүү коркунучун жок кылуу болуп саналат. Мындай көрүнүш баардык куралдуу күчтөргө тиешелүү.

«Ички башкаруунун» максаты төмөндөгүдөй:

- ▹ Бундесвердин аскер кызматчыларынын саясий жана мыйзамдык негиздерин толугу менен билүү жана алардын аскердик вазийпасынын маанисин жана максатын билүү;
- ▹ Бундесвердин интеграциясына, анын мамлекеттеги жана коомдогу өздүк курамына колдоо көрсөтүү жана алардын вазийпасы жөнүндө коомчулуктун тааныш болуусун жана түшүнүүсүн түзүү;

- аскер кызматчыларынын өз милдетине жоопкерчилик менен мамиле кылуусуна, ошондой эле куралдуу күчтөрдүн бирдикте болуусуна жана тартипти сактоосуна дем берүү;

Куралдуу күчтөрдүн ички түзүмү адамдардын кадыр-баркын урматтоонун жана конституция менен мыйзамдардын негизинде уюшулгандыгына ынануу, булар куралдуу күчтөрдүн алдына коюлган тапшырманы аткаруусун жеңилдетерине ишенимде болуу;

Куралдуу күчтөрдун күндөлүк иш-аракеттеринин максаты жана мааниси «ички башкаруунун» негизинде түзүлүп, кызмат өтөө жөнүндөгү мыйзамдарда, буйруктарда жана жоболордо жазылган.

*Маалымат булагы: Германиянын Федералдык парламентинин сайты: www.bundestag.de*

Эл аралык деңгээлде жүрүм-турум кодексинин эки түрү иштелип чыккан, анда демократиялык өлкөдөгү аскер кызматчыларынын кесиптик мүнөздөгү абалы аныкталат. Биринчиси, 1996-жылы Башкы Ассамблея мыйзамды колдонууда укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин эл аралык Жүрүм-турум кодексин иштеп чыгып, сунуш кылышкан: (№65- топтом). Бул кодекс жалпы мааниге ээ, ал бир гана аскер кызматчыларына гана эмес, укук коргоо агентстволорунда иштеген баардык башка расмий кызматкерлерге да арналат.

№ 65- топтом

## Мыйзамдарды колдонууда укук коргоо органдарынын кызматкерлерине арналган Жүрүм-турум кодекси

***1979-жылдын 17-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 34/169 резолюциясында кабыл алынган.***

1-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери кызматы талап кылган жогорку деңгээлдеги жоопкерчилиги менен коомчулукту жана ар бир инсанды мыйзамсыз иш-аракеттерден коргоо аркылуу мыйзам тарабынан ыйгарылган өз милдеттерин ар дайым аткарууга тийиш.

2-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз кызматын аткарууда адам укугун камсыз кылуу менен аны колдоого жана адамдардын кадыр баркын урматтоого тийиш.

3-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз кызматын аткарууда эң зарыл учурда же милдетин аткарууда гана курал колдонууга укугу бар.

4-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери купуялуулукту сактоого тийиш, сот адилеттүүлүгүнө жетүү максатында же кызматтык зарылчылык пайда болгондо гана жашыруун маалыматтарды бере алат.

**5-статья.-** Укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз оюн башкаларга таңуулоого, зордук-зомбулук көрсөтүүгө, жазалоого, катаал мамиле жасоого, кемсинтkenге укуктары жок. Ошондой эле алар жогортон келген буйруктарга таянып жана согуш абалында же согуш коркунучу болгондо, улуттук коопсуздукка коркунуч келген учурда, ички саясий туруктуулук жок болгондо, же башка актоо, кыйноо, зордук -зомбулук, катаал мамиле же жазалоо сыяктуу коомдук кырдаалдар пайда болгондо өз милдетин туура аткаруулары зарыл.

6-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери камактагы адамдын ден соолугун коргоону толугу менен камсыз кылууга тийиш, эгерде медициналык жардам керек болсо, милдеттүү түрдө тез чараларды көрүүсү зарыл.

7-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери паракорлук ишке кошулуп, кылмыштуулукка аралашпоого тийиш. Алар мындай иш-аракеттерге каршы туруп, күрөш жүргүзүүгө милдеттүү.

8-статья.- Укук коргоо органдарынын кызматкерлери колдонуудагы мыйзамдарды жана Кодекстерди урматтоого тийиш. Мыйзам бузууларга каршы туруп, алардын алдын алып, болтурбоого бүткүл күч-аракетин жумшоосу зарыл. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери Кодекстин принциптери бузулса же бузулуп жатса, ошол милдетти аткарып жаткан жогору жактагы тиешелүү органдарга билдириши керек.

*Эскертүү: Жүрүм- турум Кодексиндеги ар бир статьяга комментарий бар, бирок алар бул бөлүктө берилген эмес. Кошумча маалымат алуу үчүн бул сайтка кайрылыңыздар: www.UN.org*

Жүрүм-турум Кодексинин экинчиси Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча Уюмунун (ЕККУ), ОБСЕнин Жүрүм-турум Кодексинин Коопсуздук Саясий-Аскердик Аспекттери болуп саналат. Бул коопсуздук секторунун баардык уюмдарынын кызматчыларына багытталган жана куралдуу күчтөрдүн өздүк курамына атайын көрсөтмөлөрдү камсыз кылат. Бул Кодекстин негизинде кызматчылар мыйзамдардын принциптерине, демократияга, нейтралитетке, адам укугун урматтоого жана эл аралык гумандуу мыйзамдарга ылайык иштөөгө тийиш. Бул Кодексте көрсөтүлгөндөй ар бир аскер кызматчысы гумандуу мыйзам бузууларга жол берсе, өз керт башы менен жооп берет. Ошондой эле бул документ мамлекеттин ички юриспруденциясына тиешелүү болуп саналган маселелерди да камтыйт. Бул Кодекс мамлекеттик бийликтин ушул мезгилге чейин башкалардын кийлигишүүсүнөн кылдаттык менен сактап келген тармагын алып чыгат. Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча Уюмунун (ЕККУ) мамлекеттери 1994-жылы бул Кодекске кол койгондон бери, бул мамлекеттер куралдуу күчтөрүн башкаруу, окутуу, билим берүү, уюштуруу жол-жоболорунун үстүндө иштөөнү улантып жатышат. Бул Кодекстин эң маанилүү бөлүгү болуп куралдуу күчтөрдүн кесиптик даярдыгын эң жогорку деңгээлге жеткирүү, аларды демократиялык жол менен контролдоосу макулдашылган мүнөздө жүргүзүлүүгө тийиш.

**№ 66- топтом**

## Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча Уюму түзгөн (ОБСЕ) Жүрүм-турум Кодексинин Коопсуздуктун Саясий-Аскердик Аспекттеринин (1994-жыл) негизги өзгөчөлүктөрү:

- ▹ Ички күчтөрдүн негизги концепциясы чалгындоо кызматын, аскерлештирилген бөлүктөрдү жана полицияны камтыйт. Бул абалдар ушул тармактарга тиешелүү милдети бар органдар аркылуу демократиялык мыйзамдардын негизинде (20, 21-пункттар) демократиялык натыйжалуу көзөмөлүн жүзөгө ашыруусун мамлекеттерге милдеттендирет;
- ▹ Куралдуу күчтөрдүн бюджети жөнүндөгү мыйзамды кабыл алуу жана кетирилген чыгымдарды чектөө үчүн аракет кылуусун колдоого алат. Куралдуу күчтөр жөнүндөгү маалыматтын ачык-айкын болуусун жана коомчулукка жетип туруусун камсыз кылат. (22-параграф);
- ▹ Куралдуу кучтөрдүн саясий бейтараптыкты сактоосу (23- параграф);
- ▹ Аскер кызматчылары гумандуу мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопко тартылат (31-параграф);
- ▹ Аскер кызматчылары согуш мезгилинде же тынчтык учурунда эл аралык мыйзамдын жол-жоболорунун негизинде башкарылат, толукталат, окутулат жана жабдылат (34-параграф);
- ▹ Ички коопсуздук кызматынын тапшырмасын аткарууда куралдуу күчтөрдүн күчү жана каражаты укук коргоо органдарынын ченемдерине туура келиши керек. Куралдуу күчтөр жарандардын менчигине же алардын өздөрүнө зыян келтирбей турган чараларды көрүүгө тийиш (36-параграф);
- ▹ Куралдуу күчтөрдү колдонуу жарандардын согуш жана тынчтык мезгилдеги укуктарынын аткарылышын чектебөөгө тийиш жана алардын улутунун, диний көз карашынын, маданиятынын, тилинин жана этникасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштөөсү зарыл.

*Маалымат булагы: ЕККУнун Жүрум-турум кодексинен үзүндү. 7, 8-бөлүктөр.*

*Кошумча маалыматтар бул сайтта:www.osce.org жана ЕККУнун (ОБСЕ) Жүрүм-турум Кодексинин сайтында:http://www.osce.org/docs/english/1990-1999/summits/buda94e.htm#Anchor_COD_65130*

# Куралдуу күчтөрдүн юрисдикциясы (же сот органдары)

Аскердик тартипти сактоонун талаптары куралдуу күчтөр аткарган вазийпанын уникалдуу табиятын түзгөн көптөгөн шарттарга негизделет. Мисалы, аскердик чөйрө менен жарандык коомчулуктун кылмыштуулукка карата ой-пикирлери ар түрдүү.

Жарандык кызматкер иш ордун таштап кеткендиги үчүн же өз кызматын аткарбай койгондугу үчүн күнөөлүү болуп жоопко тартылбайт. Ага иш берген адам бул кызматкерди өз ишин аткарбагандыгы үчүн жумушунан кетире алат жана башка ишке кирүү үчүн сунуштоо берүүдөн баш тартышы мүмкүн, бирок иш берүүчү аны сотко бере албайт. Аскер кызматындагылар иш ордун таштап кеткендиги үчүн, берилген тапшырманы уставга жана талапка ылайык аткарбай койгондугу үчүн жоопко тартылат.

Мындай жүрүм-турум өз милдетин көңүлкоштук менен аткаруу гана эмес, аскер кызматчыларынын коопсуздугуна жана анын жетиштүүлүгүнө туура эмес таасир тийгизет. Башка аскердик тартип бузууларга төмөндөгүлөр кирет: кызматка киреерде жалган айтуу, качып кетүү, аскердик бөлүктөрдөн өзүн-өзү билип кетип калуу, жогорку офицерлерге баш ийбөө, иш таштоо, душмандарга жардам берүү, маршрутту жоготуу, кезмет убагында уктап калуу. Бул жердеги негизги маселе, кайсы кылмыш аскердик юрисдикцияга, ал эми кайсы кылмыш жарандык юрисдикцияга кире тургандыгын аныктоо, тактоо. Принцибинде аскердик сот чектелген түрдө колдонулушу керек, ал эми жарандык сот мүмкүн болушунча үстөмдүк кылуусу зарыл. Аскердик юрисдикция аскердик кызматты аткарууда кетирилген кылмышты кароо менен гана чектелиш керек, ал эми аскердик Кодекс мүмкүн болушунча жарандык кылмыштуулук жөнүндөгү мыйзамга азыраак кийлигишүүсү зарыл.

Белгилей кетүүчү нерсе, көпчүлүк өлкөлөрдө аскердик сот сот органдарынын эмес, ал куралдуу күчтөрдүн административдик, укук коргоо органдарынын бир бөлүгү болуп, аткаруу бийлигине кирет. Мындан төмөндөгүдөй тыянак чыгарса болот: аскердик соттор конституциялык жол-жоболордун жана сотторду дайындоонун талаптарынын негизинде дайындалбайт. Бирок эске алуучу нерсе, бардык учурда аскердик сот соттук орган тарабынан көзөмөлдөнүп турушу керек. Көп өлкөлөрдө мындай жыйынтыкка аскердик юрисдикция үчүн апелляциялык инстанция катары жарандык апелляциялык сотту түзүү аркылуу жетишишет.

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

Тактап билиңиз:

1. Аскер кызматчылары конституцияга, мамлекеттик мекемелерге жана мыйзамдын жоболоруна берилгендик үчүн ант беришет, бирок белгилүү бир адамга ант беришпейт.
2. Демократиянын ченеми жана жарандык укуктардын жана гумандуу мыйзамдын негизги баалуулугу жана аскердик даярдык көрүүнүн стандарттуу бир бөлүгү катары билим берүүгө колдоо көрсөтүлөт.
3. Куралдуу күчтөрдүн офицерлери парламенттин мүчөсү боло алышпайт.
4. Аскерлерди жана офицерлерди кызмат өтөөгө чакыруу кесиптик ченем-өлчөмдөрдүн негизинде жүргүзүлөт.
5. Аскер кызматчылары мыйзамга туура келбеген буйруктарды аткаруудан баш тартуусу мыйзамдаштырылат.
6. Аскердик мүнөз Жүрүм-турум кодексинин тиешелүү бөлүктөрү менен камсыз болуп, мыйзамдык ченемдерди өз эрки менен аткаруусу менен мүнөздөлөт.
7. Аскердик юрисдикциянын компетенциясы мүмкүн болушунча кыскартылат жана аскердик соттун чечимдерин жарандык кылмыш ишин кароочу сотко апелляция болуу үчүн дайыма кайрылса болот.
8. Коопсуздук кызматы мыйзам боюнча да , иш жүзүндө да, мамлекетти түзгөн ар бир маанилүү бөлүккө жана коопсуздук кызматынын ички жоопкерчиликтүү механизмдерине мыйзамды камсыз кылууга милдеттүү, ички коопсуздук кызматына коомчулуктун арыздары жана шектүү тартип бузуулар менен иштөөгө жана күнөөлүүлөрдү жазалоого мүмкүндүк берет; мындай механизмдерди колдонуу натыйжалуу жана колдонууга боло тургандыгын текшерет. Парламент көз карандысыз тергөө жүргүзүүнү жана шектүү адамдардын жоопко тартылышын талап кылгандыгын аныктап билиңиз.

## Аскер кызматчыларынын жарандык укуктары

- Аскер кызматчыларынын жарандык укуктарын кыскартуу кызмат өтөөгө даярдыкты күчөтүү жана коопсуздук кызматынын саясий нейтралитетин сактоо максатында жүргүзүлөт;
- Эске алуучу нерсе, жарандык укуктардын кандай гана түрү кыскартылбасын ал коопсуздук кызматынын тапшырмаларына жана анын уникалдуу мүнөзүнө түздөн-түз байланышып турушу керек, б.а. коомдогу күчтүн монополиясы болууга тийиш;
- Жарандык укуктардын чектелүүсүн кабыл алуу арыздары менен иштөөнүн натыйжалуу каналдарынын болушу менен толукталат;

## Буйруктарга баш ийүү

- Аскер кызматчыларынын жана аскерде кызмат өтөгөндөрдүн мыйзамга туура келбеген жана этикага жатпаган буйруктарды жана эл аралык адам укугунун жана гумандуулук мыйзамдарынын ченемдерине каршы турган буйруктарды аткаруудан баш тартуусун мыйзамдуу түрдө камсыз кылуу керек;
- Бул милдет коопсуздук кызматындагы тартиптик тутумдун негизинде аткарылып жаткандыгын тактаңыз;

## Өз милдетин аткаруу учурундагы кыянаттык кылуу жана паракорлук

- Эгерде коопсуздук кызматында паракорлук жана зордук-зомбулук сыяктуу чыр-чатактар чыкса же одоно укук бузууларга жол берилсе, аны чечүү үчүн тез арада аракет кылыңыз;
- Тийиштүү тергөө кылдаттык менен жүргүзүлгөндүгүн жана зарыл учурда атайын компетенттүү түзүмдөн санкция берилгендигин тактап билиңиз;
- Аскер кызматчыларыннын жана башка коопсуздук кызматындагы адамдардын экинчи башка жумушта иштөөсүнө же жеке өзү түзгөн же болбосо башка уюм менен бирдикте коммерциялык ишмердик жүргүзүүсүнө тыюу салуучу мыйзамдарды кабыл алыңыздар;

26- глава

# Коопсуздук секторундагы кадрларды башкаруу

Аскердик кызмат - бул ден соолукка коркунучу бар, ар дайым бир жерде турбаган, үй-бүлөдөн алыс жашоого көнүктүргөн өзгөчөлүктөрү бар кызмат. Парламенттин мүчөлөрү аскердик кызмат жөн эле ишмердиктин бир түрү эмес экенин түшүнүшү керек. Аскердик күчтөрдү туура башкаруу: кызмат өтөөгө чакыруу, тандоо, окутуу, эмгек акысын берүү, сыйлык берүү - бул демократиялык принциптерди, мыйзамдардын, жарандардын өсүп-өнүгүүсүн урматтаган жогорку кесиптик деңгээлдеги коопсуздук секторунун өркүндөшүнө алып келет.
Парламенттин мүчөлөрү коопсуздук кызматынын кесиптик жогорку деңгээлде болуусуна колдоо көрсөтүлүп, түзүлүүсүн көзөмөлдөп туруусу керек. Алар адистерди башкаруу планы иштелип чыгуусун, кабыл алынуусун, ишке ашуусун жана бул аракеттер демократиялык жана кесиптик тажрыйбасы жогору адистерди тарбиялоого багытталганын камсыз кылышат. Андан ары алар, мамлекет аскер кызматчыларына туура мамиле жасап жатканын, мисалы эмгек акыларынын берилүүсүн, кызмат шартын, пенсиялары убагында берилип жаткандыгын контролдоп турушат.

№ 67- топтом

## Кадрларды башкаруу: парламенттин мүчөлөрү үчүн негизги суроолор

Парламенттин мүчөлөрү өкмөттүн коопсуздук кызматындагы кадрларды башкаруу боюнча төмөндөгү сунуштар менен кабардар болушу керек.

### Жалпы саясий маселелер

▹ Парламентке коопсуздук кызматына кадрларды бекитүү саясаты боюнча суроо берүү ар жылдык бюджеттик сунуштар менен бирге жибериле би же өзүнчө документ катары жол-жоболоштурулабы?
▹ Куралдуу күчтөрдүн түзүмү жана кадрларды башкаруу саясаты бюджеттин жана улуттук экономикалык көрсөткүчтөрүнүн мумкүнчүлүктөрүнө туура келеби?

### Жалпы шарттары жана күчү

▹ Парламент куралдуу күчтөрдө, полицияда, чалгындоо кызматында иштеген аскер кызматчыларынын эң жогорку санын толуктай алабы?
▹ Парламент кызматчылардын бир наамда канча жыл иштей тургандыгын аныктай алабы?
▹ Кадрларды башкаруу саясатынын кандай жол менен чечилип жатканынан коомчулук кабардарбы?
▹ Парламент куралдуу күчтөрдүн ар бир наам боюнча жалпы саны, эмгек акысы, аткарган кызматы, бош жумуш орду жана башкалар жөнүндө так маалыматтарды алып жатабы?
▹ Коопсуздук секторунун реформасынан кийин эс алууга чыгарылган кызматчылардын андан аркы турмушу сыяктуу социалдык маселелери көңүлгө алынып жатабы?

### Куралдуу күчтөргө кызмат өтөөгө чакыруу жана тандоо

▹ Ар бир жаран үчүн, аялдарды кошкондо, баардык кызмат орду ачыкпы жана ал мыйзамда каралганбы?
▹ Коопсуздук кызматына жумушка алуу баардык жарандар үчүн ачык түзүмбү же коомчулуктун кээ бир гана катмарлары кире ала турган жабык түзүмбү?
▹ Кызматка алууга талапкерлерди тандоодо кесиптик чен-өлчөмдөр колдонулабы?
▹ Коопсуздук кызматында бош жумуш орду көппү?
▹ Тандоонун башталгыч этабынан кийин талапкерлердин пайызы кескин азайабы?

### Кадрлар менен камсыз кылуу

- Негизги принциби болгон аскер кызматчыларынын жеке сапаты жана талыкпаган эмгегинин үстүндө гана кызмат тепкичи боюнча жогору көтөрүлүүсү колдонулуп жатабы?
- Убактысы менен аскер кызматчыларын баалоо тутуму барбы?
- Бул тутум ачык, обьективдүү жана адилеттүүбү?
- Коопсуздук кызматы кызмат тепкичи менен жогорулоого кызыктыруучу жана шыктандыруучу мүмкүнчүлүктөрдү түзгөнбү?
- Аскер кызматчыларына башка айлык төлөөчү жумушта иштегенге уруксат берилеби?
- Жогорку жетекчилер аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөп же башка өлкөлөрдө тынчтыкты сактоочу күчтөрдүн катарында милдет аткарып, тажрыйба алышканбы?
- Коргоо министри же (тийиштүү министрлер) башкы командачы сыяктуу жогорку башкаруу кызмат орундарын дайындоодо парламент же парламенттин тийиштүү комитети менен кеңешеби?

### Эмгек акысы

- Аскер кызматчыларынын айлык акысы башка кесиптегилерге караганда жогорубу жана коопсуздук кызматы эмгек рыногунда башка менчик компаниялары менен теңдеше алабы?
- Кызматчылардын айлык акысы өз убагында берилип турабы?
- Кызматчылар жеке сапаты жана эмгегине жараша сыйлана алабы?
- Аскер кызматчыларынын өз милдетин жакшы аткаруусу алардын айлык акысынын көлөмүнө таасир тийгизеби?
- Айлык акы төлөө тутуму менен кызматчылар жана коомчулук тааныша алабы?
- Пенсияга чыгуу менен кызматтан бошонуп чыгуу тутумунда кандай кемчиликтер бар?
- Иштен бошонуп чыккандан кийинки айлык акы жана жеңилдиктер аскер кызматчыларын канааттандырабы? Аскер кызматчылары отставкага чыгуу менен эмне табат жана эмнени жоготот?

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Коопсуздук кызматынын өздүк курамынын саны жана тапшырмалары

- Куралдуу Күчтөргө жүктөлгөн тапшырмалар, коопсуздук кызматынын өздүк курамынын саны жана тапшырмалары улуттук экономикалык ресурстарга жооп берээрин тактаңыз

### Коопсуздук кызматынын өздүк курамынын айлык акысы

- Аскер кызматчыларынын айлык акысы мамлекеттин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө туура келээрин (ошол эле мезгилде айлык акы кызматкердин турмуш шартын канааттандырарлык деңгээлде камсыз кылышы керек) аныктаңыз;
- Кызматчылардын айлык акысы өз убагында берилип жатканын текшериңиз;
- Айлык акынын аздыгы билимдүү жаш кадрлардын коопсуздук кызматтарынан кетүүсүнө себеп болушу мүмкүн экендигин эске алыңыз;
- Айлык акынын аздыгы же анын өз убагында берилбеши коопсуздук кызматын коррупцияга, паракордукка, зордук-зомбулукка алып келээрин эске алыңыз;
- Аскер кызматчыларына берилген финансылык артыкчылыктар алардын саясий таасири бар күчтөрдүн катарына кошулуусуна алып келбеши керек. Алардын артыкчылыктары коомчулукка ачык болуп, башка мамлекеттик кызматкерлердин артыкчылыктарынан ашык болбошу зарыл. Бул жеңилдиктер менен артыкчылыктар аскер кызматчыларынын кызматынын өзгөчөлүктөрүнө жараша болушу керек.
- Кызмат ордунан бошонуу тутуму (отставкага чыгуу тутуму) канааттандырарлык абалда экендигин аныктаңыз;

27-глава

# Аскердик милдет жана өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу

Бүт мамлекеттердин конституцияларында өлкөнү коргоо ар бир жарандын ыйык милдети катары жазылган. Кээ бир мамлекеттерде бул милдет аскердик кызмат жөнүндөгү мыйзамда каралган. Өкмөт куралдуу күчтөрдүн катарына ар бир жаранды кызмат кылууга чакырса, даяр турушу керек. Аскерге чакыруу жана аскердик кызмат (көбүнчө эркектер үчүн) конституция жана мыйзамдар менен каралып, аларда төмөндөгүлөр аныкталат:

- ✓ Милдеттүү аскердик кызматты кимдер өтөш керек;
- ✓ Аскердик кызматтын мөөнөтү;
- ✓ Кызматтан бошонуунун шарттары;
- ✓ Аскерге чакыруунун жол-жоболору;
- ✓ Аскердик кызматтан качкандарга жаза колдонуу;
- ✓ Аскердик кызматка чакыруунун орточо жашы;

Андан сырткары, көп өлкөлөрдүн мыйзамдарында өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартууга уруксат берет жана альтернативдик кызмат өтөөнүн жолдорун карайт.

## Аскердик милдеттин пайдасы жана келечеги

Көп өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрү аскерге чакырылган жоокерлерден турат. Анын негизги себеби аскерге чакыруу бул демократиянын жана улуттук маданияттын баалуу бөлүктөрүнүн бири катары эсептелгендигинде. Бирок кийинки жылдары аскерге чакыруунун зарылдыгы боюнча ар кандай суроолор туулуп жатат. Азыркы аскерге чакыруунун пайдалуулугу жөнүндөгү суроолордун туулушу бүгүнкү күндөгү жаңы согуштардын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Кээ бир мамлекеттер аскерге чакырууну токтотушту же токтотууга даярданып жатышат. Жада калса аскерге чакырууну биринчи ойлоп тапкан Франция 2001-жылдан баштап чакырбай калды. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча көп сандагы аскердин ордун чакан, өз эрки менен келген, тез аракеттенген, илимдин жана техниканын жаңы жетишкендиктери менен жабдылган куралдуу күчтөр басат. Куралдуу күчтөр бул адамдардын билими менен тажрыйбасын тынчтык мезгилиндеги милдеттерди же согуштан кыйраган өлкөлөрдүн мекемелерин жана инфра-түзүмдөрүн кайра курууга пайдаланса болот.

№ 68- топтом

### Дүйнө жүзүндөгү аскердик кызмат

Көп мамлекеттерде аскерге чакыруу 18 жаштан башталат, бирок кээ бир өлкөлөрдө 16, 17, 19 же 20 жаштан башталат. Азыр айрым өлкөлөр аялдарды да аскерге чакырып жатышат. Аскердик милдеттин мөөнөтү: көбүнчө 6 айдан тартып 3 жылга чейин созулат. Аскердик кызматтан жана альтернативдүү кызматтан баш тартуу: көп өлкөлөрдө өз ыктыяры менен баш тартууга уруксат берилген жана альтернативдүү кызмат өтөө түзүмү каралган. Аскердик кызматтан баш тарткандарга көп өлкөлөрдө абакка камоо жазасы колдонулат.

*Маалымат булагы: Башкы Катчынын Баяндамасы, Комиссиянын резолюциясынын негизинде даярдалган, 1995/83, UNCHR, 1997. E/CN.4/1997//*

# Аскердик милдеттин оң жана терс жактары

Аскердик милдеттин оң жана терс жактарын талдоодо парламенттин мүчөлөрү төмөндөгүлөрдү эске алуусу зарыл:

## Аскердик милдет эмне үчүн сакталууда?

Аскердик милдеттин зарылдыгын айкындаган төмөндөгүдөй аргументтер бар:

- ✓ Аскерге чакыруу көп учурда демократиялык идея менен айкалышат, анткени мунун өзү ар бир жарандын (негизинен эркектердин) милдети жана аскердик кызмат баардык адамдарды дин тутуусуна, өңү-түсүнө, тилине, улутуна, социалдык абалына, тегине карабастан теңдеп коет. Кээ бир мамлекеттерде аялдар да аскерге чакырылат.

- ✓ Аскерге чакырылгандар, алар «аскер кийимчен» жарандар болгондуктан, бул куралдуу күчтөрдүн «мамлекет ичиндеги мамлекет» болуп кетүүсүнө жол бербейт. Ошону үчүн аскердик кызмат коомчулук менен куралдуу күчтөрдү байланыштырган демократиялык көпүрө боло алат.

- ✓ Жалпылап айтканда, аскерге чакырылгандардан куралган куралдуу күчтөр мамлекет үчүн арзаныраак болот, себеби алар жалданма аскерлерге караганда аз айлык алышат.

Аскерге чакыруу коомчулуктун баардык катмарынан адамдарды топтойт, ошондуктан куралдуу күчтөргө билими, тажрыйбасы ар түрдүү, эсепчилерден инженерлерге чейин, оңдоочулардан дыйканга чейинки кесиптеги адамдар келет. Куралдуу күчтөр алардын билимин, иш-тажрыйбаларын абдан жакшы колдоно алат, тынчтыкты колдоо вазийпасында, аскерге чакырылгандарды куралдуу күчтөр инфратүзүмдөрдү курууда, жаңжалдан кийинки мамлекеттердеги түзүлүштү кайра орнотууда колдоно алышат.

## Эмне үчүн аскердик милдеттүүлүктөн баш тартышат?

Дүйнө жүзүндөгү аскерге чакыруу боюнча биздин изилдөөбүз чоң армиялардын заманынын бүткөндүгүнүн, ошону менен бирге алардын аскерге милдеттүүлүгүнүн тутумун төмөндөгү негизги себептердин негизинде күбөлөндүрөт:

- ✓ Акыркы 25 жылда, айрыкча «кансыз согуш» аяктагандан кийин, көп өлкөлөрдө куралдуу күчтөр кыскартылгандыктан, аскерге чакырылуучулардын саны кескин түрдө азайган. (Мунун өзү кезегинде аскер милдетине жаштарды ашыкча чакыруудан улам, айрым учурларда коомчулуктун нааразылыгын пайда кылган). Евро-Атлантика аймагындагы өлкөлөр куралдуу күчтөрүн кыскартууну жүргүзүшкөн, ал эми Африка жана Азия өлкөлөрү «кансыз согуштан» кийин өздөрүнүн куралдуу күчтөрүнүн санын азайтыш үчүн азыркы түзүлгөн шарттарды толук колдонбой жатышат.

- ✓ Куралдуу күчтөр барган сайын кесиптик жогорку даярдыктарды көрсөтүшүп, азыркы жаңы технологиялардан көз каранды болбой калышкан. Аскер кызматчыларынын жаңы курал-жарактарды өздөштүрүүсү үчүн, аларга узак мөөнөттөгү окутуп-үйрөтүү талап кылынат. Аскердик кызмат өтөөгө чакырылгандар аскердик ишти өздөштүрүү үчүн убактысы аз болгондуктан көптөгөн куралдуу күчтөр барган сайын кесипкөй жалданма аскерлерди колдонууга аргасыз болуп жатышат.

- ✓ Тынчтыкты орнотуу вазийпасы аскерлерден баштапкы кесиптик өнөрдү өздөштүрүүнү гана талап кылбастан, ошондой эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн атайын усулдарына жана башка өнөргө ээ болуусун талап кылат. Аскерге чакырылгандардын көпчүлүгү өтө кыска мезгилде кызмат өтөшөт, ошондуктан жаңжал болгон өлкөлөрдөгү бузулган тынчтыкты коргоо иш-аракеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон тажрыйбага жана ыкмаларга жетишүүгө белгиленген убакыт аздык кылат.
- ✓ Айрым өлкөлөрдүн конституциясы аскерге чакырылгандар улуттук аймакты коргоо үчүн гана колдонулат, аларды башка жакка жиберүүгө тыюу салынат.

**№ 69- топтом**

## Аскерге чакырылгандарды куугунтуктоо

Аскер кызматына жаңы келгендер менен мурда келгендердин ортосунда формалдуу эмес иерархия түзүлүп турат. Мындай формалдуу эмес иерархия чоң мааниге ээ, анткени мурдагылар жаңы келгендерди калыптанган аскер турмушундагы салтка жана жаңы эрежелерге үйрөтүшөт. Ошондой эле мунун өзү аскерлердин социалдык түзүмүнө таасир этет. Бирок көп учурларда мурда келген аскерлер бул расмий эмес иерархияны өз кызыкчылыктары үчүн колдонушуп, жаңы келгендерди башка милдеттерди аткарууга мажбурлашат жана аларды куугунтукташат. Эгерде офицерлер мындай учурду контролдоп турбаса, бул формалдуу эмес иерархия контролдон чыгып, жаңы келгендерди куугунтуктоо, денесине жаракат келтирүү жана коркутуу сыяктуу көрүнүштөрдү арбытууга алып келет. Аскерге чакырылгандардын Уюмунун Европалык Кеңешинин (АУЕК) маалыматына караганда куугунтуктоо аскерге жаңы чакырылгандардын негизги көйгөйлүү маселеси болуп саналат жана ушуга окшогон терс көрүнүштөр алардын денесине оор жаракат келтирип, бул акыры майыптыкка, өлүмгө, ал тургай өзүн-өзү өлтүрүүгө алып келиши мүмкүн. Аскерге чакырылгандарды куугунтуктоолордон коргоо жана аскердик кызматтын кадыр-баркын сактоо үчүн офицерлердин жардамын колдонуу менен өтө катуу көзөмөлгө алуу керек.
Мындан тышкары, ички жана тышкы көзөмөлдөөчү мекемелер абал оорлошуп кеткен учурларда маселени сот аркылуу чечиши керек жана аскер кызматындагы мыйзамдуулукту калыбына келтирүүлөрү зарыл.

*Маалымат булагы: Илона Кисс, Тынчтык мезгилиндеги аскерге милдеттүүлөрдүн укуктары,2001-жыл, сайт: www.dcaf.ch жана www.xs4all.nl/-ecco/*

# Кызмат өтөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуу жана альтернативдүү кызмат өтөө

Кээ бир адамдар айрым моралдык көз караштарына байланыштуу, мисалы дин тутуусунан "адамды өлтүрбө" же өзүнүн жеке ынанымы боюнча кайсы бир көрүнүштөрдү "зордук-зомбулук" деп эсептеп, өз ата мекенин коргоо милдетинен баш тартышат. Негизинен мындай адамдар мамлекеттик буйрукту аткарбай койгондугу үчүн жазага, анын ичинде өлүм жазасына да тартылышпайт.

Өткөн кылымдын орто ченинде куралдуу күчтөрдө кызмат кылуудан жана курал алып жүрүүдөн баш тартуу укугу жөнүндөгү идея келип чыккан жана ал кеңири таралган болчу. Кээ бир өлкөлөрдө бул укук тиешелүү мыйзам актылары менен бекитилген. Мындай тенденция айрым өлкөлөрдөгү милдеттүү аскер кызматынын акырына чыгып бүтүүсү менен дал келген (Улуу Британия, Германия, Ирландия, Нидерланды, Люксембург, Франция, Испания, Италия жана Португалия).

Аскердик кызмат өтөөдөн баш тарткан адамдарга курал алып жүрүүгө, аскердик машыгууларга катышууга, аскердик милдетти аткарууга каршы болгон адамдар катары аныктама берсе болот. Бирок алардын көпчүлүгү өз аң-сезими менен мындай чечимге келгени менен, алардын буга кандай диний, философиялык жана саясий ынанымдары себеп болгонуна жараша болот.

# Парламенттин чечими

Кызмат өтөөдөн баш тартуу учурлары барган сайын кеңири таралып бара жаткандыктан, кээ бир өлкөлөрдүн парламенттери мыйзамдын негизинде анын шарттарын бекитишкен, ал шартка ылайык жарандар аскердик кызмат өтөөдөн бошотулушу мүмкүн. Мындай мыйзамдар АКШда жана Батыш Европанын бардык өлкөлөрүндө жана Грецияда кабыл алынган. Адамдардын өз ишеними менен кызмат өтөөдөн баш тартуу статусу боюнча акыркы мыйзам 1997- жылы кабыл алынган. Баш тарткандардын статусун кабыл албаган мамлекеттерде сот тарабынан кызматтан качкандыгы же чыккынчылыгы үчүн куугунтукка алынат жана бул эки кылмышка абдан катуу жаза колдонулат. Башка мамлекеттерде кызматтан баш тарткандарга атайын криминалдык категория боюнча («таптакыр баш тарткандар») аскердик кодекстерде аныктама беришкен.

# Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тарткандардын статусун таануу: эмненин негизинде жана аны ким чечет?

Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуунун классификациясынын жол-жобосунда адам мындай ишенимге кандайча жол менен келген, мындай ишеним анын турмушуна кандай таасир тийгизет жана мындай ишеним аскердик кызмат менен кандайча дал келбегендиги аныкталат. Адатта аскерге чакырылуучу адамга өз ишениминин, ыктыярынын негизинде баш тартуу статусун берүү комиссия тарабынан кабыл алынат, бул комиссиялар Эмгек боюнча министирлигине (Швейцария, Болгария), Ички иштер министирлигине (Словения), Юстиция министирлигине (Хорватия) баш ийет.

## Адам укугунун негизинде өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу

2000-жылдын апрель айында БУУнун адам укугу боюнча Комиссиясы 1988/77-резолюциясында аныкталган принциптерге ылайык 2000/34- резолюцияны добуш бербестен бекиткен, бул ар бир адамдын өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуусу Жалпы Адам Укугунун Декларациясына жана Эл аралык Жарандык жана Саясий Укук Конвенциясына ылайык эркин ой жүгүртүү, абийирин сактоо жана дин тутуу укуктарын жүзөгө ашыруусун таанийт. 1993-жылы БУУнун адам укугу боюнча Комитети өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу укугун ушул Конвенциянын 18-статьясында таанытган, мында «өлүм коркунучун туудурган күчтү колдонуу милдети ыйман эркиндигине, дин тутуу укугуна жана ынанымына каршы кагылышуу пикирин пайда кылышы мүмкүн» деп айтылган. Аталган БУУнун Комитети андан ары : «Качан гана укук, мыйзам же тажрыйба аркылуу таанылганда, алардын ыктыярынын негизинде кызмат өтөөдөн баш тартуусунда айырма болбойт жана ким өз ыктыярынын негизинде кызмат өтөөдөн баш тартса, ага каршы куугунтуктоого жол берилбейт» деп билдирген.

№ 70- топтом

### БУУнун адам укугу боюнча комиссиясынын резолюциясы 1998/77: Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу

Комиссия, (...)

Жалпы адам укугунун декларациясынын жана Эл аралык жарандык жана саясий укуктардын негизинде ар бир адам жашоого, эркиндикке жана коопсуздукка, эркин ой жүгүртүүгө укуктуу, абийирине жана дин ынанымына ошондой эле кодуланбаган жашоо укугуна ээ экендигинин таануусун эске алуу; (...)

Аскердик кызматтан баш тартуу – бул, диний, моралдык, этикалык, гумандуулук жана башка инсандын терең ынанымынын негизиндеги абийир принциптери жана себептери деген түшүндүрмөнү кабыл алуу,(...)

1. *Көңүл буруучу нерсе*, ар бир адам жүйөөлүү себептердин негизинде кызмат өтөөдөн баш тартууга укуктуу, бул Адам Укугу боюнча Жалпы декларациянын 18-статьясында жана Эл аралык жарандык жана саясий укук боюнча конвенциянын 18-статьясында аныкталгандай, алардын ой жүгүртүү эркиндигин, абийирин (ыйманын) жана дин тутуусун мыйзамдуу түрдө колдонуусу болуп саналат.
2. Кээ бир мамлекеттер тарабынан өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартууну ачык кабыл алып, бул адамдардын укугун чектебеген фактыларды *колдоого алышат.*
3. Мындай тутумдары жок мамлекеттерге көз карандысыз жана таасирдүү түзүмдөрдү түзүү *сунуш кылынат*, бул түзүмдөр ар бир айкын окуяда адамдын кызмат өтөөдөн баш тартуусу, анын моралдык ынанымына туура келерин аныктап жана ал боюнча чечим кабыл алышы керек. (Бул жерде ынанымы боюнча кодулоого жол бербөө талабы көңүлгө алынышы керек).
4. Аскердик милдеттүү кызмат өтөө тутуму иштеп жаткан жана жогоруда көрсөтүлгөн жол-жоболор кабыл алынып бекитилбеген мамлекеттерге бул категориядагы адамдарга кызмат өтөөдөн баш тартуунун себептерине жооп бере турган, жарандык мүнөздөгү альтернативдүү кызматтын ар түрдүү формалары сунуш кылына тургандыгы *эскертилет.*

5. Белгилей кетүүчү нерсе, мамлекеттер өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тарткан адамдарды түрмөгө салууну токтотуусуна *көңүл буруусу* керек, эгерде ал адам мурда мындай тартип бузуудан жаза алган болсо, же ошол мамлекеттин мыйзамынын кылмыш боюнча жол-жобосунун негизинде акталса, ал адамды кайталап жазалоого болбойт.

Резолюция 1998/77, UNCHR

## Альтернативдүү кызмат өтөө

Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тарткандардын суроосун кабыл алып, тааныган көп мамлекеттерде аскердик кызмат өтөөнүн ордуна мыйзам альтернативдүү кызмат өтөөнү камсыз кылат.

- ✓ Куралдуу күчтөрдө курал алып жүрбөстөн кызмат өтөө.
- ✓ Ооруканада, балдар бакчасында, майыптар мекемелеринде ж.б.у.с атайын дайындалган мекемелерде, ошондой эле өкмөттүк эмес жана өкмөт аралык уюмдарда иштөө.

Адатта альтернативдүү кызмат өтөө мөөнөтү аскердик кызмат өтөөгө караганда узагыраак. Мисалы үчүн, Францияда ал 20 айга созулат, ошол эле убакта аскердик кызмат 10 ай менен гана чектелген. Австрияда 12 жана 7 айга туура келет; Болгарияда альтернативдүү кызмат өтөөнүн узактыгы 24 айды түзөт, аскер кызматы- 6 айдан 9 айга чейин болот.

№ 71- топтом

### Альтернативдүү кызмат өтөө: Швейцариянын тажрыйбасы

Швейцария - Батыш Европа өлкөлөрүнүн ичинен азыркыга чейин аскерге милдеттүүлүктү негиздеген өлкө болуп саналат. Бул конституция (59.1.-статья), мамлекеттин аскердик уюмдары жөнүндөгү мыйзамы (1995) жана аскердик кызмат өтөө мыйзамы (1995) менен аныкталат. Бул милдет 20дан 42 жашка чейинки эркектерге таандык, ал эми аскер наамы бар адамдар үчүн 55 жашка чейин тиешелүү. Баштапкы аскердик кызмат төрт айга созулат, ар бир эки жыл сайын үч жумадан кошулат, буга жыл сайын өтө турган бута атуу менен машыгуу кирет.

1996-жылдагы альтернативдүү кызмат өтөө боюнча мыйзамдын негизинде өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу укугу аныкталган: булар - этикалык, үрп-адаттык, философиялык жана дин ынанымынын себептери. Өнөр жай жана эмгек министирлиги арыздарды кабыл алат, бул арыздар үч кишиден турган комиссия тарабынан газетага жарыяланган 120 талапкердин арасынан тандалып алынат. Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тарткандардын статусун алгандар чакыруу жашындагы эркектердин болжол менен беш пайызын түзөт. Ким ал статуска туура келбей калса, бирок дале аскерге кызмат өтөөгө каршы болсо, төрт же беш айга чейин түрмөгө кесилиши мүмкүн.

Ал эми мындай статусту алгандар аскер кызматын өтөөнүн ордуна жарандык кызматта иштеши керек. Бул кызмат кандай гана коомдо же мекемеде болбосун 450 күнгө созулат, алар коомдук кызыкчылыкты көздөп, ооруканаларда, жаштардын борборлорунда, илим-изилдөө мекемелеринде, чарбалык түзүмдөрдө жана башка ушул сыяктуу жерлерде кызмат өтөшөт.

*Маалымат булагы*: Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тартуу боюнча Европа бюросу (EBCO)

## Парламенттин мүчөсү катары Сиз эмне кыла аласыз

### Аскердик милдетке каршы же макул болуу

- ▷ Улуттук мыйзамдын негизинде «макул» жана «каршы» болгон сунуштарды кылдаттык менен салыштырып карап чыгыңыз.

- Буга байланыштуу берилген главадагы жазылгандардын баарын эске алыңыз жана муну сиздердин улуттук контексте кандай колдонулаарын карап чыгыңыз.

## Жаңы чакырылгандарга кордук көрсөтүү жана кемсинтүү менен мамиле жасоо

- Эгерде жаңы чакырылгандар ырайымсыз мамилеге - кыйноого, же зордук-зомбулукка дуушар болушса, андай көрүнүштөргө карата тез арада аракет кылыңыз.
- Тергөө кылдаттык менен жүргүзүлүп жаткандыгын жана керек учурда компетенттүү органдар тарабынан аныкталып, тез арада тиешелүү санкция колдонулуп жаткандыгын аныктаңыз.
- Эгерде сиздин өлкөңүздө акыйкатчы жок болсо, мындай мекеменин түзүлүшүнө сунуш берүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгыңыз жана ал мекемеге аскерге чакырылгандарга зордук-зомбулук жана кемсинтүү мамилеси жасалган учурда аларды карап чыгуу милдетин берүүнү тактаңыз.

## Өз ыктыяры менен аскер кызматын өтөөдөн баш тарткандардын статусу

- Өз ыктыяры менен кызмат өтөөдөн баш тарткан адамдардын укуктук статусун текшерип жана зарыл учурда мындай мыйзамды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн же колдонуудагы мыйзамды жакшыртууну карап чыгууну текшериңиз.
- Буга байланыштуу башка өлкөлөрдөгү ушул маселеге болгон мамиле, мыйзамдын негизи жана иштердин деңгээли жөнүндөгү маалымат менен камсыз кылууну тактаңыз.

## Альтернативдүү кызмат

- Альтернативдүү кызмат сиздин мамлекетиңизде мыйзам тарабынан камсыз болуп жаткандыгын, тиешелүү учурда мындай мыйзамдын так аныкталышына же иштеп жаткан мыйзамды жакшыртууга катышыңыз.
- Буга байланыштуу башка өлкөлөрдөгү ушул маселеге болгон мамиле, мыйзамдын негизи жана иштердин деңгээли жөнүндөгү маалымат менен камсыз кылууну тактаңыз.

VIII Бөлүм

# Материалдык каражаттар:
## курал-жарактарды ташып өтүү менен сатып алууда натыйжалуу көзөмөлдү жүзөгө ашыруу

28- глава

# Курал-жаракты жана аскердик жабдууларды сатып алуу

Курал-жарактарды сатып алуу чөйрөсүндөгү саясат улуттук коопсуздук концепциясы же аскердик доктрина сыяктуу саясаттын багыттарына жана эң жогорку зарылдыктарга жараша жүргүзүлүүгө тийиш. Жаңы куралдар менен аскердик жабдууларга тиешелүү баардык маселелерди алардын таасирин жана улуттук коопсуздук саясатындагы максатка ылайыктуулугун эске алуу менен талдоо керек.

Улуттук коопсуздук концепциясы коргонуу ишин башкаруу процессиндеги туруктуулукка жол ачып, коргоо маселелери боюнча узак мөөнөттөгү чечимдерди кабыл алуунун ишенимдүүлүгүн жогорулатат. Коргонуу тармагындагы улуттук коопсуздук саясатынын максаттары коргонуу үчүн бөлүнгөн ресурстарга шайкеш келиши керек. Ошондой эле мында коргоо сектору менен коомдук сектордун ортосундагы теңдештикти сактоо зарыл.

## Курал-жаракты сатып алуудагы айкындык

Алдыңкы демократиялуу өнүккөн өлкөдө жалпы эле бюджетти, атап айтканда, курал-жаракты сатып алуу чыгымдарын иштеп чыгуу процесси коомчулукка айкын жана отчеттуулук менен жүргүзүлүшү керек. Коомчулук алдындагы отчетуулук аркылуу саясаттын, пландоонун, бюджеттин жана курал-жарак сатып алуунун ортосундагы рационалдуу байланыш сакталууга тийиш. Тилекке каршы, көпчүлүк өлкөлөрдөгү парламенттердин курал-жарак сатып алуу маселесиндеги добуш берүү укугу чектелген же дегеле жок.

Сатып алууга каражат бөлүү же уруксат берүү учурунда парламент мындай операциялардын мыйзамдуулугун текшерүүгө тийиш. Айрыкча мында Куралдарды Жайылтпоо жөнүндөгү Келишим (1968), Жөө аскерлерге Каршы колдонулуучу Миналарды Пайдаланууга, Топтоого, Өндүрүүгө жана Өткөрүп берүүгө Тыюу салуу жана аларды жок кылуу жөнүндөгү Оттава Конвенциясы (1997), БУУнун Коопсуздук Кеңешиминин резолюциясы ж.у.с. эл аралык мыйзамдарды жана келишимдерди эске алуу керек.

Парламенттер ошондой эле узак мөөнөткө эсептелген аскердик зарыл жабдууларды алуу үчүн чыгымдарды салттуу түрдө пландоону текшерүү зарылчылыгы пайда болгондо, бир топ кыйынчылыктарга туш келиши мүмкүн. Бул өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн жана жаңжалды баштан өткөргөн өлкөлөрдүн өз продукциясын эң кымбат баада сатууга кызыккан, демократиялык көзөмөл жүргүзүү талаптарын көзгө илбеген тышкы жана ички курал сатуучуларга каршы келип, алардын чыгашага учурашына алып келет.

Ушуга байланыштуу парламенттер курал-жарактарды сатып алуу маселелери менен алектенген атайын комитеттерди жана комитетчелерди түзүүгө кызыгышат. Ошентип, алар курал-жарактарды сатып алуу чөйрөсүндөгү ачык-айкындыкты жакшыртып, аткаруу бийлигин коом алдында отчет берип турууга мажбурлай алышат.

Парламенттер үчүн адаттагы курал-жарактардын негизги түрлөрүн (авиацияны, брондолгон техниканы, артиллерияны, башкарылуучу жана радардык тутумдарды, ракеталарды жана согуш кемелерин) сатып алуу зарылдыгына тиешелүү маалыматтарды өкмөттүн ачыкка чыгаргысы келбегендиги бир топ кыйынчылыкты түзөт. Өкмөт, атүгүл, аткыч же жеңил курал-жарак катары белгилүү болгон майда калибрлүү (100 мм чейинки) куралдардын запасын дагы жарыялабайт.

Курал-жарак сатып алуу процессинин башталышында эле бул пландар келечекте мамлекеттин финансылык абалын оорлотпошу үчүн өкмөт парламент менен жакындан кызматташса, бул баарынан жакшы болмок. Курал-жарак сатып алуу программалары коомдук башка артыкчылыктар менен байланышта каралууга тийиш. Ошентип, чечим кабыл алуу процессинде аскердик эле эмес, башка дагы маанилүү багыттар эске алынышы керек. Парламент курал-

жарак сатып алуунун коомго тийген таасири жана финансылык оордугун баалай билүүгө тийиш.

№ 72- топтом

**Эмне үчүн парламенттин мүчөлөрү курал-жарак сатып алуунун камын көрүшү керек?**

▷ Коомдук каражаттарды иштетүү;

▷ Куралдар тутуму жөнүндөгү чечим техникалык экспертиза жана коопсуздук маселеси гана эмес, акчаны эмнеге: "замбирек сатып алууга же күйүүчү май үчүн" жумшоо керек, эгерде "замбирекке" болсо, анда канча жана эмне үчүн сарптоо керек деген тандоо маселеси менен байланышкан;

▷ Курал-жарак сатып алуу мамлекет үчүн кыска жана узак (пайдалануу мөөнөтүнүн бүтүндөй мезгилиндеги чыгымдарды эске алганда) мөөнөттүү мезгилде каржылык жактан оор жүк болбоого тийиш;

▷ Парламенттик контроль курал-жаракка сарпталуучу чыгымдар менен социалдык муктаждыктарга жумшалуучу чыгымдардын ортосундагы теңдештикти камсыз кылууга тийиш;

▷ Курак-жарак сатып алуу процессинин айкындыгы, анын парламент алдындагы отчеттуулугу коррупциянын, коомдук каражаттарды ысыраптоонун жана туура эмес сарптоонун алдын алууга мүмкүндүк берет;

## Жашыруундуулукту өзгөчө шарттар менен актоого болобу?

Туура башкаруу принциптери, айрыкча ачык-айкындык саясатты калыптандыруунун, анын ичинде куралдарды сатуу же сатып алуу саясатын калыптандыруунун ар бир аспектисинде эске алынууга тийиш. Ошентип, кандай жагдайларда коргоо чөйрөсүндөгү чечимдер жашыруун түрүндө кабыл алынуусу керек экендигин талдап көрүү зарылдыгы бар.

Куралдарды сатуу жана сатып алууга тиешелүү негизги жоболор ачык-айкындык жана коом алдындагы отчеттуулук принциптерине негизделүүгө тийиш. Курал сатуучу же сатып алуучу өлкө чечим кабыл алуудагы жашыруундуулукту талап кылганда, мунун себептерин толугу менен көрсөтүүгө тийиш. Эгерде мындай себептер макулдашуу учурундагы коррупцияга жол коюшу мүмкүн болсо, анда ушундай кооптуулукту эки тарап тең күн мурунтан эске алып, анын алдын алуу чараларын көрүшү керек.

№ 73- топтом

**Курал-жарак сатып алуунун жүйөөсүз же эки жактуу саясаты, ошондой эле куралдарды жашыруун түрдө сатып алуу төмөндөгүлөргө алып келиши мүмкүн…**

▷ Курал-жарак тутумдарын сатып алуунун башкы логикалык негиздерин текшерүүнүн жетишсиздигине;

▷ Өкмөт чечимдеринин пайдасыз болушуна, ошондой эле улуттук, региондук коопсуздук үчүн жагымсыз жагдайлардын түзүлүшүнө;

▷ Коңшу өлкөлөр үчүн коркунуч туулушуна;

▷ Курал-жаракты сатып алууга же буга тиешелүү аскер чөйрөсүндөгү кандайдыр бир башка чечимдерге байланыштуу коррупцияга жол коюлушуна;

▷ Куралдуу күчтөргө карата коомдун ишениминин начарлашына, бул аркылуу алардын кадыр-баркынын кетишине жана керексиз талаш-тартыштардын чыгышына.

## Курал сатып алуу боюнча ар тараптуу чечимдерди кабыл алуу

Курал-жарактардын негизги тутумдарын сатып алуу жөнүндө чечим кабыл алганда төмөндөгүдөй аспекттерде колдонулуучу усулдарды аныктоо жана интеграциялоо зарыл:

✓ Кооптуулукка баа берүү процесси;

- Коргоо жөндөмдүүлүгүн түзүүнүн узак мөөнөттүү концепциясы;
- Жаңы жабдуулар үчүн зарыл болгон материалдарды аныктоо;
- Курал-жарак сатып алуу үчүн каражат бөлүү;
- Техникалык сапатын сертификациялоо жана эксплуатациялоо көрсөткүчтөрүн текшерүү;
- Техникалык тейлөө, өркүндөтүү ж.у.с. чыгымдарын кошо эсептегендеги колдонуунун бүтүндөй мөөнөтүндөгү чыгымдар;
- Компенсацияга жана ордун толтурууга байланышкан сунуштарга баа берүү.

Парламенттик көзөмөлдү жана баа берүүнү жүргүзүү, бардык этаптарда чыгымдарды азайтуу, аткаруу бийлигинин чечим кабыл алышындагы алдамчылыкка жана кыянатчылыкка жол бербөө мүмкүндүгүн берет. Натыйжалуу көзөмөл жүргүзүү максатында парламенттер аларга курал-жарак сатып алуу процессинин баардык этаптарында өкмөт маалымат берип турушун талап кылууга тийиш. Мындан тышкары парламенттер баардык сатып алуу контракттары боюнча чечим кабыл алуу укугуна ээ болушу керек. Нидерландынын парламенти мыйзам чыгаруу бийлиги курал-жарактарды сатып алуу чечимин кабыл алуу процессинин бардык этаптарын көзөмөлдөй ала тургандыгына үлгү болот (№74- топтомду караңыз).

№ 74- топтом

## Нидерландынын коргонуу үчүн курал-жарак сатып алуу саясаты: парламенттик көзөмөлдөө чаралары

Нидерландыда коргонуу үчүн сатып алууларга парламенттин көзөмөл жүргүзүүсү узак мезгилден бери салтка айланган. 25 миллион евродон (болжол менен 25 миллион доллардан) ашкан баардык сатып алуулар боюнча чечимдер эреже катары парламенттин катышуусу менен кабыл алынууга тийиш. Бул үчүн сатып алуу механизми деп аталган эреже иштелип чыккан. Өкмөт (иш жүзүндө Коргоо маселелери боюнча Мамлекеттик Катчы) сатып алуу этаптарына жараша сунушталган 4 типтин (А, Б, В жана Г) бирөөнү тандап, кат жиберет. Контролдук куралдануунун жаңы тутумуна болгон муктаждыкты (же колдо барын алмаштыруу зарылдыгын) аныктоодон тартып У өндүрүүчү үчтөн Х тутумун сатып алуу жөнүндөгү айкын сунуштарга чейинки баардык стадияларда жүргүзүлөт.

Парламент сатып алуунун баардык этаптарындагы чечимдерге таасир этүү мүмкүндүгүнө ээ. Алсак, өкмөт курал-жарак тутумун алмаштыруу же сатып алуу зарылдыгы жөнүндө билдирет, ал эми парламент буга каршы пикир айтышы же берилген сунушка түзөтүүлөрдү киргизиши мүмкүн. Иш жүзүндө мындай учурлар сейрек кезигээри ырас. Көбүнчө бүтүндөй процесс учурундагы өкмөттүн көздөгөн максаттары парламентте талкууланууучу 4 этаптын баарында (А, Б, В жана Г) аныкталат.

Наркы 100 миллион евродон ашкан долбоорлор үчүн атайын жол-жобо ("Чоң долбоорлор") иштелип чыккан. Анда парламентке кылдат жана бат-бат берилип туруучу баяндамалар көңүлгө алынган. Мындай долбоордун типтүү мисалы катары Нидерланды өкмөтүнүн америкалык F-16 самолетунун үлгүсүндөгү Жалпы сокку берүүчү Кыйраткыч Самолетту иштеп чыгуу фазасына катышуу ниетин айтууга болот. Мындан башка да долбоорлор (мисалы, "Аэромобилдик бригадасы") бар.

Жалпысынан алганда Нидерландыга мындай жагдайды канааттандырарлык десе болот. Финансылык ченем жана кээде накта техникалык процесстерге карата парламенттик сын айтуунун зарылдыгы тууралу талаш-тартыштар жүргүзүлүүдө. Бул маселенин алкагында өкмөт берген маалыматтын сапаты жана тууралыгы жөнүндө, ошондой эле коопсуздук жана коргоо маселелери боюнча көз карандысыз уюм тарабынан "карама-каршы далилдердин" зарылдыгы жөнүндө маселе да козголууда. Акырында өнөр-жайчылар менен лоббисттердин ролу, ошондой эле алардын коргоо маселелери боюнча комитетке мүчө боло алышы да сөзгө көп алынууда. Бирок, майда чатактарды эске албаганда, буга байланыштуу катуу жаңжалдар боло элек.

*Маалымат булагы: Ян Хоекема, Парламенттин мурдагы Мүчөсү, Нидерланды, 2002*

# эмне кыла аласыз

## Курал сатып алууга көзөмөл жүргүзүү

▷ Курал-жарак сатып алууга парламенттик көзөмөл жүргүзүү мыйзам тарабынан жөнгө салынышы керек.

▷ Коопсуздук секторундагы парламенттик көзөмөлдүн толук жүргүзүлүшүн жана анын сатып алуудагы баардык аспектерди камтышын камсыз кылыңыз. Мында төмөндөгүлөргө өзгөчө көңүл буруңуз:
- коопсуздуктун зарылдыгы;
- региондогу саясий натыйжалар, айрыкча региондогу жарыша куралданууга алып келиши мүмкүн болгон тескери мамиленин ыктымалдыгын эске алганда;
- бюджетке (келечектеги кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү бюджетке) түшө турган оордук;
- жеке жана коомдук сектордогу улуттук өнөр-жайга таасирлер.

## Курал-жарактарды сатып алуунун айкындыгы жана отчеттуулугу

▷ Куралдарды жана аскердик жабдууларды сатып алуу процессинде парламенттин добуш берүү укугуна ээ болушун камсыз кылыңыз;

▷ Парламентке же анын компетенттүү комитетине адаттагы куралдардын негизги түрлөрүнүн (самолеттордун, брондуу танк техникасынын, артиллериялык тутумдардын, радиолокациялык бутаны атуу тутуму, ракета тутумдарынын жана аскер кемелеринин), майда куралдардын (калибри 100 мм.ден кем) бар экендиги жана техникалык мүнөздөмөсү жөнүндө кылдат жана өз убагында отчеттун, ошондой эле жаңы үлгүдөгү куралдарды сатып алуу зарылдык негиздөөлөрүнүн берилип турушун талап кылыңыз.

▷ Парламенттин коргоо тутумун түзүүнүн узак мөөнөттүү концепциясын алышын камсыз кылыңыз.

▷ Сатып алуу чөйрөсүндөгү жашыруундуулукка тиешелүү маселелер жөнүндө аскердик сырды сактоо менен бирге, отчеттуулукту камсыз кылуучу мыйзамдардын алкагында парламентке же анын компетенттүү комитетине билдирилип турушун камсыз кылыңыз.

## Сатып алуулардын таасирин талдоо

▷ Сатып алуу планы коргоо тармагындагы саясатка шайкеш келишин талдаңыз.

▷ Мамлекеттин өнүгүшүнө, экономикалык жана социалдык турукташтыгына таасир этиши мүмкүн болгон теңдешсиздикке жол бербөө үчүн курал-жарак сатып алуунун каржы маселесинин оордугун башка коомдук керектөөлөр жана социалдык багыттагы артыкчылыктарга салыштырмалуу түрдө парламент талдап чыгышын камсыз кылыңыз.

▷ Курал-жарак сатып алуу боюнча өтө аша чапкан чечимдерге каршы туруу үчүн парламенттик жол-жоболорду колдонуңуз. Парламенттер узак мөөнөттүү, келечекте өлкө үчүн аскердик ашыкча жүккө айланбай турган рационалдуу пландардын түзүлүшүн камсыз кылууга тийиш.

## Курал-жарак сатып алуу чөйрөсүндөгү аудит

▷ Коопсуздук чөйрөсүндөгү саясат менен пландардын, коргоо бюджетинин, куралданууга жана аскердик жабдууларга иш жүзүндө жумшалуучу чыгымдардын ылайыктуулугун текшериңиз.

▷ Курал-жарак тутумдары сатып алынгандан кийин жана контракт түзүлгөндөн кийин алардын эксплуатациялык мүнөздөмөсүнө текшерүү жүргүзүңүз (куралды пайдалануу мөөнөтүнүн аралыгы үчтөн кем эмес жолу текшерилүүсү керек).

## Курал-жарактарды сатып алуу маселелери боюнча парламенттик комитет

- ▷ Эгерде буга чейин түзүлө элек болсо, куралдарды сатып алуу маселеси боюнча комитет же комитетче түзүңүз. Ал аркылуу саясатты калыптандыруу, финансы жагынан пландоо, аудит, коргоо-өнөр жай комплекси, ошондой эле изилдөөлөр жана өнүгүүнүн ортосундагы байланышты бекемдей жүрүңүз.
- ▷ Буга байланыштуу башка өлкөлөрдүн парламенттериндеги ушуга окшош түзүмдөр, алардын милдеттери, иши жана колдонгон жол-жоболору жөнүндө маалыматты сурап-үйрөнүү зарыл.
- ▷ Сиздердин парламенттик түзүлүш эксперттердин кеңешин угуп жана аны колдоно билээрине көзүңүз жетсин.

29- глава

# Курал-жаракты соодалоо жана ташуу

Парламенттер курал-жаракты соодалоону жана ташууну контролдукка алууда маанилүү роль ойношу керек. Куралдарды сатып алуу эрежелери жана жолдору куралдарды сатып алуу жөнүндөгү улуттук мыйзамды, улуттук бюджетти жана финансы мыйзамдарын же контракттарды, ошондой эле талкуудан кийин кабыл алынган мыйзамдарды эске алуу менен колдонулууга тийиш. Курал-жаракты соодалоо жана ташып өтүү тармагындагы саясаттын негизги принциптери менен мыйзам базасы ачык-айкындык жана отчеттуулук принциптерине негизделүүгө тийиш.

№ 75- топтом

## Курал-жаракты ташуу: аларды аныктоо

Курал-жаркты ташып өтүү дегенде куралдарды алуу же сатуу максатында мамлекеттик жана мамлекеттик эмес түзүлүштөр жүргүзгөн иштин баардык түрлөрү көңүлдө тутулат. Курал-жаракты ташып өтүүгө куралдарды сатуу, соодалоо, сатып алуу, ошондой эле тартуулоо кирет.

## Курал-жаракты соодалоо жана ташып өтүү боюнча улуттук саясат

✓ Өкмөт курал-жаракты соодалоо чөйрөсүндөгү саясатты жана мыйзамдарды иштеп чыгып, анан парламенттин бекитүүсүнө берүүгө тийиш. Бул саясат адаттагы курал-жарактарды сатуунун негизги эрежелерин аныктап, төмөндөгү факторлорду эске алуу менен иштелип чыгууга тийиш:

✓ Кадимки курал-жарактарды импорттоо жана экспорттоо тийиштүү парламенттик комитеттин контролунда болууга тийиш;

✓ Куралдарды соодалоо чөйрөсүндөгү жоболор БУУнун Уставынын принциптерине, эл аралык мыйзамдарга, ошондой эле БУУнун курал-жарак сатууга тыюу салуусунун сакталышына туура келүүгө тийиш. Мында курал-жарак сатып алуучу өлкөлөрдүн экономикалык, саясий, этникалык өзгөчөлүктөрү жана коопсуздук абалы эске алынууга тийиш;

✓ Калыстыкты жана кесиптик отчеттуулукту камсыз кылуу максатында чечим кабыл алуу процессин ачык-айкын кылуу принциби;

✓ Курал-жарак сатуудагы адеп-ахлакка туура келбеген жагдайларды болтурбоо үчүн атайын механизмдер БУУнун жана башка ири түзүмдөрдүн сунуштарына, ошондой эле башка өлкөлөрдүн мыкты үлгүлөрүнө карай мыйзамдаштырылууга тийиш;

✓ Курал-жарак сатуучулар жана сатып алуучулар чынчылдык кодексин түзүүгө тийиш; парламент сатылган куралдын тиби сатып алуучу өлкөнүн парламенти жактыргандыктан, анын муктаждыктарына туура келээрин билүү мүмкүндүгүнө ээ болушу керек;

✓ Курал-жарак сатуучу өлкөлөрдүн парламенттери сатып алуучу өлкөлөрдүн адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сыйлай тургандыгын, ошондой эле курал-жарак сатып алуу боюнча чечимдерге натыйжалуу көзөмөл жүргүзөөрүн билүү мүмкүндүгүнө ээ болушу керек;

✓ Парламент курал-жарактын сатылышы тынчтыкка коркунуч келтирбей тургандыгына, региондогу чыңалууну курчутпай тургандыгына, же куралдуу жаңжалдын келип чыгышына алып келбей тургандыгына, региондогу куралдардын сатылышын көбөйтпөй тургандыгына, куралдардын турукташтыкты бузуучу тутумдарынын же белгилүү сандагы аткыч жана майда куралдардын пайда болушуна байланыштуу туруксуз абал түзүлбөшүнө көзү жетиши керек. Эгерде парламенттин коргоо боюнча

комитети региондогу турукташтыкка карата түзүлүшү мүмкүн болгон коркунуч, куралдарды ашыкча сатып алуу жана коррупцияга алып келиши мүмкүн болгон өтө жашыруундуулук тууралу талкууну баштаса, анда муну бүтүндөй регион үчүн ачык түрдө жүргүзүүгө тийиш;

- ✓ Импорт боюнча сертификатында көрсөтүлгөн шарттарга каршы келген максаттар боюнча кайра экспорттоо үчүн кайсы бир өлкөгө курал сатуунун алдын алуу мүмкүнчүлүгүн түзүүчү механизмдерди иштеп чыгуу зарыл.

Парламент курал соодалоо көз карандысыз текшерүүгө же көзөмөлгө алынарын анык билүү үчүн мыйзамдуу ыйгарымдарга негизделген аудиттин көз карандысыз механизмдерин иштеп чыгууга тийиш. Мындай текшерүүлөр мамлекеттин курал соодалоо чөйрөсүндөгү саясатына тиешелүү парламент тарабынан аныкталган принциптерге жана жетектөөчү документтерге ылайык жүргүзүлүшү керек.
№76- топтомдо курал соодалоо чөйрөсүндөгү улуттук саясатка тиешелүү эл аралык келишимдердин жана жүрүм-турум кодекстеринин үлгүлөрү берилди.

№ 76- топтом

## Курал-жарактарды ташуу боюнча региондук келишимдер

▷ **Жүрүм-турумдун европалык кодекси**

1998-жылдын 8-июнунда Европа Бирлигинин Кеңеши Жүрүм-турум кодексин ишке киргизген резолюцияны кабыл алды. Бул резолюция Европа Бирлик өлкөлөрүнөн адам укуктары одоно түрдө бузулуу коркунучу сакталган туруксуз региондорго курал-жарактын алып чыгышына каршы багытталган. Европа Бирлигине мүчө өлкөлөр сегиз жыл бою өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан кысым көрсөтүлгөндөн кийин, курал-жарак сатуу чөйрөсүндө жоопкерчиликтүү саясат жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алды. Кодексте курал-жаракты сатуунун көрүнүктүү багыттарынын тизмеси жана курал-жарактын эң акырында колдонулушун текшерүү тутуму, ошондой эле экспорттоо лицензиясын берүү же бербей коюу жөнүндө консультация алуу жана маалымат алмашуу тутуму камтылган.

Жүрүм-турумдун европалык кодексинде аны сактоого Европа Бирлигиндеги өлкөлөрдү мажбурлоочу механизм да, бул кодексти бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти камсыз кылуучу механизм да жок. Ошентип, адам укуктарын бузуп жаткан өлкөлөргө экспортту чектөө боюнча кыйла катаал мыйзамдары бар өлкөлөрдүн өздөрүнө байланыштуу. Андай өлкөлөр кодексти бузуучуларга эки тараптуу консультациялар механизминин алкагында таасир эте алат.

Кодексте курал-жарактарды экспорттоо учурунда Европа Бирлигиндеги өлкөлөр кайрылууга аргасыз боло турган сегиз критерий бар:

1) "Европа Бирлигине мүчө өлкөлөрдүн эл аралык милдеттенмелерди, айрыкча БУУнун Коопсуздук Кеңеши киргизген санкцияларды сыйлашы (...)
2) Курал-жарак жеткириле турган өлкөдөгү адам укуктарын сыйлоосу (...)
3) Курал-жарак жеткириле турган өлкөдөгү жагдай ички чыңалуунун же куралдуу жаңжалдын бар экендигинин көрсөткүчү катары (...)
4) Европа Бирлигиндеги өлкөлөр импорттоочу өлкө башка өлкөгө каршы экспорттоо мүмкүнчүлүгүн пайдаланышы же өзүнүн аймактык дооматтары үчүн колдонуу даана ыктымал болгон учурларда курал-жаракты экспорттоого лицензия бербейт (...)
5) Европа Бирлигиндеги өлкөлөрдүн улуттук коопсуздугу, ошондой эле Европа Бирлигиндеги өлкөлөрдүн кайсынысынын болсо дагы жоопкерчилик чөйрөсүнө кирген аймактардын коопсуздугу, ошондой эле достук мамиледеги жана жамаатташ өлкөлөрдүн коопсуздугу (...)
6) Сатып алуучу өлкөнүн эл аралык коомчулукка карата жүрүм-туруму, айрыкча анын террорчулукка карата мамилеси жана эл аралык укукту сыйлашы (...)
7) Куралдын өлкө чегиндеги башка пайдалануучунун колуна тийип калышы же жагымсыз шарттарда кайрадан экспорттолушу ыктымал экендигин эске тутуу (...)
8) Курал-жаракты экспорттоонун импорттоочу өлкөнүн техникалык жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келиши (...)".

Маалымат булагы: http://europa.eu.int

▷ **Америкалык Штаттар Уюму жана курал-жаракты ташып өтүү**

Америкалык штаттар уюмунун (АШУ) 19 мүчөсү куралдардын кадимки түрлөрүн ташып өтүү жөнүндө макулдашууга кол койгондон кийин, курал-жаракты соодалоонун ачыктыгы (Америка континентинде) региондук деңгээлде кыйла жакшырды. Башкы Ассамблеянын Гватемаладагы жыйынында бекитилген Куралдардын Кадимки түрлөрүн Сатып алуунун Ачык-айкындыгы боюнча Америка Аралык Конвенция катышуучу өлкөлөрдөн жыл сайын куралдардын негизги түрлөрүн импорттоо жана экспорттоо жөнүндө маалымат жарыялап турууну талап кылат.

III статьяга ылайык, "катышуучу өлкөлөр жооптуу уюмга жыл сайын келишилген (аныкталган келишим менен) куралдарды мурдагы календардык жыл ичинде импорттоо жана экспорттоо жөнүндө отчет берип турат. Алар экспорттоочу өлкө, адаттагы сатылган куралдардын түрлөрүнүн саны жана тиби жөнүндө да маалымат берет. Конвенцияга катышууну каалаган өлкө өз отчетторун зарыл деп тапкан учурларда, куралдын максаты жана модели сыяктуу кошумча маалыматтар менен толуктаса болот (...)". Мындан тышкары өлкөлөр бири-бирине келишилген куралдарды: импорттолгон, улуттук ишканаларда чыгарылган куралдарды сатып алгандыгы жөнүндө, ошондой эле эч нерсе сатып албаган болсо, муну дагы кабарлап турат (IV статья).

*Маалымат булагы: http: //www.oas.org. 2002*

## Курал-жаракты сатууда эл аралык тыюу эрежелерин сактоо

Санкциялар каалагандай мамлекеттин, эгерде ал эл аралык укукка же эл аралык тынчтык менен коопсуздукка коркунуч туудурса, жүрүм-турумуна карата эл аралык коомчулуктун наразычы лык билдирүү куралы болуп саналат. БУУнун Уставынын 41-статьясында бекитилген мыйзамдык база БУУнун Коопсуздук Кеңешине эл аралык тынчтык менен коопсуздукту калыбына келтирүү максатында куралсыз акцияларды өткөрүүгө бул уюмга мүчө өлкөлөрдү чакыруу укугун берет. 1945-жылдан 1990-жылга чейин БУУнун Коопсуздук Кеңеши эки гана өлкөгө санкция койду. Ал эми 1990-жылдан бери мындай санкцияны 12 жолу колдонууга туура келди.

Ушундай шартта натыйжада курал каякка бара тургандыгы жөнүндө түшүндүрмөлөр менен коштолгон «эң акырында колдонуу сертификатын” талап кылууну парламент курал-жарак сатуу боюнча макулдашууну лицензиялоодогу зарыл механизм катары колдоно алат. Бирок «эң акырында колдонуу сертификатын” жасалма түрдө даярдоого байланышкан көптөгөн кылмыштар да катталган.

## Бириккен Улуттар Уюмунун Кадимки Куралдар боюнча Реестри

1991-жылдын 6-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы "Курал-жарак чөйрөсүнө ачык-айкындык" деп аталган 46/36 L резолюцясын кабыл алды. Аны Башкы катчы БУУнун Нью-Йорктогу штаб-квартирасында кадимки куралдар боюнча универсалдуу жана басмырлабоочу реестрди уюштуруу жана тейлөө максатында өзүнө талап кылып алдырды. Реестрге эл аралык курал-жарак сатуу боюнча маалыматтар, ошондой эле аскердик курал-жарак запастары, өлкөнүн өзүндө чыгарылган куралдарды сатып алуу жана бул саясатка тиешелүү башка факторлор жөнүндө БУУга мүчө өлкөлөр берген маалымат да камтылган.
Негизги реестр кадимки куралдар боюнча макулдашылган жети категориядан турат. Аларга танктар, брондолгон машиналар, чоң калибрлүү артиллериялык тутумдар, согуш самолеттору, чабуул жасоочу вертолеттор, аскер кемелери жана ракеталары/кое берилүүчү ракета курулмалары кирет. Реестр 1992-жылдан бери жүргүзүлүүдө. Башкы Катчы БУУнун Башкы Ассамблеясына мүчө 110 өлкөнүн өкмөттөрү кадимки куралдардын реестр алкагында импорттолушу жана экспорттолушу жөнүндө берген маалыматы камтылган отчетту өз убактысы менен берип турат. Отчетко өлкөнүн өзүндө чыгарылган куралдарды сатып алуу, ошондой эле колдо бар куралдардын саны жөнүндө өкмөттөр берген маалымат да камтылат (караңыз: http://disarmament.un.org/cab/register.html ).

## "Маанилүү санкциялардын" зарылдыгы

БУУнун Башкы катчысы бүт баарын камтуучу санкцияларды "чоркок аспап" деп атаган эле. Бул санкциялар дайыма эле натыйжалуу боло бербейт, көбүнчө коңшу өлкөлөргө жана кызыкдар өлкөлөрдүн карапайым калкына терс таасир тийгизет. Ошондуктан көп адамдар көңүлдү кыйла кылдат аспекттерге бурууучу алда канча ийкемдүү санкциялар керек деп эсептешет. Курал-жарак соодалоого каршы тыюу салуу каржылоо жана саякатка салынуучу тыюулар менен бир катарда турган санкциялардын түрүнө кирет. Маанилүү санкциялар өлкөдөгү режимге жана башкаруучу элитага каршы багытталышы керек, алар катардагы жарандарга же оппозиция мүчөлөрүнө зыян тийгизбөөгө тийиш. Ошентсе да, натыйжалар көрсөткөндөй, аларды колдонуу өтө кыйын, анын үстүнө дайыма эле ойдогудай натыйжалуу боло бербейт. Аларды да кайра караштырып, жакшыртып туруу зарыл (№ 77- топтомду караңыз).

№ 77- топтом

### Курал-жарак сатууга коюлуучу санкцияларды өркүндөтүү: парламент мүчөлөрү эмне кыла алат?

Курал-жарак экспорттоочу өлкөлөрдүн парламенттери бул иш-чаранын төмөндөгүдөй талаптарга жооп беришин камсыз кылууга тийиш:

- ▷ БУУнун курал-жарак сатууга салган тыюусун бузуу жазык кылмышы болуп саналаарын аныктаган мыйзамдардын (айрыкча административдик зарыл жетектөөчү документтердин жана механизмдердин бар болушу;
- ▷ Тыюу салуунун аткарылышына жооп берүүчү башкы министрлик кайсы боло тургандыгын аныктоочу өлкө ичиндеги координациялоо иштери;
- ▷ Шектүү ташууларды, жүктүн каякка ташылып жаткандыгын, транзит жолдорун жана ортомчуларды аныктоо үчүн өкмөткө караштуу департаменттердин колундагы маалыматтарды жана чалгындоо натыйжаларын өкмөттөр ортосунда алмашып туруу;
- ▷ Тыюу салынган товарлардын конролдук тизмелери;
- ▷ Тыюу салууга даана каршы келген жүктөрдү алар жиберилген тарапка кайтаруу эмес, кармап калуу ыйгарым укугу;
- ▷ Мүлктү же жашыруун сатылуучу курал-жаракты кармап калууга же конфискациялоого мүмкүндүк берүүчү мыйзам жоболору;
- ▷ Башка жакка узатып жиберилиши мүмкүн болгон курал-жарактын ташылышына көз салып, текшерип туруу.

*Маалымат булагы: төмөндөгү сайттын негизинде: www.bicc.de, 2002*

## "Кансыз согуштун" мурастары: артыкбаш курал-жарактар жана аларды ташуу

"Кансыз согуштун" токтотулушу дүйнө жүзүндөгү армиялардын кыскарышына алып келди. Мунун натыйжасында миллиондогон куралдар керексиз болуп, артыкбаш мүлк катары саналып калды. Ашыкча курал-жаракты пайдалануу боюнча зарыл тажрыйбанын жетишсиздиги миллиондогон куралдардын бир өкмөттөн экинчисине, ошондой эле өкмөттөрдөн өкмөттүк эмес топторго, болгондо да көбүнчө эч кандай коомдук көз салуусуз өткөрүлүп берилишине алып келди. Бул куралдардын басымдуу бөлүгү жашыруун жолдор менен өткөрүлүп берилгендиги же тийиштүү деңгээлде жакшы сакталбаган, корголбогон кампалардын өзүнөн эле уурдалып кеткендиги түшүнүктүү.

1990-жылдары сатылган кадимки куралдардын негизги түрлөрүнүн бештен экиге жакын бөлүгү ашыкча куралдар сакталган кампалардан алынган. 1990-жылдардагы эл аралык курал-жарак соодасынын даана көрүнүшү катары артыкбаш куралдардын сакталуусунун негизги себеби мурдагы советтик блокко таандык болгон чоң арсеналдар күтпөгөн жерден борборлоштурулган башкаруудан бошонуп кеткендигине байланышкан. Экономикалык татаал жагдайларды жана абдан көп сандагы куралдардын бар болгондугун эске алсак, курал-жарак сакталган арсеналдар экономикалык өтө зарыл муктаждыктарды канаатандыруу үчүн өтө зарыл бекем валюта табуунун булагы болуп калгандыгы түшүнүктүү. Экинчи жагынан алганда сатуулардын көпчүлүгү жер-жерлерде саясий жетекчилик менен байланышкан жана байланышпаган кылмыштуу тармактар аркылуу жүзөгө ашырылган. Анын үстүнө өз

арсеналдарынан курал-жаракты мурдагы советтик блокко кирбеген өлкөлөр да саткан эле. Айрым өнүккөн жана өнүгүп жаткан өлкөлөр да мындай кадамды жасашкан.

№ 78- топтом

## Артыкбаш куралдарды сатуу: куралсыздандыруунун терс натыйжалары

"Эң жаңы түрдөгү куралдарды соодалоонун көлөмү азайып жаткан менен, ошол эле учурда статистика артыкбаш куралдарды соодалоонун көлөмү рекорддук чекке жеткендигин көрсөтүп турат. Ашыкча куралдарды сатуунун кеңири таралышына эки тараптуу маалымат алмашуулар өбөлгө түздү. Куралсыздануу, согуштук иш-аракеттерди токтотуу жана куралдуу күчтөрдү кыскартуу жөнүндөгү макулдашуулардын натыйжасында дүйнөдөгү ашыкча куралдардын саны 165 000 бирдикке жетти, алардын 18 000ден ашуун бөлүгү 1990-жылдан 1995-жылга чейин экспорттолгон же өткөрүлүп берилген эле. 1994-жылы ашыкча куралдарды сатуунун көлөмү биринчи жолу жаңы куралдарды соодалоонун көлөмүнөн жогору болуп калды. Ашыкча куралдардын запасы көбөйүп кеткендигине байланыштуу алардын баасы дайыма арзандап жатат же атүгүл көмөктөшүү программаларынын алкагында бекер да өткөрүлүп берилүүдө. Мындай соода куралсыздандыруунун өзүнчө чиеленишкен зыяндуулугу болуп саналат. Ал жаңжалдар сыяктуу эле региондордрогу жарыша куралданууга өбөлгө түзөт".

*Маалымат булагы: Герберт Вульф, Бонндогу Конверсия боюнча Эл аралык Борбор, 1998, www.bicc.de*

Курал-жарак алуучулар демейде парламенттик көзөмөл начар жүргүзүлгөн жарды өлкөлөр болгондугу түшүнүктүү. 1990-жылдын ичинде эле токсондон кем эмес өлкө негизги түрдөгү куралдардын ашыкчаларын импорттогон. Өкмөттөр жана аскердик түзүмдөр ок аткыч куралдардын жана жабдуулардын жоготулушу жана уурдалышы жөнүндө жыл сайын парламентке билдирип турууга мыйзам аркылуу милдеттендирилгендиктен, ок аткыч куралдар кыйла катуу көзөмөлгө алынган эле. Курал-жарак чыгаруучу заводдорду конверсиялоо боюнча тийиштүү кадамдар жасалышы керек. 1997-2001-жылдар аралыгында дүйнөдөгү куралдарды өткөрүп берүүнүн орточо көлөмү төмөндөдү. Бул негизинен ушул жылдарда эң ири курал сатуучу болгон АКШнын мындай сооданы ушул жылдар аралыгында азайткандыгына байланышкан эле. Америка 1998-жылдан тартып курал сатуунун көлөмүн 65%га азайткан. Россия бул мезгилде курал сатуу боюнча экинчи орунда турган. 2001- жылы 2000-жылга салыштырмалуу курал сатуунун көлөмүн 25 %га жогорулатуу менен, Россия дүйнөдөгү эң зор курал сатуучуга айланды (маалымат булагы: СИПРИнин 2002-жыл үчүн жасалган жылдык отчету).

2000-жылга салыштырмалуу курал-жарак импорттоонун көлөмүн 44%га жогорулаткан Кытай 2001-жылы эң ири импорттоочу өлкө болуп калды. Курал-жарак сатып алуу көлөмүн 50%га жогорулаткан Индия импорттоочу өлкөлөрдүн ичинен 3-орунга чыкты. Курал-жаракты 1997-2001-жылдар аралыгында эң көп импорттогон өлкөлөрдүн катарында Сауд Аравиясы, Тайвань жана Түркия бар (маалымат булагы: СИПРИнин жылдык отчету, 2002).

№ 79- топтом

## Ок атуучу куралдарды соодалоо көлөмүнүн болжолдуу көрсөткүчтөрү

"Бүгүнкү күндө ок аткыч куралдарды өндүрүүнүн көлөмү "Кансыз согуштун" соңку жылдарына салыштырмалуу азайса дагы, азыр деле жыл сайын мындай куралдардын миллиондогон бирдиктери чыгарылууда (...). Болжолдуу талдоо көрсөткөндөй(...), 2000-жылы дүйнөдөгү курал өндүрүүнүн көлөмү, ок-дарыны кошо эсептегенде, 4 миллиард АКШ доллары менен бааланды. Сандык көрсөткүчтөргө келсек, 2000-жылы (...)ок аткыч куралдардын 4,3 миллионго жакын бирдиги өндүрүлгөн эле. Бул «кансыз согуш» мезгилиндеги жылдык орточо көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 30%га аз".

"Жаңы куралдарга болгон суроо-талап азайып жатканы менен (...), бул рыноктогу сатуучулардын саны өсүүдө" (...). "Жыйырма жылга жетпеген убакыт ичинде курал-жарак өндүрүүчү компаниялардын саны үч эседен көбүрөөк өстү - өткөн кылымдын 1980-жылдары алар 196 гана болсо, бүгүнкү күндө дээрлик 600гө жетип калды".

"(... ) Ок аткыч куралдарды өндүрүүчү жана кимге, каякка болбосун, кандай гана наркта болбосун сатууга умтулган компаниялар менен өлкөлөрдүн санынын өсүшү авторитардык өкмөттөр, мамлекеттик эмес уюмдар, террорчулар жана кылмышкерлер үчүн бүгүнкү күндө жогорку технологиядагы заманга жараша кыргын салуучу куралдарды сатып алуу укмуштай оңой болуп калышына алып келди. Ок аткыч куралдарды өндүрүүгө карата өкмөттүк контролду орнотуу зарылдыгы эл аралык коопсуздуктун олуттуу маселесине айланды".

*Маалымат булагы: Ок атуучу Куралдар боюнча Изилдөөлөр, Оксфорд Университетинин Басмасы, 2001*

№ 80- топтом

## БУУнун ок атуучу куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды мыйзамсыз соодалоого каршы иш-аракеттер программасы: парламент мүчөлөрү көңүл бурууга тийиш болгон жагдайлар

"Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды мыйзамсыз колдонууга бөгөт коюу максатында БУУнун ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды ар кандай жолдор менен мыйзамсыз колдонуу маселелерине арналган конференциясына (2001-жылдын июлу, Нью Йорк) катышкан өлкөлөр улуттук, региондук жана глобалдык деңгээлдердеги саясий иш-чаралардын кеңири тизмегин бекитишти. Ошентип, башка иштер менен бирге алар төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттеништи:

### Улуттук деңгээлде

- Кабыл алына элек жерлерде ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды өндүрүүгө, ошондой эле экспорттоого, импорттоого, ташып өтүүгө (транзиттөөгө) же мындай куралдарды кайрадан өткөрүп берүүгө натыйжалуу көзөмөл жүргүзүү үчүн тийиштүү мыйзамдарды, эрежелерди жана административдик жоболорду кабыл алуу;
- Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды мыйзамсыз өндүрүүгө, соодалоого, сактоого, өткөрүп берүүгө, ээлөөгө, ошондой эле мыйзамсыз жол менен сатып алууну каржылоого тартылган топторду жана жеке адамдарды так, даана билүү, мындай топторго жана жеке адамдарга каршы улуттук мыйзамдардын негизинде чара колдонуу;
- Лицензияланган өндүрүүчүлөр бүтүндөй өндүрүш процессинин алкагында ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдардын ар бир бирдигине тийиштүү ишеничтүү маркаларды колдонушун камсыз кылуу;
- Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды өндүрүү, сактоо жана өткөрүп берүүнүн кылдат жана так реестрлери өндүрүүчүлөрдүн жоопкерчилигинин чегинде мүмкүн болушунча узак мөөнөткө сакталышын камсыз кылуу;
- Мамлекет сактаган жана өндүргөн ок аткыч куралдардын жана майда калибрлүү куралдардын баары үчүн жоопкерчиликти камсыз кылуу, ошондой эле мындай куралдардын андан ары колдонулушуна көз салуу боюнча натыйжалуу чараларды караштыруу;
- Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды экспорттоого, өткөрүп берүүгө натыйжалуу контролдуктуу жүргүзүү максатында тийиштүү мыйзамдарды, көрсөтмөлөрдү, административдик жоболорду, алардын ичинен акыркы сатып алуучунун сертификатын идентификациялоону бекитүү жана аткаруу;
- Өлкөлөрдүн өздөрү импорттоп алган ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды кайра экспорттоо укугун жокко чыгарбай туруп, эки тараптуу макулдашуулардын негизинде курал-жаракка карай өткөрүлүп берилген учурга чейин алгачкы экспорттогон өлкөгө тийиштүү түрдө маалымат берүүгө бардык аракеттерди жасоо;
- Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды өткөрүп берүүдө ортомчулук кылгандардын ишмердигин жөнгө салуучу тийиштүү улуттук мыйзамдарды же административдик механизмдерди иштеп чыгуу;
- БУУнун Коопсуздук Кеңеши тарабынын курал-жарак соодасына салынган тыюуларды бузган ар кандай иш-аракеттерге каршы тийиштүү чараларды көрүү;
- Конфискацияланган, тартып алынган жана чогултуп алынган курал-жаракты жок кылууну камсыз кылуу;

- ▷ Ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды ээлөөгө уруксаты бар куралдуу күчтөр, полиция жана башка түзүмдөр мындай куралдар сакталган кампаларды башкаруу жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча алгылыктуу жана кылдат аныкталган стандарттар менен жол-жоболорду кабыл алышына жетишүү;
- ▷ Куралсыздандыруу, демобилизациялоо жана кайра интеграциялоо боюнча натыйжалуу программаларды мүмкүн болгон жерлерде иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу;
- ▷ Жаңжалдын айынан жабыр тарткан балдардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруу (...) ".

*Маалымат булагы: БУУнун Куралсыздандыруу Маселелери боюнча Департаменти, http://www.un.org.Depts\dda, 2002*

Куралдарды экспорттоого контрол жүргүзүү тармагындагы ачык-айкындык жана отчеттуулук маселеси көп өлкөлөрдө парламенттер эмне кыла алат жана эмне кылууга тийиш деген курч талкуулардын чыгышына себеп болду.

№ 81- топтомдо Европа Бирлигинин мамлекеттеринин бул жаатта жасаган иштери жөнүндө сөз болот. Ачык-айкындыктын жана отчеттуулуктун маанисин терең түшүнүү бул өлкөлөрдөгү курал-жаракты экспорттоого карата парламент жүргүзгөн көзөмөлдүн кыйла жакшырышына алып келди. Бирок көп өлкөлөрдөгү жагдай азыр деле ойдогудай эмес.

№ 81- топтом

## Курал-жаракты экспорттоону көзөмөлдөөдө парламенттин ролу: Европа Бирлигинин өлкөлөрүндөгү ачык-айкындык жана отчеттуулук

**Австрия:** Австриядагы мыйзамдарда маалыматты парламенттин мүчөлөрү үчүн ачып берүү каралган эмес.

**Бельгия:** 1991-жылы кабыл алынган мыйзам өкмөттү курал-жарактын өткөрүлүп берилиши жөнүндө жыл сайын парламентке отчет берип турууга милдеттендирет. Мыйзамда курал-жаракты экспорттоого лицензияны кимдер ала тургандыгын жана алар кимдерге арналгандыгын текшерип, аныктоо ыйгарымы каралган эмес. Бул маанилүү фактор болуп саналат, анткени экспорт Европа Бирлигинин Жүрүм-турум Кодексине каршы келбөөгө тийиш.

**Дания**: Курал-жаракты экспорттоо боюнча парламенттик талкуу жөнүндөгү жобо же бул чөйрөнү контролдоонун юридикалык жактан так аныкталган механизми жок, бирок коомчулуктун кызыгуусу күчөп бара жаткандыгын эске алуу менен, бирге юстиция министри экспортту, анын наркын жана ал багытталган өлкөнү аныктоочу баштапкы отчетун таратып турууга аракеттенет.

**Финляндия:** Бүгүнкү күнгө чейин коргоо министрлиги ЕБ Жүрүм-турум Кодексине ылайык коргоо материалдарын экспортоо боюнча эки жылдык отчет басып чыгарды. Бул отчеттордун ар тараптуу суроолорду камтышы айкындуулукту жогорулатат. Ошентсе да, парламенттин талкуулоосу дайыма жетишсиз деңгээлде өтөт.

**Франция:** Франция парламенти өлкөдөн ок аткыч куралдарды, полициялык жана коопсуздук жабдууларын, кайра колдонууга мүмкүн болгон жабдуулар жана аскердик кызматташтыкты ачык түшүндүрүп, өзүнүн жылдык отчетунда майда-чүйдөсүнө чейин билдирүүсүн улам барган сайын толугураак түрдө талап кылып келатат. Бирок буга кошумча, парламентте отчеттор туурасында талкуулар өткөрүлүп турушу зарыл.

**Германия:** Куралдарды экспорттоо боюнча биринчи отчет 2000-жылы басылып чыккан. Төмөндөгү парламенттик комитеттердин: Коргоо, Тышкы Иштер, Соода жана Адам укутары боюнча комитеттердин кийинки отчетту даярдоого катышуусу күтүлөт: өлкө эмнени экспорттогонун парламент ретроспективдүү түрдө гана көзөмөлдөө менен чектелет.

**Греция:** Куралдарды экспорттоо ыйгарымы боюнча маалымат менен парламентти жана коомчулукту камсыз кылуучу отчет берүү механизмдери жок. Расмий маалыматты БУУнун кадимки куралдар боюнча реестри гана берет.

Ирландия: Ирландия өлкөсүн курал-жаракты экспорттоо боюнча отчет жазууга милдеттендирген мыйзам жобосу жок. Бирок ЕБнын Жүрүм-турум кодексине ылайык Тышкы иштер департаменти 2002-жылга чейинки эки жылдык отчетун берген. Парламентте парламент мүчөлөрү экспортту лицензиялоо боюнча министрлерге суроо менен кайрылышы салтка айланып келатат.

Италия: Өлкө парламентке коргоо жабдууларын импорттоо, экспорттоо жана өткөзүү операциялары боюнча отчет берип турууга тийиш. Бул 1990-жылдагы кылдат түзүлгөн отчетту камтыган мыйзамда белгиленген. Бирок парламенттин экспортту иликтөөгө расмий укугу жок.

Люксембург: Өлкөнүн маанилүү курал-жарак өнөр-жайы жок, андыктан бул тууралу отчет берүү тутуму жок.

Нидерланды: Куралдарды экспорттоо боюнча ар тараптуу суроолорду камтыган биринчи отчет 1998-жылдын октябрында жарык көргөн. Голландиялык куралдарды экспорттоо тутумун парламент расмий эмес түрдө көзөмөлдөйт: өлкө парламенттик Коргоо комитетине артыкбаш запастардын сатылышы туурасында жашыруун маалымат берет.

Португалия: 1998-жылы басылып чыккан биринчи отчетко чейин курал-жарак экспортун лицензиялоо боюнча чечимдерди парламенттин иликтөөсү жөнүндө эч кандай жобо болгон эмес. Анын үстүнө парламенттик кайым-айтышуунун өткөрүлүшү жөнүндө да эч кандай жобо жок. Парламент мүчөлөрү куралдарды экспорттоо лицензиялары жөнүндө иштин соңунда суроо гана бере алат.

Испания: 1998-жылдан бери бир эле отчет жарыкка чыгарылган. Буга чейин куралдарды экспорттоо боюнча көзөмөл жүргүзүлгөн эмес. Бул маселеге парламенттин жашыруун комитетинин жетекчилери гана катышат. Парламентте бул маселени талкуулоо өркүндөп келатат.

Швеция: Биринчи отчет 1984-жылы жарык көргөн. Бул, парламент ушул документтин иштиктүүлүгүн далилдөө иретинде Европанын башка өлкөлөрүнө Аскердик жабдууларды экспорттоо боюнча Консультативдик кеңешти түзгөн жыл. Парламент отчетту жыл сайын талкуулап турат.

Улуу Британия: Британиянын отчет берүү тутуму эң ачык-айкын тутум болуп эсептелет. 1999-жылы эң алгачкы отчет басылып чыккандан бери коргоо, тышкы иштер, эл аралык өнүктүрүү, соода жана өнөр-жай министрликтеринин биргелешкен комитети түзүлгөн. Бул комитет жамааттар палатасына отчет берет жана иликтөөчү эксперттер курамынан турат.

*Маалымат булагы: www.saferworld.co.uk, 2002*

## Парламенттин компетенттүүлүгү

Жогоруда айтылып өткөндөй, куралдарды соодалоо жана ташып өтүү процесстерине көзөмөлдү жетишээрлик даражада жүргүзүүнү камсыз кылуудагы парламенттин компетенттүүлүгүнүн мааниси абдан зор. Кесиптик чеберчиликтин жетишсиздиги - чечимдерди жашыруун кабыл алуунун эң башкы себептеринин бири. Парламенттин мүчөлөрү, айрыкча компетенттүү парламенттик комитеттерге кирген чечимдерди даярдоо өтө олуттуу маселе. Муну даярдоо парламент мүчөлөрүнүн өз адистиги боюнча (куралдарды соодалоо, сатып алуу, оперативдүү иликтөө, материалдарга жооптуу болуу, жабдууларды жана мүлктөрдү контролдоо боюнча) парламенттеги коргоо комитеттеринин суроолоруна компетенттүү жооп берүүчү эксперттерди тандап алуу ченемдерин аныкташына өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, коопсуздук секторунун чечим кабыл алуу аспектилери боюнча маалымат базасын түзүү парламенттик коргоо комитеттерине аткаруу бийликтеринен жана аскердик органдардан текшерүү жана чечимдерди кайра карап чыгуу боюнча маалыматты талап кылууга мүмкүндүк берет.

# Парламенттин мүчөсү катары Сиз

# эмне кыла аласыз

## Куралдарды соодалоону контролдоо

- ▷ Эл аралык курал-жарак соодасын көзөмөлгө алуу парламенттин күн тартибиндеги башкы маселелерден болушуна жетишиңиз.
- ▷ "БУУнун ок аткыч куралдарды жана майда калибрлүү куралдарды мыйзамсыз соодалоого каршы иш-аракеттер программасы: парламент мүчөлөрү көңүл буруруга тийиш болгон жагдайлар" деп аталган № 80-топтомго караштуу сунуштардын колдонулушуна салым кошуңуз.
- ▷ Сиздин өлкөңүз төмөндөгүлөрдү такай аткарышына дем берип туруңуз:
  - БУУнун кадимки куралдар боюнча Куралдуу күчтөр Реестринин отчет берүү талабынын;
  - БУУнун аскердик чыгымдар жөнүндө отчет берүү боюнча стандарттанган жол-жобосунун;
  - Кадимки куралдар боюнча маанилүү региондук келишимдердин.

## Куралдарды соодалоо боюнча улуттук саясат

- ▷ Куралдарды сатуу боюнча ылайыктуу улуттук саясатты жүргүзүлүшүн жана анын тийиштүү түрдө парламенттин жактыруусуна коюлушун камсыз кылыңыз.
- ▷ Куралдарды соодалоо маселелери боюнча паламентке отчет берүүгө өлкөнү милдеттендирген механизмдер бар экендигине көзүңүз жетсин.

## Куралдарга тыюу салуулар

- ▷ Тыюу салуулар, алардын жөндүүлүгү, жүйөлүүлүгү жана таасирдүүлүгү боюнча маселелердин парламентте талкууланышын камсыз кылыңыз.
- ▷ № 77- топтомдо берилген пункттарды эске алып, парламентте "маанилүү санкциялардын" талкууга алынышына өбөлгө түзүңүз.
- ▷ Сиздин өлкөңүздүн куралдарга тыюу салууларды сыйлашын, бул санкциялар жана тыюу салуулар бузулган учурда аларды кайра калыбына келтиришин катуу талап кылып туруңуз.

## Артыкбаш куралдар

- ▷ Парламент же анын компетенттүү комитеттери, алардын ичинен бажы маселелери боюнча иштегендери артыкбаш куралдар маселесине өзгөчө көңүл бурушуна жана алдын алуу, көзөмөлдөө иш аракеттерин жүргүзүшүнө түрткү бериңиз. Булар төмөндөгүдөй маселелер:
  - Сиздин өлкөдөн же сиздин өлкөңүз аркылуу артыкбаш куралдарды ташып өтүүгө;
  - Артыкбаш куралдарды сатып алууга;
- ▷ Сиздин өлкөңүздүн артыкбаш куралдарды инвентаризациялоо жана аларды жок кылуу ишине салым кошуусун талап кылыңыз.
- ▷ Сиздин өлкөңүз артыкбаш куралдарды ташып өтүүгө катышкан компанияларды аныктоого аракеттенип, алардын иш-чараларын көзөмөлдөшүнө жетишиңиз.

## Ок аткыч куралдар

- ▷ Парламент же анын негизги комитеттери жыл сайын сиздин өлкөңүздө ок аткыч куралдардын чыгарылышы жана сатылышы боюнча так маалымат алышын камсыз кылыңыз. Жылдык отчетто буга катышкан компаниялардын иш-аракеттери жөнүндө так маалымат берилишин талап кылыңыз.
- ▷ Сиз, өлкөңүздө чыгарылган ок аткыч куралдардын сатылышы ушул бөлүмдө баса белгиленген чен-өлчөмдөргө жооп берерине көзүңүз жетсин.

# Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борбору (ККДК)

Өткөн он жылдыкта жетишилген ийгиликтердин барлыгына карабастан көп өлкөлөр үчүн өткөөл мезгил менен демократиялык жарандык-аскердик мамилелерди башкаруу эң негизги кыйынчылык бойдон калууда. Бул, өзгөчө демократия жолуна өтүп жаткан, согуш токтобогон өлкөлөргө жана мурдакы жаңжалдуу коомдорго тиешелүү. Куралдуу жана парламенттик күчтөр полиция, чегара сакчылары жана башка коопсуздукка тиешелүү тутумдар көптөгөн өлкөлөрдө негизги ролду ойнойт. Көбүнчө алар "мамлекет ичиндеги өзүнчө мамлекет" сыяктуу аракеттенишип, өлкөнүн жарды бюджетине ого бетер оор жүк болуп, атүгүл демократиялык процесске тоскоолдук кылышы, ички жана эл аралык жаңжалдарды күч алдырышы да ыктымал. Ошондуктан мындай ыйгарым укуктуу тутумдардын демократиялык жана жарандык көзөмөлгө алынышы жаңжалдардын алдын алууда, тынчтыкты жана демократияны бекемдөөдө, социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууда өтө маанилүү күч экени жалпыга маалым эмеспи.

Ыйгарым укуктуу тутумдардын үстүнөн демократиялык жана жарандык контроль жүргүзүүнү күчөтүүнүн натыйжасында эл аралык коомчулуктун күн тартибиндеги мындай жалпы элдик позитивдүү тенденцияга иш жүзүндөгү салым катары Швейцария өлкөсү Федералдык Коргоо, Жарандык коргоо жана Спорт, ошондой эле Тышкы иштер Департаменттеринин биргелешкен демилгеси менен Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борбору негизделген.

## Вазийпасы

Бул Борбор мамлекеттердин, малекеттик эмес уюмдардын куралдуу күчтөрү менен коопсуздук күчтөрүнө демократиялык жана жарандык контроль жүргүзүүнү күчөтүү аракеттерин кубаттайт жана колдойт. Ошондой эле Борбор бул багытта эл аралык кызматташтыкты өнүктүрөт жана эң алгачкы максаты Евро-Атлантика аймагы болуп эсептелет.

Жогорудагы максаттарын жүзөгө ашырыш үчүн Борбор:

- Көйгөйлөрдү аныктоо, алынган сабактарды жалпылап, аларды куралдуу күчтөр менен жарандык-аскердик мамилелерге демократиялык контроль жүргүзүү үчүн колдонууга сунуш кылуу максатында маалымат чогултат, изилдөө иштерин жүргүзөт жана тармактардагы уюштуруу иш-чаралары менен алектенет;

- Баардык кызыккан партияларга, айрыкча өлкөлөргө, парламенттерге, аскердик бийликтерге, эл аралык уюмдарга жана өкмөттүк эмес уюмдарга, ошондой эле академиялык чөйрөлөргө өз иш билгилигин сунуштайт жана аларды колдойт.

ККДК (Куралдуу Күчтөрдүн Демократиялык Көзөмөл Борбору) улуттук бийликтер, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, академиялык институттар жана жеке эксперттер менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барат. Өзүнүн оперативдүү жана талдоо ишинде ККДК анын Кеңешин негиздөөчүлөрдүн катарына кирген 42 мамлекетке, 50 чакты атактуу эксперттерден турган Эл аралык Консультативдик Кеңешине, Илим изилдөө Кеңеши менен жумушчу тобуна ишенет. Борбор өнөктөштүктөрдү түзүүгө, б.а. бир катар илим изилдөө институттары менен эл аралык уюмдар жана парламенттер аралык ассамблеялар менен биргелешкен макулдашууларга жетишти.

## Иш программасы

Куралдуу күчтөргө демократиялык контроль жүргүзүү боюнча өзгөчө темаларды кылдат түрдө камтуу үчүн ККДК 12 ыкластуу жумушчу топторун түзүүдө төмөндөгү маселелерге айрыкча көңүл бурат: коопсуздук секторун реформалоо; куралдуу күчтөргө парламенттик көзөмөл жүргүзүү; куралдуу күчтөрдү демократиялык контролдоочу мыйзамдуу ченемдер; коргоо

бюджетин кабыл алуудагы жана сатып алуудагы ачык-айкындыкты түзүү; улуттук коопсуздук саясатындагы жарандык эксперттер; полиция жана башка аскердик эмес коопсуздук күчтөрүнө демократиялык көзөмөл; күч колдонуу жана конверсияны кыскартуу боюнча жарандык-аскердик мамилелер; аскердик кызмат жана коом; жарандык коомду түзүү; жаңжалды баштан өткөргөн өлкөлөрдөгү жарандык-аскердик мамилелер; куралдуу күчтөрдү демократиялык контролдоонун натыйжалуулугун же оңунан чыкпай калгандыгын көрсөтүүчү чен-өлчөмдөр; Африка үчүн жарандык-аскердик мамилелер. Жумушчу топтордун пландоо, башкаруу жана координациялоо иштерин Борбордун Изилдөө Кеңеши башкарат.

ККДК өзүнүн ыйгарым укуктарын эки тараптуу жана көп тараптуу деңгээлде жүзөгө ашырат, ошондой эле жалпы коомчулуктун кызыкчылыктарын коргойт. Коопсуздук секторун реформалоо жана куралдуу күчтөргө парламенттик контроль жүргүзүү жаатындагы бир катар эки тараптуу долбоорлор түштүк чыгыш жана түштүк Европа өлкөлөрүндө жүзөгө ашырылууда. Ал эми көп тараптуу деңгээлде болсо, ККДК түштүк-чыгыш Европа Турукташтыруу Пактысынын, Европа Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун чегинде бир нече долбоорлорду жүзөгө ашырууда. Борбор басма сөз маалыматтарын дайыма чыгарып, конференцияларды, симпозиумдарды жана башка иш-чараларды уюштуруп турат. Кызыкдарлар жана жалпы коомчулук менен байланышта болуп туруу үчүн Борбор маалымат технологиясын, анын ичинде өзүнүн вебсайтын (http://www.dcaf.ch ) пайдаланат.

## Уюм жана Бюджет

ККДК - бул Швейцария мыйзамына баш ийген эл аралык фонд. Борбордун негиздөө кеңешине* 42 өлкөнүн өкүлдөрү кирет. Ал эми Эл аралык Консультативдик Кеңеши болсо коргоо жана коопсуздук темалары боюнча дүйнөнүн эң алдыңкы эксперттеринен турат. Алар Борбордун бүтүндөй стратегиясы боюнча анын директоруна кеңеш беришет. ККДКнын 23 улуттун өкүлдөрү болгон 40 адиси төмөндөгүдөй төрт департаментте кызмат кылышат: Изилдөө Кеңеши, Колунда жоктор менен муктаж болгондорго Жардам көрсөтүү Программасы, Маалымат каражаттары жана Администрация.

Швейцария Федералдык Коргоо, Жарандык Коргонуу жана Спорт Департаменттери ККДКнын бюджетинин басымдуу бөлүгүн каржылайт, мисалы 2002-жылда сегиз миллион Швейцария франкын бөлүп берген. Экинчи бир маанилүү салым кошуучу болуп Швейцария Федералдык Тышкы иштер Департаменти саналат. ККДКны негиздөөчүлөрдүн катарына кирген кээ бир өлкөлөр ККДКга кадр маселеси боюнча жардам беришет же Борбордун бөтөнчө иш-чараларына салым кошушат.

### Дареги

Кошумча маалымат үчүн төмөндөгү дарек аркылуу байланышыңыз:
Куралдуу Күчтөрдүн Женева Демократиялык Көзөмөл Борбору (ККДК)
Rue de Chantepoulet 11, P.O. Box 1360, CH-1211 Geneva 1, Switzerland
Tel: +41 (22) 741-7700; Fax: +41 (22) 741-7705;
E-mail: info@dcaf.ch; Website: www.dcaf.ch

---

* Албания, Армения, Австрия, Азербайжан, Беларусия, Босния жана Герцеговина, Болгария, Кот д-Ивуар, Хорватия, Чехия, Дания, Эстония, Финляндия, Франция, Грузия, Германия, Греция, Венгрия, Ирландия, Италия, Латвия, Литва, Молдова, Нидерланды, Нигерия, Норвегия, Польша, Португалия, Румыния, Россия, Сербия жана Черногория, Словакия, Словения, Түштүк Африка, Испания, Швеция, Швейцария, Македония, Украина, Улуу Британия, Америка Кошмо Штаттары, ошондой эле Женева кантону.

# ПАБ деген эмне?

ПАБ (Парламенттер Аралык Бирлик) - бул көз карандысыз мамлекеттердин парламенттеринин 1889-жылы түзүлгөн эл аралык уюму. БУУнун байкоо жүргүзүүчү жаңы уюму болгон ПАБ өзүнүн өнүгүү жолунда парламенттик ченемдерди дүйнө жүзүнө жайылтууга, эл аралык келишимдерди түзүүдө шайланган эл өкүлдөрүнүн пикиринин эске алынышына жетишүүгө аракеттенет.

2003-жылдын январында 144 улуттук парламент ПАБдын мүчөсү болгон. Парламенттик диалог менен бул уюмдун иш-аракеттери:

- ▷ Эл аралык кызыкчылык жана тынчсыздануу маселелерин ойлонуштуруу үчүн;
- ▷ Парламенттин мүчөлөрүнун адам укуктарын коргоого жана бекемдөөгө салым кошуусу үчүн;
- ▷ Бүткүл дүйнө боюнча өкүлчүлүк уюмдарын бириктирүүгө жардам берүү үчүн парламенттерди бириктирип турат.

Тынчтык жана коопсуздук маселелери ПАБдын күн тартибинде дайыма алдыңкы орунду ээлеп келатат. Көпчүлүк учурларда анын баардык мүчөлөрү коопсуздук маселелери, алардын ичинен куралсыздандыруу, тыюу салуулар жана эл аралык санкциялар, эл аралык жазык ишин караган сот жана террорчулук боюнча иш-аракеттерди жүргүздү. 1994-жылы ПАБ эл аралык гумандуу мыйзамдарды күчөтүү максатында атайын Комитет түзгөн. Кызыл Крест Эл аралык Комитети менен бирдикте ушул Комитет 1999-жылы парламент мүчөлөрү үчүн эл аралык гумандуу мыйзамды сыйлоо боюнча колдонмо басып чыгарды.

Ошондой эле ПАБ ар дайым курчуган кырдаалдарды саясий келишимдер аркылуу жөнгө салууга көмөктөшүүгө өтө кызыгат. ПАБдын жыйындары мындай кырдаалдардын жеңилдешине ишеним туудуруу үчүн өз ара баарлашууга өбөлгө түзөт. Бул уюмдун Жакынкы Чыгышта калкты ойдогудай жайгаштырууга көмөк көрсөтүүчү парламенттик комитет жана Кипрдин эки башка бөлүгүндөгү саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ортосундагы диалогду жүргүзүүчү (атайын) фасилитаторлор тобу бар. ПАБ Жер ортолук деңизинде коопсуздук менен кызматташтыктын өсүшүнө өбөлгө түзүүчү атайын механизмдерди иштеп чыккан.

**ПАБдын штабы-квартирасы**

Inter-Parliamentary Union
Chemin du Pommier 5
Cse Postale 330
CH-1218 Grand Saconnex, Geneva
Switzeland
Tel: 41 22 919 41 50
Fax: 41 22 9919 41 60
E-mail: postbox@mail.ipu.org
Website: www.ipu.org

**ПАБдын БУУдагы Туруктуу байкоо жүргүзүү офиси**

Inter-parliamentary Union
220 East 42nd Street
Suite 3102
New York, N.Y. 10017
USA
Tel: (212) 557 58 80
Fax: (212) 557 39 54
e-mail: ny-office@mail.ipu.org